Скырг
Н 79

# НООКАТ КАЙРЫКТАРЫ



Бишкек 2025

С кырг
Н 79

# КИТЕПКЕ КИРИШ СӨЗ

Көпчүлүктүн көл болуп бир жерге шарт эле уюшу абыгер азаптыгы айгине. 2024-жылы Москвада иштеп, жашап келаткан Бактыгүл Салиеванын аракети менен башталган ноокаттык калемгерлердин чыгармаларын жыйнак кылып чыгаруу иши итабар убакка чоюлуп, ушул жылдын жайы этегин үзүп бараткан тапта колуңузга тийип турганы. Китеп "Москва кайрыктарынын" көптөгөн аймактардагы таланттуулардын китептерин өз алдынча жыйнактап чыгаруу демилгесинин бир тутуму иретинде "Ноокат кайрыктары" деп аталды.

Сөз башында айта кетиш заруураты турат, Памир-Алай тоолорунун кесилишинде жаткан, 1928-жылы район катары түптөлгөн бул аймактан көптөгөн манасчылар, комузчулар, төкмө ырчылар, акын-жазуучулар, обончу-композиторлор, актңр, режиссңрлор ооз толтуруп айтарлыктай арбын эле чыгышкан. Бир катары бүгүн да мадимий (активдүү) иштешүүдө.

Биз бүгүн соңку 100 жылдыктан, аныгыраагы – жазма адабиятыбыз жаралган чактан берки жагындагы таланттарды гана атай кетели. Көптөрүнүн көздөрү бүгүн жок. Рухтарына башыбызды ийип, ысымдарын оозана кетиш пенделиктин парзына жатар. Өздөрү, көздөрү жок, чыгармаларын топтоого имканият болбогон ал таланттарды - Токтосун Нурматов, Саадат Раимбердиева, Эрмамат Осмонов, Бүүниса Бакирова, Чанчар Толубаев, Момун Нурматов, Абдимитал Камалов, Эрмекбай Эргешов, Жолой Абытов, Салима Шарипова, Эгемберди Ороков, Эргеш Сактанов, Махамадали Мадумаров, Бекболот Абдраимов, Кудайберген Темировду дагы бир ирет эстеп, тилге алып, акыреттеринин абат болушун тилейбиз. Ысымдары оозго алынган маркумдардын бир топторунун жакындарына чыгармаларын берүү такырыбында кайрылдык, баазылары кайдыгерлик кылышып коюшкандыктары акыйкат.

Кыргыз жазуучу-акындарынын арасында учурда 2 гана аксакал бар. Экөөсү тең СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун журналистика бөлүмүндө бирге окушкан. Жаратканга шүгүр, бири – "Батакөй чал" насагы (кличка) менен айтылып келаткан прозаик Калканбай Ашымбаев. "Батакөй чал" – Ысык-Көлдүн Ак-Суу районунда туулган. Анын досу, теңтушу, курсташы, акын Бедел

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 487878

Молдобаев 1933-жылы Ноокаттын Күнгөй-Кожоке кыштагында туулган. Алдуу-күчтүү, 94 жашында да, - көз тийбесин, - гезит, китептерди шатыратып окуйт. Өмүрү көз айнек сатып алган жан эмес. "Ноокат кайрыктарынын" авторлорунун эң аксакалы - Бедел Молдобаев. Башкалары ар кыл куракта, замандын агымы менен түркүн жактарда өмүр кечиришүүдө.

Чебер жазуучу Рахман Маман уулунун, обончулар Шарип Абдуллаевдин, Табалды Шашкановдун, Төлөгөн Мамыровдун, Жеңишбек Айтиевдин, кыргыз кыздарынын арасынан өзү аккордеон тартып, обон чыгарып, башкалардын ырларын да созолонткон таланттуу обончу Гүлмира Айдосованын, композиторлор Акимжан Жээнбайдын, Мырзалы Жээнбаевдин чыгармаларын колубузга киргизиштин кайрымы келбегенин белгилеп коймокчумун. Көпчүлүктүн башын бириктириш, издеш, табыш аракеттери ар убак эле оңунан чыга бербейт, ага кошумча айтканда абыгер арбын убакытты алат. Бул жыйнакта мүмкүндүктүн болушунча жаамысын топтошко жасалган аракеттин жарандуу болгонун, мындай азабы арбын иште Ташполот Беккелдиевдин, Айжаркын Эргешованын, анан арийне, Бактыгүл Салиеванын жан үрөгөн аракеттерин айтып коюш – милдетим деп туям.

Китеп – ар кандай такырыптагы (тематикадагы) ыр, тамсил, фантастика, балдар ырлары, аңгеме, эссе, эскерүүлөрдөн, анан арноо ырлардан турат. Арноо, эскерүү тибиндеги ырларды, дээрлик ар үчүнчү автор негизинен Кыргыз ССРинин башкы жетекчилик кызматында 40 жылга жакын турган Төрөбай Кулатов менен эгемен Кыргызстандын алгачкы жетекчилеринин бири болуп, айтылып келаткан ар кандай версияларды эске алганда алтын курмандыгына айланган Насирдин Исановго багыштаптыр. Арийне, журт үчүн алал, ак кызмат кылган ал маркумдар эскерүүгө сөзсүз сазавар. Ошенткен чакта да көптүктү түзгөндүктөн, айрым калемгерлердин аларга багыштаган ырлары кирген жок. Баса, үлкөн империянын башында турушкан И. В. Сталин, Ю. В. Андропов сыяктуу эле Н. Исанов да ыр жазган, бирин-серин ырлары гезиттерге жарыяланган. Ошону эске алып, ушул китепке ырларын кошуу максатында үй бүлөсүнө кайрылганыбызда алар өздөрү ошондой аруу ниетте жүрүшкөнүн, бөлүп-жарбай анын жазгандарын толугу менен китеп кылып чыгарышарын билдиришти. Ылайым, миң эмес, миллион



жумуру баштын арасынан чанда чыкчу ак ниет, таза жетекчи-акындын китеби колубузга батыраак тийсин деп туралы.

Бу ноокаттыктар өз жергесинен чыккан эчен бир атактууларды атабаган чакта да, берки эле 19-кылымдын соңунда жашап өткөн, аты аңызга айланган Ак Саткын сулуу менен 20-кылымдын баш ченинде өмүр кечирген, СССРдеги мусулман аялдардан эң биринчи комсомол, коммунист, раис болгон, Борбордук Аткаруу Комитетинин (ЦИК, Москва) мүчөлүгүнө шайланган, кат-сабаттан мүлдө алыс турса да өз доорунун баатырына айланган Уркуя Салиеваны, советтик бийликке караманча каршы чыккан Амир лашкар башы Мойдунбек Осмонали уулун, динди, тилди, кыргызды даңазалап ырдап, ошонун айынан коммунистер тарабынан тарыхтан ысымы чийилип калган кара жаак ырчы Ботобай Жунус уулун анчалык жакшы билишпейт сыяктуу. Болбосо алар эскерүүгө, даңазалоого толугу менен татыктуулугу талашсыз акыйкат го! Атактуу жердештерин ар тараптан ырга салууну, кийинки муундарга алардын ысымдарын жеткире барышты ар бир ноокаттык инсан ойлонушубуз, максат кылышыбыз абзел, милдет болушу керек.

Китеп чыгаруу алдындагы ниет – ар авторго 5 барактан, же 10 беттен чыгармасын жарыялоо айтылгандыгы анык. Муну 2-3 иреттен (кыска өмүр баян, түстүү сүрөт, анан бир чыгармасынын, айталы, ырынын кайра кайталанбашынын зарылдыгын) эскерткенбиз. Ошондой болсо да айрым авторлор бир эле ырын 2-3 жолудан кайра-кайра жөнөтө берген. Жеке адам өзүнүн жазгандарын кайра-кайра жиберип жатса, көптөгөн адамдардын андай чыгармаларын жекелетүү, арылтуу иши жүда оор болду. Ошонун айынан андайлардын чыгармалары 10 бетти түзбөй калды. Кимдики ошентип, болжолдонгон 10 беттен аз болсо – ага өзү гана айыптуу. Менде келген бардык жазмалар сакталып турат. Бардык чакта далилдешке имканим бар.

Бу нотаны кагазга жазган, андан да компьютерге түшүргөн экинин бири биле бербеген татаал иш экен. Өзүңүз көрүп аңдайсыз, ошентип компьютерге түшүрүлбөй, кагаздан эле сүрөткө тартылып алынган айрым обондуу ырлардын ноталары китепке баса келгенде бажырайбай, куниги чыгып кетет экен. Түзөштүн иланжиси жок экен, авторлору кандай жиберсе ошол тейинде калтырылды.

Этегинде баса тактап айтчу маселе, - муну ар ким түшүнүү менен кабылдашы кажет, - китеп – адабий, маданий багытта болгондуктан, авторлордун качан, кандай кызматтарды аркалаганын кагаз бетине түшүрбөдүк. Тек алардын ЖСга мүчөлүгү, чыккан китептеринин аталыштары гана маалымдалды. Толук түрдө мыйзамдуулуктун ыгына жатпагандыктан, айрымдардын өмүр таржымалдарында баазы бир коомдук корлордон (фонд), бирикмелерден, уюшмалардан, топтордон алган наамдары, сыйлыктары, төш белгилери (медаль), мактоо баракчалары (грамота) көрсөтүлбөдү. Кимдин дараметинин канчалык экендигин утурумдук наамдары эмес, чыгармачылыгы аңдатып, айтып турары – айныгыс акыйкат.

Ошентип, "Ноокат кайрыктары" – колуңузда. Дурусу, бурушу да сиздин табитиңизде, чыгармачылык аңдооңузда, кадырман окурман!

Бектуруш САЛГАМАНИ,
акын.
(0707, 0770, 0554) 875 875.

УДК 821.512.154
ББК 84(5Кир)
ISBN 978-996-28-744-0
© Бкетурушу Салгама, 2025





Айжаркын ЭРГЕШОВА - айтылуу Ак-Буура дайрасы башталган жерде, Кичи-Алайда 1973-жылы 25-июнда туулган.
"Сиз", "Адашкан жаз", "Шоокумсуз толкундар", "Жүрөктөгү арал" жыйнактарынын, "Артка кылчаюу" биографиялык китебинин автору.
КР УЖС мүчөсү.

* * *

"Унут" дешти, "ойло" дешти "эртеңиң",
а эртеңим сенде гана бар болчу.
"Теңиң эмес, изде" дешти "теңиңди" ,
сөөлөтү артык жанды тең деп ойлошту...

А мен болсо жарты болуп ансайын.
Жарты болуп жашоом, дүйнөм, ойлорум,
жарты болуп дем алганым, түндөрүм,
тагдыр менен бекинмечек ойнодум.

Сөөлөтү артык жандар тең деп жолуккан,
көздөрүндө көөдөй дүлөй түн жүрдү,
жылдызы, Айы, же бир аткан таңы жок,
караңгыдан таппай калдым күлкүмдү...

Жазды издедим мүнөзүнөн сендеги,
келгин кушу бороон-чапкын ээрчиткен...
Дүйнө мынча армандуу да, өксүктүү...
дүйнө неге жарты бүткөн, кем бүткөн...

Тилиң катпай жүрсөң керек бир жерде..,
Күкүгүм ай издеп күйгөн, Зейнебин...
Даяр элем үнүңдү ээрчип кетүүгө,
бир четинен, бир четине дүйнөнүн...

Этегинде баса тактап айтчу маселе, - муну ар ким түшүнүү менен кабылдашы кажет, - китеп – адабий, маданий багытта болгондуктан, авторлордун качан, кандай кызматтарды аркалаганын кагаз бетине түшүрбөдүк. Тек алардын ЖСга мүчөлүгү, чыккан китептеринин аталыштары гана маалымдалды. Толук түрдө мыйзамдуулуктун ыгына жатпагандыктан, айрымдардын өмүр таржымалдарында баазы бир коомдук корлордон (фонд), бирикмелерден, уюшмалардан, топтордон алган наамдары, сыйлыктары, төш белгилери (медаль), мактоо баракчалары (грамота) көрсөтүлбөдү. Кимдин дараметинин канчалык экендигин утурумдук наамдары эмес, чыгармачылыгы аңдатып, айтып турары – айныгыс акыйкат.

Ошентип, "Ноокат кайрыктары" – колуңузда. Дурусу, бурушу да сиздин табитиңизде, чыгармачылык аңдооңузда, кадырман окурман!

Бектуруш САЛГАМАНИ,
акын.
(0707, 0770, 0554) 875 875.

УДК 821.512.154
ББК 84(5Кир)
ISBN 978-996-28-744-0
© Бкетурушу Салгама, 2025





Айжаркын ЭРГЕШОВА - айтылуу Ак-Буура дайрасы башталган жерде, Кичи-Алайда 1973-жылы 25-июнда туулган.
"Сиз", "Адашкан жаз", "Шоокумсуз толкундар", "Жүрөктөгү арал" жыйнактарынын, "Артка кылчаюу" биографиялык китебинин автору.
КР УЖС мүчөсү.

* * *

"Унут" дешти, "ойло" дешти "эртеңиң",
а эртеңим сенде гана бар болчу.
"Теңиң эмес, изде" дешти "теңиңди" ,
сөөлөтү артык жанды тең деп ойлошту...

А мен болсо жарты болуп ансайын.
Жарты болуп жашоом, дүйнөм, ойлорум,
жарты болуп дем алганым, түндөрүм,
тагдыр менен бекинмечек ойнодум.

Сөөлөтү артык жандар тең деп жолуккан,
көздөрүндө көөдөй дүлөй түн жүрдү,
жылдызы, Айы, же бир аткан таңы жок,
караңгыдан таппай калдым күлкүмдү...

Жазды издедим мүнөзүнөн сендеги,
келгин кушу бороон-чапкын ээрчиткен...
Дүйнө мынча армандуу да, өксүктүү...
дүйнө неге жарты бүткөн, кем бүткөн...

Тилиң катпай жүрсөң керек бир жерде..,
Күкүгүм ай издеп күйгөн, Зейнебин...
Даяр элем үнүңдү ээрчип кетүүгө,
бир четинен, бир четине дүйнөнүн...

Деңизим ай, күү шаа түшкөн толкуну,
өзүңдү өзүң аскага уруп соолуктуң...
азыр менин айырмам жок көлчүктөн,
Соолуп барам, менде соолуйт тийген Күн...

## КОШТОШУУ ...

Жакшы күндөр болду беле, айта албайм,
эсте калды туман түшкөн жол, жамгыр...
...сенин көзүң белгисиздик түнөгөн,
менин көзүм ыйлап жүргөн бир тагдыр...

...калды эсте энекеңдин күтүүсү,
өкүтү көп акталбаган үмүтүм,
калды эсте түгөнбөгөн жомогуң,
жамаачылуу күндөр анан.., эски-и түн...

Сүйдүм беле, аядымбы? А балким,
кыялымда жасап алдым өзүңдү...
Арман күн ай, сен да күтүп көп нерсе,
издедиңби жер термелткен сезимди?..

Көзүмдөгү тагдыр ыйы аарчылбай,
...сенин дүйнөң сыйбай менин дүйнөмө.
Чиркин өмүр оопасы жок кертилди,
муздак болчу бизге тийген Күн деле...

Менин дүйнөм кээде деңиз, кээде түн,
тереңинен, кереңинен корккон жан...
Мага сендей түтмөк эмес чынында,
Кош дешели, коштошолу жакшы адам...

Кош дейли, эми көрүшпөйбүз жакшы адам...



***

Алыстамын, алыстасың,
көзүң кетпейт, көңүлдө...
Дилден кууп жек көрсөм да,
дарт сыяктуу жашоо баркын сездирген..,
маанилүүсүң өмүрдө.
Карегимде, карегиңде
булут болуп жүрөбүз,
Көз жаш менен төгүлбөй..,
Айдың көлгө жамгыр болуп күнөөсүз,
суу ичкени түшөбүз...

* * *

Кеткендердин билем тааныш абалы,
өзүнчө урап, өз өзүнчө ыйлаган...
А мен болсо сени менен бирге ыйлап,
... ураганда сени менен урагам.
Сени менен бүтүн болгон ааламым,
...кемисе эгер сени менен кемиген.
Биз сыягы бир сүйүүнүн балдары,
түбү бирге жаралганбыз дээринен...

***

Эсиндеби, жамгырлуу кеч күз эле,
биздин каттар агылган кез сыр ташып.
Көчө сары, а көңүлдө жашыл жаз..,
ошол көктөм тез бүттү не мынчалык.
Кол чатырым бош ташталып тек гана,
каттын деми калкалачу жамгырдан.
Ошол күздүн жыты кетпейт дагы эле,
суу сарыккан көйнөгүмдөн, чачымдан...
Кабарсызсың.., жооп күткөн каттарым,
ай ошондо телмиргени жолуңа...
Далдаа болоор табылбады кол чатыр..,

көз жашыма, кусалыкка, шорума.
Көрсө мени тосчу тура катчатыр,
сагынычтан кутүү менен коштолгон.
Тамгаларда калган ошол сүйүүнү,
суук көздөн далдаалай көр…
...кош болгун!

## КЕЛ...

Кийинки күздө кел...
Күтөйүн,
өзөндө кайыңдар сеңселген.
Табылып бир күздө өзүндөн,
жоголгом бир күздө сенде мен.
Жоготтум өзүмдү, өзүңдү...
Ортодон өтпөдү, өттү не..,
жазда кел. Болом мен а балким,
байчечек өскөн бир тескейде...
Келип көр кышында бороондо,
ээрчитип ак кардын тозонун...
Шамалдын ырынан угарсың,
мендеги сагыныч обонун...
Жайда кел, толкутуп көл бетин,
талаанын гүлдөрүн ала кел...
Болгону кечикпе, шам өңдүү
күтүүдөн түгөнүп калам, бил...
Болгону кечикпе, кечикпе...

## АЙ ЭКӨӨБҮЗ...

Ай мени тиктеп, мен Айды,
жоктодук жалгыз адамды.
Айдан нур, менин көзүмдөн,
мөпмөлтүр ачуу жаш тамды...



Унчукпай турдук экөөбүз,
кеч күздүн муздак түнүндө.
Сураба азыр эч нерсе,
дүйнөмө менин үңүлбө.

Куду эле сенин тагыңдай,
айыкпай жүргөн бир так бар.
Дүйнөдөн алдоо, кири көп..,
азгырат мени сен жактар.

Сен жүргөн аалам — Асманда,
тазадыр, адам изи жок.
А бирок суздур бир түрдүү,
жаз, жайы, кышы, күзү жок...

Алтын Ай, айтчы экөөбүз,
ээрчишип кетчү жай барбы..?
Жоктошсун көктө, жерде издеп,
Айжаркын, Айды — айларды...

***

Сени эстедим...
көктөмдү ак жамгыр чайыган,
...бир көздү көзүмө түнөгөн.
Жүрөгүн берчүдөй сурасам,
жаксам деп дүйнөсүн үрөгөн...

Сени эстедим...
өпкөндө — өзү эмес, жүрөгү,
кареги өпкөндөн сүрдөгөн...
Айтарга сөзү жок, берерге
берерин таппаган, жүдөгөн...

Сени эстедим...
...эски үйдү кароосуз томсоргон,
айрылган коноктон, достордон...
Туугандын мээрими түнөбөй,
баланын күлкүсү жоктолгон...

Сени эстедим...
...көл жээгин түн гана эрбейген.
...асманды ак жылдыз жылт учкан.
...камыштын кошогун эски ырдай.
...булакты чөп басып тумчуккан...

Сени эстедим...
Талааны — шамалы алдейлеп,
сооротком өрт кеткен өрөөнүн...
Олтурам үн сөзсүз унчукпай,
болгону чачымды өрөмүн...

Сени эстедим..,
...болгону чачымды өрөмүн...

***

Баягы мен жокмун, издебе,
бактысын бир сага байлаган...
Гүлзарлуу талаа элек Ай күлгөн..,
чөл болдук селден соң кыйраган...

Күн элек күүгүмдү билбеген,
нурунан түн дагы түрүлгөн...
Мен жокмун, сен жоксуң — биз жокпуз,
бир аалам кыйрады Күн жүргөн...



***

*(Досум Рахат Асанбековага)*
Сен азыр уйкудасың асыл курбум,
түшүңө булут конгон тоолор кирип.
Мен жүрөм санаа менен алпурушуп,
...карыздар, түгөнбөгөн көр тирилик.

Биз кирген жол боюнда турат кафе,
дагы эле ошол стол, ошол идиш.
Айнегин жууйт жамгыр кыз жашындай,
чаң жолдор, муздак калаа бүт көнүмүш...

Бүтпөгөн нерсе барбы, бүттү жомок.
...аз калды сен тарапка сапар тартам.
Сагынат анан бизди ушул жолдор..,
сагынтаар биз калтырган биздин аалам...

## КҮЗ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Келе гой, сары чач токтоо күз,
жамгырды жан досу тутунган.
Кирге гой үйүмө, мен азыр,
баягы түйшүктөн кутулгам...

...баягы түйшүктөн сен билген..,
дилимди ыштаган жаз, жай, күз,
кутулгам санаадан, күдүктөн.
Сезимден туруксуз, түнөксүз...

Жупуну бөлмөлөр шол бойдон..,
чертилбей илинген комузум,
терезем чыгыштан күн тосуп,
а пардам жол карайт тымызын...

Дагы эле сүйөмүн гүлдү, Айды,
дагы эле ишенчээк, жашыкмын...

***

"Сүйөмүн", "жек көрөм..." дедик биз,
тагдырлар эх далай калчанды...
Көрсө биз тек гана сүйүппүз,
кыялдан жасалган бир жанды...

Бир жанды сүйүлгөн оо мурун,
бир жанды арманга айланган...
бир жанды келбети көркөмдүү,
бир жанды карекке байланган...

...күндөрдү кан дүргүп, ааламга
угулган жүрөктүн кагышы.
бир үндү.., али да көөдөндөн,
өчө элек каңырыш дабышы...

...сен деле, мен деле темселеп,
бакытты издеппиз жок жактан,
Көксөппүз күндөрдү алыскы...
сезимге өчпөгөн от жаккан.

Бир барак сезимдер серпилген,
жүрөктөр туйлаган, ыйлаган...
жазылып бүттү да жабылды!
Бир түйшүк түгөндү кыйнаган...

Күтүүнүн сапары карыды,
башталды жаңы үмүт, жаркын жол.
Жазылган баяндын ээси эми,
канатың кайрылбай.., аман бол.





Айнур ОМУРЗАКОВА 1973- жылы
Ак-Булак айылында туулган.

## КЫРГЫЗ-АТАМ

Айылым, туулган жерим – Кыргыз-Атам,
Аздектеп жашап келген ата-бабам.
Алтынга алмаштыргыс керек болсо,
Ар күнкү жутуп турган таза абаң.

Киндик кан тамган жерим – алтын уям,
Жашоонун баалуулугун сенден туям.
Өзүндө өмүр сүрүп жатканыма,
Өзгөчө, көөдөн толо сыймыктанам.

Көргөндүн жүрөгүнөн түнөк тапкан,
Көркөмдүү шаарга айланып бара жаткан.
Кылымдан кылым артып бийиктей бер,
Кымбатым, ыйык жерим Кыргыз-Атам!

## КЫЯЛ

Жараткан мүмкүнчүлүк берип эгер,
Каалоонду кылсачы ээ колдон келээр.
Арт жакка бурар элем мезгилди анда,
Жаштыктын жашыл доорун кайрып берээр.

Жаралып жаштыгыма барсам кайра,
Көп иштер жасамакмын элге пайда.
Жакшыга жандап басып адашпастан,
Жамандан качаар элем алыс жайга.

Катасыз жашаар элем өкүнбөскө,
Кайгыдан алыс качып чөмүлбөскө.
Ар кандай жумуш чыкса аткармакмын,
Аракет кылып дайым эринбеске.

Түшпөсө ошол кезде колдон калем,
Түйшүктүн ырахатын көрөөр элем.
Такшалып, ак кагазга жан киргизген,
Кыргыздын акын кызы болоор белем.

Кыял бул- ойлорумдан сызып өткөн,
Жаштыгым эчак менден алыс кеткен.
Жаркыган жакшы доордо жаштык берген,
Жараткан ыраазымын мен өзүңдөн!

## БАКЫТ ЧАЧЫП БАРАЙЫН

Сактап жүргөн ичимдеги сырымды,
Сан толгондум, айта албай чынымды.
"Сезээрсиң"- деп багыштадым өзүңө,
Сезимдеги калкып чыккан ырымды.

Болжоп туйсаң ойлорумдун учкунун.
Булбулуңдай тыңшап, сүйүп, укчу үнүм.
Бакыт чачып барайынчы жаныңа,
Багындырып жан дүйнөңдүн түпкүрүн.

Сага жетүү азап болсо чыдайын,
Сансыз талаа, жолду кезип чыгайын.
"Сүйүү"-деген саябандуу бакчаңда,
Сан түйшүктүү багбан болуп калайын.



Сага жаксам сендик болуп барайын,
Сүйүүң сынса, сүйүүм менен жамайын.
Сансыз элдин арасынан өзүңдү,
Сагынайын, сүйүп чексиз самайын!

## АПАКЕМЕ

Баарын таштап, бүгүн кылчуу жумушту,
Мен негедир баргым келди апама.
Кобурашып,чер жазыша сүйлөшүп,
Сагынып мын отурганды сырдаша.

Жете албасам көр оокатка алаксып,
Күтүп калат жолум карап зарыга,
Сөзүм тыңдап, маңдайымдан сылаган,
Шүгүр кылам, апакемдин барына.

Ааламда жок мээримине жылынып,
Жылгым келбей мемирейм ин жанында.
Балдарыма апа болуп турсам да,
Баладаймын апакемдин алдында.

"О Жараткан, оорутпа"- деп апамды,
Амандыгын тилейм, бассам-турсам да.
Таба албаймын апакеме тең сөздү,
Алтын сөздүү ыр куржунун ачсам да.

## НООКАТЫМ

Бейпилдиктин чачыратып шооласын,
Күндөн- күнгө артып барат ооматың.
Кенен жайган меймандостук кулачын,
Кең пейилдүү, кут даарыган Ноокатым.

Көркөмү кооз, көз талдырган жеримди,
Кимдер мактап, кимдер даңктап өтпөгөн.
Обончулар кайрыктарга салышып,
Ырлар жазды акындары көптөгөн.

Билим үчүн билек түргөн жаштары,
Бийиктерди багындырат басканы.
Бабалардын урпактарга калтырган,
Кубандырат жолун улап жатканы.

Түркүн мөмө-жемиш өскөн жеримде,
Токчулуктун топугу бар элимде.
Баары арзан, издегениң табылат,
Береке бар баба-дыйкан дилинде.

Ноокатымдын сактап келген абийирин,
Чыгаандар көп, атап бүтөм кай бирин?
Сыймыктанып, мактана алам жөн гана,
Болгонума Уркуянын сиңдиси.

Ар тараптан коштоп турган ооматы,
Токсон жылдык тарыхы бар гүл шаарым,
Ынтымактын туусун бийик желбирет,
Ырыскылуу, алма жыттуу Ноокатым!

**БИР АДАМБЫЗ БҮТҮНДӨЙ**

Чагылгандай ачуусу бар тез келмей,
Сүйлөбөстөн калам анда тең келбей.
Өткүн өтүп, кайра жарк деп ачылган,
Мүнөзү бар табигаттын пейилиндей.
Таарынчымды жазылганда көрсөтүп,
Калам мен да кабак чытып эркелей.



"Келбетинен көрүнөт го сүрдүүдөй,
кантип жашап жатасың"-деп билгизбей?
Суроо берсе сырттан билбей адамдар,
Жооп беремин, кеп төркүнүн тизгиндей.
Сырты сүрдүү, ичи нурдуу байымды,
"Жакшы көрөм"-деп эч жанга теңдебей.

Ойноп жатып, жаңжал чыккан күтүлбөй,
Жаштык өттү көп нерсени түшүнбөй.
Азыр болсо айта турган сөздөрдү,
Адат болгон, көз караштан түшүнмөй.
Кыпындай сыр арабызда сакталбай,
Жаны бирге, бир адамбыз бүтүндөй.

**ЖАШТЫГЫМДАН БИР ҮЗҮМ**

Катыңды окуп " Сагындым жаным, кел"- деген,
Толкуду сезим, өзүңдү самап дегдеген.
Кааданы сактап,кармайын десем өзүмдү,
Ээликти жүрөк, эркиме моюн бербеген.

Эсимде ал кез, төгүлгөн күздүн күнү эле,
Болжошкон жерге бараткам жалгыз жол менен.
Артымдан келип, аярлап көзүм бекиттиң,
Айттырбай сездим, жытыңды- келген жел менен.

Кызылды кийип, көйкөлүп турсам алдыңда,
Көзүңдү албай тигилдиң көпкө кылгыра.
Жылмаюу менен, акырын тартып өзүңө,
Жүзүмдөн сүйдүң, колума букет гүл суна.

Кыялым учуп,эскерип жазган бул ырым,
Кыз кезде калган, эң таттуу күндөн бир үзүм.
Кыярып чачым, кыр ашып жашым калса да,
Кымбаттыр мага, көңүлдө калган бул күнүм.

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ



Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487878

## БУЛҮНГӨН СҮЙҮҮ

Себебин айтпай, карабай кеттиң артыңа,
Сендигиң кайсы? Турбадын берген антыңа.
Жаракат алып, жүрөгүм калды жабыркап,
Тебелеп кеттиң, сүйүүмдүн жетпей баркына.

Коңгуроо чалдым...албадың, жооп да бербедиң,
Үмүтүм соолбой, ичинен элдин издедим.
"Унуткун мени, башка жол тандап кеттим"- деп,
СМС жазып, өчүрүп салдың номериң.

Таш жүрөк белең?., өзүңдү гана ойлодуң,
Сезимим менин, назарга алып койбодуң.
Аздектеп баккан жүрөктө сүйүү гүлүмдүн,
Сындырып шагын, кууратып салып кордодуң.

Убакыт өтүп, унутам деген мезгилде,
Узактан көзүм, чалдыкты сага күн кечте.
Кыналып сага, жанаша басып баратат,
Назданган селки, колуна алган гүлдесте.

Дем жетпей турдум,буулугуп жашым кылгырып,
Шилтенбей бутум, дарманым кетип, ал куруп.
Айыбым эмне, сүйүүмбү аруу таптаза?
Биле албай дүйнөм жанчылып турду, жанчылып.
Ал кыздан менин кай жерим кемтик экен деп,
Жооп издеп жаттым, өзүмдөн-өзүм ар кылып.

Бараттың сүйлөп, колуңду артып ийнине,
Жүзүнө карап, көзүнө көзүн тигиле.
Бир кезде мага арнаган жылуу сөзүңдү,
Ага да балким арнадың бекен, ким билет.
Туруктуу бекен бул жолку сүйүүң деги өзү,
Калбаса экен ал сулуу дагы менчилеп.



## КҮТҮҮ

Күтүүгө жетпей чамам, сагынып караанынды,
Көңүлсүз күндөр өтүп, тартамын азабынды.
Саргайды кызыл өңүм, санаанын түпкүрүндө,
Сезгенде келээр элең, сезбедиң абалымды.

Бергидей азабыңды бээ күнөө жүрөгүмө,
Ачыгын айтчы деги, сенде бар кандай мүдөө.
Бакыттын жытын искеп, кеттиңби бөтөн жакка?,
Сүйүүмдү чандыңбы же жолугуп башка бирөө?

Күтөмүн мен өзүңдү, кантсе да үмүт үзбөй,
Кайдагы дейди ойду кайрадан оңдой-түздөй.
Жаралуу жүрөгүмдү дабалап айыктырып,
Жарк этип- кирип келчи, жашоомо жарык күндөй!

## МЕН БАКТЫЛУУ АЛА- ТООНУН БИР КЫЗЫ

Эбегейсиз тоодой болгон ырысы,
Эч бир жерге тендеши жок ысымы.
Эрке өстүргөн коюнунда бөпөлөп,
Эң бактылуу Ала-Тоонун кызымын!

Көрсеткөндө табигат өз кысымын,
Көтөрөмүн ызгаарын да, ысыгын.
Кандай күнгө кез келбейин баары бир,
Кыргызымдын- мен бактылуу кызымын!

Өтөп келем, жашоо көчтүн кызыгын,
Өкүнбөскө аяр басам сызыгын.
Өйдөлөгөн канатына калкалап,
Өскөн элдин- мен бактылуу кызымын!

Нанын коюп,конок тоскон, сый кылып,
Намыска бек тарбиялап уул-кызын.
Не бир сонун салттары бар өзгөчө,
Нарктуу элдин- мен бактылуу кызымын!

Мактанычка татыйт баары чындыгы,
Магдыратып, тартып турат ышкыңы.
Маңдайымдан эрке жели сылаган,
Мен бактылуу Ала-Тоонун бир кызы!

## БАКЫТ ЧАЧЫП БАРАЙЫН

Сактап жүргөн ичимдеги сырымды,
Сан толгондум, айта албай чынымды.
"Сезээрсиң"- деп багыштадым өзүңө,
Сезимдеги калкып чыккан ырымды.

Болжоп туйсаң ойлорумдун учкунун.
Булбулуңдай тыңшап, сүйүп, укчу үнүм.
Бакыт чачып барайынчы жаныңа,
Багындырып жан дүйнөңдүн түпкүрүн.

Сага жетүү азап болсо чыдайын,
Сансыз талаа, жолду кезип чыгайын.
"Сүйүү"-деген саябандуу бакчаңда,
Сан түйшүктүү багбан болуп калайын.

Сага жаксам сендик болуп барайын,
Сүйүүң сынса, сүйүүм менен жамайын.
Сансыз элдин арасынан өзүңдү,
Сагынайын, сүйүп чексиз самайын!





Абдыганы АЛИЕВ – 1955-жылы Көк-Бел айылында туулган.

## ЭНЕ
### (Эссе)

***Жоголду де бир бүтүндөй дүнүйө,***
***Эгер Эне өтүп кетсе ааламдан.***
***Ак сүтүнүн тамчысына татырлык,***
***Бир жакшылык көрдү бекен баладан?!.***

Апам үч перзентти жарык дүйнөгө алып келип, бирибиз төрт жашар, бирибиз үч жашар, бирибиз сегиз айлык болгондо өзү жыйырма беш жаш гүлгүн курагында о дүйнө көздөй кете бериптир. Аты Патила экен. Бирок, акжуумал келин болгондуктан Акпатий деп коюшчу экен. Ошентип чиедей жаш үч бала чоң энемдин колунда калганбыз. Элеси да эсимде жакшы тартылып калбаптыр, же сүрөтү жок. Ал кезде сүрөткө түшүү үчүн Ноокаттын борборуна атайылап келбесе, башка мүмкүнчүлүк болгон эмес.

Кийинчереек эс тартып калганда Атамдан апам эмне менен ооруган деп сурасам: - Балам, апаңдын боору ооруган экен, догдурга көрсөтсөм, ал убакта Ноокаттан жогору жакта бир эле врач бар эле, болбой калыптыр, мындай оорулар отуз беш-кырк күн жашашы мүмкүн, мейли биз дарылап көрөлү, анан өзүң үйүңө алып кетесиң дептир. Үйгө алып келгенден үч күндөн кийин үзүлдү деген.

-Акыр сапар жөнөп жатып сизге бир нерсе айта алдыбы?

- Ээ балам, көп эле сөз айтайын десе керек эле, бирок аялдар баары эле үймөлөктөп жанынан чыкпай туруп алышпадыбы. Ал кезде жаш экенмин, же бизге бир аз мүмкүнчүлүк бергилечи, силер ушинтип карап отурганда эмне жардам бермек элеңер, андан көрө акыркы сөзүн мен угуп калайын деп айта албапмын. Көзүн жалдыратып, адамдарды кыдырата тиктеп келип эле арт жакта турган мага көзү чагылышканда көпкө кадалып туруп калат. Же отурган аялдар аны да түшүнүшпөйт.

Бир мүмкүнчүлүк болуп аз убакыт жалгыз калганда жанына жакын барсам Абдыганы, Абдыганы , Абдыганы... деп үч жолу кайталап, андан башка нерсе айталбады... Аңгыча аялдар кирип калышты. Акыркы жолугушуубуз ошол болду. Мага тике кадалган көз карашынан силерди табыштап жатканын туйдум. - Сен жашсың, баары бир үйлөнөсүң. Балдарымы жакшы кара , канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай өстүр, сенин бактыңа да ушуларга апа ордуна апа болгудай бирөө туш келсин! - деп жатты окшойт.

Ошондо чоң атаңын мөгдөп : - Келиним эмес, кызымдай болуп калды эле, эми канттим, мынабу бөжүрөгөн чийедей болгон балдарым кантет? - деп каңырыгы түтөгөн болсо, сакалы ылдый куюлган жашын көрүп, жанына адам чыдап туралбайт эле. Мына ошондой каңырыкты түтөткөн алаамат күндөр өттү баштан, балам!

Азыр токсон жаштан ашып калган таежем бар. Ошондон да сурадым: - Апам үзүлөөрдө атам экөөнө беш мүнөт сүйлөшкүдөй убакыт таап beралбадыңарбы?

-Ээ балам, биз жерге кирейли. Ошол эч кимибиздин оюбузга келбептир. Тирилтип алчуудай болуп баарыбыз эле үйрүлүп жанынан чыкпай коюппуз. Жаштык кылышып, бизден тартынып же апаң же атаң айталбаптыр. Кийин өкүнүп калбадыкпы.

Адамдар кээде ойлонбой эле боору оорумуш болуп, өзүбүз эмне жасап жатканыбызга маани бербей, күйпөлөктөй



беребиз. Болбосо ошол жерде турган акыл эстүү адамдар эмне үчүн ушул эки жаш акырында, бири кайтпас сапарга кетип жатканда, бири-бирине айта турган сөзү болсо керек эле, кичине мүмкүнчүлүк берели деп ойлошподу экен? Апамдын да ичинде бугу калбай, айтаар сөзүн айтып алып көз жумса, атамдын деле көкүрөгүндө өмүр бою уюп калып, кулагына дайыма жаңырып, намаз окуган сайын дуба кылдыра турган акыркы сөз- сураныч, тилек калат беле? Ушул ой тунжураган тынчтыгымдын асманында чартылдаган чагылган сымал кайталанып, жаңырып келет.

***

Өткөндү эскере жүрүү тирүүлүктүн парзы белем. Башынан өткөргөн күндөрүн дайыма эстеп, биз менен сүйлөшө калган учурда атам өз башынан өткөндөрдү көп айтып калат. Аны эмне эле кайра –кайра айтуунун зарылдыгы бар эле деп ошондо ойлогон менен, маанисин эми түшүнүп отурбайбызбы. Ошол мисалдар аркылуу бизди сабырдуулукка, канаат кылууга, турмуштун оош-кыйышын көтөрө билүүгө тарбиялап келген турбайбы!

Бир жолу чогуу отурганыбызда, балдар кыздар турмуш-тиричилик жөнүндө сүйлөшүп ал жок,бул жок деген сыяктуу майда- барат нерселерди айтып калышат. Ошондо атам: « Балдарым койгулачы ушундай асан кайгыларыңарды. Эгерде силер мен көргөн күндү көргөндө асынып өлүп алмак экенсиңер. Азыр жыргал заман да. Аракет кылган адамга баары бар. Кийимиңер бүтүн, кардыңар ток. Ичем-жейм, кийем дегениңердин баары бар. Сабырдуу болгула , канаат кыла билгиле. Болбосо **кызыл кекиртек** адамды сүйрөп барып бир жамандыкка кириптер кылып коюшу мүмкүн» деген эле.

Көрсө жупуну кийинип, жупуну жашаган менен, айрым адамдар өз турмушунда , сүйлөгөн сөздөрүндө, жасаган ишинде чон турмуштук философияны камтыган, байкаган

адамга кийинкиге үлгү тутарлык өмүр кечиришет турбайы. «Улуулуктун жеткен чеги –жөнөкөйлүк» деген макал кылымдарды карытып келип анан бизге жеткен окшобойбу.

***

Апабыз ааламдан өткөндөн кийин, жыл өтүп-өтпөй чоң атабыз да о дүйнө салат. Чоң энем , атам, үч жаш бала бир үйдө турмуштун башка салганын көрбөскө айласы жок мүңкүрөп отуруп калышат. Атам ошондо жыйырма беш гана жашта экен. Жаш жигит турмуштун кыйынчылыгына кантип туруштук берерине акылы жетпей дендароо болуп жүрүп калат. Ошондо да атасынан алган таалим-тарбиясы жардамга келген ошкшойт. Анткени жалгыз бала деп чоң атабыз жеткен акылын,колдон келген тарбиясын берип: « балам кыйынчылыкты, мээнетти кудай таалам сүйгөн пендесине берет. Ошого чыдап сабыр кылуу керек. Беш убак намазыңды окуп, жараткандын жакшылыктарынан үмүтүңдү эч үзбөгүн. Үмүтсүз бир гана шайтан» деп айткандарынан кубат алып, сабырдуулук күтөт. Он эки жашынан намазга жыгылган болсо ушул күнгө чейин беш убагын калтырбай окуп келет.

Чоң атам ооруп жатып , бир күнү атамы чакырат да : « балам менин да көрөр күнүм, ичеер суум түгөнгөн окшойт. Түндө түшүмдө Молдо-шер абаң(чоң атамын бир тууганы, мурдараак ааламдан өткөн) келип, Али жүр эми мен сени алып кетейин деп келдим мени менен бирге бол деп эшегине мингизип алып кетти. Эми сен белди бекем бууп, даярдыгыңды көрө бер. Кайраттуу бол, жашык болбо, ата өлүш мурас, элдин көзүнчө Алинин баласы өзүн жоготуп, мөгдөп калды дедирбе, өзүң узат. Тагдырыңа ушул күн туш болсо көрбөскө айлаң жок. Апаңды , балдарыңды жакшы кара. Сенин да пешенең жаркып кубана турган күндөр алдыда бардыр. Намазыңды үзбө, кудайдан тиле, таза, пак бол. Арбагыма багыштап дуба кылып жүр. Тирүүлөрдүн өлгөндөр үчүн жасай турган эң ыйык, улуу иши аларды эстеп дуба кылуу. Колумда жок эле, жылкы сое



албадым деп кыжаалат болбо. Анын баары тирүүлөр үчүн. Өлгөндөргө бир короо мал сойсоң деле, курандын бир аятынчалык сообу жок. Кара малдын бирөөнү сой , майда жандыктардан да бир –экөөнү союп менин абийирими жасап узатып кой» деп акыркы сөздөрүн айтат.

Эртеси багымдат намаздын алдынан атам Айти абасын(чоң атамын бир тууганы) чакырып келет.Чоң атам аларга да айтар сөзүн айтып, эми силер намазга тургула деп өзү да таяммум кылып, мени кыбыланы карап жаткыргыла деп кыбылага түздөнөт. Силер намазды окуй бергиле мен силерге ыктыдаа кылып окуйун деп намазды баштаашат. Намаздын биринчи ракаты окулуп бүткөндө чоң атам үзүлөт.

Жайга алып жөнөөрдө атам бизди да ээрчитип алат. Чоң атаңарга силер да топурак салгыла деген ниетте. Иним экөөбүзгө узун көк-жашыл жол-жол болгон бейкасам чапан кийгизишип, белибизге кур курчантып коюшат. Жайга коюп жатканда иним экөөбүз кочуштап алып берген топуракты башына жаздантышат. Ал убакта биз маанисине жетпеген менен , биздин наристе колубуздан салынган топурак торко болуп, кандайдыр бир соопчулуктун бир вазипасын аткарып жаткандыр.

Эми анык азапта калдым деп кыйналып жүргөн күндөрдүн биринде атам түш көрөт. Түшүндө асманда учуп жүргөн болот. Ойгонуп дуба кылат да, эми бүткөн экен, мен да атамын артынан кетет окшойм, балдардын, апамын тагдыры кандай болот деген ой , сары санаа басат. Күндөрдүн биринде жумушуна бара жатса алдынан эшегин минип Орозаалы молдо келе жаткан болот. Саламдашкандан кийин:

- Аба сизде бир сөзүм бар эле сүйлөшө аласызбы?

-Ооба айланайын сүйлөшөлү, эшекти карма, мен түшөйүн.

-Аба түшпөй эле койбойсузбу? Мен туруп эле турам.

-Жок балам андай болбойт. Жол жээгине отуруп жайбаракат эле сүйлөшөлү.Өңүң да кыжаалат тарткансып

турат. Башында көп кыйынчылык турганын билем. Баамымда бир маанилүү сөзүң бар окшойт. Айт айта гой, кулагым сенде.

-Сиздин убактыңызды алып жолдон да койдум окшойт, кечиресиз аба.

-Ээ балам, шашып кайда бармак элек. Шашып жүрүп ушул жашка келдик. Канча асыл адамдар өттү бул дүйнөдөн. Биз да ошолордун бирибиз да. Андан көрө шашпай, көңүл калтырышпай, сөздү да урматтап сухбатташканыбыз жакшы эмеспи. Адам менен сүйлөшкөндө көзүнө тике карап, жер тиктебей оюнду так айтып сүйлөшүп жүргүн, жер тиктеп сүйлөгөн, оюн толук айта билбеген чечкинсиздиктин белгиси. Мени батынып токтоконуңдан кийин, мен да сенин мамилеңи урматтап, оюнду шашпай угайын деп ниеттенип калдым. Сүйлөй бер балам.

-Аба менин башымдагы иштерди жакшы билесиз да?

-Ооба балам.

-Жакында бир түш көрдүм. Ошол түшүмдө асманда каалгып учуп жүрүпмүн. Ушул түшүмдү кимге жоорутарымды билбей жүрдүм эле, сизди көргөндө сүйүнүп кетип, сизге айткым келди. Мен да атамын артынан аркы дүйнөгө кетет окшойм деп ойлонуп калдым. Эгер мен да аркы дүйнөгө кетсем,апамдын, балдарымдын тагдыры, көргөн күнү кандай болот деп көп ойлончу болдум.

-Аа балам. Түштүн башы казандай, моюну кылдай болот деген сөз бар. Ошол үчүн түштү кандай жоруса ошол жакка оой берет дейт. Адам ар кандай түштү көрө берет. Бирок таза жүргөн, пак, аруу сезимдүү адамдарга түш аркылуу чыныгы аяндар берилет. Сен мен билгенден беш убак намазды үзбөй окуп, дайыма даарат менен жүргөн жигитсиң.

Бул көргөн түшүң жөнөкөй түш эмес. Жаман да түш эмес. Асманда учуп жүргөнүң келечекте турмушуң оңолуп, чоң абийирге ээ болорундун белгиси. Алла таалам жөнөткөн башыңдагы кыйынчылыктарды токтоолук, сабырдуулук менен жеңсең, келечегиң жакшы балам. Анткени жараткан



пенделерине бир өмүр ичинде көптөгөн сыноолорду жөнөтөт. Бирине көп байлык берип сынап көрөт. Бирине оору берип сынайт. Маселе ошол сыноолордон татыктуу өтүүдө турат. Апаң да, балдарың да өз күнүн көрөт. Кудай таала бир улак жаратса ошого ырыскы катары бир шыбак да жаратат деген кеп бар. Ар кимдин ырыскысы өзү менен. Ошондуктан кайрат кылып, белди бекем бууп жакшылап тиричилигинди кыл балам.

Кана өткөндөрдү эстеп куран аяттарынан окуп дуба кылалы.

Узак сүрөөдөн окуп, өткөндөргө багыштап, анаң атама узун өмүр, жакшылыктарды тилеп дуба кылат. Ошондон кийин кыйла үмүт байлап, Кудай буйруган жакшы күндөрүм алдыда экен деп белди бекем бууп, турмуш арабасынын моюнчасын мойнуна илип алып тиричилигин кылууга киришет.

***

Жону катуу жокчулуктун күндөрү кербендей тизилип өтө берет. Бир күнү айылда чогулуш болот экен баарың келгиле деп чакырып кетишет. Атам да барат. Чогулуш болгон жерге жакындаганда бирөөнүнн үнү кулагына шак дей түшөт: -Ал эмнесин берсин. Өзү оокатын өткөрө албай араң жүрсө. Турдумаматты тизмеге кошпой эле койгула, баары бир төлөй албайт.

- Э жок антип катардан калтырбагыла. үч сом болсо да кошот. Катардан калган жаман.

Көрсө элге мамлекет тарабынан эт төгүү боюнча салык салынып, ошону бөлүштүрүп жатышкан экен. Катардан чыккан экемин да деп кулагым чуулдап тунуп калды. Элдин жанына барып мени да кошуп кое бергиле, өлбөсөм төлөөрмүн деп каңырыгым түтөп кетти. Топчубай деген тарактап сүйлөгөн киши бар эле «катардан калтырбагыла деген сөздү» ошол айтып жаткан экен. Ага кыйла ичим жылып калды.

Ошол убакта деле адамдарды теңсинбей байлыгына карап мамиле кылгандар бар эле. Бирок адамдын баары бул дүйнөгө тең жаралганын, Кудай кемсинтпесе пенденин кемсинткени түккө турбаган нерсе экенин туйган, сыртынан жаңгак сыяктуу одуракай, бирок ички маңызы таза адамдар жашап коомубузду көркүнө чыгарып турганына ыраазы болосуң.

Жаңгакка салыштырганым кичинемде уккан бир сөз эсиме түшүп кетти. Бирөөнүн үйүнө бир касиетүү, илимдүү киши келет деп дасторкон даярдашып күтүп калышат. Бир маалда арыкчырай капкара киши келет. Чай ичилгенден кийин баягы киши даарат алайын деп сыртка чыгат. Ошондо үй ээси мактаган касиеттүү кишиңер ушубу, кара күйүндүдөй эле бирдеме го деп коет.

Намаз окулуп , кайрадан чай ичилип бүткөндө баягы киши үй ээсине карап:

-Чайыңызга чоң ракмат. Бар болуңуз. Сизге бир кеңешим адамдарды сыртынан баалабай жүрүңүз. Кээ бир адамдар жаңгакка окшоп сырты одур-будур кара болот. Чаксаңыз ичи толо ак маңыз чыгат. Биз ошол сырты кара тору болгон менен ичибиз маңызга толгон адамдардан болобуз. Адамды жакшы билбесеңиз ал жөнүндө пикир айтпаганыңыз эле оң.

Отургандар үй ээси андай дегенин кайдан билди, эч ким деле сыртка чыгып ал киши менен сүйлөшкөндөй болбоду эле дешип тунжурап отуруп калышат. Үй ээси чочуп, тообо келтирип, «айланайын касиеттүү мейманым , сөзүмдү кайра алдым, кечирип коюңуз, мен акылсыздык кылдым» деп бутуна жыгылган экен.

***

Мен төртүнчү классты аяктап жаткамын. Адаттагыдай эле мектептерде окуу жылынын бүтүшүнө карата окуучуларга экскурция уюштуруп ,жаратылыштын кооз жерлерине алып чыгып эс алдырышчу. Окуучулар сүйүнүшүп тапкан оокаттарын көтөрүп алып эс алып келишет. Эртең экскурцияга



чыгабыз дегенди эмнегедир мен үйгө келегенде энеме айта албай күндү кечкиртип анан уктап калыпмын.Эртеси эрте менен турганда:- Эне биз бүгүн экскурцияга барат экенбиз дедим.

-Экскурцияң эмне балам, каяка барасыңар, Ким менен барасыңар?

-Агайлар алып барат, того чыгып бир күн кечке ойноп келет экенбиз, түштө жей турган оокатыңарды алып алгыла деди.

-Олда балам ай, кечээ эле айтып койбойт белең, эми эмне кылдым. Үйдө да жарытылуу эч нерсе жок эле. Же сааныбыз болбосо, айран -пайран куюп берейин десем.

- Эне эч нерсенин кереги жок, жөн эле барып келебиз.

-Кечке өзөрүп калбайсыңарбы, токтогула мен коңшулардан болсо да кичине бирдеме сурап келе коеюн.

-Жок. Эне сурабаңыз, бир эле нан берсеңиз болот. Алардан сурасаңыз, апалары сөзсүз балдарына айтып коет.Анан алар барганда бизди келеке кылат.

Ошентип күйпөлөктөп кейип –кепчип олтуруп бир нан анан төрт дана ак кантты бир жоолукка түйүп берди. Менден бир жашар кичине иним экөөбүз мектепке балдар чогулган жерге бардык. Барсак балдар-кыздар чогулуп калышкан экен. Баары колдоруна чоң-чоң түйүндөрдү көтөрүп алышыптыр. Бирөөлөрү бөтөлкөлөргө сары май, каймак, айран куюп алышкан кээ бирлери эт кууру тупоокат жасап алышыптыр. Аларды көрүп, өзүбүздү кыйла ыңгайсыз сезип калдык.

Түш маал болгондо агай –эжекелер, келгиле бир жерге чогулуп алып , баарыңар алып келеген тамактарыңарды ортого коюп түштөнгүлө деп чакырып калды. Биз иним экөөбүз четте туруп калдык да , ушу тамагыбыз менен кантип кошулабыз деп алардын жанына келбей жогору көздөй бадал аралап кеттик. Наныбызды ортого коюп жесек бирөөлөр көрсө уят дегенсип аны экиге бөлдүк да бир тиштемден кылып майдалап, төрт ак канты экиден бөлүп чөнтөгүбүзгө салып койдук. Анан жогороокто жайгашкан булактын боюнда отуруп кантты суугa

малып, нanыбызды жеп, суудан жутуп түштөнүп алдык. Бизди издеп чакырган балдардын үндөрү угулуп эле турду. Бирок биз укмаксан болуп жүрө бердик. Гүл терип жүргөн болуп баралы деп тоонун кызыл кызгалдактарынан иним экөөбүз бир кучактан терип агай- эжекелердин жанына бардык. Балдар тамактанып бүтүп калышкан экен.

-О-ии-й мынча гүлдү каерден тердиңер деп калышты. Гүлдөрүбүрздөн эжекелерге бердик да балдардын катарына олтуруп калдык. Келгиле тамактаналы демиш болгондор болду, аларга биз тамактанып алдык эле деп койдук.

Кеч үйгө кайтып келгенден кийин күндүзгү болгон окуяларды бирибизден –бирибиз өтүп божурап айтып бердик. Энемдин ошондогу терең үшкүрүнүп алгандарына маани деле бербепмиз.

***

Энем кечинде уктоого жатканыбызда «Садагаң болоюндарым, Кудай өмүрүңүрдү берсе экен, ырыскыңарды бийик кылса экен» деп жалбарып башыбыздан сылап, жыттап өөп койсо мемиреп барып уйкуга кетчи элек.

«Садага болоюн» деген сөзгө мен кийинге чейин эле, бул бир эркелеткен сөз экен деп жүрө бериптирмин. Бул сөз керемети күчтүү, эненин жүрөгүнүн кеңдигинин , баласы үчүн садага чабылганга даяр экендигин билдирген улуу сөз экенине кийин маани берип,түшүнүп жүрбөймүнбү. Мусулманчылыкта да садака берүү ар кандай балеелердин алдын алат деп айтылат турбайбы. Көрсө энелерибиз бизди ар күнү балееден сактаймын деп, өзүн садага чабат турбайбы! Оо касиетинден айланайын энелер! Оо кыргызымдын керемети күчтүү сөзүнүн улуулугу! Кылымдарды карытып бизге жетип келген ушундай улуу сөздөрдүн дагы канчасын түшүнбөй, же болбосо маанисине жетпей эле колдонуп жүрөбүз. Тилди бурмалап, сөздүн улуулук касиетин жоготуп, акыры барып манкурт болуп калбасак эле болду. Ар бир сөздө тилек, каалоо,



сүйүү, каргыш жана башка аяндар бар экенин, анын чын дилден туура айтылышы ошол аяндарды турмушка ашырарын элес албайбыз. Маселен кээ бир адамдар «Энеңди…» деп ойлонбой эле сөгүп кое беришет. Анткени алардын дилине шайтан кирип алып ошол сөздү айттырып жатпайбы. Эне байкуш бизге жанын садага чаап жатса биз тигинтип сөгүнүп турсак бул манкурттук эмей эмне.

Бала болуп сөгүнбөгөнүмө таң калам. Кичинебизде да бири-бирибиз менен урушсак эң катуу айткан сөзүбүз «жинди» деген сөз болчу. Ошондо да энем ыраматылык :-Койгула балдарым антип урушпагыла. Жинди деген сөз жаман сөз. Адамдар бирин- бири жинди деген сайын бир кесимден эти жинди болуп отурат экен- деп калаар эле.

Анда ойлонуп калчубуз. Бизде канча кесим эт бар эле, »жинди» дей берип бири-бирибизди тез эле жинди кылып койбойлу деп ойлонуп калчуубуз.

- Эне анда урушканда жинибиз келсе, сөксө болбосо, «жинди» десе болбосо анан эмне деп урушуш керек. Чоң кишилер деле бирин-бири ашатып, уят сөздөр менен сөгө берет го.

-Балам, адамдар өзү бири-бири менен урушпаганы жакшы. Ар кандай талашты урушпай эле чечсе болот. Анткени жиниңдин келиши, урушууга ниеттене баштašың шайтанга баш ийип калганың. Дайыма таза жүргөн адамды шайтан жолдон чыгара албайт. Урушуу, жаман сөз айтуу бардык адамдын колунан келет. Бирок ошону жасабай коюуу акыл эстүү, токтоо, сабырдуу, түшүнгөн адамдардын гана колунан келет. Мен силерди ушул адамдардын катарында болушуңарды тилейт элем.

«Таш менен урганды аш менен ур», «Атаңды өлтүргөнгө энеңди бер» деген макалдар жөн эле жерден айтылбаган. Канчалаган кылымдарда калыптанып, мезгилдердин сыноосунан өтүп, айныгыс чындык болуп калыптанган.

***

Энемдин жамактатып, сөздү куюлуштуруп сүйлөгөн жагы бар болчу. Уккан адамды муютуп коер эле. Айрыкча кыздарды турмушка узатууда кыздын апасына же болбосо бирөө ааламдан өтсө анын аялына, кыздарына кошок үйрөтүүчү. Кыз узатууда анын кандай тарбия алганын, колунан эмне келерин, сулуулугун, нарктуулугун кошуп, анан кудагыйларга тапшырганын, андан ары кандай тарбиялап алыш керек экендигин, ийине жеткире көркөмдөп, кошуп узун сабак жамактатаар эле. Кыздын өзүнө да ал жакка барганда өзүн кандай алып жүрүүсү керек экендиги, кайната,кайненеге, алардын туугандарына кандай кызмат кылышы, апасынын насыйкаты, жолдомосу, көрсөтмөсү катары укмуштуудай салыштыруулар менен таасирдүү кылып айтылаар эле.

Атасы өткөн кыздарды, күйөөсү өткөн аялдарды түнү менен энемдин жанына олтургузушуп кошок жаттаттырар эле. Энем ошол ааламдан өткөн кишинин тирүүлүгүндө жасаган иштерин, эл арасындагы кадыр -баркын, үй-бүлөдөгү, туугандар арасындагы ордун, өнөрлөрүн тизмектеп жамактатып айтып олтуруп , акырында келгенде бала-чаканды , алган жарыңды кимге таштадың, сенсиз көргөн күнүбүз эмне болот деген сыяктуу , адамдын зээнин кейиткен мундуу, армандуу бүтүргөндө, өмүрүндө кошок кошпогон же болбосо атасынын же күйөөсүнүн ушундай асыл адам экенине маани бербей жүргөн аялдар, кыздар үйдөн озондогон боюнча ыйлап чыгып кетишчүү. Эмне экенине түшүнө албай, же энемден сурай албай таң калып кала берер элек.

Ушулардын баарын ошол убакта жазып калчу бирөө-жарым болбогону өкүнүчтүү. Адабиятыбызды байыта турган канчалаган ырлар энем менен кошо кетти. Мен да ал убакта оюн менен курсак тойгозгондон башка менен ишим жок бала экемин.

Энем менен кошо кеткен дагы бир баалуу өнөр-таланты бар болчу. Энеме аялдар, келин -кыздар көп келишчү. Бизди



эшикке чыгып ойноп тургула балдарым деп коюп ошол келген келиндерди, боюнда бар аялдарды көрөт эле. Кийинчерээк эс тартып калган убакта сурасам анча- мынча айтып берчүү:

- Балам сен азыр көп нерсе түшүнбөйсүң. Кийинчерээк үйлөнүп бала-чакалуу болгондо билесиң. Аялдарга бала төрөө өлүм менен барабар. Жараткан эгем өзү түйгөн түйүндү өзү чечпесе кыйын нерсе. Мага келген боюнда бар аялдардын балдары тетири келип калган учуру болот, тыгылып калат, ошол учурларда аялдар аябай кыйналат. Мына ошолорду түздөп баланын жакшы төрөлүшүнө жардам көрсөтөм. Анан да кыздарда «туюк» деген нерсе болот, ошону да карайм.

Канчалаган балдардын киндик энеси болдум. Ал убакта догдур-могдур дегенди билбей эле бардык аялдар үйүндө эле төрөчү. Силерди да өзүм төрөткөмүн.

- Ошол өнөрлөрүңүздү эч кимге үйрөтпөдүңүзбү?

-Бул өнөр үйрөнөм деген адамга эле жуга бербейт. Кудай таала насип эткен адамдар кана аны аткара алышат. Астейдил ыклас коюп үйрөнөм деп келин- кыздардан эч кимиси чыкпады. Үйрөнүп алышса жакшы болот эле. Азыр кичине эле бирдеме болсо догдурга чуркайт экенсиңер. Илгери апаларыбыз догдур жок маалда бизге окшогондордун жардамы менен төрөп, тукум улап өстүрүп келишкен. Баарын эле тана бербей ата-бабаларыбыздын салтында жасалып келген ырым - жырымдарды да кармана жүргөнүңөр жаман болбойт.

***

Чоң атаңар абдан катуу тартип кармаган кайратуу киши эле. Силер жакшы элес токтото албай калдыңар. Атаңар жалгыз бала болсо да аны көп тайрандатып, эркелетпейт эле.

- Эй байбиче , балабыз өзү жалгыз бала болсо , муну көп эркелетип өстүрсөк болбойт го. Экөөбүз да бир топ жашка барып калдык, эртеге жок бүрсүгүнү көзүбүз өтүп кетсе кантип тиричилик кылат. Андан көрө баарын үйрөтүп.

турмушка тың кылып тарбиялайлы. Баланы анча- мынча какыс- кокус кылгандан эч нерсе болбойт. Сен көп эле үйрүлүп үстүнө түшө бербе деүчү.

-А сизди да урчу беле?

-Ачуусу келгенде анча мынча чаап жиберчү.

-А сиз да кол көтөрчү белеңиз?

-Ок! Каяктагы шумдукту айтпачы! Аял да эрине кол көтөрчү беле! Кол көтөрүш эмес, көзүнө тике карап сүйлөгөн эмесмин. Аялдар көбүнчө тилинен табат. Таяк жесе да ошол тилинин айынан жейт. Артынан ээрчип алып, ар нерсени айта бергенди эркектин жүрөгү көтөрө албайт да колуна күчүн чыгарат. Эрдин камчысы аялдын шайтанын дайыма басып турат. Эрдин камчысы, колу тийген жерлери тозокко күйбөйт деген кеп бар. Аялды анча мынча какыс-кокус кылып туруу аялдын өзүнө эле жакшы.

Ошол маалда колхоздун буудайларын кол орок менен орушчу. Атаңар кабыргасы ката элек мезгилинен эле орок оруп, колхоздун бардык ишине катышты. Тээ алмалыктын үстүнө барып, жатып иштеп буудай орот эле. Кеткен бойдон он күндөп жатып иштешчү. Ал убакта эмгек акыга деп бир сотых жер орсо бир нан берет эле. Орокко кеткендин эртеси эле атаң бир калта көтөрүп, тердеп -тепчип сүйүнүп үйгө кирип келди.

-Ата, апа мына мен бир күндө он сотых буудай оруп, он нанга иштедим. Экөөнү өзүм жеп калган сегизин силерге алып келдим. Кубанычыбыз койнубузга батпай алкап жатып калдык. Чоң атаң тетири карап көзүнүн жашын сүртүп алды. Мен болсо ачык эле балбалактап ыйлап жатам. Чоң атаң чынында кабыргасы ката элек баласынын кыйналаганына ыйлап жатты. Бирок анысын билдирбей «Рахмат балам, эр жетет деген ушу, өмүрүң узун болсун, ырыскың бийик болсун, сен бизди сыйласаң сени да балдарың ошондой сыйласын. Элден калбай иштей бер. Бизге көп кылчактабай өзүң курсагыңды жакшылап тойгуз. Курсак ач болсо ысыктын күнү,



аптап өтүп кетип ооруп калба. Чоң атаң батасын берди. Атаң биз менен бир аз отуруп чай ичип алгандан кийин «азыр барбасам, эрте менен кеч калам. Сааркы салкында иштеп калышым керек деп» ишине жөнөп кетти. Ал убакта машине деген кайдан, жөө жүрүшчү. Алмалыктын үстүндөгү адырларга таңга маал араң жетсе керек.

-Аа кемпир ушунусуна да шүгүр дейли. Жалгыз балабыздын биринчи тапканы нан болду. Кудай буйруса ырыскыбыз кенен эле болот окшойт. Баланын өмүрүн тилейли. Иштегенден эч ким жаман болгон эмес. Кыйналат деп боор ооруганыбыз менен тиричиликке бышып тың болуп чоңойгону жакшы.

***

Чоң атабыз өзү мергенчиликке аябай кызыккан адам болгон экен. Эки чоң тайганы болоор эле. Ал тайгандарын биз да кичинебизде көрүп калдык. Энем айтып калчу:

-Тайгандарын абдан жакшылап бакчу. Аларга май токоч жасатып берер эле. Тайгандарын ээрчитип үч-төрт күндө ууга кетеер эле. Эгерде жолу болуп, уусу жүрүшүп калган болсо, тайгандары өзүнөн беш-алты саатча мурда келишчү. Үйдүн астына келип, биз куру кол келген жокпуз, бизге тамак бер дегенсип куйруктарын шыйпаңдатып туруп калышат. Чоң атаңардын олжолуу келе жатканын ошондон билебиз. Аңчылыктан келгенде коло-коңшу тууган уруктар чогулуп, шыралга алып кетишет.

Тайган салып, тор да жайчу. Кээде элик, кийик, кээде кекилик, кыргоол алып келип баарыбызды маарытар эле. Коен ,түлкүнү эсеби жок эле кармады. Анын терилерин жипсирияга тапшырчу.

Жипсириясын мен түшүбөй эле жүрчүмүн. Көрсө ал убакта даярдоо конторасынын алдында «Живсырье» деген мергенчилердин коому болгон экен. Ошолор мергенчилерге аң

терилерин даярдоого тапшырма берип, алардан сатып алышчу турбайбы.

Чоң атам өткөндөн кийин тайгандары мурдагыдай каралбай калды. Аңчылыкка да эч ким кызыкпады. Бир күнү эле тайгандар жок болуп кетти. Издедик, сураштырдык, табылбады, күттүк бирок келбеди, ошол бойдон жок болду. «Жакшы ит өлүгүн корсөтпөйт» деген ушул турбайбы деп кала бердик.

Чоң атам колдонуп жүргөн торлор , бычагы ушул күнгө чейин сакталуу жүрөт. Бычагын көп кайберендин каны бар дешип, азыр деле бала-чаканы кирнелегенге пайдаланышат.

Чоң атабыздын бир адаты бар эле дешет. Молдо, эшен дегендерди аябай урматтап сыйлачу дейт. Ал убакта эшендер да айылды тынбай аралап келе беришчү. Айылга алар келди дегиче сөзсүз үйгө алып келип, колдо болгон мүмкүнчүлүгүнө жараша мейманданап анан узатуучу экен.

Ошондон калган тарбиясыбы атам азыр деле бир жылда эки-үч жолу мечиттеги намазды чогуу окугандарын чайга чакырып турат.

***

Кундөрдүн биринде үйүбүзгө сыйлуу коноктор келип калат. Аларды күтүп алышып меймандашат. Анда экинчи апабыз бар эле. Кандай күтүп, кантип сыйлашканы мен үчүн белгисиз. Менин эсимде эч нерсе калбаптыр. Бирок чыгып бара жатканда эшендердин бири атамы чакырып:-Турдумамат балам, сый урматыңа рахмат, көп жакшылыктар болсун, Кудай өмүрүңдү узун кылып, ооматыңды бийик кылсын. Бирок бир нерсе айтам, капа болбой туура кабыл ал.

-Айтыңыз ата мен туура эле кабыл алам.

-Мынабу каалгаңыз жарашпай калыптыр, илаанжысы болсо муну тез алмаштырып койбосоңуз болбойт. Сендей жигиттердин үйүндө мындай кереге болбошу керек. (Апабыз



да жанында турган окшойт) Гаптин маанисине түшүндүңбү балам.

- Рахмат ата түшүндүм, түшүндүм.

-Ап-балли! Түшүнсөң ошенткин!

Көрсө апабыздын мамилесиби, мүнөзүбү иши кылып бир нерсеси жакпай, башка аял албасаң болбойт деп кыйыткан сөзү экен.

Кандай гана сезимталдык, кандай гана чеберчилик менен айтылган. Ошол сөздүн маанисин илгиртпей илип калып, жаш да болсо чечкиндүү жыйынтык чыгарып, жакшылыкча эле экинчи апабызды төркүнүнө жеткириптир. Бир жылга жетпеген убакыт гана жашашыптыр. Бирок ошондо курсакта кеткен карындашыбыз азыр бала чакалуу, очор-бачар болуп Өзгөн районунда жашап жатат.

***

Турмуш арабасын кылдырттатып эптеп сүйрөп , өлбөстүн күнүн көрүү менен күндөр өтө берет. Ана мына дегиче жыл айланып, чоң атамдын жылдыгын өткөрүүчү күн жакындап калат. Колдо эч нерсе жок. Кандай кылып жылдык өткөрөм деп айласы куруп турган күндөрдүн биринде атамды айылдык почточу Ысакбай аке деген киши чакырып калат.

-Турдумамат балам, атаңа адашып жети айлык пенсиясы келип калыптыр. Аны кайтарып жиберишибиз керек, эгер кайтарбасак бары бир билинип калып кийин жооп беребиз дейт.

Атам көктөн издегени жерден табылгансып почточуга жалдырап ийиет.

-Ысакпай ака мен атамдын жылдыгына эч нерсе таппай айлам куруп турду эле. Ушул акчаны бере бериң. Мен кийин кайтарайын. Бул да болсо Кудайдын насиби окшойт. Эч кимден акча сурап таппай койдум. Менин абалымы көрүп туруп колунда бары деле бергидей эмес. Сиз жардам кылыңыз.

-Мейли үкам , кыйналып калыпсың ушундайда жардамым тийбесе качан тиет. Бирок бул акчаны эки-үч айдын ичинде ордуна коюшубуз керек.

- Рахмат ака. Мен да сизди уят кылбай ордуна тез коюшка аракет кылайын.

Ошентип ал акчага бир союш, башка керектүү нерселерди алып чоң атамдын жылдыгын өткөрөт.

***

Азыркы апабызга баш кошкондон аз убакыт өтпөй эле Көк-Белге көчүп кетишке туура келет.

Кээде тагдырдын буйругуна тан бербеске айлаң жок. Менин да өмүрүм тагдыры ары татаал , ары кызыктуу адамдар менен байланышканына таң кала берем. Анткени менин тууган –уругумда өмүрүндө табышмактуу, кызыктуу окуяларга туш болбогон адамдар аз эле. Ал окуяларга терең маани берип карасаң тарбиялык мааниси бар урунтуу учурлар көп экенин байкайсың. Менин жубайымдын да тагдырында кайгылуу, эстен кеткис окуя болгон экен.

Ал алты айлык экенинде кайненем бир топ аялдар менен бир туугандарынын кызын көчүрүп барыш керек болот. Ал убакта полуторка деген борттуу машина болгон. Он үч аял бортуна септи жүктөп, өздөрү да отурушуп кызды көчүрүп жөнөшөт. Алай районунун жолу азыр канчалык татаал, ошол убактагысын элестетип көрүңүз. Татаал ийри-муйру жол күркүрөп аккан Гүлшаа дарыясын бойлоп кете берет. Мына ошол жолдо бара жатканда машинанын тормозу кармабай калып, машина ала салып , үстүндөгү кыз көчүрүп бара жаткан аялдарды дарыяга төгүп койгондой. Үстүндөгү адамдар жүк-шүгү менен дарыяга агып кетишет. Ал каргашада он үч аял каза табат. Алардын өлүктөрүн эки-үч күн издешип дарыянын ар жеринен табышат. Адамдар машина авария болгон жерге келишсе дарыянын жээгиндеги кумда эки наристе ойноп отурган болот.



Издегендер тообо келтиришип Кудайдын амирине тан берип ымыркайларды алып кетишет.Көптөгөн үй-бүлөнүн башына каран түн түшүргөн ошол окуяда ымыркай наристе кыздардын бири ( азыркы менин жубайым), машинанын айдоочусу, анан көчүрүлүп бара жаткан кыз гана тирүү калган экен. Бир жашар там-туң баскан кыздын өлүгү да, тириги да табылбай кала берет.

Окуяны эстегенде ошол наристе кыздардын кандайча жээкке чыгып калганына акылдары жетпей адамдар таң кала беришет. Чынында бул окуяны адам акылы жете турган нерсе менен түшүндүрүү кыйын. Биреөлөр машина кулаганда кыз колдон ыргып кеткен десе, биреөлөрү мен баары бир өлдүм, жок дегенде кызым аман калсын деп апасы күчүнүн жетишинче жээкке ыргыткан дешет.

Кандай болгон күндө да бул адам акылынан бийик турган, *адамдын колунан келе турган иш менен түшүндүрүлбөй* турган, жараткан Кудайдын пенделерге көрсөткөн кереметтеринин бири экенинде шек жок.

Дагы бир кызыгы, ошол окуядан элүү төрт жыл өткөндөн кийин баягы там-туң баскан дайынсыз кеткен кыздын табылышы болду. Көрсө машина авария болгондо ал кыз да Кудайдын амири менен сууга агып кетпей жээке чыгып калат. Авария болгон жер кыштактардан алыс ээн жер болот. Ыйлап ээн талаада жол боюнда турган кызды бир шофер токтоп алып кетет. Ал Тажикстандын Тоолуу- Бадахшан автономиялуу областына жүк ташыган шоферлордон болот. Ал кызды багып чоңойтуп турмушка берет. Кийинчээрек ал кызга болгон окуяны айтат. Ал жол боюндагы ашканада иштегендиктен өткөн-кеткен жолоочулардан сураштырып отуруп, акыры туугандарын табат. Кайсы бир жылы ошол окуяны изилдеп жүргөн «Кыргыз туусу» газетасынын кабарчысы биздин үйгө да келип сураштырып кеткен эле. Ал менин аялымды ошондогу дайынсыз жоголгон кыз деп келген экен.

«Кырк жыл кыргын болсо да бей ажал чымын өлбөйт» деген макалдын чындыгын ушундай мисалдар далилдеп турганына ишенбей коюууга аргабыз жок турбайбы. Бир акылмандын: «Жаратkандын бар экендигин айланабыздагы ар бир зат, окуя далилдеп көрсөтүп турат, бирок биз ага анчейин маани берип, баамдай албайбыз» деген сөзү эске түшөт.

***

Ошол 1976- жылы мен жаңы үйлөнгөмүн. Институтту аяктаганыбыздан кийин бизди Чаткал районуна тоют даярдоого жөнөтүп калды. Энем ооруп төшөктө жаткан эле. Кирип бизди алыс районго тоют даярдоого жөнөтүп жатат бара берелиби деп сурасам, Бар, бара кой айланайын, ойлонбой бара бер, Кудай буйруса мен айыгып кетем, сенин, келинимдин урмат-сыйын, көп кызматын көрөйүн деген ниетим бар деп батасын берген эле. Энем келинин бою-башын, баскан –турганын көрүп, баламдын бактысына жакшы жар туш болгон экен деп ыраазы болгон экен. Ошол акыркы көрүшүүбүз экенин анда мен кайдан билдим…

Чаткал районунун Каныш-Кыя деген жеринде тоют даярдоодо жүрөбүз. Бир күнү өзүмчө эле эч жерге батпай, көңүлүм уйгу –туйгу болуп, кыжаалаттана баштадым. Кетким келди. Энем көзгө элестеп туруп алды. Тынч болгой эле деп Кудайдан тилейм. Эмне деп шылтоо айтып кетишти ойлоно баштадым. Бизди караган врач менен сүйлөшсөм, мейли аялыңын боюда бар, кетпесе болбойт деп справка беремин деди. Сүйүнүп кеттим. Справканы агайыбызга көрсөтүп токтоосуз жөнөдүм. Анда Чаткал районунун борбору Жаңы-Базар айылынан Ошко АН-2 маркасындагы самолет уча турган. Жаңы базарга келсек, ошол күнкү рейс учуп кетиптир. Эртеге саат он бирлерде келгиле деп кассир бизди жолго салды.

Жаңы –Базарда күндү кечкиртип, кайда түнөөнү ойлонуп калдык же тааныштар жок.Сураштырсак кичинекей



мейманкана бар дешти .Мейманакнаны караган эжеден орун барбы биз бүгүн түнөйлү дедик эле дедим. «Орун жок!» деп одоно жооп берди. Эже сизден сураныч бул жерде биздин тааныш-билиш деле жок эле эптеп орун таап бербесеңиз болбойт деп суранып туруп алдым. Ай жигит орун жок дегендент кийин жок! Тиги жанындагы ким!

-Келинчегим.

-Мм-м ! Орун жок дегенден кийин жок! Кандай түшүнбөйсүң! Бар кайда түнөсөңөр ошондо түнөгүлө менин ишим жок. Башымды оорутпагыла!

Мейманкананын ичин бир сыйра карасам бир бөлмөдө 12 керебет коюлуп туруптур. Кайра келдим.

-Эже тигинде көп эле керебет турат го! Ошол жерден жок дегенде бирөөнү бериңиз!

-Эй бала, бул жердин кожоюну менмин. Сен менин ишиме киришпегин бар жогол! Түнкү саат бирлерде ал орундарга шоферлер келип жатышат.

Айла кетип көчөгө чыгып, бир дүкөндөн бир пачка печенье алып эптеп курсак тойгозуп алып бир даракттын түбүндө олтурдук. Эптеп ушул жерде таң атырмай болдук. Июнь айы болсо да түнү чыйрыктырган суук болот экен. Келинчегим экөөбүз тең жеңил кийинип алган экенбиз үшүй баштадык.

Саат 12лерде дагы бир суранып көрөлү деп кайра мейманканга бардык. Эжэнин бизди карай турган түрү жок.

-Бош орундар көп эле турбайбы? Бирөөнү берип койсоңуз эмне болмок. Жок дегенде келинчегиме бир орун бериң мен коридордо эле отуруп таң атырам дедим.

-Кандай түшүнбөгөн немесиң! Тез чыгып кет болбосо азыр милиция чакырам десе болобу?

-Ой эже милиция чакыргыдай мен эмне кылмыш кылдым!

Ангыча бир жакка телефон чала баштады.

-Тез келгиле мында бир жигит тополоң кылып мага тийишип жатат !

Ангыча бир милициянын подполковниги чининде жашы элүүдөн ашып калган бир киши келди. Экөө эженин кабинетинде бир азга сүйлөшкөндон кийин мени башка бир бөлмөгө чакырып алып кирди.

-Ии жигит эмне бул аялга тийишип жатасың? Азыр алып барып камап коеюнбу деп калды.

-Жолдош полковник мен ал аялга тийишкен жокмун. Жөн эле бош орундар бар экен ошолордон бирөөнү бериңиз деп эле сурандым.

-Ал мага тийишти деп жатпайбы?

-Аксакал кечиресиз, Апамдай болгон аялга эмнеге тийишеин. Өзүм жаңы үйлөнгөн болсом, келинчегим жанымда жүрсө, ал болбогон сөз. Эмнеге минтип жатканына мен түшүнө албай жатам.

- Каерден болосуң?

-Ноокаттан.

-Ноокаттын каеринен?

-Көк-Бел деген айылдан. №44 жылкы заводу деп да айтышат.

-Аа билем, билем.

- Ошол айылда Ысмайыл деген казак агай бар тааныйсыңбы?

-Ооба тааныйм. Ал агай бизди окуткан.

-Ошол менен досум болот.

Тааныш чыккансып үмүт байлап кыйла сүйүнүп калдым.Дагы бир топ нерселерди сурап кыйлага сүйлөшүп отурдук.

-Эми сен уулум бул эжеңе капа болбо. Жакында күйөөсүнөн ажырашкан. Ачуусун сенден чыгарып жаткан турбайбы. Азыр мен айтып коем орун берет.

-Рахмат агай!

Милициянын подполковниги барып сүйлөшүп, көптөн кийин чыгып айтып койдум деди.Мейманкана караган аял оо бир чай кайнамдан кийин чыкты. Тултуңдаган бойдон чыгып



барып баягы 12 керебет турган бөлмөдөн четиндеги бир керебетти көрсөтүп ушуга жатасыңар, башкасына тийбегиле деди.

-Болуптур эже рахмат!

Келинчегимди жаткырып, өзүм бир четинде отурдум. Бир топ убакыт өттү. Баягы айткан шоферлордон дайын жок.

Эми эч ким келбесе керек деп жанымдагы бош керебетке жантайып жатып көзүм илинип кеткен экен. Бирөөнүн үнү катуу чыкканынан ойгонсом баягы эже .

-Мен айтпадым беле эмне бул жерге жатып алдың. Тур бошот орунду-деп бакырып –өкүрүп тургузуп жиберди.

Ошентип керебеттин жанында отуруп таң атырдым. Эже болсо утуру-утуру келип кабар алып турду. Айткан айдоочулары деле келген жок.

Тообо! Адамдарда ушундай да мүнөз болот экен да деп окуяга бир жагы таң калып, бир жагы түшүнбөдүк. Эртеси Ошко учуп келдик. Кеч кирип кеткендиктен Оштогу тагабыздын үйүнө жатып , эрте менен жолго чыктык. Түнү уктай албай кыйналып жаман түштөрдү көрүп чыктым.

Автобус Чеч-дөбө айылына келгенде айылдын көптөгөн аксакалдары автобуска чыгып калышты. Мени менен учурашышкандан кийин өздөрүнчө шыбыр-күбүр болуп калышканынан жүрөгүм бир нерсени сезип, атып калды. Өзүмдү араң кармап бардым. Айылга киргенде эле үйдүн алдында аттар байланып эл көп экен. Аа бүткөн экен, Энемден айрылыпмын деп тамагым буулуп, үнүм чыкпай калды. Автобус токтоору менен келинчегиме да карабай чуркап калдым.

Бирөө Абдыганы келди утурлагыла деди. Тагаларыман бирөө чуркап келип Энеңен айрылдың деп кучактап калды. Кантип бакырганымды да билбейм. Атам эсиң менен бол обу жок бакыра бербе деп тыйып жатканы эсимде.

Энемди сөөгүн сууга алып коюшкан экен. Сууга алгандан кийин көрсө болбойт дешти. Бирок аксакалдар койгула бетин

көрсөтүп койгула, баланын көкшүнү кичине болсо да басылсын дешти. Атам жетелеп кирип, ыйлабагын. Көз жашың тамып калбасын. Азыр мен бетин ачам сен алаканың менен сылап коштошкун деди. Бетин көрүп өзүмдү араң кармап, кош бол Эне жаткан жериң жайлуу болсун, Алла таала бейишинен берсин. Сенин мээнетиңди актасам деген асыл ойлорум түтөгөн бойдон арман болуп ичимде калып кетти. Кантейин тагдыр-буйрук ушундай экен деп өксүп-өксүп көпкө басылбай ыйладым.

Мен үйгө барганда саат он бирлер чамасы болсо керек эле. Ошол күнү эрте менен саат тогузда мага Энең кайтыш болду деп телеграмма салышкан экен. Бирөөсү айтып жатпайбы. телеграмманын тез жеткенин дейт.

-Карасаң телеграмманын тез жеткенин дейт.

-Эмнени айтып жатасың десем, телеграмманы бергенибизге эки саатай эле убакыт болду эле, Энеңдин сөөгүн койгонго үлгүрүп жетип келгениңди айтам да дейт. Үндөбөдүм. Кээде адамдар ойлонбой эле сүйлөп кое берет. Чаткал каякта жатат, ал телеграмма жеткен күндө да аны мага жеткириш үчүн, машина, ат кылып жок дегенде эки күндө жетээрин, анан мен жөнөсөм дагы эки күн, баш аягы бир жума убакыт кетери анын кыялына да келген жок.

Ал башка телеграмма эле. Энем узаарында кайра-кайра мени сурап, пармурунум ( мурдум чоң болгондуктан ошентип эркелетип койчу) келбеди да деп күтүп жатып үзүлүптүр. Энемдин өмүрүнүн акырында мени бир көрсөм деген жүрөгүнүн каалоосу менин жүрөгүмө кандайдыр бир биз билбеген телеграмма аркылуу жетип мени шаштырган экен да. Ошондо Ошто жатып калбай, түнү менен эле жол жүрө бергенимде жетип көзүн көрүп калат белем. Аттиң арман. Балким тагдыр буйруганы ушундайдыр…

***

Эне байкуш бала дегенде бардык нерседен кечип бүт өмүрүн арнап кое берет турбайбы. Энем уул бала көрбөй,



кыздары токтобой 7 кызынан айрылып, ит көрбөгөн азапты көргөн экен.

Менин атам энемдин курсагында экенинде Алтын-казык жайлоосун жайлашат.Бир күнү арча жыгачка чөөгүндү асып коюп чай кайнатып жатса арча күйүп кетип, чөөгүн кулап түшөт да суусу төгүлбөй калат. Чоң атам экөө бул бир белги-аян болду, кудай бизге уул берет окшойт дешип жараткан аллага жалынышып дуба кылышат. Кудайга үнү жеткен чал-кемпирдин тилеги кабыл болуп уулдуу болушат. Атам жума күнү төрөлүптүр. Ошондо Энем кырк үч жашта экен.Молдого барып ат коюп бериң дешсе, молдо китеп ачып жума күнү төрөлгөн балдардын аты же Али же Турдумамат болот дейт. Атасынын атын коймок белек деп Турдумамат деп ат коюшат. Тилеп-сурап алган баланы өзгөчө багуу керек деп айылдагы көзү ачык бүбү- бакшылар ар түрдүү кеңештерди айтышат. Бирөөсү бул баланы кийим кийгизбей этегиңе салып айылды кыдырып бир жыл кайыр сурап багышың керек дейт. Дагы бирөөсү өзүң жаңы же бүтүн кийим кийбешиң керек дейт. Иши кылып толгон –токой кеп –кеңештер айтылат. Эне байкуш баарына макул. Баласы аман –эсен чоңойсо болду. Айтылган ырым-жырымдардын баарын жасайт. Жылаңач баласын этегине салып алып айылды кыдырып тилемчилик кылат.Көргөн элдер байкуш кемпир ушул баласы деп жүрүп жарытылуу кийим да кийбеди, тилемчилик кылып жүрүп дубана болуп кетти дешип боору оорумуш болушат. Кийин биз эс тартып калганда :-Ээ балдарым мен Кудайдын астында күнөөкөрмүн деп калаар эле.

-Эмнеге күнөөкөрсүз, кандай күнөө кылдыңыз эле ?

-Атаңар төрөлгөндө ушунун өмүрүн бер деп тилеп, балам үчүн өмүр бою жаңы же бүтүн кийим кийбей, жамак кийим кийип өтөйүн деген элем. Силер эле самтырак кийинбеңиз, элге уят деп болбой жатпайсыңарбы. Элдин эмнесинен уялайын, атаңардын дени соо, өмүрү узун болсо менин

бактым, бир өмүрүлүк тилегим  ошол деп калаар эле жарыктык.

Жашы сексенге жакындап калганда деле жол карап, атамдын жумуштан келишин күтүп отура берчүү. Көзүнүн нуру качып калса да жолдо келип токтогон машинадан атам түшкөндө таанып, узун чапанынын өңүрүн сүйрөп утурлап басып калчу.Башка эч нерсени таанбаса да баласын караанынан жазбай таанайт эле.

-Келдиңби балам деп колунан өөп бир жыттап алып, баласы үчүн бардык көргөн кыйынчылыктарын унутуп, сени берген кудайга чексиз ыраазымын деп шүгүрчүлүк келтирет. Балама чай койгула курсагы ачып, жумуштан чарчап келди деп өзүнчө эле күйпөлөктөп калат.Бир аз кечиксең балееге каласың. Өзү барып аралашат кетет.

-Оббоо мусулман айя! Олтура бербейсизби эми, азыр мына баарын даярдап дасторкон жаябыз деген келин -кыздарынын сөзүнө деле кулак салбай өзү аралаша калчу. Мына эми чапаныңыздын этегине от тийди, чачыңыз күйөт десе деле болбойт.

Отто демделген чайнекти эч кимге бербей өзү көтөрүп барып, уулунун жанына олтуруп, баласынын чай ичип жатканына маашырлана карап отурар эле. Атам да өзү очорбачар болуп калганы менен, апасынын алдында өзүн жаш баладай сезип шашпай отуруп чай ичет. Анан апа- бала дуба кылат. Энем Алла тааладан баласынын өмүрүн тилеп, аманэсен , ырыскысы, ооматы бийик болушун , эл катары эч нерседен кемчил болбой жүрүшүн тилеп бетке бата тартат. Чай ичүү убагында биз жанына барып калсак да тим отургула, же барып эшикте ойноп тургула ,атаңар иштен чарчапчаалыгып келди, тынчыраак чай ичип алсын деп тыйып турар эле. Өзү да баласы тамактанып жатканда сүйлөсө эле баласы чакап калчуудай болуп лам деп ооз ачпай отурчу.



***

Биз жашыбыздан Энемдин колунда чоңойдук. Алтымышынчы жылдары көпчүлүк адамдардын турмушу оор эле. Оокат отун-суу тартыш, тиричилик өткөрүү кыйын болгон.

Адырга чыгып мал жайылган жерлерден тезек терип келип отко жагат элек.Тезек тергени чыкканда жанына эш болсун деп мени ээрчитип алат. Беш жашар мен эмненин жумушун кылмак элем.

-Эне, оо Эне дейм, мен чоң тезек таптым карасаң.

-Азыр барам каралдым , оодарып кой.

- Оодардым, асты жык эле курт экен, -кетенчиктей түшөм.

- Оодарып кое тур балам, курттары кетип калат, анан мен барып капка салып алам.

Күн шашке болгуча бир чоң кап тезекти терип болот да , каптын оозун бууп, ортосунан арканды салып байлап жонуна көтөрүп жөнөйт. Мен бир аз ээрчип келгенден кийин баскым келбей жерге отруруп алам.

-Бас балам эртерээк үйгө жетели.

-Баспайм чарчадым. Көтөрүп алыңчы.

-Тезекти көтөрөйүнбү, сениби? Жүрөгөй, жүр эми , эстүү баласың го?

-Балам чоң жигит болуп калды, Энесин кыйнабайт. Үйгө чейин өзү эле басып барат ананайыным.

Жаныма отуруп башыман сылап, жалбарып кирет.

-Менин балам эстүү, чоңойгондо мени багат, кант, көйнөк алып берет.

-Эне, энооо! Мен чоңойгондо сизге чоң бир чыпта кант алып берем аа! Тезекти көп терип чаркарга жык кылып толтуруп коём. Сиз күндө тезек тербей эле ошол жерден алып жага бересиз. Анан экита көйнөк алып берем. Бири кирдегенде бирин кийесиз. Азыркыдай түндөсү көйнөгүңүздү жууп кургатпайсыз.

-Оо садагаң болойунум!, кудай ушул тилектериңди берсе экен!

Ошентип канчалык мени жубатса да көшөкөрлөнүп баспай койом. Анда кел эми деп жерге отуруп капты жонуна туштап коюп , мени анын үстүнө мингизип, тезек экөөбүздү көтөрүп алып үйгө жөнөйт. Бир аз баскандан кийин шылкылдап уйкум келе баштайт. Араба айдагансып эки чачынан кармап алам. Буурул баскан чачынын арасынан агылган тер моюн ылдый шорголоп куйулганын карап келе берем. Моюн тамырлары көөп, бир жагынан аркан кыйып, үйгө жеткиче каракөк тартып кетет.. Үйгө жетип тезекти күрс эткире жерге таштап, бир чөмүч сууну жутуп алып, шалдайып отуруп калат. Бетинен, мойнунан тери шорголоп ага берет. Бир маалда каракөк тарткан жүзү албырып кызарып чыгат да оо кыйлада барып өзүнө келет. Терин аарчып алып кайрадан көр тиричиликтин аракетин көрө баштайт.

Оо кудай! Энемдин моюнунан шорголоогон ошол тердин бир тамчысына татый турган эмгек кыла алдымбы!?

Мен баспай олтуруп алганда жалынып олтурбай эле жаагыма бир чаап , бас деп жетелеп келе бергенге жүрөгү даабаган энекемай! Энелердин жүрөгүн мындай жаратпаганда канчалаган бала кароосуз калып, эмне болмокпуз ким билет.

### Хадис:

Бир жолу Алланын элчиси алейхиссаламга бир адам келип: «Эй Расулулла, адамдардын ичинен кимиси менин ага жакшы мамиле кылышыма татыктуу?»- деп сурады.

-«Өзүңдүн Энең»-деди ал.

-«Андан кийин ким» – деп сурады.

-«Өзүңдүн Энең»- деди ал.

-«Андан кийин ким» –деди.

-«Өзүңдүн Энең»-деди.

Ал адам дагы кайрадан «андан кийин ким»- деп сурады.

-«Атаң»-деди.



Мына керемет. Мындан артык айтууга да, жазууга да мумкун эмес. Мухаммед пайгамбарыбыздын(с.а.в) айтканын гана толук аткара алсак гана!

Чоң Энемдин баласы, небереси үчүн тарткан кыйынчылыктарынын канчасы акталып, канчасы акталбай кетти аны бир Кудай билет.

Жалган дүйнөдөн чыныгы дүйнөгө сапар аларда 15-16 күнчө төшөктө жатып калат. Ошондогу баласынын-менин атамдын Энеме кылган мамилеси мени өтө көп ойлорго салат.

Жумушунан отпуск алып келип түнү-күнү жанында болот. Кечинде жатканда башын башына жөлөп, колунун тамырын кармап жатат. Эшикке чыгам десе көтөрүп алып чыгат. Карыганда адамдын канча салмагы калат эле жаш баладай одеялга ороп бооруна кысып көтөрүп алчу. Бетти – колун жууп, таза абада бир аз көтөрүп жүрүп, анан үйгө алып кирип төшөгүнө жаткырат. Чачтарын тарап , жоолугун оңдоп салып коюп, анан балдарын кийирип Энеңердин жанында сүйлөшүп отуруп тургула мен бир аз чырм этип алайын деп жамбаштай кетип куш уйку салат. Анткени түнү бою уктабай чыкканы көздөрүнүн кызарып чарчаңкы тартканынан билинип турчу.

О дүйнө узаарында :- Балам мени эшикке алып чыгып айды көрсөтчү -дептир.

Атам көтөрүп эшикке алып чыгып алдына алып отурат. Айды карап көп тилектерин айтып:-Эми мени үйгө алып кир балам, кайраттан, менин күнүм бүттү окшойт- деп дубасын берип жарыкчылык менен коштошот.

Үйгө алып киргенден кийин төшөгүнө жаткырып бою-башын түздөп, өзү келме келтирип, апасынын кулагына « Апа ляйлаха иллолла, мухаммадрасулулла деңиз» -деп тынбай айтып турат. Энем да баласы кулагына айткан сөздөрдү кайталап айтып олтуруп үзүлөт. Үзүлөөрдө ушул келмени келтирген мусулман пенделери беишке түшөт дейт. Энеме да кудайдын жакшылык нуру тийип бейиште жаткан чыгаар.

Атамдын эркине мен тан берген учурларым көп эле болду. Же жалгыздык ошондой тарбиялап койгонбу. Бардык нерсеге сабырдуулук кыла алган күчтүү эрки бар. Кээде « Ээ балдарым мен көргөн күндү силер көргөндө эмне болот элеңер билбейм, азыр ушундай жыргал заманда жашап да көп нерсеге сабыр- канаат кылбаганыңарга түшүнбөй кетем» - деп калат.

Чоң энем үзүлгөндөн кийин, ээгин таңып бутунун учун байлап түздөп жаткырып болуп, ана кийин « Эсил кайран апакемден айрылдым деп өкүрүп кирет» Эшикте жүрүшкөндөр чуркап киришип ызы-чуу түшүп жатып калышат. Өкүрүп,өкүрүп алып, дагы кайратына келип, өлүк көмүүнү уюштурууну өзү башкарат. Жалгыздык ушундай экен, бир тууган ага-иниси болбосо. Мөгдөп жатып алса бирөө жардам бербесе.

Мен барганда айбандын ичинде 13 жашар Абдинаби иним экөө эле ыйлап туруптур.Кээ бир өлүм болгон жерлерде кара чапан кийип кыркалай тизилип, өкүрүп турган адамдарды көрчү элем, бул көрүнүш мага комсоо көрүндү. Атам мени жакшы келип калбадыңбы балам, менин жанымда тур, берки инилериң жаш али эч нерсе билбейт. Укаң экөөң турганың да мага чоң жөлөк болот деди. Ошондо келген элди, алардын мамилесин көрүп туруп, «атаңдын көрүү, өлгөндө деле көпчүлүк болсо чоң жөлөк болот турбайбы» деп бир түтөп алдым.

Атам утуру эл келген сайын биздин жаныбызда тура калып, ыйлап, анан кайра чуркап барып тажияны уюштуруп жүргөнүн көрүп,Чоң атама Кудай таала он балага татый турган бир бала бергенине ыраазы болуп турдум.

Энемди жайына коердо атамдын уруксаат кылсаңар апамы мен өзүм эле коеюн дегенине эл макул болду. Жайына коюп гөрдүн оозунан чыгып келе жатканда бирөө бир кочуш топуракты атамын үстүнө чачып жиберди. Көрүп аябай жаман болуп кеттим . Атамды тартып чыгарып жонундагы



топурактарын кагып тазалап койдум. Бул эмнеси? Ушунчалык да акмакчылык болобу? Ошондо анын ким экенин байкабай калыптырмын , болбосо азыр деле бул эмне кылыгың деп сурамакмын. Балким ал киши азыр бардыр, же ал деле бир ууч топуракты жазданып калды бекен? Тирүү болсо өмүрү узун болсун!

***

Азыр атам –Турдумамат ажы бактылуу карылыкты башынан кечирип жатат. Биз уул-кыздары анын өмүрүнүн узун болушун кудайдан тилеп колдон келген балалык парзыбызды аткарып жатабыз.

Мен институтту бүтүп иштеп жүргөн жылдардын биринде экөөбүз сүйлөшүп отурсак айтып калды. Балам мен мындан кийин жалгызмын деп айтпайын деп чечтим деди.Анткени силер чоңойуп бириң ага , бириң инимдей болуп калдыңар. *Эми жалгызмын деп кудай астында күнөөкөр болбойун деди.*

Ооба Ата! Азыр маңдайыңыздагы он эки уул-кызыңыз, кырк эки небере, он төрт чебереңиз турганда сиз жалгыз эмессиз! Кудай апам экөөңөрдүн өмүрүңөрдү узун, ден-соолугуңарды бакубат кылсын. Мен чоң энеме кызмат кылбадым деп арман кылган менен сиз уул да кыз да кылалбай турган кызматты кылдыңыз. Бүгүнкү бактылуу карылыгыңыз ошонун үзүрүдүр. Сиздикиндей бактылуу карылыкты баарыбызга беришин жараткандан тилеймин.



Абдыкерим МУРАТОВ 1956-жылы 17-майда Шанкол айылында туулган. “Ак чыйыр”, “Рахманкул хан”, “Курманбек баатыр”, “Акыркы адамжапайы”, “Бири кем дүйнө”, “Сунулган баш, суурулган кылыч”, “Ордолуу жыландар”, “Көпөлөктүү өрөөндү көксөгөн Мурза Гапаров”, “Гаргарчи”, “Очок”, “Арча түбүндөгү айдың кеч”, “Шегемчи кыз”, “Үч жүз жаңылмач” аталышындагы китептердин автору. КР УЖС мүчөсү.

## АК КАРДАГЫ АК БЕКЕТ

Сыдыкаалы темир жол вокзалына поезди жөнөрдөн эки саат мурда келип алыптыр. Билетти да үч жума башта эле алып койгон. Жайкы каникулдан бери айылына бара элек. Төрт ай болуптур. Келген соң убакытты кантип өткөрөрүн билбей ары басты, бери басты. Улуттук даамдардын «Ак-Суу» ресторанына тарапта суукка карабай сыртта сыра ичкендер кажы-кужу. Анда болсо ашыкча акча жок. Жолго деп бөлүп койгондорго тийбеши керек. Поездде эки жолу шам-шум кылат. Анан акыркы вокзалга – Жалал-Абадга чейин барса дагы бир нерсе жеш керек, жок, Анжиандан түшүп калган кыйла ылайыктуу, ал жерден Маданиятка автобус болот. Аерден көпүрө менен Бүргөндүгө өтсө Караванга жолулаш машина, же такси чыгат, аларга болсо пулун барганда беремин дейт да, Жаңы-Жол райкомунун жанындагы эже-жездесинин үйүнө айдатып барып, жол киресин алардан алып берет. Анан жездесинин машинасына отуруп Аркытка жөнөшөт. Ошентип Жаңы жылды Аркытта тосуп алууга жетишет. Өткөндө бульвардагы переговордон эжеси менен ошентип сүйлөшкөн, эжеси ал сөздү Аркыттагы ата-энесине жеткирмек болгон. Алар болсо козусун союп алып, жаш бозосун сүзүп коюп, колу-коңшусун чакырып, өз токойлорунан кыйып келген балатыларын мектептеги ңлкадай жасап, буларды күтүшөт. Сыдыкаалы атасынын барбаландап, бакылдап «оо, башкарма балам келди» деп астынан кучагын жайып чыкканын, апасынын чыныга суу толтуруп уулунун башынан айлантып түкүртүп жатканын, агасын күтүп үргүлөп отуруп сокур кемпирге жетелетип кеткен үкөлөрү бири-бирин ойготуп жатканын элестетип Михаил Фрунзенинин ат минип турган калдайган эстелигин карап туруп өзүнчө эле жымыңдап алды.

Дзержин бульварын чилдениn суугу үшүтүп, дарактарды аппак бубактар ороп, нык кар алсыз бутактарды ийип таштаптыр.

Эки саат эки жылдай болуп акыры күттүргөн, бооруна «Фрунзе – Жалал-Абад» деп жазылган поезд да перронго келип токтоду. Жүгү дале жок Сыдыкаалы вагонуна биринчи болуп чыгып, купесине кирип, бирок кайсыл орунду ээлерин билбей туруп калды.

Бир убакта купенин эшиги шарака-шурак ачылып, каарын бетине чыгарып, өзү кырдуу, жеңил кийинген илмейген манты кулак, кара шилидей арык бир жигит топтоголок болуп күпүйө кийинген кемпирди эргештирип кирди.

- Мында жатыңыз, - деди жигит кемпирге астыңкы керебеттин бирин көрсөтүп салам-аликке да келбей.

Кемпир галошун чечип, али шейшептери да салына элек кир матрастын үстүнө кыңкая кетти.

Аңгыча төртүнчү жүргүнчүнүн да башынан мурда оор куржуну көрүндү. Куржундун артынан сакал-мурутту барбайган, бетинен нуру төгүлгөн абышка баш бакты. Сыдыкаалы ал кишинин куржунун алып биринчи кабаттагы экинчи керебеттин астын ачып, сандыгына салып атты эле, ал бир нерсени эстегендей жигитке буйра сүйлөдү:

- Жигит, коң тур? Кызым жолго деп бир нерселерди салып атты эле, биротоло ошону алып алалы?

Куржундан алдаганча нерсе чыкты: аппак дасторкон, бышырылган бүтүн гулгулу оок, чокко көмүлгөн мундир картошка, эки-үч түр салат, кара нан, ар кыл консервалар, икралар, банкелерде пиволор... Анан үстөл үстүнө алардын арасындагы алакандын отундай бош калган жерге абышка «Наполен» коньягынын бир бөтөлкөсүн тарак эттирип койду эле, кемпир чочуп кетти да, башын көтөрүп, не болгонун билип:

- Алдагы шайтаныңарды жоготкула! Бул жерде намаз окуган кишилер бар! – деп койду.

Абышка болсо кемпирге таң кала карады да, анан ал тамашалап жатпаганына көзү жеткен соң мугалиминен корккон баладай бөтөлкөнү матрасынын алдына тыкты.

Поезд акырын ордунан козголду.

Сыдыкаалынын жүрөгү түрсүл-түрсүл согуп, ичинен Апыраалынын «Нарындан жазган салам катын» күңгүрөнүп барат.

- Келиниз байбиче? Келгиле балдар? Таанышып баралы? – деди абышка купедеги үчөөнө тең бир-бирден карап кыргызча, казакча аралаштырып сүйлөп. – Менин атым – Кудайберди. Жамбылдан ары Бесагашка кетем. Казакмын. Таенем – кыргыз, саруунун кызы.

- Менин атым – Сайфулла, а апамдын аты – Касиет. – Байбиченин баласы апасын карап жылмайып койду да. – Апам таанышканыбыз үчүн ырахмат айтып атат, - деди тамашалап.

- Балакет-мээнетинди алайын! – Апасы уулун же урушуп, же эркелетип айтканы белгисиз ордунан козголуп атып акырын үн катты.

- Сенин атыңчы? – деди казак абышка төртүнчү жолоочуга карап.

- Сыдыкаалы!

- Оо, зор ат экен! Чоң атаң молдо болгон го?..



Муну укканда жигит чочуп кетти. Атасы менен апасы чоң атаңдын молдо болгонун, Кокондон окуганын эч кимге айтпа деп кулагына куя берчү. Анан бул казак чал кайдан билет деп ал кишини жактырбай карады.

- Кел, Сыдыкаалы, буларды бөл! – Абышка белине байланган курундагы кынынан Ташкен бычагын суурун чыкты.

- Оомийин! – Анан алар колуна тийгенин жеп баштады. Өзгөчө Сайфулла менен Сыдыкаалы курсагы курулдап турган белем, катуу кетти. Байбиче булочкадан кичине сындырып алып, алдына абышка устукан катары тарткан гулгулунун төшүнөн ооз тийгендей майда тытып оозуна салды.

- Ээ, байбиче, буларды кызым салып аткан. Күйөө балам – кыргыз, экөө Москвада партшколдо окуп жүрүп таанышкан. Жаңы жылга келип кал деп тилграм уруптур. Келдим. Жаңы жылга тура албадым. Кетип атам. Экөө иштен бошобойт экен. Же мына алты жыл болду – балалуу болушпайт. Кийин дешет. Баласыз үйдө үч күн араң чыдадым да жөнөп калдым. Аулда мал бар.

- Кемпирчи? – Сайфулла чыдабай абышканын сөзүн бузду.

- Кемпир кеткен. Жети жыл болду.

- Башка төшөк жаңыртпадыңызбы?

- Болбоду. Азыр кемпирлер эрге тийбей калыптыр.

- Мал-ал барбы? – Сөзгө Сыдыкаалы да аралашты.

- Бар. Кудайга шүгүр. Сегиз төө, алтымыштай кой бар. Эки атты алмак-салмак минем.

- Оо, ата, бай турбайсызбы? – Сайфулла апасын карады. – Кыргыз кемпир ала бересизби?

- Ала берем!

- Шондо канча калың бересиз!

- Малдын баарын берем!

- Мына, байлык... Апа! Кармаш керек!

- Эмне апаң турмушта эмеспи?

- Турмушу бузулган?

- Балакет-мээнетиңди алайын! – Кемпир чочуй сүйлөдү.
- Атам бузган да, апамды таштап кетип калган?
- Кайда?
- Оо дүйнөгө да.
Кемпирден башкасы күлүп калды.
- Кандай чай ичесиз, байбиче? – Абышка кемпирге кайрылды.
- Көк.
- Силерчи, жигиттер?
- Бизге мобулар болот. – Жигиттер экөө бирдей сүйлөшүп алгандай банкелерди көрсөттү.
- Анда узатуучуга айткыла, бир көк чай, бир бош чайнек алып келсин!
- Хоп, ата! – Сайфулла купенин эшигин да жаппай, май колу менен чыгып, заматта эки чайнек көтөрүп кирип келди.
Абышка акырын билдирбей Сайфуллага көз ымдады эле, ал кишинин ыраң-башын окуган неме экен, матрастын алдынан коньякты алып чыгып, ары карап бош чайнекке куюп таштады.
Кемпир бир жагынан поездин силкилдөөсүнө, экинчи жагынан темир тор идишке салынган шише стакандарга көнбөгөнгө чайды ууртай албай койду.
- Мейли апа, бекетке токтогондо ичесиз! – Сайфулла апасынын чайын ары жылдырды. – А сиз памил чайды ичиңиз, ата, сууп да калыптыр! – Абышкага жылмая карап койду.
Суусап калганбы, абышка катары менен экини ичти да, нымшый түштү. Анан кыңкайып бараткан байбичеге үн катты:
- И, байбиче, кандай шамал учуруп биз менен сапарлаш болуп калдыңыз?
- Э, нимесини айтайын? – Кемпир кайра жайланып отурду. – Мынабул балакетиңди алайын балама келдим. Балдардын кичиги. Онду бүтүп окуйм деп кеткен бойдон жок. Пригбордон сүйлөшүп коңт. Ошого ич кардым тойбойт да. Жигарим эзилип кетет. Палакатка жеткенден эле күрөшөт элем, Абдырахман палвандай болот элем деп, Ноокатка, Ошко,



тажиктерге, өзбектерге күрөшкөнү кетип калат. Эми Москөөгө кетет экен, Ташкенге кетет экен. «Лейлекке качан келесиң» десем, «чимпион болгондо» дейт. Качан чимпион болмок эле деп, өзүм келип кармап алып, айылга алып кетип атам. Тооба, күрөштүн да окуусу болобу, ошондо окуйм деп убара болуп жүрөт да?
- Ой, апа, коң турсаңыз, жазда сөзсүз чемпион болмокмун, «СССР спортунун чебери» болдум. Айылга барсам эле толуп кетем, азыр вес кууп жүрөм. Кыштакка кийин дале барат элем да.
Абышка чыканактай болгон Сайфулланын башынан аягына чейин бир сыйра көз сыдырып карады да таң кала суроо салды:
- Бу канча килодо күрөшөсүң?
- Кырк сегиз.
- Жастыктай кылып ыргытып ийе турган неме экенсиң деп атса... Окуйсуңбу?
- Ии.
- Кайсыда?
- Физкультурныйда.
- Балли, балам.
- Мен баятан бери сизди ата деп атсам, сиз да балам деп ийдиңиз го?
- Эмне сага ата болсом болбойбу?
- Болот эле. Мынтип тээтигил жердин түбүнө каттабай сиздин айылга келип, казы-карта, чучук жеп күч топтоп турат элем. – Сырдуу жылмая апасын тиктеди.
- Ой, сага Фрунзеңе өзүм жеткирип турмакмын. Биз деген күрөштү билген калктанбыз. Мен да күрөшүп жүргөм! – Абышка бакылдай баштады.
Меркеге жеткенде үстөл үстү бошой түштү. Отургандар бата кылып, абышка бычагын ак тасмалга аарчып-аарчып кынына салды.
- Эми куш уйку салып алайын. Поездде уктаганды жакшы көрөм. Луговойдон өткөндө ойготуп койгула. Казагымдын

талаасын карап кеткенди аябай жакшы көрөм. Керемет гой. Эй балбан, сен алдыгы экинчи кабатка чыгып жат! – Анан абышка Сайфуллага энеси жаткан керебеттин үстү жагындагы жата турган такта жайды көрсөттү.

- Койсоңузчу, ата! Астында апам жатса... мен кантип?..

Казак чал ага таң кала карады да:

- Анда бул Сыдыкаалы менен алмашып ал!?

- Болбойт, ата! Анда мен атамды тебелеп калам!

Арытан кемпир сөзгө аралашты:

- О балакет-мээнетиңди алайын!

Абышка жатар менен тез эле коңурук тартып ийди. Чочуп кетип өөдө болду да, чайынын акыркы куюмун шыпкап жутуп, ары карап жатып, кайра эле коңуругуна түштү.

Кемпир уктай албай жатты белем, ары оодарылды, бери оодарылды. Улам-улам уулуна көзү тойбой аткансып карап коңт.

Сайфулла менен Сыдыкаалы карта чабышып «дурактын» кызуусуна кирди. Бирде анысы, бирде мунусу утуп атып, Луговойдон өткөнүн да, Жамбылга кирип келгенин да билбей калыптыр.

- Жамбылга келип калдык, түшө тургандар даярдангыла! – Купенин эшигинен узатуучу баш бакканда балдардын колунан картасы ыргып, аксакалды түрткүлөй баштады.

- Кудайберди ата, туруң, туруң Жамбылга келип калдык! – Абышканы ойгото албай Сайфулланын чый-пыйы чыгып кетти.

Поезд Жамбылдын темир жол вокзалына акырындап келип, бир убак ооздугу тартылган аттай тык токтоду.

- Жамбыл гой! Айланып кетейин туу казыгым гой! – Кудайберди аксакал шашылып тура баштады. Уйкусурап чайнегинен «чайын» куйду эле үч-төрт тамчы араң сарыкты. – Мен түшөйүн?

- Ой ата, апамдычы? – Сайфулла абышканын жүктөрүн көтөрүп атып анын шашканына карабай суроо узатты.



- Апаңа өзүм барам! Сен азыр адресин жазып бер, Сайфулла балам! Малдарымды айдап түз эле Лейлекке кудай буйруса май айында кирип барам! – Абышка ушинтти да, байбичеге колун сунду. – Жакшы бар, Касиет!

Кемпир абышканын сунулган колуна колун бербеди. Бирок ордунан ызаат кыла турду да:

- Кайыр, жакшы калың! Бардам болуңуз! – деп коштошту.

Кудайберди абышканы узатканы Сайфулла менен Сыдыкаалы да жөнөп калды.

- Балакетиңди алайын, сен каякка? – Кемпир уулуна аянычтуу да, суроолуу да тигилди.

- Атаны узатып коңлу!

- Анын өзү эле кетет!

- Ошентсе да бир нанды бөлүп жеп, ырыскылаш болуп калбадыкпы?

Кемпир аргасыз терезени карап отуруп калды.

Поезд Жамбылда он мүнөттөй токтойт экен. Он чакты киши – чамасы бир топ күндөн бери чогуу жүрүшкөн го, кара «Волганы» дал перрондун өзүнө токтотуп коюп, багажды ачып таштап, ал жерге тамак-ашты толтуруп, бакылдашып арак ичип атыптыр. Сайфулла барып эле алардын бири менен кучакташып кетти да, дасторконго кошулду.

Убакыт өтүп, паровоздун кыска-кыска, анан узун чыккан гудогу угулду. Сыдыкаалы Сайфулланы заматта таппай калды. Кичинекей неме эл арасынан көрүнбөй калдыбы деп бийигирээкке чыгып да көз салды. Жок. Тигил топ дале ордунан козголбойт.

Чиркелишкен вагондор козголо бергенде акыркы вагонго эптеп илешип, анын тепкичинде туруп да мойнун созуп Сайфулланы издей берди.

Вагондон вагонго өтөр оор эшиктерди күч менен ачып, шарактаган тамбурлар менен улам бир вагондон экинчисине өтүп баратса, платформада алдын тосуп бир кыз жылдыра

койбойт. Олчойгон оор сумкасын иймейип араң көтөрүп киргенге анысын эл жүрөр жерге коюп салыптыр.

- Ага, сегизинчи вагон кайда? – Кыз жигиттен издеп жүргөн ордун сурады.

Жигит таң кала карады. Бул өзүнүн вагону эмеспи.

- Канчанчы купе?

- Төртүнчү!

- Бул биздин купе го? – Сыдыкаалы бул вагондун, бул купенин номерин үч апта кайра-кайра карап жаттап жүрбөдүбү. – Келиңиз, сумканы мага бериңиз?

Жигит кыздын оор сумкелерин көтөрүп купенин эшигин ача бергенде дал маңдайында Касиет апа туруптур:

- Кана? – деди Сыдыкаалыга ачуулуу да, жалынычтуу да тигилип.

- Таппай калдым... Бир кишилерге жолуккан...– Сыдыкаалы апасы уулун сурап атканын билип айыптуудай үн катты.

- Кайдагы киши болсун! Ушундай көк бет да!.. Кыргызстандын чимпиону болбосом айылга барбайм деген эле... Кайтып кеткен экен да!.. Атасы да ушундай көктүгүнөн раис менен кармашып жүрүп айтканынан кайтпай акыры бейажал өлгөн. – Касиет апа оор улутунду.

Баары унчукпай калды. Кемпир үчүн купе ичи караңгы түнгө айланып, баласы жок оңкулдап, ордуна барып, маасысын чечип матрасынын алдына бүктөй коюп, чапанын үстүнө жаап, тескери карап бышактап жатып алды.

Садыкаалы башын көтөрүп бет маңдайындагы жылмайып турган кызды карап эсин бир азга жоготуп койду. Баятан бери байкаган эмеспи, же назар салбады беле, кыздын аппак шуба тонуна жарашкан кундуз тебетейи, бутундагы ак өтүгү сулуу чырайын андан бетер келишимдүү көрсөтөт. Жигит кызды карап:

- Аяз кыз эмессизби? – деди өзүн жыйып.



- Сиз аяз ата болсоңуз мен аяз кыз боло берем... Жакында жаңы жыл... – Кыз да азил сөзгө азил сөз менен жооп кылды да: – Мен кайда жатам, ага?! – деди.

Казак кыздын доошу ушунчалык назик, ушунчалык жагымдуу экен.

- Үстүнө! – Жигит Фрунзеден Жамбылга чейин казак абышка жатып келген керебеттин экинчи кабатын – бош келген орунду көрсөтө берди.

- А сизчи?

- Мен бул жерге – астына!

- Ой, ага, болмок беле, мен сиздин үстүңүзгө жатсам... Наборот, сиз менин үстүмө жатың! – Кыз katкырып күлүп калды эле, анын акак тиштери бүт бетине чырай бере жаркылдады.

- Ачык кыз экенсиң... – Сыдыкаалы сөз таппай кызарган бойдон эптеп бир нерсе айтып кутулду.

- Казактын кыздары ушундайбыз, поездде бараткан кыргыздын жигиттерине бир тийишип албасак, аулдарыбызга жетпей калабыз... – Кыз дагы жайдарылана күлдү. Анын күлкүсү өзүнө ушунчалык жарашат эле.

- Аулдарыбызга жетпей калабыз дейсиңби?

- Ооба, агатай, аулдарыбызга жетпей калабыз...

- Тийишип алып анан эмне кыласыңар?

- Кайырмакка илингендерди көрөбүз да...

- Кайырмакта жемиңиз барбы?

- Балык жакса, жем салабыз да. – Кыз дагы күлдү. Жигитке тике карады.

Аңгыча эле купенин эшиги шартылдап ачылып, бир аял менен бир эркек узун-кыска болуп ээрчишип кирип келди. Арактын жыты бур этти.

- Ой эже, биз сизди издеп жүрбөйбүзбү? – Эркектин жоон, копол үнү ары карап жаткан кемпирди ойготту.

- Ботом, Сүйүнсүңбү? – Кемпир келгендерге таң кала карады. – Гүлнур сенби? Бу силерди кайсы шамал айдап?

- Ой, эже, баягы женпедде окуган Гүлайымды алып качып кетиптир. Таласка!

- Ок, ботом! Тооба де!

- Тооба дебей калдым, эже. Жердин түбү, окуусун бүтө элек, алып кетебиз деп бардык. Барсак, ой эже, сонун жер экен. Кудаларым алтын кишилер экен. – Сүйүн теңселип атты. Гүлнур болсо келиндик кылып, анан оозунан чыккан жыт да уят кыла тургандай белем, жакындабайт.

- Сен Сүйүн, эмне, ичпейт элең го, кырк жылкы айдап алгансыңбы?

- Кечиресиз эже, кичине-кичине ичип койдук. Аттанар аяк дешти, суу сактагыч дешти, чек ара дешти, пойузга салмай дешти. Сайфулла жээнди көрдүм...

- Каерден? – Касиет апанын көзүнөн от чачып кетти.

- Жамбылдын бекетинен. Бизди кудалар узатып аткан. Өзү *келип көрүштү. «Тага» дегенннен карасам – жээним Сайфулла.* «Сен кайдан десем», «Апамды ушуга чейин узатып келдим, Ташкенге чейин узатып барайын дедим эле, бүрсүгүнү чоң мелдеш, жакшы болду, сиз ала кетиңиз, апам капа болбосун, сегизинчи вагондо» деди. Кудаларга жээнимди өлө мактадым. Бир жолу аны менен Жаңы-Ноокатка Сааба багына барып күрөшкөнүн көргөнүмдү, жээнимди «Тараша палван» дешерин, он балбандын далысын аш-пешке койбой жер жыттатканын, «СССР спортунун чебери» экенин айтып атсам, кудаам, «ой кудаа, үч күндөн бери сен дале таластык болуп калыпсың» дейт. «Кана, азыр ушул жерде кимиң күрөшөсүңөр» десем эч кимиси чыкпайт. Мен жээним менен сыймыктанам, эже. Биз, Гүлнур экөөбүз Таласка жөн эле «разведкага» келгенбиз, кызыбыз «сүйдүм», «тийдим» дейт, «болуптур» да дедик да, үч күн мыйман болуп келатырбыз. Күздө той болот. Кудай буйруса, сиз куда башы болуп барасыз. Сайфулла жээним да барат. Күрөшкө чыгарабыз.

- Сайфулла жээниңди кармап ала кетпейт белең Лейлекке, билесең го, качантан бери айылга барбайт?



- Ой эже, аны эмне кыласыз? Күрөшө берсин. Жыйырма бештен экини колуна карматтым. Калыңдын пулу тээп атпайбы чөнтөктү. Анан кудалар пойузга чыгарбай койду, кууп жетип алабыз дейт. Артыңардан пойузуңарды кара «Волга» менен кууп жеттик. Келиниңиз экөөбүзгө бир купе алып койгон экен, эт-аш деген толуп атыр. Ошого барабыз, апче.

- Үкаңыз таластыктарча сүйлөп калды, эже! – Гүлнур акырын какшык аралаш үн катты.

- Ошентип калыптыр, жаман, кызы өтпөй аткансып... – Касиет апа мурдун чүйрүп койду.

- Жүрүң эже, жүрүң, биздин купеге? Ленинабаддан ары тажиктердин кара «Волгасын» жалдайбыз да, айылга Таластан бараткандай шаң-шарап менен машинабызды пипилдетип түшөбүз, эже. Алтын эже. – Сүйүн өз терисине өзү батпай турду.

- Жүрүп атканда баса албайм, токтосунчу? – Кемпир кийине баштады. Анан Садыкаалыга карап. – Сен акыл-эстүү, токтоо бала экенсиң, жанагы менин балакетиңди алайынымдын бою кичине, көктөйүнөн күрөшө берип өспөй калган, Пуронзодо бирге окуйт экенсиңер, көз боло жүр, садага! – деди.

Бир аздан кийин поезд бир бекетке келип токтоду. Аны-муну айтышып, бирде бугун чыгарып, бирде сурашып аткан кемпир менен анын агасынын уул-келини жетелешкен бойдон кайырлашып, кемпир купеде калган экөөнө батасын берип башка купеге чыгып кетти.

Поезд ордунан жылды.

- Келиңиз, отуруңуз, ага, сүйлөшүп баралы, мен жатпаймын дале. Тамаша кылдым, – деди кыз кайра жайланып сөздү баягы экөө киргенге чейинки жерден улап.

Экөө поезддин эчен адам тамак жеген, карта ойногон, китеп окуган, деги көрбөгөндү көргөн терезе түбүндөгү үстөлүнө каршы-терши отурду. Кыз кимдир бирөө узатып жатканда

алганбы – аппак роза гүлдөрүн терезенин кыргагына тийгизип бошогон айнек банкеге суу куюп, ошого салып коюп койду.

Сыдыкаалы бет маңдай отурган кыздан сүрдөп кызарып-татарып оозуна кеп келбеди.

- Кеп кылың ага, узун жолду кыскарталы? Студентсизби?

- Ооба.

- Кайда окуйсуз?

- Фрунзеде. Айыл чарба институтунда.

- Ой, ага! Кайсыл адистик боюнча?

- Мал доктурлук. 3-курс.

- Муну караң, мен да Жамбылда айыл чарба техникумунда мал доктурлукта окуйм.

- Жакшы.

- Билесизби, ал жерде ким окуган? Чыңгыз Айтматов окуган! Казак менен кыргызга орток жазуучу!

- Ооба, билем, анан биздин инстутутта билим алган. Ал киши менен жакында жолугушуу өткөрдүк. Мен ыр окуп бердим.

- Ой, бай, ага, ыр да жазасызбы? – Кыздын капкара каректери балбылдап жанып кеткендей болду.

- Жазымыш болом?

- Ырдайсыз дагыбы? Мен кыргыз ырларын жакшы көрөм. Ырдап берсеңиз? Баса, таанышып алалы, атым – Ботогөз. Сиздин атыңызчы?

- Сыдыкаалы.

- Мен да, Сыдыкаалы, быйыл техникумду бүткөндөн кийин силердин институтуңарга кирсем дейм. Бир жерде окуп, көрүшүп турарбыз...

- А мен сени күтүп алам. Фрунзе менен тааныштырым, Ысык-Көлгө, өз айылым Аркытка, анан тообузга, токой аралатып Сары-Челекке алып барам...

- Ой, бай, акатай, сүйүндүрдүңүз го. Ырдаңыз эми?

Сыдыкаалы терезеден поезддин ылдамдыгы менен казактын кар баскан даркан талааларын улам жеп бараткан



көрүнүшкө суктана карап тамагын жаңсап алып сулуу кызга арнап обон создү.

Ой, Ботогөз, бозой сени сагынган,
Жылытсам дейт жүрөктөгү жалындан,
Башыңды ийкеп бал сөзүңдөн таттырбай,
Бачым басып өтүп кеттиң жанымдан...

Ырдап атып кызды улам уурдана карап коңт, кыздын болсо өңү тамылжып өзүнчө бир ыраазыдай жылмаят.

Ыр бүткөндө экөө тең унчукпай обондун ыргагына нес болуп турду.

- Ой, агатай, сонун ырдайт экенсиз.

- Рыспайдын ыры. Биздин Рыспай силердин Шамши Калдаяковдой.

- Шамшы агай менен бир уруулашпыз. Кичүү жүздүн жагалбайлы уруусунан. Жердеш да.

- Айтмакчы ал да мал доктур.

- Айтпаңыз ага. Силердин Жолон акын да мал доктур гой. Эми ырларыңыздан окуп берсеңиз?

- Меники окуганга болбойт. Мукагали акындан айтып берейин:

О, сүйүү сен!
Дагы эле тирүү белең?
...Эми мен да тирилемин...
... Сендей аппак кыз алдында жүгүнөмүн...

- Ой, ага, ал менин сүйүктүү акыным. Анын мындай ырын билесизби:

Бүгүн жане махабат карамады,
карамады, жанымды жаралады.
Сыдык аке, билесиңби, шын махабат,
Сол карамаудан жаралады...

Экөө бирде кайгыра калып, бирде каткырып күлүп, улам биринен өтүп бири ыр окуп, казактын да, кыргыздын да ырлары жаңырып, айыл чарбанын студенттери эмес эле, адабият институтунун студенттерине окшоп кетти.

Поезддин дөңгөлөктөрү тынбай шакылыктап, ар бир доош чыгарганы мезгилди да, жолду да жеп, экөөнүн айрылашар мүнөттөрүн жакындатып отурду.

- Мен түшө турган бекетке аз калды? – Кыз бир убакта кайгыргандай үн чыгарды.

- Каап, аттиң, – деди жигит да сапарлаш кездин ушунча тез өткөнүнө кейигендей. – Качан кайра кайтасың?

- Январдын он төртүндө чыгам. Атамды куттуктап, мал-алын дарылап беришим керек.

- Анда мен да ошол поезд менен келип сенин бекетиңден салып алып кетемин. Атаңды неге куттуктайсың?

- Атам атактуу чабан. Жаңы жылдын алдында Ленин орденин алды. Ошону куттукташым керек. Баса, атама бир белек алдым эле, көрсөтөйүнбү?

Кыз жигиттин жообун күтүп отурбай эле калдайган сумкасынан тон алып чыкты.

- Карышкырдыкы. Таласка практикага баргандыз. Кыргыз уздары тигиптир. Казактын карышкырынын териси деп айтканынан кыя өтө албай өз акчама агайдан карыз алып кошуп сатып алдым.

- Өзүң акча да табасыңбы?

- Ооба бала кезден үйрөнгөм. Жамбылда тура албай ишемби, жекшемби күндөрү айыл аралап чыгып кетебиз да, мал дарылайбыз.

- Кантип? Эмне кыласың?

- Ой ага, иш толтура. Казак – мал менен казак. Тууй албай аткан малдарды операция кылып туудурамын да, баласын алып ээсине тапшырсам, ушунча сүйүнүшөт, маалы келгенде малдарды эмдеп турам, эркектерин бычып берем, тону менен өлүү түшкөн козулардын, музоолордун энелерин айыктырам. Мен ушундай тарбия алгам, бутум баскандан кой артынан жүрдүм. Жерибиздин шарты катаал, кышкы суук адамды эмес итти да өлтүрөт, короолорго карышкырлар кол салып турат...



Жигит шаардыктарча ак өтүк, ак тон кийген аппак кыздын ушинтип сүйлөп атканына таң калды, анын көпөлөктөй назик кебетесине бир сыйра көз жүгүртүп:

- Ушу сенби? – деди бир чети ишенбегендей, бир чети какшыктай.

- Ушу мен! Керзовой өтүк, фуфайке кийгенимди көрө элексиз да. – Кыз каткыра күлүп келе жатып, өзүн тык токтотту да: – Деги көргүңүз келеби? – деди.

- Көргүм келет. Сен биздин Аркытка барып мал дарылаш. Экөөбүз эки атты минип алып, эки куржун толтура дарыларыбызды салып алып Сары-Челектен ары жайлоолорго чыгып кетебиз.

- Анан? Анан!

- Анан бизди көрүп супсулуу маралдар койкоюп тоо башынан түшүп келет. Биз аларга куржундарыбыздан жем алып оозуна жакындатканда алар колдорубузду өпкүлөп, берген жемдерибизге ыраазы боло сеникиндей куралай көздөрү менен жалжылдай тиктеп тура берет.

- Оо, агатай. Кыялдануу сонун деңизчи... – Кыз бир нерсени эстегендей токтоп калды. –Келиңиз эми, бул тонду кийип көрүңүз?

Ботогөз тонду жазып, эки колтуктан кармай жигитке кийүүгө ыңгайлаштырды.

- Биссимилла! Тонум күзгө жетпесин, өзүм жүзгө жетейин!

– Сыдыкаалы тондун жеңине колун салып ийип үйрөнгөн сөзүн кантип айтып ийгенин билбей калды.

Анан экөө тең күлүп ийди. Кыз жигиттин тонунун жакасын тартып кумтулай баштады. Ошол кезде андан бир сонун, сонундан да сонун, ырахаттуу, адамды магдыраткан жыт урду. Жигит кызды өзүнө тартуудан айбыкты. Тартайын деди. Анте албады.

- Жарашты! – деди кыз. – Алып атып агайыма кийгизип көргөмүн. Ага анча жарашкан эмес.

- Агайың канчада? – Жигит кызгана түштү.

- Жашын сураган жокмун! Атама жакшы бекен?
- Жакшы. Жылуу.
- Ооба. Жайы-кышын талаа-түздө суукта жүрөт. Кийип бир жыргасын. Бөрү тон да.
- Ии, агайыңдын аты ким?
- Мынча эле агайым кызыктырып калды?
- Сурап атамын да!
- Аты – Эрмек, Фамилиясы – Сатар.
- Эрмек Сатарбы?
- Ошондой. Эмне болду?
- Аты да, атасынын аты да менин тагамдыкындай экен.

Жигит тонду көңүлсүз чечти. Кыз абайлап ороп сумкеге салды.

- Тээтигинде биздин айыл, андан ары атамдын короосу көрүнө баштады, – деди кыз толкундана.

Сыдыкаалы купенин терезесинен Ботогөз айткан тарапка көз жүгүрттү. Ак сурп жамынган талаалар, андан адыр, андан ары бөксө тоо сыяктуу топудай дөмпөйгөн кырлар, алардын өндүрлүү чалкагында айыл деп деле атай турганга ооз барбаган алты-жети там чилденин суугун шимирип жатыптыр. Асмандагы Күн кышкы суукка калгандай кандак тартып, тегереги шакекче болуп кубарып, алкактанып бу дүйнөнү коргоп тургандай. Аалам кумсаргансып атканы менен терезеден көрүнгөн ак кар жалт-жулт этип көзгө чагылышат. Муз тиштеп калган аңызда не бир караан, не бир жандык байкалбайт. Жай-күз шыбак баскан талааңы эми кар каптап ар-ар жеринде мал тишине илешпей калган сөксөөлдөр төө тикендей бириндеп гана сопоңт. Күүлөнүп алган поезд телефондун жана электрдин тоңгон мамыларын улам бир-бирден артка калтырып кышкы тайгак талаадагы рельсаларда сыйгаланбай тынымсыз шарактап барат. Алыс-алыста нар өркөч кыргыз тоолору шаңкаят.

Така-так... Така-так... Така-так... Шака-шак... Шака-шак... Шака-шак... Гүү-үү... Гүү-үү... Гүү-гүү...



Поезд мынча шашат деп ойлоду Сыдыкаалы ичинен. Булардын бирге болгон убактысын уурдап тим эле атылган жебедей сызып алганын карабайсыңбы.

- Сен ушундай ээн талаада түшөсүңбү? – Жигит кызга таң кала да, боор ооругандай да тигилди.

- Ооба, атам Москвага арыз жазып атып ушул бекетти ачтырган. Оң жакта чоң эле айыл бар. Ал жакка машина үзүлбөйт. Сол жакка бизге кетет. Ал жакка машина болсо – болот, болбосо – жок. Жол алыс деле эмес, тез эле жетип барабыз. А мени болсо атам ар бир өткөн поездден дүрбү салып карап турат. Жалгыз аяк жолго түшөрүм менен даяр турган УАЗигин от алдырып жетип келет. А мен атамдын мойнунан кучактап-кучактап, бөрү тонун кийгизип, өзүм бала чактагыдай атамдын ушул өзүм тартуу кылган тонуна кумтуланып отуруп алам. Анан уктап калам... – Кыздын көздөрү балбылдап жайнап турду.

Анан поезд талаа бекетине ынтылып-ынтылып келип жели чыккандай токтоду. Сыдыкаалы кызды колунан кармап абайлап түшүрдү. Ал түшөрү менен бекеттеги кишилерди карады. Тааныштары көрүнбөдү окшойт, жигитке бет маңдай тигилип, албырган жүзү менен өзүнөн бетер кызарган жигитке карап:

- Аман кел! Он төртүнө чейин! – Ушинтти да аземдүү кыз маржан тиштерин ача жылмая жигиттин көздөрүнө көзүн бир азга кадап туруп, дагы бир кыймыл жасайын дедиби, бирок ага батынбай, андан соң ары бурулуп кетти.

Жигит эң акыркы вагонго ыргып чыгары менен поезд ордунан жыла баштады. Анан эле ал атырылып арткы эшик-терезеге учуп жетти.

Бекеттеги бирин-серин адамдар кетип, бир гана караан жалгыз турат. Ак кар баскан ак бекет. Аппак тончон, кундуз тебетей, ак өтүкчөн, ак дидарлуу аппак кыз қазыктай катыптыр. Сыдыкаалы өмүр бою издеп жүргөн адамын

жоготкондой поезддин акыркы терезелерин тытмалап, аймалап, ички бугун чыгарып, толуп-ташып кетти.

Ботогөз болсо поезддин рельсаларын кесип өтүп баратабы, же кир, сасык шпалдардын үч-төртүн бир аттап эми эле түшүп калган поездди кууп баратабы – Сыдыкаалы түшүнө бербеди. Бара-бара кыздын караанын кичирейгенден кичирейип, анан такыр билинбей калды.

Бир аздан кийин жыландай ийрелеңдеген поездден ак кардагы ак бекет да, андагы аппак кыз да биротоло алыстады.

Сыдыкаалынын өмүрү бүт ак кардагы ак бекет болуп токтоп калгандай терезеден узап кеткен тараптан көзүн албай тура берди, тура берди...

Аркыттан – ата-энесинин, бир тууганадрынын, досторунун алдынан Сыдыкаалы келген сайын эч эле кеткиси келчү эмес, окуусуна сөзсүз бир жума кечигип барар эле. Бул жолу келгенинен кетеми бат, сүйлөп атып эле нес болуп калган, же жылмайып ийген уулунун ушунчалык өзгөрүп калганына апасы таң калса, атасы ичинен кымыңдап атты.

Үч күндөн кийин эле Жалал-Абадга барып поездге алдын ала билет алып келип койду. Болгондо да сегизинчи вагондун төртүнчү купесинин төрт орунун тең өзү сатып алды. Анан бир убакыт өтсөчү. Ботогөзгө арнап ырлар жазып, казакча обондуу ырларды жаттап, аларды кыңылдап коюп эптеп таң атырып, күн кечкиртти.

Белгиленген күн келип, Жалал-Абаддан поездге отурганда андан бетер убакыт өтпөй кыйналды. Апасы салып берген жаңгак, мисте, бадам, алча как, кийик куурдак, Сары-Челектин балы, дандыр нан купенин баягы столунда желбей турду. Жейин дейт, жүрөгүнө эч нерсе барбайт. Анан калса Ботогөз үйдүн даамдарынан ооз тийсин, анан окуусуна алып кетсин дейт.

Ак кар баскан ак бекет вагондун эшик жактагы терезесинен бозоруп бүдөмүк көрүнүп отуруп бара-бара дааналанды. Поезд токтоп-токтой элек эле делгирген Сыдыкаалы жерге



атырылып түштү. Жок. Күткөн адамы жок. Дегдеткен адамы көрүнбөйт. Үч-төрт адам поездден түштү. Үч-төрт адам поездге чыкты. Вагондорун сүйрөгөн оор эшалон жолун улады. Эмне болду? Ботогөз неге чыкпады? Сыдыкаалынын жүрөгү тилинип, дили карарып не кыларын билбей турду. Балким башка вагонго чыгып, башка вагондордон өтүп, анын жанына жарк этип күлүп-жайнап келип калар, балким поездден кечигип калып, атасы машинасы менен кууп жетип, кийинки бекеттен салып кетээр деп атты.

Кийинки, андан кийинки бекеттер да артта калды...

Бир жума Сыдыкаалы үчүн оор болду. Эч нерсеге көңүлү келбей, институт менен жатакананын ортосун жансыз бир дене сыяктуу басып жүрдү. Окуган жеринен да, жаткан жеринен да поезддин үнү угулган сайын ошол үн түн уйкусун бузуп жүрөгүн тепчип өтөт...

Жума күнү Москванын поездине отурду да, узатуучуларга жол киресин төлөп, өзү көздөгөн бекетке таң атарда жетип барды. Поездден түшүп калганда ээн талаадагы ак кар баскан ак бекет бороон чапкыны, кар тозоңу менен тосуп алды. Уйгу-туйгудан Ботогөз көрсөткөн адырлар арасындагы айылы да бар-жок экени билинбейт. Бул дүйнөнүн каргыш тийгендей каардуу жерине неге келгенин, ким үчүн келгенин да түшүнбөдү. Бекеттин ичине киргенде билет саткан кассир аялдан башка эч ким көрүндөбү. Ал Сыдыкаалыны жерден чыга калгандай таң кала карап турду да:

- Сен кимсиң? Кайдан келдиң? – деди оройлоно.

- Тээтигил айыл жакта Ботогөз деген курсташым бар эле, окууга келбей жатат... – Жигит колун тоо тарапка жаңсап калп айтты.

- Ой ал жакка бара албайсың. Бул бороон бир башталды, эми үч-төрт күнсүз токтобойт.

- А сиз Ботогөздү тааныйсызбы?

- Таанybaйм. Бул каргыш тийген жерде кыз турбайт. Онду бүтүп эле Алма-Атага, Жамбылга, Шымкенге окуйт элек деп

кеткен бойдон ошол жакта бир эркектин этегин кармап кете берет. Беш-алты жылда бир жолу төркүндөп келет да, анан биротоло жоголот. Сен издеген төө көзүң да бирөө менен кетип калгандыр...

Сыдыкаалынын жини келип не кыларын билбей туруп калды, өзгөчө Ботогөздү «төө көз» деп алганы жанына батты. Анын ошол турушу шаар паркындагы айкелдерге окшош эле.

- Эми мындай, - деди кассир аял шарактатып жаап алган көзөнөгүн кайра ачып, - эки жүз кадамдай мындайыраак кара жолго чыксаң, аярлама бар, жарым сааттан кийин Ташкенттен Жамбылга барчу автобус өтөт, ошо менен кайра кете бер.

Анан ал кассир аял айткандай эле кете берди. Күйүп аткан жүрөгүнө суу сепкендей жалыны өчүп базар күнү жатаканасына жетип сулк этпей нес болуп эки сутке жатты.

Сыдыкаалы үчүн эмнегедир Ботогөз Жамбылга окуусуна келип калгандай, экөө бир нерсе болуп табышпай калгандай боло берди. Ордунан ыргып турду да, темир жол вокзалына баргысы келбей, автовокзалга келди да, Жамбылдын автобусуна барса, билет жок экен, шопурдун ортого тактай коюп берем дегенине көнүп шам аралаш жолго чыкты.

Зооветеринарлар окуган имараттын алдына келери менен көздөрү ойдолоктоп тааныш адамын издей берди. Көрүнбөдү. Ботогөздүн фамилиясын да сурап албаптыр. Бир убакта Ботогөз айткан окутуучусун эстеди. Анын аты да, фамилиясы да тагасыныкына окшош эмес беле. Ошону издеп тапты.

Эрмек Сатар узун бойлуу, сулууча келген, капкара чачын жарашыктуу таранган жигит экен. Кафедрасында көңүлсүз отуруптур.

- Агай, мен Фрунзеден келдим. Айыл чарба институтунда окуйм.

- Ко-ош, жакшы. Конок экенсиң. Отур. – деди Эрмек агай.

Сыдыкаалы тартынып, дивандан коомай жай алды. Сөздү неден баштарын билбей унчукту:

- Сиздин атыңыз менин тагамдын атына окшош экен?



- Ысымдар казак менен кыргызда окшошо берет да.

- Жок, атаңардын аттары да окшошуп кетет экен. Тагам – Эрмек Сатаров, токойчу.

- А бул жагы кызык экен. Менин атам да токойчу, Кегенде турат. Досторунун көбү силердин Каркырадагы малчы кыргыздар.

Экөө андан ары сөз улай албай бир кыйла унчукпай турду. Акыры Сыдыкаалыдан кеп чыкты:

- Агай, кечиресиз, сиздин Ботогөз деген студентиңиз бар беле?

Бул сөздү укканда Эрмек ордунан ыргып турду. Терезеден кар сампарлап жаап аткан сыртты карап калды.

- Сен аны кайдан тааныйсың?! – Агай алаканы менен чок кармап алгандай чочуп кетти.

- Поездде бирге баргануз?

- Ошондобу?

- Ошонунуз качан?

- Жаңы жыл алдындабы?

- Ооба.

Эрмек үн чыгарбай туруп калды да:

- Эң акыркы көргөн сен экенсиң да... – Оор улутунду?

- Эмне?! Эмне болду?

Эрмек тил ооздон калгансып сүйлөй албай турду.

- Эмне бир нерсе болдубу?! – Сыдыкаалынын деми кыстыгып, жаны чыгып кете тургандай кыйкырып ийди.

- Отур! - деди Эрмек. – Биз да сендей болгонбуз. Студенттер каникулда эле. Тапкандарды Жамбылга жыйнап, Ботогөздүн айылына жөнөп кеттик. Жеткенче ишенбедик. Барганда же бир чырайлуу жүзүн көрсөк эмне? Топурак салдык. Ыйладык.

Кафедрада экөө эле калды. Башкалар чыгып кетти. Эрмек сүйлөп жатып көзүнө жаш алды. Улутунуп, үшкүрүнүп топурак салганы барганда адамдардын божомолдоп айтканын башын жерден албаган Сыдыкаалыга кайталап кеп кылып отурду:

- Поездден түшүп калганда булардын айылына кете турган эч ким табылбаптыр чамасы дешти. Атасы бармак экен. Ошол күнү төл башталып кетип, төрт-беш койду төлдөткөнчө үшүгөнбү же балалык кылганбы, Ботогөз айылга карай салып ийгенсиптир. Менин божомолумда сени менен поездде баратканда карышкыр тонду көрсөттү беле?

- Ооба, көрсөткөн. Кийип да көргөм.

- Ошол тон...

- Ошол тон эмне болуптур?

- Карышкырлар кол салыптыр. Ошол тонду практикада жүргөндө атама аламын деп мага көрсөткөн. Казакстандын бөрүлөрү экен деп мага кудундап сүйүнгөн. Атама белек болот деген... – Эрмек үзүк-үзүк сүйлөп көз жашын аарчыды. – Ошондо алба десем – албай коймок. Карыз акча бербей койсом – ала албай калмак. Ботогөздүн өлүмүнө мен да күнөөлүүмүн. Атасы шашып-бушуп жолго чыгат. Улуган карышкырлардын үнүн угуп бир жамандык болгонун сезип, машинасынан мылтыгын алып туш келди аткылап кирет. Барса, айтуу кыйын, Сыдык, Ботогөздүн буту бир жерде, колу бир жерде... А тонду болсо бир дөң жерге тикелеп шоңшойтуп отурган карышкырдай кылып коюшуптур.

Сыдыкаалы ордунан ыргып турду. Эшиктин туткасына колу жабышканын, дализде бараткан студенттерди ары-бери түртүп, тепкичтердин төрт-бешин бирден аттап атканын сезген жок...

Сыртка чыкты. Көктөн ак бубак кар бүртүкчөлөрү бири-бирин кубалашып жер бетин аппак дүйнөгө айлантып атты...

Ак кардагы ак бекет, андагы ак тон, кундуз тебетей кийген Ботогөздүн карааны каректеринде түбөлүк калып калды...





Абдиламит МАТИСАКОВ - Көк-Бел айылында 1956-жылы 15-мартта туулган.
“Тандыр”, “Кыргыз өңү – Чокморовдун өңүндөй”, “Атамды көргөн өлбөсүн”, “Баткан күндү аяймын” аталышындагы прозалык жыйнактардын автору.
Кыргызстан Жазуучулар Союзунун мүчөсү. КР Эл жазуучусу.

## АТАМДЫ КӨРГӨН ӨЛБӨСҮН...

Аңгеме

Үйүбүз жогорку көчөнүн эң башында. Автобус үч көчө ылдый, дүкөндүн оозуна токтойт. Айылыбыз чоң, узун-узун алты көчө, а автобус бир жерге (дүкөндүн оозуна дебедикпи) токтоп өтөт. Биздин көчөнүн аксакалдары үмүт кылышабы, кээде: “О шопур бала, карыганда кыйраңдатпай жогорку көчөгө бир токтоп кой, кемип калбайсың” дешип калат. Анда автобус менен бир болуп келаткан кары-картаң жаалап, шопурдун ордуна өздөрү эле жоопту “катырып” коюшат.

– Ысыгында ушул жерден түшүп калсаңарчы!

– Же Папанга кошулуп барып, тамаша кылып келесиңерби?

– Көтөр чыптанды, кадам сайын сага токтоп жүрөлүбү!..

“Об-бо закүнчүлөр ай, өкмөттүкүн өзүнүкүндөй көргөн ушулардыкы жаман өттү”? – дешип, мукураган коңшуларына оор чыпталарын көтөртүп, дүкөндүн оозунан түшүп калышат. Биздин айылдын өзүнө өмүрү автобус жүрбөптүр. Илгери жүрбөгөндөн кийин азыр да жүрбөйт. Ноокатка, базар-учарга келип алышат да, жогору өткөн үч автобустун оң келгенине отуруп кете беришет. Дүкөндүн оозуна токтогондо үндөбөй (үндөсө эле эмне угарын эшиттиңиздер го) түшүп, алты көчөгө тарап кетишет.

Автобустан түштүм. Дүкөндүн маңдайындагы чоң талдын түбүндө биздин чалдар (ооба, биздин чалдар) күнөстөп отурушат. Бир жылдан бери былк этишпептир. Баягы айылга келип, кайра кетип баратканымда ушул картаң талдын түбүндө күн чубактап отурушкан, жарыктыктар. Ошондо да ата-бабалардын эрдик-уламыштарда калган тарых-баянын эрмектеп, бири айтса бири тыңшап отурушкан болчу. Азыр да ошол кепти, нечен-нечен өмүр аттап, тилден-тилге оошуп, кунары кетпеген зирелүү сөздүн аягына чыгыша элек, моокумдары кана элек... Эңилип, бир чекеден кол бердим.

– Оо кимдин уулусуң? – деди Артык абам сунган колумду коң бербей. Өткөн жылы да колумду коң бербей ушинтип сураган. Мени эмес, биринчи ушинтип атамды сураган.

– Мурзанын, – дедим да, өңүмдөн таанымбай жатабы, көз курчу мокоп калганбы деп ылдый эңкейем да, атамдын атын бир жылдан бери биринчи сапар бирөөнүн сураганына, биринчи сапар атамдын атын адамдарга угуза атаганыма жетине албай, карынын, атамдын теңтушунун шадылуу колун билинер-билинбес кысып коңм.

– Кимдин дейт? – Артык абам жака-белинен жана сурады.

– Оо Мурзанын уулумун дейт, комузчу Мурзачы, жогорку көчөдөгү!

– Аа, Мурза сопунунбу... Бечаранын балдары ишке жарап калган экен. Пурунзада жүргөнүсүң го?

Баш ийкейм. Күлөм. Бир жагынан ичим ачышат. Атамды көптөн бери азыр эстеп жатпаймынбы. Колумду коң берсе, калгандар менен да учурашсамбы дейм, колумду коң бербейт, жарыктык. Көрсө, колумду кармаганы, атамды эстегени экен.

– Атаңдын көрбөгөнү калдыбы, силер деп жүрүп... Силерди итче тиштеп чоңойтту, эр жеткизди эле... Уулумдун окуусу жакшы, куда каалаokса, бүтсө чоң болот деп калчу, бечара. Ошонусу сен турбайсыңбы. Өмүргө тан бересиң, ыргыткан таш экен зуулдап... Баягы эсиңдеби, Нурмат (сол ныптасында отурган Момун абаны мүрүсү менен секин түртүп койду), ушу баласынын бир нерсеси гезитке чыгат. Ошону сен жаздың беле? (Баш ийкейм, колумду коң бербейт). Ону бу жогорку көчөдөгү Исматтын балдары көрүп, окуп бергенби же бир жерден өзү укканбы, өйүздөн бирөөнүкү той берип калат. Ошерде отурсак, Исмат кырчаңгы жөндөн-жөн эле сөз чыгарбадыбы. О, арбак урган эмне дейт десең? "бу Мурза, уулум чоң болот окуусун бүтсө деп, оозундан түшүрчү эмес элең. Онуң сени "далдалчы", "комуз чертип, талкан чогулткан", "бирөөнүн кезүүсүн кайтарган, дагы имне балаа, кимдин дубалын урган", – деп гезитке таза келекелеп жазыптыр го. Бала деген дагы ушундай болобу?! О күндөрдү да көрдүң, тана белең. Жакшылыгыңдан ошенттиңби? Жокчулук кыстап, ушу балдарым деп жүрдүң, көргүлүктү көрдүң. Жаза турган нерсеси түгөнүп калса да, атасын жазып имне кылат, кысталак. Андай баланын барынан жогу" дебедиби элдин ортосунда. Атаң сөзгө чыйрак эле бечара, бош келбеди. "Исмат, бала жазса атасын жазыптыр, же о күндөрдү көргөнүбүз жалганбы? Ого көп жиниң келбесин, саткайыма сары деп коюп жүрө бер" деди жумшак гана. Биз, ошерде отургандан "жазма ишинде жүргөн бала экен, жазса атасынын кадыры, ушунчабыздын ичинен жалгыз Мурза гезитке чыгыптыр. Сан миң адам окуйт экен. Баланыкы туура. Атам бизди ушунтип баккан экен деп жигари эзилип, мээнетти билип жазып атпайбы" дедик. Ошол уулу сен турбайсыңбы. Жаза бер, балам! Колуңдан келсе атаң жөнүндө дагы жаз, анын көрбөгөнү калган эмес, башкалар жөнүндө, эл жөнүндө жаз! Шу ишти кыласың деп, бешенеңе жазган да... – деп туруп колумду коң берди. Чалдарга тегиз кол берип учураштым.

– Атаң жакшы киши эле. Орозо айында үзүлдү, – деди Нурмат аба.

– Базардан калчу эмес. Көчөт эле сатып келе берчү, бечара. Ошолору болдубу? – деп сурады Максыт кары.

– Өткөн жылы бирин-серин гүлдөгөн экен. Быйыл өрүктөрү мөмөгө кирди дешти, өзүм көрө элекмин, - дедим.

– Атаңдын турагына астайдил көз салгыла, балам, эртеби-кечпи келип отурар жериңер ошо жер. Ата жайы деген ыйык келет.... – деди Төрөкан аба.

– Газитка канча нерселерди жазып жүрөт, ошону кантип билбесин...

– Билеби-билбейби, айтып коюш биздин моюндагы иш. Атасы менен бир өстүк, бир жүрдүк... – деди Төрөкан аба.

– Атаң экөөбүз ашына элек. Жакшылыгын көп көрдүм. Бирин эле айтып берейин, угуп тур. Бизди дагы көрөсүңбү, жокпу айтыш кыйын... – деди Рахман аяш атам. – Согуштан кийинки жылдар... Сыртта он бешке жакын киши орокто жүрөбүз. Күздүн күнү. Күн жаныбар куйкалайт. Оокат тартыш. Бирткеден загра нан берет. Күн алыс ысык оокат. Ал да – болсо, болбосо жок. Айлап жатып-туруп эгин оробуз, боолайбыз. Катын, бала-чака алыс. Жүдөгөндү айтпа. Иштен ким жүдөйт эле, айылда калган бала-чаканы ойлоп, санаа тынчыбайт. Күндө норма деп коңт. Нормасын бизге окшогон алдуу-күчтүүлөр эле толтурбаса. Бир күнү кечкурун чоң казанга күрүч шөөла жасадык. Күрүчтү өчүбүз бардай салган экенбиз, канча от жаксак дагы күрүч "тирик" туруп алды. Акыры болгон суубузду куйдук дагы, отту ичкертпей баягыны кайната бердик, кайната бердик. Кийин күрүч кичине жумшарыш, оокатка окшоду. Казанды оттон чыгарып ортого койдук. Түн. Ай чыга элек. Казанды тегеректеп, он бешибиз тең кыпчылышып отурабыз. Жолборс аба ыраматылык, силер дагы көрүп калдыңар окшойт, кечээ жакында эле өттү. Жуда зор киши эле, ат ордуна арабага кошо турган. Ошо бечара "ха!" дейт, дегенде эле колдор казанга чап жабышат. Жеткенибиз күрүч чеңгелдейбиз. Жетпегени, үлгүрбөгөнү кийинки "ха!" дегенди пайлап турат. Жана "ха!" дегенде экинчи катар кол салат. Ысык казан, күрүч андан ысык. Кол менен ооздун күйгөнүнө карайсыңбы. Кайра курсакка бир нерсе түшүп калса экен деп ынтыласың. Тооба, эми ошондо түртүшүп, таламай менен жегең шөөлаңын даамы аңгизгече таңдайымда турат. Жеп бүтүп, жатып калдык. Баягы туздуу күрүчтүн суусатканын эми көрүп ал. Уйку качты. Каныбыз катып атса, кимдин көзү илинет. Кургак илабин1 жалаган эле адам. «Суу эле, суу» дешет. Суунун болушун казанга куюп салбадык беле. Ээн адыр. Ал кезде карышкыр да күч алып кеткен. Калп айтпасам, он беш чакырымдай жерден Кочкан дайрасы агып өтөт. Кулак төшөсөң шаркыраган шоокуму угулуп турчу. Амалыбыз түгөнгөндө отуруп бердик. Бир маалда, жаны жанатты болгур, ушу сенин атаң келиптир. Анда бой жүргөн маалы. Жолборс аба менин жанымда жатчу. Ошого келиптир. Бечара, имне дейт десең: «Жолборс аба, ушу адамдардан бир дуба алып бериң, сууга өзүм барып келейин» дейт. Көзгө сайса көрүнгүс ээн адырда ушундай деп турат. «Кой, кырсыкка кириптер болуп жүрбө! Өлбөйбүз таңга чейин чыдасак, бир амалы табылар» деген адам чыкпады. Тилибиз оозубузга батпай, көзүбүздөн бир ууртам суу учуп турат... Суунун азабы кыйын болот экен. Жолборс аба ордунан турду дагы: «Кана эмесе, ушу кембагалга бир дуба берели, ушу бечара дагы агарсын, көгөрсүн! Кудай максат-талабын берсин, кимге сүйлөсө, жылдызы оттон ысык учурасын! Сууга кетпартат, өмүрү суудай тунук болсун ылайым, оомин!» дегенде тургандар чуркурап бата тартышты. Барбаландап сүйүнгөн атаң, азыр дагы көз алдымда турат, эки пайчасын2 түрүп, эки челекти колуна алып түн жарымында жыңайлак, дикилдеген боюнча бечара жүрүп кетти. Таңга жуук, жерге жарык түшүп-түшө электе сууну апкирип келди. Ташка бутун уруп тамтыгы жок, суй жыгылыптыр, Сууну баса калдык. Ошондой жакшылыгын көргөнбүз атаңдын. Көзү өтөр-өткүчө ар кайсыл жерде ошону кеп кылып жүрүштү. Кем болбоду, силерди көрдү, азамат чыктыңар. Тарбиясы да бейчеки кетпептир. Келгенинде учурап тур, атаң тууралуу сөз түгөнбөйт...

1. И л а б и – ээрди.
2. П а й ч а – багалек.

– Жолунан калбасын, кой барсын, – деди Сатыбалды абам, – агаң жүрөт эл катары, бала-чакасы менен. Кечээ магазинге ун түшкөн. Бир чыпта ун өңөрүп кетти. Каякта жүрсөңөр да эсенчилик болсун, ошонун өзү зор дөөлөт...

– Мурзанын өзүн тартыптыр. Куюп койгондой... – Максыт карыны ээрчий отургандар баш көтөрдү. Атам жөнүндөгү сөзгө териме батпай сүйүнүп тургам, чекемен тер чыпылдап. Эсимден чыга түшкөн, унут калган аялуу сезим козголуп, жүрөгүмдү утуру кысып коңт. «Атаңа окшош экенсиң» деп шуга чейин мага бирөө айткан эмес. Сүлпөт-сүрүмөн атамды көрүшүп, акыл кеби менен далымдан таптап, бешенемден сылап узаткан карыяларга улам-улам кылчактайм. Ар кимиси эңкейген калыбында эзели түгөнбөс урпактардан урпактарга уланчу адамдын адамдыгы тууралуу, жакшылыкка жакшылык менен жооп бер деген санжырага (ошо менен өмүр кыскартышып отурганын билишээр бекен...) баш-оту менен кирип кетишкендей... «Атамды көргөн өлбөсүн...» – деп ичимден алардын тагдырына жалынып кетпараттым.

* * *

Өзүмө өзүм түшүнбөйм. Өзүмчө эле кусаланып, үйдө туралбай, эртеси эле күн чыга электе эч кимге көрүнбөй айыл четиндеги көрүстөнгө келдим. Издеп апамдын бейитин таптым. Төбөсү бастап, өткөн күздөн калган куураган чөптүн арасынан, жашыл майсан көгөрөт. Шүүдүрүм жылтылдап, чыгып келаткан күндөн көзү уялат... Сага бир сыр айткансып, сенден сыр сурагансып (көзү өткөндөр ичинде кеткен арманын ушу сагызгандарга айтат имиш деп жүрүшөт) көрүстөндү бойлоп өскөн талдарда шакылыктап сагызган жүрдү. Атамдыкын оңой таптым. Бейитине бирин-серин какым чыгыптыр. Кыбыла беттеп турдум эле, атам колун арткансып, апам ийинимден таянгансып көтөрүлүп келаткан күндүн табы желкемди чымыратып келатты.

Жарыкчылыкка бине кылып, сага өмүр энчилеген адамдардын мүрзөсү жанында өзүң менен өзүң калганда демейде эч нерсе капарга келбеген текебер, иленди көңүлүң чыйралып, каяктарга сабалабайт... Сен жашаган шаардын шашма турмушу алдына салып кубалап, бири бүтсө, бири калган көр тирилик көк желкеден



басканда, туулган жер эмес, айылдаштарыңды, урук-тууганыңды эстегенге чолоң жок жүргөнүңдө, болор-болбос кыжы-кужуга, саалчалык чекилик үчүн кан кызытып, бири-бирине үрпөңдөшүп, араздашканың менен апталап жүз үйрүшпөй жүргөнүңдө, сенден тээ алыста, сенин киндик кан тамган жериңде калган эки бейиттин ортосунан куюн көтөрүлүп, саратан жайдын айлуу түнүндө чегиртке чырылдап, күзүндө жамгыр, кар чапкындап, кышы борошологон карга көмүлүп, көктөмдө, арасынан тирүүлөр күткөн жаздын жели ойноорун, а тегерегинде жашоонун кыскалыгын, кымбаттыгын кабарлап, жүрөк сезгенткен каргалардын каркылдагы жаңырып тураарын, а садагасы кетейин мезгил дегениң чым жаздангандардын үстүнөн да, сен күнүң көрүп жүргөн калың журттуу калаанын үстүнөн да тең арымдап, жүрүшүн арбыта берээрин жан-териң менен туят экенсиң... Туят экенсиң да, көөдөнүңдү арман, кусалык аймалайт. Жүксүз кетирген убактыңа, тириликтин «чү» деген жагына жүрүп берген көңүлчөөктүгүңө, азга топук кылып, азга гана алымсынган ала-көөдөндүгүң үчүн өзүңдү өзүң жекиресиң, жек көрөсүң...

...Апамды бул жерге алып келген күндүн эртесин, атамды ээрчип көрүстөнгө келгенибизди эстейм. Ошондо атам да мага окшоп жерден башын көтөрбөй кыбыла беттеп турган эле. Ошондо өмүр сапарын бирге карыткан адамын жерге берип, канаты кайрылганда чөгүңкү көңүлү каяктарга чабыттады экен! Саналуу жылдардан кийин ушул жердин укумдай жери өзүнө энчиленээрин жүрөгүнүн башында түйду бекен? Мүмкүн, атасын, чоң атасын, балдарын ойлоп, ошондо желкесин тиктеп отурган балдары да кийин муштумдай бейитине чөк түшүп, көздөрү каканактап, ата мээримин, ата кадырын, ата карызын эстешээрин ойлоду бекен? Сураган эмеспиз. Сураган күндө дагы ооз ачмак эмес...

Көрүстөндүн кыйчылдаган эшигин жаап, зымын чырмайын деп калганымда «эй бала, жаппай тур!» деди бирөө аркаман. Карасам, кышылдап бирөө дөбөгө чыгып келатат. Айти абаны тааныдым. Айти багбан! Чөнтөгүнөн кызыл алмалар үзүлчү эмес.

Жоош-момунун кылдап, жактырган балдарга берчү. Мен өңдүү кутурган, таманы жеңил балдар колунан бир дагы кызыл алма жебеди. Жаман көрчү. «Алма уурулар» деп эки-үчөөбүздү тим эле көрөйүн деген көзү жок болчу. Этек-этек кызыл алма уурдаганыбыз менен баары биригип, багбандын колунан алган бир алмага татыбайт эле. Чоңоюп, эр жеткиче анын колунан алма алып жебей, өз-өз жолубуз менен кете бердик... «Азыр деле бербейт» деген ой кылт этти. Төбөсүндө үрпөйгөн кашын баскан илгерки, көзгө тааныш, чыйбаркыт тебетей. Насвай саргайткан маңдайкы жалгыз тиши дагы эле алдыңкы ээрдин аттап, арсайып чыгып жүрөт.

– Кимдин уулусуң, таанибайтам? – Айти багбан көрүстөндүн оозунда туруп сурады. Сүйлөсөм өзүмдүн үнүмдү өзүм таанибайм. Доошум каргылданат.

– Атаңа келдиңби?.. – деди. Баш ийкейм. Илгери той берген адамдын эшигинде атамдын эшигине учкашып кетем деп күтүп турсам, сыртта кызмат кылып жүргөндөр «атаңа келдиңби?» – деп сурай беришчү,

– Уюм жок, аркандаган жеринен казыгын сууруп кетиптир. Көрүстөнгө кирчү эле, көрүнбөйбү?

– Жоок, аба, уй-пуй көрө албадым, – дедим. Үнүм өзгөрүп калыптыр, өпкөм көөп калыптыр... Ылдый жүгүрүп түшүп кеттим.

«Оо-ов, Оо-ов!» деп Айти аба уюн көрүстөндөн издеп жүрдү... “Жок” дегениме ишенбей, тээ бүлбүлдөгөн балалыктын көз күйгүзгөн кызыл алмасын кызыгында алалбай, турмуш деген чоң дүйнөнү көрөм деп кете берген боз баланын айтканына (азыр дагы!) ишенбей, жарыктык, уюн издеп көрүстөндө жүрдү... “Ов-ов! Оов-ов!”

Баягы сагызган дагы шакылыктады...





Абыдин ТЕМИРОВ - 1968-жылы 3-февралда Кыргыз-Ата айылында туулган.

## Табият жана музыка

Сөзү:А.Осмонов
Обону:А.Темиров



# Табият жана музыка

сөзү А.Осмоновдуку.

Өмүр кең солоор, гүлдөр, өчөр жанар,
Бат карып, бат эскирип, бат жаңырар.
Эмесе бул дүйнөгө туулуу менен,
Кайрадан ар адамдын кетмейи бар.

Өлүм ак пейли сараң көңүлү тар,
Күчү жок бирок бизди коркута алар,
Себеби, биз кеткенде орун басар,
Бизден соо бизден жакшы акылдуулар.

Ах, чиркин биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүнтөн эртеңкибиз ырахаттуу.

Табият жана анын музыкасы,
Күн санап кандай сулуу, кандай шаттуу.

О, дүйнө! Биздин күндөр кандай таттуу,
Бүгүнтөн эртеңкибиз ыракаттуу.
Ушундай сонун күндөр кеткендерге,
Карачы, кандай гана аянычтуу.



## Ала-Тоо

Сөзү:Э.Тазабеков
Обону:А.Темиров




## Ала - тоом

сөзү Э.Тазабековдуку

Өмүр көчүн улап токтобой,
Мезгил сызат чексиз кыялдай.
Тоо башында бүркүт толгонот,
Тоонун көркүн аяп кыялбай.

к а й ы р м а:

Кереметтүү аппак Ала-Тоо.
Кылым келет сени эскерип
Кыргыз үчүн тоодо төрөлгөн.
Түболүктүү сенсиң эстелик.

- - " " - -

Алыс кетсе эгер урпагың.
Түшкө кирээр арча черлериң.
Табияттын ыйык бейиши.
Ким сүйбөсүн кыргыз жерлерин.

- - " " - -

Улуу тоолор ыйык тоолорум.
Өмүрүмсүң менин бүтүндөй.
Жашоого сен кубат бересиң.
Энекемдин аппак сүтүндөй.



## Ата Журтум

Сөзү:А.Осмонов
Обону:А.Темиров




## Ата журтум.

Ата-Журтум, тууган элим мекеним.
Жан кубатым, сүйгөн жерим секетим.
Тоо ташындын турпатындын суундун.
Мен көрбөдүм пайдасы жок бекерин.

Тууган элим, Ата-Журтум бир боорум.
Мен өзүңдүн гүл багында төрөлдүм.
Заманымдын мен ырыстуу ырчысы.
Дарбыз, коон, жүзүмү бар короомдун

Сүйөм сени, сүйгөндүгүм сүттөн ак,
Сени сүйгөн тагдырыма ыракмат.
Өлгөндө да сенин таттуу жытыңды,
Жаткым келет көкүрөкө кучактап.

Мендеги өмүр, меники эмес сеники,
Менин ырым меники эмес элдики.
Ар бир демим ар бир соккон секундум,
Өзүмдүкү, алар эмес желдики.

## Кайыр кош

Сөзү:Э.Тазабеков
Обону:А.Темиров






## Кайыр кош

сөзү Э Тазабековдуку.

Сен менден кеткиң келди, кеткин эми,
Таңга окшош таалайыңа, жеткин эми.

Өзүңдү элестетип турар мага,
Өксөсү басылбаган жаздын жели.

Каректен кайгы жашы токтобой эч,
Кусага тебеленет курган жүрөк.
Мен үчүн татып келет бир кылымга,
Өзүңсүз өтүп жаткан ар бир мүнөт.

к а й ы р м а:

Кезигип түшүбүздө,
Жашоодо жолугушпай,
Мен сени сагынармын,
Перзенттин добушундай.

Эч качан бүтпөгөндөй күн сапары,
Менин да сагынычым бүтпөйт эми.
Курманы болсом мейли махабаттын,
Сагынып жүрүп гана жалгыз сени.

Кайыр кош бакыраң көз бактым менин,
Жашатар эми мени сенин демиң,
Эңсетер шыңгыр күлкүң, кардай жүзүң,
Жалбырактай жуп-жумшак эриндериң.

к а й ы р м а:

Кезигип түшүбүздө,
Жашоодо жолугушпай,
Мен сени сагынармын,
Перзенттин добушундай.

## Курбуларга

Сөзү:Э.Тайбеков
Обону:А.Темиров



## Курбуларга.

сөзү Э.Тайбековдуку

Көл жээгинде ойлуу турам.
Ташты ургулаит толкундар.
Толкун болуп тарап кеткен.
Жандаш ынак курбулар

кайырма:

О, курбулар сагындырган
Ар бириңди эңсеймин.
Каректерден сүйүү тамган.
Ал күндөрдү эстеймин.



Кыял күткөн кызык күндөр.
Калды алыс-алыста.
Башка-башка жолдор менен.
Кеттик достор алыска

- - " " - -

Жүрөбүз деп ойлогонбуз.
Түбөлүккө айрылбай.
Ар ким издеп өз бактысын.
Кеттиңерби кайрылбай.



Анарбек НАЙМАН Кара–Таш айылында
1971-жылдын 21- январында төрөлгөн.
Учурда Красноярск крайында жашайт.

## ТИЛЕКТЕРДИН ИЗГИСИН ТИЛЕГИЛЕ

Жолдогулар үйүнө эсен жетсин,
жолу ачылсын үйлөнөм дегендердин.
Алыс кылсын көчкү, сел, зилзаладан,
амандыгын тилейли Мекен, жердин.
Уйкубуз тынч болсун деп тилегиле,
кетпес бакыт консун деп тилегиле.
Кар көп жаасын, кечикпей келип көктөм,
кырман данга толсун деп тилегиле.
Тилегиле таарынган кечирсин деп,
табыша элек кишилер кезиксин деп.
Кыз-балдарга бак айтсын барган жерден,
көрлөр көрүп, дүлөйлөр эшитсин! - деп.
Жеткирет дейт периште кулагына,
Жараткандан чоң бакыт сурагыла.
Жетимдердин акысын жебегиле,
жесирлердин жеткиле дубасына.
Туура түшөт тагдырың ниетине,
тилектердин изгисин тилегиле.
Кабыл болсун баарыңдын тилегиң деп,
каалайм, тилейм мен дагы бүт элиме.



### Тилектердин изгисин тилегиле



## АЯЛЗАТ

Сени менен жашоо келет, уланат,
Сени менен таңдар атат, күн батат.
Үйдүн куту, берекеси бир өзүң,
Сен бар үчүн дүйнө жарык, аялзат.

Сага болсун бардык алкыш сый-урмат,
Сени менен турмуш таттуу, ырахат.
Сен болбосоң дүйнө тар да, караңгы,
Сен бар үчүн жашоо сулуу, аялзат.

Жылдар эмес, кылымды да карытат,
Төккөн мээрим, асыл оюң аруузат.
Жаратканым колдоп жүрсүн өзүңдү,
Сен бар үчүн аалам турат, аялзат.

## Аялзат

сөзү Кубанычбек Хамытовдуку

Анарбек Найман




## КАРААН

Карап турсам бүкчүйүңкү чал эле,
Кечээ күнү так секирген бала эле.
Басып барат эки ийинин эңиштеп,
Тагырына таарынгандай эмнеге?

Караан барат такыр эле шашпаган,
Жок сыяктуу ойго батып башка адам.
Оттуу көзү учкун чачып жылтырайт,
Кетсе дагы каруу, күчү капкачан.

Кайырма:
Жигит болчу учурунда жетилген,
Сага окшоп ай-ааламга секирген.
Өмүр бою оор жүктү көтөрүп,
Карыды эми убакыт өтүп караансыз,
Чекесинен ай сыяктуу кетилген.



## Караан

сөзү Асанкул Мамбетовдуку

обону Анарбек Наймандыкы




## МАХАБАТ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН

Жаным, сага неге мурда жолукпагам,
Ал кезде бөлөк кызды колтуктагам.
Кеч келдиң бул жашоого бир топ кийин,
Ич күйүп, жүрөк сыздайт, эмне кылам?

Аттиң ай, болбоду го бир айласы,
Садагам ий, мени кошо кыйнабачы.
Моюн сунбай тагдырга бул жашоодо,
Күрөш бирок, жеңилдикке алдырбачы.

Раймалы боздоп кетсе айтып дастан,
Бегимай дем, күч алып махабаттан.
Өрттөн да, өлүмдөн да кайра тартпай,
Артында көөнөрбөгөн дастан калган.

### Махабат дастаны



## НООКАТЫМ

Жылдыз, күн, ай өндөрүн карап таңданган,
жети дайраң күзгүдөй тунук кашкайган.
Кошчан, Апшыр, Чечме-Сай, Шаңкол, Чили-Сай,
Кыргыз-Ата сууларың артык замзамдан.



Бой бербеген аттууга,
башталат сенден Ак-Буура.

Жүргөн эндүү Жаннатта - жаткан бак тунуп,
жашоодобуз өзүңдү Мекен жай кылып.
Койнуңдан бир данынды жеген куш дагы,
келер Мекке, Медина жактан кайрылып.
Кучагы толуп ооматка,
кел, келип кет Ноокатка.

Аман турсун талаалар чексиз созулган,
аска, тоолор асманга барып кошулган.
Койнуң алма, жийде, гүл, арча жыттанып,
кут кетпесин жайылган дасторконуңдан.
Оргуп ташып ооматың,
өркүндөй бер Ноокатым.

### Ноокатым



## КЫРГЫЗ КЫЗЫ

Ала-Тоонун ак маралы - кыргыз кызы,
Алтын, күмүш, баалуу таштын эң асылы.
Үмүттөргө умтултуп жашоо берген,
Үй-бүлөнүн сыймыгы, шам чырагы.

Шайыр мүнөз, аруузат кыргыз кызы,
Тоо гүлүндөй аңкыган жыпар жыты.
Мөлтүрөгөн карагаттай кара көзү,
Турна моюн, кымча бел, көл ак куусу.

Асмандагы чолпондой нурлуу жүзү,
Аткан таңдын жарыгы кыргыз кызы.
Күлкүң күндөй жадырайт кыргыз кызы,
Тунуктугуң тунуп чыккан булак суусу.

Эркиндикте эзелтен кыргыз кызы,
Элин коргоп жоо сайган кыргыз кызы.
Эл башында эл башчы кыргыз кызы,
Ааламдагы аялзаттын эң сулуусу.



## Кыргыз кызы

сөзү А.Эрмекбаевдики

обону Анарбек Наймандыкы





**Асан МУРЗАБЕКОВ – 1964 – жылы 25-апрелде Апшырда туулган.**

## АХ, СУЛУУЛУК!

Жадырап жайдын күнү таза абада,
Тоо тарап жер сулуусу Ала-Арчада,
Кобурап топ адамдар эс алышып,
Жатышат күлүп-жайнап ушул чакта.

Не чиркин дем алуу бир суу боюнда,
Арчалуу, гүл жайнаган тоо койнунда.
Өзгөчө жадыраган сулуулукта,
Ичинде мен суктанып жалгыз гана.

Баарысы айлананда табигатың,
Мас болуп, эргип сезип, жан жыргашың.
Тим эле жомоктогу перилердей,
Азгырат ойго салып курган башың.

## УЛУУ ЧЫГАРМА

„Аты жок" деп атапсыз китеп жазып,
Ыр жыйнагын ич дүйнөдөн терең казып.
Кайсыл туура болоорун анын атын,
Окурманга коюпсуз тандоого салып.

Бул табышмак баарысына берилген,
Ыр саптары комуз күүдөй терилген.
Эргүү минип ырлар менен толкушуп,
Кайгы-мунду жүрөктөрдөн кетирген.
Таамай айтып ар бир сөздү сабына,
Орноштуруп маани, ойду кабына.
Жаратыпсыз укмуштуудай китепти,
Мыкты орунду алгандай бул чыгарма.

Чыгармадан көп-көп жазын дагы да,
Элге жетсин сиздин ойлор баарына.
Аты жогун, аты барын чекеден,
Окурмандар окуп жүрсүн сагына.



## КОВИД!

Каргашалуу апаат келип жериме,
Кыйын күндөр түшүп дүйнө элине,
Кыргын болду мылтык атпай, кан төкпөй,
Ковид аттуу ушул илдет деги не?

Дарыгерлер бутту сунуп жатпадык,
Ден соолугу үчүн элдин чамдадык.
Карабастан алды - артыны мындайда,
Көпчүлүктөн бөлүнбөй жан арнадык.

Күнү - түнү келип жатты бейтаптар,
Коркконунан жөн келгени дагы бар.
Кээ бирлери өтө - оор, араңжан,
Кыйналып дем ала албай жаткандар.

Катаал учур - убакыт жок, шарт да жок,
„Коргоо кийим", араң кыймыл, дарман жок.
Коркуу менен шек алдырбай жүрүшөт,
Карап жүзүн беткап кийсе көңүл ток.

Кур намыска алдырбастан күн санап,
Убадага туруп абдан так да, сак,
Калса дагы өздөрү ооруп доктурлар,
Көтөрүштү эл милдетин аркалап.

## КӨРӨ АЛБАСТЫК

Көрө албастык, ичи-күйдү бир адат,
Башкалардын ийгилигин каралап,
Кудай берген ырыскысын биреөнүн,
Ыраа көрбөй өмүр өтөт сагалап.

Бул бир жаман кыял, мүнөз эң эски,
Мерездикке, сарандыкка теңешчү.

Кудайымдын бергендерин көрө албай,
Каршы чыгуу, күнөө кылуу эмеспи!

Анте бербей туура аракет кылалы,
Ак ниетте келечекти куралы.
Арамды эмес, тазалыкты көп ойлоп,
Өзүбүзгө көөнүбүздү буралы.

## ЭСИҢДЕБИ?

Тууганым, ошол күндөр эсиңдеби,
Тамеки жашоо болгон элимдеги.
Алпештеп өстүрүшкөн жандай көрүп,
Күнү-түн тындырбаган оор эмгеги.

Көтөрүп түйүндөрдү биз кеткени,
Артынан тележканын бир эстечи.
Жетимиш килону илип жондоруна,
Окуучу, кыз-келиндер болчу деги.

Тамеки сарай айыл четиндеги,
Тамеки тизгенибиз кечиндеги.
Ширеси колдон чыкпай эртеси да,
Тң атпай турчу күндөр эсиңдеби?

Балалык күндөр экен эсиңдеби,
Шаттуу түн сарайдагы кечиндеги.
Индия кинолору келген кезде,
Дубалдан көргөнүбүз түшпөй дечи.

Туугандар ошол күндөр эсте деги.
Алтындай бала курак кечтери эми,
Бир өмүр таттуу сезим калат тура,
Кайрылып келбес болуп кетсе да эми...



## АЛП ЖАНА ШЕР

Поэзия Мекенинде кайнаган,
Булбул болуп гүлзарында сайрасаң.
Махабатка суу койдуң го жаңылап,
Алпы, шери болуп анда байкасам.

Өчпөсүн дос, шаңдуу үнүң кубулжуп,
Жарата бер көп ырларды кылып жуп.
Сен ойготкун сезимдерди гүлзардай,
Махабаттан жүрөктөргө берип нур.

Каалайм сага чын ден соолук тайбаган,
Алп күрөштө карылуу бол ар качан.
Шаңшып ырдап жүргөнүңөн калбагын,
Жүрөктөн жаш түркүн гүлдөр жайнаган.

## АЗАП

Өтсө өмүр жеңил турмуш, арак менен,
Сый урмат кетип калат сага деген.
Дейдиген иттей болуп жетине албай,
Адамдык көз караштар бүтүн кеткен.

Ар намыс уят болуп тууган күйгөн,
Өзүңдү бала кезден чындап сүйгөн.
Жер карап өкүнүчтүү демин алат,
Айла жок калтыра албайт сен бир сүйсөң.

Ата-эне өтө арман, күйүт менен,
Кайгыда сөзү кыска жер тиктеген.
Жашооңду өзгөртө албайт, дуба кылат,
Анткени тандоону Алла сага берген.

## УЛУТ ҮЧҮН

Өмүр - кыска, өтүп кетет билинбей,
Бир "жалт" этип чагылгандын бириндей.
Кыргыз үчүн, элиң үчүн не кылдың,
Убактыңды бекеринен кетирбей?

Жакшы иш кылгын урпактарга калгандай,
Түбөлүккө ал уланып баргандай.
Улут үчүн улуу эмгек жасасаң,
Баш көтөрүп жүрө аласың тайманбай.

Улут деген - тил тарыхы, салты бар,
Миң-миңдеген жылдарды артка калтырар.
Эл үчүн сен кандай эмгек жасадың,
Эмгек үчүн мүмкүндүктүн баары бар.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү бар - бала, эне, атада да,
Сүйүү бар - достук, Мекен, башкага да.
Берилип жан дүйнөнү өзгөртүүчү,
Сүйүү бар жаш жүрөктө жигит - кызда.

Адам бар сүйүү көрүп, эч сезбеген,
Баарысы түссүз, боппоз сезилбеген.
Жашоонун ырахатын көрө албайт,
Жүрөгүн ачып, демин эч бербеген.

Сүйүү - бул албуут сезим алып учкан,
Алдырбай бурганакка туштан урган.
Жүрөктө оттуу сезим өчпөйт жанып,
Гүлдөй бир назиктикти сактап турган.



Өмүрдө сүйүүлөрдү барктайлычы,
Өрчүтүп ал сезимди сактайлычы.
Анткени сүйүү - шамсыз баары өчөт,
От жагып жүрөктө аны таптайлычы.

***

Салам, мектеп - бөпөлөгөн, чоңойткон,
Кызыл ооз жөжөлөрдөй жаш бойдон.
Канат кагып атып чыккан асманга,
Куштай жайнап көктү тоскон, чоң болгон.

Сумкабызды көтөрө алган мезгилден,
Бир - бирини жөлөө карап ээрчиген.
Күндөн тартып күндө сага каттадык,
Ал учурлар чыкпай келет эсимден.

Даяр кылып өз алдынча басканга,
Жаңылыктар, илим кенин ачканга.
Ар тараптан жолун казып көрсөтүп,
Учурдуң го канат күүлөп катканга.

Алла орун берет чыгар Жаннаттан,
Бөбөктөрдү кырчын чактан такшалткан.
Мугалимдер, мектеп ыйык биз үчүн,
Биз силерге карыздарбыз ар жактан.
Жетилдирип такшалдырган ар жактан.



Абылпата АДЫЛБЕКОВ 1959 - жылы 16-декабрда жарык дүйнөгө келген.

## АТАМ

Көрсөтүп жалгыз жыргалды,
Көрсөтпөй такыр мындайды
Калтырып кеттиң атакемай,
Кайгылар толгон муң-кайгы.

Жаратып жалгыз жыргалды,
Жаратпай такыр мындайды.
Жартылап кеттиң атакемай,
Жаракат басып миң кайгы.

Көп болгон сага талабым,
Көтөрдүң чыдап бүт баарын.
Күнүгө жоктоп жол карап,
Келчүдөй издеп карааның.
Бүтпөгөн болгон арманым,
Бүтбөйт деп өмүр дарманың
Билгизбей таштап кетипсин,
Козутуп бүтпөс жараатым.

Кыркың болду кырк кылым,
Кыбырап өтпөй көп жылым.
Калыпмын ордуң толуктап,
Аксакал болуп уул - кызың.



## БОЗГУНМУН

Келдим мына Мекенимден ажырап,
Айта кетсем сезимдерден азыраак,
Эстен кетпейт секундка да Мекеним,
- Өлүкмүн! - деп айта кетсем тагыраак.

Басып жүрөт мекендештер жабырап,
Баарысы да Мекенине кайгырат.
Заманабыз өзгөрсө экен ылайым,
Кайтат элек элибизге батыраак.

Келгиндерим жүрөт тентип жамырап,
Мигрант-деп алаксытып тагыраак.
Кыргызымдын Элчилиги жетишпей,
Диаспоро коргоп келет ар убак.

Кыргызыма качан кыргыз жат элең,
Кылымдарда мындай өзү бар бекен?
Сиңип кетпей бул жердеги турмушка,
Урпактарым кайтып элге барса экен!

## ЖҮРӨГҮМДӨ ОРДУҢ ТУРАТ

Апам деген арман экен өтпөгөн,
Тирүү кезде сезилчү эле бүтпөгөн.
Канча тентек болсом дагы кечирген,
Бул жүрөктүн коштошорун күтпөгөм.

Жүрөгүмдө ордуң турат, өзүң жок,
Жалбарактап издесем да көзүң жок.
Жылуулугуң издей берип таппадым,
Жалынсам да кереметтүү сөзүң жок.

Сагындым мен сен сылаган колдоруң,
Таппай турам сага барар жолдоруң.
Бүт сезимим куса кылды бүтпөгөн,
Түгөнбөгөн арман кылып торлодуң.

## УКЧУ КЫРГЫЗ, КЫЯЛЫҢ

Кыялдарым кандай сонун эргиткен,
Кыйналганда куткаргандай сергиткен.
Көр турмуштун татаалдыгын билгизбей,
Жеңилдетип маанай чачып элгирткен.

Кыялдарым болду жалгыз унуткан,
Жакшы жолго жол көрсөтүп умтулткан.
Канча жолу кыйналсамда турмушта,
Куш өңдөндүң алып учуп кутулткан.

Жакшылыктар калган окшойт кыялда,
Бааланбастан калган сымал ар кырда.
Арабыздан айрылгансып баратат,
Көңүл бөлбөй жоголгонсуп көп сыр да.

Кайда калдың, кайдан табам сырларың?
Канча жазсам супсак чыгып ырларым.
Жүрөгүмдөн кан тамчылап тургансыйт,
Кайран кыргыз, ушул менин кыялым.

## ОЙЛОНУП АРТКА КӨЗ САЛСАМ

Акылман сөздү көп сүйлөп,
Акыйкат жолдон адаштык.
Байлыктын чуркап артынан,
Калыстык калып талаштык.



Жакшы сөздү көп сүйлөп,
Жалган жолду тандадык.
Жаңылып кетип баратып,
Жасаган иштер – наадандык.

Акыйкат качып арадан,
Азгырган жолго аттандык.
Алдым, жуттум көбөйүп,
Акмактын ишин баштадык.

## ЖУМШАК СҮЙЛӨӨ - АДАТЫМ

Кылыктансам мени сүйдү дебегин,
Мен ошентип жай сүйлөшүп келемин.
Тагдырыңды мага байлап коңм деп,
Жаңылышып бөөдө күйүп кетесиң.

Күлүп койсом сүйүп калды дебегин,
Жумшак сөздү адат кылып келемин.
Арттан түшүп, мен өмүрлөш болом деп,
Бекеринен катуу түрткү жебегин.

Таанып койсом мени сүйдү дебегин,
Жакпаганга айтам жооптун керегин.
Ошонтсе да көнүп кетет дебестен,
Сөзгө сынба, ойло турмуш тереңин.

Сүйлөп койсом жакын көрөт дебегин,
Сүйлөгөндүн баары сүйөт керегин.
Бирок мени жалгызым деп адашпай,
Менден башка жакшыларды тилегин.

***

Келдим бүгүн Ысык-Көлдүн жээгине,
Кут орногон, кан-жаны бир элиме.
Шарпылдаган мелүүн желге урунуп,
- Куш келипсиң дегенсийт өз жериңе!

Күтүп алды көл жээгинде досторум,
Көлдү кара, кооздугуну сопсонун.
Бул ааламда теңдеши жок жер экен,
Кимдер билет канча мээрим кошконун.

Көл бетинен майда толкун сылады,
Көрсөткөнсүп жан эргитип сыйлады.
Кереметтүү көлдүн берген таасири,
Бүт денеме жан эргүүнү ыйгарды.

## ЖҮРӨКТӨГҮ ГҮЛЗАРЫМ

Кайра, кайра күтөм сени шайланып,
Күндө мага келип кетчи айланып.
Көрбөй калсам сарсанаага батамын,
Калыптырмын ак сүйүүңө байланып.

Келе берчи, күндө келчи айланып,
Көрүп сени жүрөк калат жайланып.
Тынчым кетет көрбөй калсам өзүңдү,
Чын сүйүүгө калдым эми байланып.

Каректериң көрүп көзгө кадалса,
Жүрөгүмө гүлзар болуп жайланат.
Күтүп жүрөм, кош жүрөктөр биригип,
Келген күнү бакыт күнгө айланат.





Бактыгүл САЛЫ кызы 1968-жылы Көк-Бел айылында жарык дүйнөгө келген.

## ТОО КОЙНУНДА

Көк асманды чокулары тиреген,
Ак мөңгүлөр жайы-кышы кетпеген.
Улар сайрап, аркар-кулжа түнөгөн,
Аска-зоону окшоштурам чепке мен.

Тегеректеп кемер кылып курчанып,
Тоо койнунда толгон арча, карагай.
Күнгөй бетин күмүш түстүү нур чалып,
Кооздугунан моокум турат тарабай.

Түшкөн суулар тарам-тарам тамырдай,
Жоокерлердей жоон топ болуп чогулуп.
Обон салат нотасынан жаңылбай,
Кокту аралап таштан ташка согулуп.

Күркүрөп суу, дайра болуп агылып,
Ылдый сүрүп кумун, ташын чамынып.
Жүрөк үшүн алган үндөр күлдүрөп,
Турат түнү тоо койнунда жаңырып.

## ЭГЕМЕНДИК ЧЕКСИЗ БОЛСУН КЫРГЫЗГА

Эркин элбиз желбиреген желеги,
Эңсегенбиз нечен жылдар себеби.
Эл журтума бейпилдикти ыроолоп,
Эгебиздин берген бизге белеги.

Эркин куштай айланабыз учабыз,
Осуятын Эр Манастын тутабыз.
Кас душмандын арам оюн майтарып,
Биримдиктүү тынч уйкусун бузабыз.

Эркин жашоо көпкө көксөп келгенбиз,
Кыйын кезең сыноолорду жеңгенбиз.
Кылымдардан "Чептен эрдин күчү бек",
Теги баатыр, болоттой курч элденбиз.

## ЭЛ ТАГДЫРЫН ЭРМЕК КЫЛГАНДАР

Ойрон болуп ой-кыялдар үмүттөр,
Отуз жылды көз алдыңа түрүп көр.
Ынтамак жок - ыдыраган алака,
Алдым-жуттум, көр турмушту сүрүп көр.

Казынага коркпой салып чеңгээлин,
Мите курттай соруп тынчтык бербедиң.
Өз киндигин, өзү кесет дегенсип,
Кан соргучтар акыл-эске келбедиң.

Жетимсиреп наристелер талаалап,
Сай-сөөк сыздап тынбай көз жаш салаалап.
Ажыдаардай ырыскысын оп жутуп,
Арам тамак чоңдор алып канагат.



Канча уурдап жесең дагы тойбогон,
Эл тагдырын эрмек кылып ойногон.
Кас душмандай калкка жасап мамиле,
Ач бөрүдөй күнү-түнү жойлогон.

## АК КАЛПАК

Бийик чоку, ак мөңгүнүн кырындай,
Ала-Тоодон түшкөн булак суусундай.
Касиеттүү кыргызымдын калпагы,
Бүт дүйнөнүн бийик туткан туусундай.

Ак калпактын кыйма-чийме жолу бар,
Кыргыз эли эзелтеден барктаган.
Муундан-муунга мурас кылып урпакка,
Баатыр Манас, бабам Бакай сактаган.

Эр-жигиттин даражасы бийиктеп,
Жандүйнөсү Ысык-Көлдөй тереңдеп.
Ар намысын, ата-журттун сактасын,
Ак калпакчан керт башымды берем - деп.

## КАЗАК БООРДОШТОРГО

Кыргызга бир боор казагым,
Эгиздей бирге жүрүшкөн.
Бир болуп тили, дили да,
Ээрчишип кылым сүрүшкөн.

Ымала үзбөй ыкташташкан,
Бир тууган кыргыз элиме.
Төрт тарабы төп келип,
Эли да окшош элиме.

Бир жерден башын чыгарып,
Бир болуп чыккан атагы.
Ааламды келген багынтып,
Бир киндик кыргыз, казагы.

Каада салт, бирдей мурасы,
Тилинен дайым бал тамган.
Бириксе кыргыз-казагым,
Кас душман коркуп жалтанган.

## КУДАЛАРЫМА

Кадимки Соң-Көл сулуусу,
Карачы аттиң дедирген.
Акмөөрдөй пери кыздары,
Ак марал болуп керилген.

Меймандос жайган кучагын,
Ак-Талаа сенин элиңден.
Кудалар келди миң жылдык,
Теңир тоо бийик жериңден.

Тоголок-Молдо атадан,
Манасты түндөп уккан эл.
Калмактын мизин кайтарган,
Эр Табылды чыккан жер.

Кыш-жайы кымкап жамынып,
Ак мөңгү кетпей тоосунан.
Айланып бүркүт шаңшыган,
Ала-Тоо аска-зоосунан.



## АЛЫКУЛ

Бала келди ата-энесиз томолок,
Жетимдиктин тарткан далай азабын.
Ким билиптир арыкчырай өспүрүм?
Толуктарын атактуулар катарын.

Калем кармап "Кызыл жүгүн" артынып,
Ыр ааламда улай баштайт сапарын.
"Сен ооруба, мен ооруюн, Ата-журт!
Алп Алыкул, бирок кыска жашадың.

Кыргыз - деген, патриоттор камалып,
Улутчул деп, далайлары атылды.
Репрессияны "Сур булутка" айлантып,
Кагазга ороп анан ырга жашырды.

Сырдаш кылып Ысык-Көлдү толкуган,
Отузунду ак боз ат деп атадың .
Алп Алыкул, атың жазып тарыхка,
Айла барбы, бирок кыска жашадың.

## МОСКВАНЫН КАЙРЫКТАРЫ

Жаңырсын Москванын кайрыктары,
Кыргыздын учук улар байлыктары.
Неге мынча суз тартып кеттиңиздер?
Калемдештер, төп келген бардык жагы.

Поэзияны жактырган адамдарым,
Бар болгула ар убак аман баарың.
Лириканын чалкыган деңизинде,
Бар бололу бакыттын татып балын.

Проза жазып ааламды багындырып,
Уландысын улайлы сагындырып.
Эссе, повесть, романды, поэманы.
Жанар тоодой аттырып жалын кылып.

Кайдасыңар, акыным жазуучулар,
Бир сөз менен көөдөнгө атуучулар.
Көктөм менен көгөрүп табияттай,
Көксөөлөрдү ыр менен басуучулар.

## НАСИРДИН ИСАНОВГО

Ата-баба, нарк насилин улаган,
Талыкпаган эмгек менен кураган.
Кыргыз үчүн Насирдин Исанов,
Эркиндиктин пайдубалын кынаган.

Жанын үрөп эли үчүн иштеген,
Өзүн айтпай иш кылса да, биз деген.
Ынтымак да - өнүгүүсү өлкөнүн,
Бирге болуу опол тоодой күч деген.

Чыгаан уулун кыргыз колдон жулдуруп,
Кара булут көк асманды каптады.
Кырчын өмүр кырк сегизде кыйылды,
Көөдөн ыйлап көкүрөктөр какшады.

Элиң сенин эмгегиңди унутпай,
Сексен жылдык маарекеңде эскерип.
Сен эңсеген кыргыз өсүп баратат,
Жолуңду улар ушул учур, кез дедик,
- Исановтун урпагыбыз биз! – дешип.



## ЭНЕЛЕР

Ааламда алп энелердин күчү бар,
Түркүк болуп кармап турган дүйнөнү.
Апалардын мээриминдей сүйүү жок,
Береке, кут, мол ырыскы үйдөгү.

Эне-сүйүү, эне-мээрим, эне-тоо!
Бийиктигиң, баалуулугуң аска-зоо,
Эң кымбатсың асыл эне- аял зат,
Кайгы көрбө, жүрчү дайым дениң сак.

Мээримиңдин күн нурундай табы бар,
Эне – эсен, үй бүлөнүн багы бар.
Бар бол эне! Нур төгүлгөн жүзүңдөн,
Караңгыда жол көрсөткөн шамы бар.

## БАР БОЛГУЛА

Чогулуп адабият айдыңында,
Өткөрдүк алмаштырып айды-жылга.
Бөтөн эл, бөтөн журтта эмгектенип,
Ымалашып баш бактык бирге ырга.

Кеме курдук атадык Казына - деп,
Сапар алдык поэзия жазына - деп.
Бир багытта барсынчы жолдорубуз,
Бирге чыгып бийиктик башына - деп.

Барган сайын баскан из айдактадык,
Бирде атчан, бирде жөө жайдакдадык.
Он беш жылды калтырып артыбызга,
Он беш катмар калыңдык каймактадык.

Өткөн өтмөк, бийик бел, тике ашуу,
Токтобосун ыр дүйнө эргүү назы.
Бүт ааламга таанымал акын чыккан,
Бар болгула "...Кайрыктар" казынасы.





Бедел МОЛДОБАЕВ – 1933-жылы Күнгөй-Кожоке айылында туулган. "Чабалекей", "Кумарлуу күндөр", "Чынар терек", "Бир жутум күндүн нуру", "Жашыл дүйнө", "Оп дүйнө", "Бейтааныш адам", "Чамгарак", "Кылымдарга саякат", "Ноокатым – менин ооматым", "Об, дүйнө" ыр, проза жана Ноокат районунун түзүлгөндүгүнүн 80 жылдыгына багышталып чыгарылган тарыхый-документалдуу китептердин автору.
КР УЖС мүчөсү.

## АДАМ КӨЧҮ

Көчө толуп келе жатса жаш балдар,
Ашык атып, топ тебишкен жаш балдар,
Көзүн сүртүп кадап карап калышат,
Жаштыгына тойбой калган "ач" чалдар.

Эстеп анан жаштыктарын бир убак,
Үшкүрүнтөт өткөн доору – жаш курак.
Аталары ушул жолдун кырында,
Отурушчу ал-ахывал, жай сурап.

Көкүрөгү шаңга толгон чунактар,
Бул дөңсөөдө отурушка убак бар.
Көзүн сүртүп карашары ойдо жок,
Адам көчүн арбытып бул жыл, айлар.

## СУГАЛАК

Чыгып барып терек учуна,
Бар ааламга көзүң тойдубу?
...Учуп түшсөң кичине дөбө болор,
Кара жердин ойдуңу.

## БИР ЭЛЕС

Эс тандырып мас кылганда жаз жыты,
Ойлоруңдун чыгат дароо быт-чыты.
Чочутпагын андай түндү жөндөн-жөн,
Адамдардын артсын сага ышкысы.

Бийчи кайың кайың эмес, кыз болуп,
Бүт денеңди солкулдата жыш толуп,
Көкүрөөктөн ажыраса көкүрөк,
Жүрөгүңө калганы анда муз тоңуп.

Кайың шагы бийге түшпөй эңилип,
Жоого барып жоокер болбой жееңилип,
Ак толкунга кабылдыңбыже жокпу,
Байлоодогу атка окшойсуң элирип...

## ЧЫМЫНДЫН СӨЗҮ

Бойго жутуп күндүн аптап, ысыгын,
Сезбей жашап бул турмуштун кысымын,
Канаттарын жазган эле жаңыдан,
Жарыктыктын самап келген кызыгын.

Ээндикке көнгөн чымын эркинче,
Токсон күнүн чотко салбай бир күнчө,
Жөргөмүштүн желесинде айтат дейт:
- Жеп жүргөмүн, жем болдум да бул күндө!..



## БИР ПЕНДЕ

Санаганга сансыз өткөндү,
Сапарлаштар арбын, көп көрдү.
Куру келип, куру кеткенге,
"Жакшы" дештен эмнеси өзгөрдү?

Жүзүн көрдү жазгы жамгырдын,
Үнүн укту булбул, бабырдын.
Чымчык эмес, чымын изи жок,
Кучагына кирди кабырдын.

Байлабады бүчүр бутагы,
Наристеге толбой кучагы.
Актай келип, актай кетти да,
Укаланып өмүр ушагы.

Акталбады адам үмүтү,
Алоолонуп өчүп үмүтү.
Жан болгондой келип-кетүүчү,
Жолбун жүргөн жолдун бир ити.

## КЕНЕН ДЕП ЖҮРСӨМ

Шамалга учуп кетчүдөй,
Каакымдай жеңил элеси.
Турушту к бербей ызгаарга,
Солкулдап кетти денеси.

Күкүтүн үнүн коштогон,
Куш болчу жазда бир келген.
Кайгырып турам кыш өңдүү,
Кабагым кайгы чүмкөнгөн.

Кенен деп жүрсөм ааламды,
Келери күндүн тар белем.
Кепинге ороп кееткенде,
Күйөрү жандын бар белем?!,

## ТАЛ МЕНЕН ЧАЛ

Келатканбыз чаңдуу жолдо топурап,
Жол баюнда таякчан чал отурат.
Өткөндөрдүн жүздөрүнөн элестүү
Көкшүн суутуп, көкүрөгүн толтурат.

Ал эсептеп өткөн жылдар санагын,
Айрымдардын укпайт айткан саламын.
Азыр ою о байыркы тереңде,
Көз жетпеген кыйрын тиктеп талаанын.

Көп кызыкка улам батып ойлонот,
Балалыктын калган изи сомдолот.
Барып-барып бир бийикке такалат,
Дүйнө улам оодарылат, козголот.

Көздөрүнөн жарык шоола өчөрдө,
Коштошуунун соңку сааты жетерде,
Көңүлүндө таңды күтүп кыйналды,
Бир дүйнөдөн бир дүйнөгө көчөрдө.

Балдары да боло албады шам чырак,
Чал оюнда өзү тиккен тал турат.
Көлөкөсүн көксөйт дале ысыкта,
Көздүн нурун талга кадап алсырап...



## НАСИРДИН ИСАНОВГО

Азаптантты алтының да, күмүшүң,
Жаркын эле, таза болчу жүрүшүң.
Жумушуңдан кылдай кыйкым табылбас,
Маандайы ак, кытмыры жок күлүшүң.

Ноокатын боздоп турду,
Ачуу муң козгоп турду.

Көздөрүңдөн жанып турган учкундан,
Сергек элең сезим бүлөп учкул жан.
Өзүм дебей, кыргызым деп үйрүлүп,
Жан элең го такыр кеткен тынчыңдан.

Көк-Белиң ыйлап турду,
Көкүрөк кыйнап турду.

Ашып келип ашууларын кыйырдын,
Кыярбачу кырчын кезде кыйылдың.
Каруу-күчүң каршылашка жетпеди,
Кара басып капилеттен тыйылдың.

Өз элиң мөгдөп турду,
Өр тарпай көлдөп турду.

Чакчыгайдай чагың өчтү жылдыздуу,
Ээн таштап ккеттин көчмөн кыргызды.
Жүрөгүңүн толтосуна түбөлүк,
Журтуң өчпөс эстелигин тургузду.

Өлбөстүк оту жанды,
Өчпөгөн атың калды!

## ОЙ УЧУГУН ЧУБАП ӨТӨМҮН

Эң алгачкы бүчүр жарылган,
Күн нурлары ысык салаалап.
Мүлдө ааламга тегиз чачылган,
Куштар учат бейгам талаалап.

Көйнөктөрү таза, үлбүрөк,
Боййлоруна чапчак тигилген.
Ой учугун кимге билдирет,
Каректерге кыздар илинген.

Күлүп чыгат жаштар көчөгө,
Кылканындай буудай баш алган.
Шашылуулар парзын өтөөгө,
Бүтөр ишке кечээ башталган.

Баалай албай жүрүп баратам,
Убакыттын кымбат экенин.
А максатым – маяк жаркырайт,
Азыр эми, азыр жетемин.

## КОЮН ТОЛГОН БАКЫТТАЙ

Бүгүн түнү угулбады булбул үнү,
Уййкумду да, тынчымды да алып кетпеедиңби!
Көнчөгүңө катып алып,
Тетири кадам таштап,
Таптакыр жектедиңби?
Кечирим кылчы мага,
Бир сөздү кектедиңби?
Жалгызмын, капаалуумун,
Бүркөк күнүм ачылабы?
Шоола, нур, кубат берчи,
Гунчадай ачылалы.



Ай көрүп, күндү көрүп,
Коюн толгон бакыттай чачылалы!..

## ЫСЫМДАРЫ КАЛДЫ БАРАКТАРДА

( Мурдагы “Колхозчу”, азыркы “Ноокат таңы” газетасында баш редактор болуп иштешкен, көздөрү өтүп кеткен журналисттерди эскерип).

Мырзалынын ок жалмаган оң колун,
Тетик акыл, билген жашоо оң-солун.
Дилгир, зээндүү жан эле да өрдөгөн,
Келечекке кенен таштап болжолун.

Токтосундун тогуз мүччө түгөл бар,
Төрт манжасын суукта алган калың кар.
Калгандары кетсе жеткен ажалдан,
Сыркоолорун соолор билбей жүргөн бар.

Журналисттер, келдиңер да кеттиңер,
Ноокат үчүн адал эмгек эттиңер.
Согушта да, тылда дагы жигиттик,
Миң тамырлуу өлбөс үрөн септиңер.

Адал ойлуу, ак ниеттен бапырап,
Жашадыңар шам чырактай жаркырап.
Аягында ажал алган убакта,
Артта калды ысымыңар жаркын, ак.

***

Аскар болчу жигиттин чын Аскары,
Аны ызааттап турчу дайым жаш-кары.
Мыйыгынан күлкү чачып көрүшчү,
Тарамынан жазылбачу чачтары.

***

Эпилдеген элпек, шайдоот Сактанды,
Көп эстейбиз, элеси эсте сакталды.
Тапшырманы убагынан калтырбай,
Так маалында, таза, тыкан аткарчу.

***

“ – Токтоматтын токмогунда күчү! – деп,
Айтчубуз да иштечүбүз күч үрөп.
Конушумду айлантам деп зор бакка,
Кырга, түзгө мөмө тикчү үч түнөп.
Өстү багы, өзүнүн да кадыры,
Жашыл тартты жазда, жайда адыры.
Жакшы адамдын жашаганы ушунда,
Жөлөк болду кийинкилер тушунда.
Кереметтүү, салкын, коюу бак жасап,
Кетти Токо!
Өмүр сүрүү ушул да.

***

Токтор болчу тобокелчи, топ жармай,
Тоо бузулуп жатса коркпой түз бармай.
Күнөөң канча арзыбаган болсо да,
Айыбыңды ача берчү ал тургай.

***

Аке! – дейбиз Абдувапты улуурак,
Киши болчу узун бойлуу, сулуураак.
Партиялык иштер менен көп жүрдү,
Алдамчылык адаты жок, туурураак.
Макалаган “сый тон жабуу” жагынан,
Жуурулушпай жалгыз тартып турчу ыраак.
Же айтпады, же жазбады ал бизге,
Чыкый тешкен чыктуу сөзүн курчураак.





Бектуруш САЛГАМАНИ 1957-жылдын 2-декабрында Кара-Таш айылынын Салгаман кыштоосунда туулган.

“Үчүнчү коңгуроодон кийин”, “Роман-гезит”, “Алыскы жылмаюунун жарыгы”, “Алтын арман”, “Сагынып жашайм”, “Сууга жазылган ыр”, “Аты жок китеп” аттуу поэтикалык, балдар үчүн жазылган “Семиз булуттар”, “Көлөч кайык”, “Жоголуп кеткен жол”, тарыхый-санжыра багытындагы “Каңдылар”, диний тематикадагы “5 убак намаз. Өлүктөрдү коюу”, “Ислам дини деген эмне?” китептеринин, “Түнкү окуялар” (“Ночное приключение”), “Ар кимдин апасы болсун” (“У каждого должна быть мама”) мултфильмдердин сценарийинин автору.

1989-жылдан СССР, КР УЖС мүчөсү.

## АЛТЫН АРМАН

1001 ырдан турган “Алтын арман” поэмасынан.

* * *

Жамгыр токтоп, батыш өрттөнүп,
тийип-тийбей жерге төштөрү,
жапыс учту чабалекейлер
шуудүрүмдү күбүп чөптөгү.

Асан-Үсөн көктө буралып,
бир жак учу тоодо чубалып,
малынып бир учу дайрага...
Ал жерде сен турдуң суу алып.

Чуркадым кууп-кечип чөп, гүлдү,
жеталбастан кайттым күүгүмдө.
Келин болдуң өйүзгү айылга,
жакшынам, сен ошол кеч күздө.

Арык жону нурга жалтылдап,
ал дайрадан эми ай-жылдап,
суу эмес, жаш, көз жаш ташыйсың.
Жаш ташыйсың – тунук, мупмуздак.

...Асан-Үсөн тоого артылып,
бир жак учун сайга калтырып,
карегимде чакаң толтуруп,
турасың жаш алып, Алтыным!
*1978-жыл*

* * *

Бир учу сага токтойт, бир мага –
бир жол бар ортобузда жан билбеген.
Түш ташып, көз жаш ташып – ысык, таза
сагыныч гана каттайт ал жол менен.

...Сен "Сүйүү" деген сөздү эшиткенде
элестээр көз алдыңа менин өңүм.
Бирөөлөр бакыт каалап жаткан кезде,
жетпеген бактым – сени эстейм өзүм.

Сүйүүнүн өңүн жакшы тааныдык да,
бакыттын жүзүн көрбөй калдык, жаным.
Кайрылып баралбайбыз артыбызга,
туябыз тек арзуулар талпынганын.

- Кел! – десең жөнөгөнгө тартынбастан,
октолуу мылтык сымал даярмын мен.
Капилет бизди бөлгөн тагдыр кайра
кошобу деп коркомун капилеттен.



Чакырба, кол булгаба. Бул сөзүм чын.
бир сыйкыр күчүң арбап турган үчүн
жарымдын, баламдын, тынч турмушумдун,
сен менин коркунучтуу душманымсың!

...Бир учу сенде, бири менде жаткан
бир жол бар ортобузда жан көрбөгөн.
Сагыныч, түш, жаш ташып чарчабастан,
үшкүрүк гана каттайт ал жол менен.
*1983-жыл*

* * *

Жел булгалап оромолуңду,
көрүнбөйт да али карааның.
От коңсуң чачым оюмду,
билигине ырбаак санаанын.

Мен Сүйүүнү эмес, биерге,
келди мени Сүйүү жетелеп.
Сырга тагып гүлгө, шиберге
жамгыр дагы кирди себелеп.

Буркуратып тааныш жытыңды,
бар дүйнөмдү бөлөп бакытка,
өрттөсөңчү сагынычымды
ээриниңдеги ысык жалынга.

Көп санаалар көчүп көңүлдөн,
кыялымда өзүңдү өбөмүн.
Кагылайын күттүргөнүңдөн,
карааны али көрүнбөгөнүм!..
*1978-жыл*

* * *

Пешенеме бүтпөгөнүм,
жүрөгүмө бүтүп калганым,
күлкүңдү эстеп күндө сенин,
алигиче таңдайымдан,
даамы кетпейт ошол алманын.

...Күз. Сары алма. - Жечи! – десем,
- Тең болсун! – деп, күлүп Алтыным.
бөлүп туруп экиге сен,
чылап ширин жылмаюуңа,
мага бердиң анын жартысын.

Насибиңди бөлүшкөнгө
турду ичимде мээрим төгүлүп.
Билбептирбиз анда, көрсө.
көп өтпөстөн жарты алмадай
каларды биз эки бөлүнүп.

...Элестеле калып теңи,
көргөн сайын бүтүн алманы
ойго аларсың сен да мени –
пешенеңе бүтпөгөнүм,
жүрөгүңө бүтүп калганым.
*1987-жыл*

* * *

Алдымда үстүнөн жан ашырбаган
Сагыныч деген бийик ашуу, дабан.
Андан бир өтүп келет күлкүң гана,
жытыңан, элесиңен алып жалаң.

Сапсары тартып көшүп түн жатат да,
саргайып атат таңдар бул тарапта.
Жумулбайт кең жайылган ысык кучак.
Тургансыйт шашкаак мезгил учпай алга.



Күкүктөп аккан суулар, сайлар дагы,
кыялап түшкөн жолдор, бактар – сары.
“Жарк” деп от чыгат гүлдөн тийип кетсем,
кургатты көңүл көлүн кайгы аптабы.

Сүртүнүп саман өңүн толкуп-ташып,
өтүүдө жаз, жай санаа, ойду ырбатып.
От коңт алемимдин билигине
коңшу чал кемпири экөө колтукташып.

Сезбеген күндү, түндү, аралыкты
күлкүңдөй учуп келип каласыңбы?
Жөлөнүп турам жашыл үмүтүмө,
билбей ал тоону кантип ашарымды...
*1989-жыл*

* * *

Бий, тойго кийип барчу көйнөгүңө
окшотуп булуттарды – көктө сүзгөн,
сагындым бир сап ырдай каштарыңды,
сагындым чыкчу күндү көздөрүңдөн.

Алыста басып алып кыш этегин,
күркүрөйт түбүндө күз тереземин.
Жээги жок деңизинде жалгыздыктын,
кайыктай сүзүп жүрөм тегеренип.

Кыйкырсам үнүм сынат сага жетпей.
Байрагын сүйүнүчтүн көкөлөтпөй,
жүрөсүң кайда, кимдин көзүн өрттөп,
ууртуңа күлкү конуп көпөлөктөй.

Көңүлдүн сен салган бул көк музун-а,
ээрибей башканын эч көз нуруна,
саргайттым далай жаздын жалбырагын,
төшөлүп көз нурларым жолдоруңа.
*1978-жыл*

# “АК, КАРА” ЭССЕЛЕР ЖЫЙНАГЫНАН

## БАРЫМТАДА КАЛГАН ТЕЛЕФОНГО БАРАТКАНДАГЫ ОЙЛОР

- Таанышып ал. Бул киши көрүнгөнгө эле кол бере бербейт! - деди мен конокко чакырган киши кафени башына кийип. “Көрүнгөнгө кол бере бербеген” киши менен тааныштым. Бир министирликте катардагы кызматкер экен.

Коногум кийинки шеригин да оозун жык толтуруп мактады: - Муну менен да таанышып ал. Бул дагы туш келген адам менен эле учураша бербейт!

Тааныштык. Ал деле “Дордойдо” соода-сатык кылган жан экен.

...Баткен тарапка жолум түшүп, үч-төрт курдай баргам. Эки ирет кезигип калып, бул коногум үйүнө алып барып, жакшы сыйлаган. Эки мерте түнөп калгам үйүндө.

Анын башкалаага келгенин эшитип калып, мурдаган менде сакталып жүргөн телефонуна чалып, - “жеген ооз уялат” дешкени ырас да, - карызымдан кутулуп коймокко бир жакшы кафеге чакыргам сыйламак болуп.

Ал кечигип келди. Жок, тагыраагы, жарым сааттан ашыгыраак убакыт күттүрдү. Анан да жалгыз эмес экен. Үчөө. Үчөөсүнө тең “доңуз октун” чоңунан тийген экен.

Катарлаш отурушкандарды да, мени да көзгө илишпей, Мырза-Чөлдүн коон талаасында отурушкансып бакылдашат. Улам тартипке чакырган болом. Даячы /официант/ да эскерүү берди бир нече ирет.

Мен коногумду жалгыз чакыргам да. Баягы жылдарды эскерип, тынч, ширин сукбатташып отуруштu ниет кылгам. Анан да эң башкысы – менин чөнтөгүмдө эки кишинин жеп-ичкенине төлөгөнгө жетерлик гана пул бар эле.

Бир убакта коногум телефонун алып, чала баштады. Кудум өз үйүнө такилип кылгандай буйрук бере сүйлөдү: - Тез келип



калгыла. Такси кармап келгиле. Ушуерде машайт /эс алуу, сергүү/ кылабыз өлбөгөн жанга!..

Анан биз отурган кафенин дарегин айтты.

“- Өлдү го биягы! Мен муну жалгыз чакырсам, минтип үчөө болуп келсе... Эми дагы эки ортагын чакырып отурат. Акчам жетпейт. Кандай кылсам?! Бул кафенин ээси же мага тааныш болбосо!.. Өздөрүнөн карыз сурасам уят болот да! – деп, ичимден доңуздун этин жүнү, териси менен кошо жегенсип иренжип, туттугуп отурдум.

Коногум эки шеригинин ар кимге эле кол бере бербестигин, туш келген менен учурашпастыгын айтып, кайталап тааныштырды.

Баятадан бери жактырбай отурган жаным, сабырымдын чегарасы тарс эле жарылып кетти. Коногумдан да бийик, кудум аскер командиринин добушундай үнүмдү бийик чыгарып: -Эй, мен дагы ар ким менен эле кол алыша бербейм! – дедим.

Минтпесем алагүү коногум дагы тааныштырмак да. Туура иш кылыпмын. Ошондон кийин тааныштырганын токтотту.

Шүгүр, кийинки экөөсү келишпеди. Коногум бир нече жолу телефон чалды. Алардыкы өчүп калыптыр. Сыягы, мас немелер мунун чакырыгына маани берише алышпады окшойт. Бул мага жакты. Өтө жакты. Анан коногумду кечки тамакка чакырганыма да ачындым. “- Эрте менен же түштө сый көрсөтүп койсом болмок экен. Балким, ошондо соо келер беле?!” - дедим ичимден.

Чынында эле төлөөргө келгенде төрт адамдын жеген-ичкени бир кыйла болгон экен. Акыйкатымды уккан даячы “чонун” чакырды. Ага түшүндүрүп, кымбат эле турган чөнтөк телефонумду барымтага калтырып, эртеси саарлап пул апкелип, анан алып кеткенге келиштим.

Чала-бучук нанүштө /эрте менеки тамак/ кылган бойдон кечинде отурган кафеге баратам. Оюма 27 жашында муфтийликке жеткен, мусулман ааламындагы эң жаш муфтий

болгон ырамaтылык Мураталы, экөөбүз чай ичкендеги бир окуя түштү.

Ошондо да эрте менен болчу. Чоң көчөдөн бир машина улам эле "пипилдетет". Шаарда эмне көп, машина көп. Маани бербей кете бердим. Бир убакта менин атымды атаган добуш чыкты. Карасам – муфтий үкам Мураталы Жуманов.

Машинасына отургузуп алды. Кабагында кир, көзүндө булут бардай.

Каякка баратканымды билген соң: - Анчалык ашыкпаңыз. Бир чайнек чай ичели. Сизде зарыл иш бар. Сиз кандай масилаат берсеңиз, мен ошого токтойм,-деди.

Бир орто жаштан өтө түшкөн, намазкан татар киши мени кыйладан бери үйүнө зыяпатка чакырып жүргөн да. Убада боюнча кечээ кечке маал ошо кишиникине жөнөгөнү турсам, көп жылдар учурашпаган, он жыл бир мектепте окуган кыйбас санаалаш досум Ноокаттан үйгө келип калды. Өзүңүз билесиз, биздин шарияттa аялын бегана /жат, бөтөн/ киши менен калтырбайт. Досумду мейманканага алып барып коюшту ойлоп, ага дитим барбайт. Акыры"Өлүвам кетсин!" деп, ээрчитип алдым. Жеттик. Төртүнчү кабатта жашайт экен. Эшигинин түймөсүн бастык. Ал өзү чыкты. Кол алышып, эсен-соолукту сурашкан соң; - Бул киши ким?-деди.

Мен кандай болсо ошондой айттым.

- Кечиргейсиз, азирети муфтий! Мен сизди жалгыз чакыргамын да. Мунуңуз туура эмес! – деп, үйүнүн каалгасын ичинен илип алды.

Ошентип, түндө тынч уктай албадым. Бир туруп ал кишиге капа болом, бир туруп өзүмө иренжийм. Негизи эле сиздин оюңузда менин ага капа болушка, таарынышка акым барбы? Кандай кылсам адилеттүү иш жасаган болом? – деди.

Сөздү, оюмду чойгондон алыс жаным, шарт эле бетине айттым:
- Татар кишиники - туура. Сеники - натуура. Ал жалгыз чакырып, ыктымал, сени менен бир нерсени кеңешкиси келгендир. Болбосо бир мукум /зарыл/ иши бар чыгар. Ошон үчүн



өпкөлөшкө,таарышка акың жок. Негизи эле бирөө чакырса анан башка адамдарды кошо алып барыш адепке кирбейт да. Муфтий катары сен муну билесиң го! – дедим.

Мукең сырттан агын суу келип куйбаган, шамал толкутпаган көлдөй кыйлага дымып туруп, - Канкенде дагы өзүм деле көбүрөөк сиз ойлогондой пикирде болуп аттым эле. Туура айттыңыз. Бүгүн эми мен ошол кишини табып, үзүр /кечирим/ сурайын! – деп кеткен...

Азыр ошону ойлодум. Бирөө тойго же үлпөткө, кандайдыр бир маарекеге чакырса өзүнөн башка адамдарды ээрчитип барган жандарды ойлодум. Мындай окуялар арбын эле жүз берип келатат го. –Айылдан келип калган экен. Кошунам болот. Тууганым болот! - деп, бирөөнүн зыяпатын көрсөтүп, мактангысы келеби, же кардын бир тойгозуп алсын дейби, башкаларды кошоктоп келген адамдар бар.

Эмне, анчалык сыйлагысы келет экен, үйүндө, чөнтөгүнөн урмат көрсөтсө болбойбу?..

- Үйдө калтырганга киши жок. Ээчитип келе бердим да! – деп, жаш балдарын түн бир маал болгончо создукчуу үлпөттөргө, кечелерге алып келгендер бар. Адамдын жүзү ысык, чакыртылбай келген адамды ичинен жактырбай турса да зыяпат ээси калп эле жылмайган болот. Муну байкаш, андаш үчүн ашыкча акылдын кажети жок го. Акыры ушунун бардыгы адеп-ахлаксыздык, уятсыздык, келте акылдык, башканын жагдайын ойлобогондукка жатат да. Антпегенде акыры той, үлпөт, кече өткөрүп жаткан адам бардыгын, кафенин, ресторандын, ашкананын орундуктарын эсепке алат, тамак-аш да ошого ылайыкташат эмеспи. Биз, кыргыздар ушуну качан эске алабыз?..

- "Кафеде иштегендер келишти бекен? Эртелеп саат канчадан тартып иштей башташат?

Чакырылган жана мен чакырган киши чакырып келген "конокторумду" жаман көрүп, кыжаалатка түшүп отуруп, ушуну сурабай калган экемин, эх!..

## АЛДЕЙ

Алдей айтайын уктайгой менин наристем ,
Апакен сага чарчабайт бата бериштен.
Пайгамбар жолун улаган таза инсан бол,
Омурун узун болсо экен нурлуу периштем.

Кайырма :
Алдей , алдей , алдей , алдей , алдей ,
Омурун узун болсо экен нурлуу периштем .

Уктайгой балам апакен дагы эс алсын ,
Деминен сенин буткул ай- аалам тынч алсын .
Ак тилек айтып тербетсем арча бешигин ,
Периштелер да алдейлеп назик куу чалсын .

Кайырма :
Алдей , алдей ,алдей , алдей , алдей ,
Пайгамбар жолун улаган таза инсан бол.

Созу, обону : Буасия Абдуллаева

## АПАКЕМ

Апакем жарык берген кунум , айым,
Озгочо дем , куч берген жашоо шаным .
Уктасам алдейлеген жан куйорум,
Ойгонсом жарпым жазар жазгы таным .

Кайырма :
Асылым апакем ай,
Байлыгым , берекем ай,
Ойгонсом жарпым жазар жазгы таным.



Апакем сага омур тилеп келем ,
Баратам сенин баскан изин менен.
Канткенде тамчы сутун актай алам ,
Туйшолтот чонойтконун туйшук менен.
Кайырма:

Аракем берекелуу момо багым ,
Озуну корктондурор гулдуу шагын .
Белеке ушул ырды сунуп турам ,
Кут болсун кирип келген жаз майрамын!
Кайырма :

## АПАКЕМ

ойлуу

созу,обону. Буасия Абдуллаева




### Биздин үй-бүлө

Биздин балалык таза абасы , тунук суулары , бейиштей болгон керемет сулуулугу менен адамды арбап алган Карагой жайлоосунда өттү. Чоң атам молдо Абдулла айтылуу араб грамматикасынын башынан аягына чейин бириктирген Кафия китебин жаттаган, араб, таҗик, фарсы тилдерин мыкты билген



молдо болгон. Ал киши тирүү кезде биз атамды аке дечүбүз. (Бул атага болгон сый мамиле болсо керек.) Атамдын да диний билими болгондуктан көпчүлүк аны Арып максым, ажы деп аташчу. Ал биздин жети атабыз тең казы болуп өткөн деп айтып калчу. Атам диний баяндарды куюлуштуруп ыр менен айтчу. Сөзгө аябай чечен эле. Апам Адалат болсо атына заты жарашып, аябай ак көнүл, колу ачык аял . Ал үйүбүздүн жанындагы жолдон ары - бери өткөндөргө кымыз, айран ичирип жөнөтчү. Каймакка бышкан чаватысы (жупка) оозго салса ээрип кетчү. Апамдын чаватысын жегендер бүгүнкү күнгө чейин мактап калышат. Апам азыр 94 жашта. Карагойдо иним Давуд менен бирге турат.

Атам болсо 2007- жылы 3-январда, кыштын кыраан чилдесинде, үчүнчү Курбан айт күнү бизди таштап кете берди. Кудай Таалам атам менен апам экөөсүнө беш уул, беш кыз бериптир. Алар бизди пешене тер, адал эмгек менен эрезеге жеткиришип, эл катарына кошушту.

Чоң агабыз - Марип акем. Ал мектеп мезгилден эле математикадан аябай күчтүү болчу. Жогорку окуу жайда окуп жүргөн мезгилде каникулга келген сайын бизге тапшырма берип, акыл - насаатын айтып турчу . Институтту эң жакшы баалар менен аяктап , ошол кездеги “Россия” колхозунда бухгалтер болуп иштеп жүрдү. Андан кийинки бир тууганым бүгүн кеп кылчу “Маданияттын мыкты кызматкери”, обончу, аткаруучу - Шарип Абдуллаев.

Негизи дин инсанды жакшы жакка үндөйт. Аны туура кабыл алып, жакшы жакка пайдалануу адамдын өзүнөн деп айтар элем. Дегеним ыр ырдап. обон чыгарып адамдардын маданий жактан өсүүсүнө өз салымын кошуу менен бирге динди бекем кармап, намаз окуп жүргөн инсандарда жок эмес. Шарип акем атасы, чон аталары диний аалымдардан болгондугуна карабай куду ошондой дин менен искусствону айкалыштырган инсандардын бири. Ага аккордеонду Марип акем жогорку окуу жайдан каникулга келген убактары.

үйрөткөн. Шарип акем таланттуу экен. Ага кошул-ташыл аз өтпөй анча-мынча өз алдынча обон да чыгарып жүрдү. Басса-турса желкесинен аккардеон түшпөй калды. А тургай кээде талаага да көтөрүп кетет.

Кайра куруунун шамалы башталган ошол 1985- жылдары элибизге диний эркиндик берилди. Ошол себеп болдубу, айтор Шарип акем төрт балалуу болгондугуна карабай диний билим алууга аябай дилгирленди. Районубузда атагы чыккан Сулайман , Абибулла аттуу молдолордон күндө-күн алыс дарс ала баштады. Жогоруда айтканыбыздай араб тилин мыкты билүү Куран аяттарын, хадис маанилерин терең түшүнүү үчүн жети бөлүктөн турган Кафия китебин өздөштүрүү эң жакшы жардам берет. Шарип акем аз убакыт өтпөй эле ошол китептин биринчи бөлүгү болгон Биданды өздөштүрүүгө жетишти. Ачыгын айтсам акемдин ушунчалык тырышчаактыгына, изденүүчүлүгүнө, убакытты туура пайдалангандыгына ошол кезде эле аябай таң калчумун. Ишке, үй тирчилигине, диний билим алуу, чыгармачылык менен иштөө сыяктуу иштердин баарына жетишчү. Күн сайын 40-50 араб сөзүн жаттап, бат эле Мабдаьул кырат, Шифохия сыктуу арабча китептерди которуп баштаган. Диний илим алууну андан ары да терең улантууга аракет кылганда атам ыраматылык балдарың жаш, алардын тамак ашына, тарбиясына кароон керек деген сунушун айткан экен. Ким билсин балким илимдин андан ары улантканда Шарип акем обончу эмес, аалым болуп калса керек эле. Бул да болсо жараткандын ага жазган тагдыры.

Шарип акемдин жубайы Саткынбү жеңем жароокер жан эле. Ичинде кири жок, качан барсаң төшөктү калың салып, дасторконун жайнаткан жакшы аялзаты эле ыраматылык. Жазмыш экен чын ааламга эрте кете берди. Ошондо балдарынын кенжетайы Саидмырза беш жашта эле. Шарип агам аны өзү тарбиялап өстүрдү. Айтууга оңой, бирок агам турмуштун мындай сыноолоруна сынбады. Майышпады. Өзүн жоготподу... Сабырдуулук менен улам алга кадам



таштады. Убакыттын өтүшү менен Шарип Абдуллаев “Маданияттын мыкты кызматкери”, белгилүү обончу жана аткаруучу катары жалпы журтубузга таанылды. Агамдын маданият жаатында эмгектенгенине быйыл 37 жыл толуп олтурат. Бул аралыкта райондогу ар бир маданий иш - чаралардын өтүшүндө Шарип Абдуллаевдин өзгөчө салымы бар десем жаңылышпаймын.

Акемдин 150дөн ашык обондору бар. Ал 1987- жылы улуу октябрь революциясынын 70 жылдыгына карата Анатай Өмүркановдун " Ата сөзү " ырына обон чыгарып, райондук фестивалда биринчи орунду алган. 1993- жылы Ош, Жалал-Абад, Баткен областарынын 35 жашка чейинки обончулар арасында өткөн конкурста 120 обончунун арасында Өктөм Мамаеванын "Дил кумар" ырына обон чыгарып, биринчи орунду алган. 1993- жылы областтык Сармерденде эстрадалык ырлар боюнча Салима Шарипованын " Сулууга" деген ырына обон жаратып, биринчи орунду ээлеген. 1995- жылы “Манас” эпосунун' 1000 жылдыгына карата Таласта өткөн фестивалга катышкан. 2000-жылы ордолуу Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата өткөн фестивалда "Сыймыгым - ордолуу Ош шаарым " аттуу ыры менен (сөзү, обону өзүнө таандык) биринчи орунду алган. 2009- жылы Ноокаттын 80 жылдыгында Ноокат жөнүндө жазылган ырлар боюнча өткөн кароо-конкурста "Ноокатыма ыр десте" (сөзү, обону өзүнүкү) аттуу ыры биринчи орунга татыктуу болгон. 2016- “Тарых жана маданият жылында" Майрам Нурматова менен биргеликте жазып, обон чыгарган "Достук ыры " да калыстар тарабынан жогору бааланып, биринчи орун берилген. Мындан тышкары 2021- жылы Ырысбай Абдыкадыровдун 85 жылдыгына карата , республикалык кароо сынакта Турабай Жороевдин Ырысбайга арнаган " Жаз жөнүндөгү ыр" чыгармасына обон жаратып, ал чыгармасы экинчи орунга татыктуу болгон. “Алма сабагынан алыс түшпөйт” демекчи өзөгүбүз дин менен сугарылгандыктан Шарип агам мурда

...арса кийинки учурда
Мухаммед (сав ) пайгамбарыбызга, таалим – тарбияга, адеп-ахлакка чакырган чыгармалардын үстүндө иштеп келет. Биз ага карындаш катары кээде Шарип акем менен баарлашып калганыбызда :"Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңет дегендей , өз мүмкүнчүлүгүмө жараша аракеттендим. Бассам, турсам Жаратканга таянып жашоо кечирип келемин. Ушунусунда да шүгүр. Ал эми жаштарга билим алып, өнөр кесип үйрөнүүгө, дос менен өмүрлүк жолдошту туура тандоо өзгөчө көңүл буруууга чакырып кетмекчмин. Ушул үч нерсени туура тандаган инсан жашоосуна нараазы болбосо керек." деген ойдомун деп айтып калат.





Бүкадича АКИМЖАН - Карагойдо туулган.
“СЫРДАНЕК” жыйнагынын автору.

## МИГРАНТ

Дүйнөнүн ар бурчунда шарактаган,
Метронун үнү көөнүн мазактаган.
Мигранттын жүрөгүндө муң-зары бар,
Күлсө да күлкү ууртуна жарашпаган.

Жуурулуп дүйнө менен баратса да,
Жулунган ойлор дилди канатса да
Журтуна өгөй болуп бир муун өсөт,
Мезгили өз өкүмүн талашса да.

Дүйнөнүн ар бурчунда шарактаган,
Бейоопа үндөр дилди мазактаган.
Мигрантты мите курттай кемирет ой,
Тумандай көңүл бугун тараттпаган.

## КӨЧМӨН АЯЛ

Көч дүйнө, көчмөн дүйнө калдактаган,
Көч баштайт аял - эне жалтактаган.
Көтөрүп желкесине көп түйшүктү,
Көрүмсүз үмүт коштойт алдастаган.

Көч убагы көчөттөй көркөм элең,
Көчүп конуп көктөмдү көрсөм деген.
Көр оокатка аралаш кыял менен,
Көчүп жүрдүң дүйнөдө көксөө деген.

Турмуш дайым тургансыйт кезеп муштум.
Туз буйруган жерлерде жазды күтүп,
Туулган жерге кайрылбай эчен учтуң.

Айланкөчөк жолдордо азап тартып,
Көчөт дүйнөң саздакка барат батып.
Көч жолунда жаштыгың жайраганын,
Көрбөй койгон заманга арман артып.

Көч уланат көнүмүш адат менен,
Көчмөн аял турмуштан запкы жеген.
Күн чыгаарын унутпа түн артынан
Сабыр түбү сары алтын деген Эгем.

Көч дүйнө, көчмөн дүйнө жай албаган,
Көшөрүп күчтөн такыр тая албаган.
Көсөмдүк кылып көчмөн аялзаты,
Көтөрөт турмуш жүгүн жай алдаган.

## ДӨҢГӨЛӨКТҮҮ АЯЛ

Дөңгөлөгү – турмуш жүгү мойнунда,
А күнөөсү ыйбаа-ызаат оюнда.
Эркек улук, эркек ыйык! - деп жүрүп,
Көп кордолду аял турмуш жолунда.

Дөңгөлөктүн ташы турмуш муштуму,
Мелтиреген эне – чындык учугу.
Мерездиктер чакалаган суу болуп,
Төгүлүүдө баштан-аяк утуру.

...Өлдү бүгүн, өлдү аял жүрөгү,
Муз каптады жылуу-жумшак түнөгүн.
Тирүү өлүк энелерди эстетип,
Аял турат... үнсүз, ыйсыз түнөрүп.



Унчукпаган урса-соксо турмушу,
Улутунуп кайыл-дүйнө турушу.
Ушаланып уч-кыйырсыз ааламга,
Уккула! - дейт, ачуу чындык ушуну!

Мен да аялмын дөңгөлөктүү дүйнөдө,
Жашайм үнсүз бул тагдырга күймөнө...

## ОЙ ТОЛГОО

Көөдөндө таарыныч... кусалык бар,
Узун жол... көңүлдү улагыс, тар.
Көксөөсү кегимдин алынганда,
Кимдендир кечирим сурагым бар.

Жүрөктө кетпеген ызалык бар,
Кектесе көмөкөй чыдагыс, зар.
Көп нерсе күтпөгөн өмүрүмдөн,
Көңүлдүн сыныгын сурагым бар.

Санаадан кетпеген убагым бар,
Сан ойду жектеген курагым ал.
Сапырып сенделген сезимдерди,
Сапарга жалгыздап чыгарым бар.

Бүтүмгө келбеген чечимим бар,
Чайналып бүтпөгөн кечигүүм ал.
Каректе карааны калган үчүн,
Кайрадан негедир кечиргим бар.

Жашоодон түңүлгөн убагым бар,
Аскадан таш болуп кулагым бар.
Ааламдан айласыз кетээр күнү,
Артымда не калды? Сурагым бар?!..

## ТООНУ ЖҮРӨМ САГЫНЫП

Көк тиреген тоолор мени сагынып,
Жүргөн чыгар энекемдей таарынып.
Ак калпактуу атам окшоп аскасы,
Аппак кардан чепкенин да жамынып.

Жаман кызың жүрөт тоосун сагынып,
Арча жытын тумар кылып тагынып.
Кекиликтей кетпей сенде жүрүүгө,
Кетсем окшойт... шаарынан агылып.

Айыл... апам... жайлоо жыты коштолгон,
Аба таза... тоонун деми жоктолгон.
Каңылжаарым жарып жыты нанындын,
Баргым келди күндөрүмө жок болгон.

Айыл... атам... жаздын жыты коштолгон,
Тоодогу үй... жалгыз чырак жоктолгон.
Узу-ун түндө ороп алып тонуна,
Жомок айтчу атам азыр жок болгон...

***

Турмуштун элегинен өтүп өтпөй,
Туурулду жүрөк тилкем эчен ирет.
Туз сепкен жарасына карттанбаган,
Турнамын келбес жайды мекендеген.

Тунарган ойлор келет татымы жок,
Тун бакыт ушул беле батымы жок?
Туташып кеткен менен эт жүрөгүм,
Тушалат жолдор, жолдор - багыты жок.

Азамды айтып барар адам таппай,
Озондон ыйлап жатам үнсүз гана.
Азаада көңүл калды жетимсиреп,
Маңдайы сыланбаган кайсы жайда?



Жалгыздык шыбырашып көңүл айтат,
Жалкыган өмүр жолдун көбүн айтат.
Ыйыма орток болор жанды таппай,
Ызадан муунган өзүмдү айтат.

Турмуштун элегинен өтүп өтпөй,
Туурулду жүрөк тилкем эчен ирет.
Туз сепкен жарасына карттанбаган,
Бир өмүр балким муңдуу эскерилет.

## ЗИЛЗАЛА

Өлбө үмүт... өлбө үмүт жаз келет,
Сур булутту сүрүп бакыт апкелет.
Таңды күтчү... Бир жарыкты эш тутуп,
Балким жардам күтүүсүздөн бат келет.

Үшүйт... үшүйт дилдиреген жүрөгүң,
Кыйрап калды жылуу жумшак төшөгүң.
Урандыдан жаңырат үн кайталап,
"Үнүмдү уккан барбы, барбы" сүйлөгүн.

Таңды тоспой канчалаган жан кетти,
Бейпил турмуш агымынан шаң кетти.
Бешик болуп термелгенде Жер эне,
Бейиш көздөй уйкудагы жан кетти.

Кыяматы адамзаттын көп кабат,
Ыза, муңу ушул күндүн таркабайт.
Урап жатты будуң чаңда бир чындык,
Ажал улук, тилектерди талкалайт.

Бир жылуулук, бир мээримди эңсеген,
Адалдыкты алып жерде тепсеген,
Адамзаттын алсыздыгын айкындап,
Табигаты ичтен балким кектеген.

***

Үлгүрдүмбү жашап деймин ичимен,
Баар таптымбы деги азыр ишимен?
Байкатпастан өлүм келсе алдыма,
Жүзү жарык кетер бекем ушу мен?!.

Өлүм менен, өмүр менен жарышып,
Өзүмдү издеп эчен жолдо майышып,
Өчүп жанган өзөгүндө чындык бар,
Өжөр үмүт анан абийир алышып.

Алдым сабак окуучудай экичи,
Жанылбадым турмуш сенден дегиси.
Келсе деле кайра-кайра кулаган,
Ишенчээктик адамдымгым белгиси.

***

Чындык ачуу... Майыштырып эркимди,
Торойт жолдо суроосу көп тагдырым.
Качан кантип өчүргөнүм үмүтүм,
Көрүп бүгүн үнсүз көпкө жашыдым.

Сороото албай солуктаган өзүмдү,
Коомай карап аяп турдум алыстан.
Колум барбай таптаганы далысын,
Тиктейм үнсүз ... Алсыз чыгып дабышым.

Канча жолу өлүш керек жашоодо?
Кайра качан тирилери белгисиз.
Тирүү өлүк өмүр сүрүп катардан,
Арнап өзүн бир катага кечилгис!



Жазасы бул кечип кеткен өзүңдөн,
Капкараңгы жолду түптөп көнүлдөн.
Жашай берет карып болуп бир сезим,
Кайтып бергис арман болуп өмүрдөн.

Дербиш өмүр... Делбелектеп эсепсиз,
Дейди жылдар өтөт... өтөт дарексиз.
Жашыл жарык тутандырып жашоомо,
Бир сезимден айыгамын себепсиз.

Жашоо мага бакыт берип кайрадан,
Бир өзүңдөн айыгамын себепсиз ...

***

Паанек издеп дербиштей
Деңиз...тоолор... Мекеним,
Издейм түнөк жүрөктөн,
Таба алаар бекемин?

Толкундары бой урган,
Деңиз мага өгөйдөй.
Тоолор кирет түшүмө,
Кусалыгым өгөөлөй.

Арча жыты буруксуп,
Аластаймын дүйнөмү.
Ага албаган көлчүктөй,
Толуп ташуу, күймөнүү.

Улар болуп тоодогу,
Тумар болуп ойдогу,
Тушап алган дилимди,
Жолоочумун жолдог

## КЫШ АНАН СЕН

Кыш анан сен... Аруулукту тартуулап,
Кардай муздак бирок неге элесин.
Кайталангыс жаштык менен кошулуп,
Билбейм эми качан кайра келесиң.

Көкүрөктө көксөө турат арылбай,
Көлкүлдөгөн кусалыгым жазылбай.
Көрмөксөнгө салам дайым ушинтип,
Ырлар калат анан нечен жазылбай.

Ташка айланып таарынычым качанкы,
Жанбай койду....танбай койду сүйүүдөн.
Тамчы тамчы сапка айланып сагыныч,
Талбай койду....калбай койду күтүүдөн.

Үмүт берип.... Күйүт берип ашыккан,
Түштөр жалган...сезим анык ашык жан.
Мен дүйнөнүн өгөй кызы багы жок,
Турам азыр... коркуп сага барыштан.

Туздап мени кызганычтан ашыкпаң,
Музга айланган....ишеничтен калышкан,
Көздөр гана көрөт башка түшкөнүн,
Жүрөк танат...коркот жалгыз калыштан.

Танат...табат...кайран башта жалгыздык,
Көкүрөктө күйүт... Арман...Алсыздык...





Бөрүбек ЭРГЕШОВ - 1974-жылы Кыргыз-Ата айылында туулган.

## ӨТӨР ӨМҮР

Аба таза, жамгыр турат себелеп,
Ой түрмөгүм алып учат эселеп.
Күзгү жамгыр чыйрыктырган шыбырты,
Күүлөп турат ашууларга жетелеп.

Саргайышкан өңү качып жалбырак,
Дирилдешет кумсарышып алсырап.
Желбиребей жаздагыдай жайдары,
Күбүлүштү көз алдымда жалдырап.

Саргайышкан тоолор, талаа,түздүктөр,
Коңторулган айрым айдоо күздүктөр.
Мен бараттым кол чатырдын алдында,
Эртеңкиге, жакшылыкка үмүткөр.

Жашоо сынап, мезгил түскө алмашып,
Өмүр күнүң өтөөр экен жалгашып.
Жаштык кеткен өмүрүмдөн кол булгап,
Жазым менен жетелешип кармашып.

Өтөөр өмүр мезгил менен жалгашып,
Жазы күзгө. күзү кышка алмашып...

## ЭНЕ ТИЛИМ

Эне тилим, сен кымбатсың баарынан,
Өзүң менен мен ааламды тааныгам.
Сен гүлдөсөң, сен өнүксөң көкөлөп,
Дагы далай журтка кенен таанылам.

Далай кылым белестерин карыттың,
Карт тарыхтын барактарын жаңырттың.
Канчалаган доорлордун катмарын,
Кээде гүлдөп,кээде жүдөп арыттың.

Эне тилим - эне сүтүм оозанткан,
Эркелегем эне тилде оозанган.
Эне тилим дүйнө элине алынып,
Алгалай бер калбай жарыш ооматтан.

Тилим менен тарых көчү улансын,
Тилим менен изги ийгилик куралсын.
Тилим менен дүйнө эли таанышып,
Урпактардын уюткусу кубансын.

Эне тилим алгалагын ачылып,
Ааламдардын аймагына чачылып.

## ЖӨНӨКӨЙЛҮК ТАНДАГАНЫМ

Жөлөнүп атактууну жандабадым,
Жупуну жөнөкөйлүк - тандаганым.
Жан дүйнө азык болуп берер деймин,
Жашоодон кеткен кезде камдаганым.

Жалжылдап жасакерлик үйрөнбөдүм,
Жан үрөп башкаларга күймөнбөдүм.
Жөн гана жан дүйнөмдү жасалгалап,
Жүрөккө жөнөкөйлүк үйгөндөнмүн.



Умтулам көптү окуп билүү үчүн,
Изденип иргеп тактап илим күчүн.
Ичимден чыгарбастан аянамын,
Билгеним ичке катып, үйүп бүтүн.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Бейиштей менин туулган жерим,
Тоо-түзүң бойлоп нанынды жедим.
Өзгөчө өңүң ар мезгил ар кыл.
Өстүрдү алкап өзүңдүн демиң.

Көктөмдө толкуп дайрасы ийет,
Күн нуру жаркып тоо ашып тийет.
Меймандос журтум кымбатын сактап,
Ала Тоо сымал ак калпак кийет.

Жайында сонун кулпурат баары,
Алмасы байлап, суусу – бал, дары
Үзүлбөйт катуу аптапта деле,
Аскадан жаркып мөңгүлүү кары.

Күзү бир сонун бышыктык бышкан,
Береке жайнап бет келген туштан.
Кыргыз-Атам бул - туулган жерим,
Сыймыгым сенсиң жашоодон уткан.

Кышында ак кар убагы менен,
Атың бир сонун мааниси терең.
Айылым менин сен десем толуп
Көкүрөк кере кулачым керем,

Кыргыз-Атам бул - туулган жерим,
Өрлөнүп өстүм өзүңдө сенин.

## ТИЛИҢ МЕНЕН УЛУКСУҢ

Тилиң турса босогодон кире албай,
Сүйлөп-сүйлөп бир нерсени биле албай,
Иш жүргүзүп кете албаса келишип,
Мекениңде мамилеге сиңе албай,

Улуттугуң кайда калат мактанган,
Тээ кылымдан өз тилинде сакталган.
Манас деле ооздон-оозго көчүлүп,
Башкаларсыз кыргыз тилде макталган.

Өгөйлөсө башка тилдер темине,
Өксүп турса өз жеринде, элинде,
Мамилеге жарабаса тең тайлаш,
Баркы канча эне тилдин жериңде?

Кыргыз тилге сен куйбөсөң куйүнүп,
Кыргыз тилде сүйлөбөсөң сүйүнүп,
Башка тилдүү куймөк беле тилиңе,
Эне тилге күй жүрөктөн күйүнүп.

Тилиң турса босогодон аттабай,
Жүрсөң өзүң өз тилиңди барктабай,
Билгин көп тил колдоно бил ордунда,
Өз тилиңдин баалуулугун таштабай.

Тилиң менен улут болуп өсөсүң,
Тилиң менен улут болуп көчөсүң.
Ким болсо да Кыргызстан – Мекенде,
Кыргыз тилде кызмат, милдет өтөсүн!



## КЫРГЫЗ БОЛГУН ТИЛИН АЛГА СҮЙРӨГӨН

Кыргыз эмес кокту-колот бөлүнгөн,
Куту качат кымбат баалуу төрүндөн.
Калпак кийбей окшошсоң да башкага,
Кыргыздыгың айтып турат өңүндөн.

Кыргыз эмес кыргыз тилин сүйбөгөн,
Кыргыз тилдин кемдигине күйбөгөн.
Кыргыз тилин тебелетип башкага,
Кыргыз тилин туңгуюкка сүйрөгөн.

Өнүң кыргыз, өзүң кыргыз баласы,
Өз тилиңдин айтчы, барбы чаласы?
Өгөйлөсөң өз тилиңди үйүңдө,
Өзгөлөрдүн кана берет табасы.

Алгын калбай өзгөлөрдөн илимди,
Ала-Тоодой бийик сакта тилиңди.
Ак калпагың баштан түшпөй дайыма.
Абийир менен бекем туткун дининди.

Кыргыз болгун кыргызчалап сүйлөгөн.
Кыргыз болгун тилди алга сүйрөгөн.

## АЛ - МУГАЛИМ ЭЖЕКЕМ

Тамга таанып үйрөткөн,
Туура сөздү сүйлөткөн,
Терең билим алдырып,
Туш тарапты гүлдөткөн,
Ал мугалим эжекем,
Илим жолун бүрдөткөн.

Жазуу жолун жарыткан,
Жолго салып даанышман,
Жалкоолуктун жагдайын,
Жакындатпай алыстан,
Ал - мугалим эжекем,
Жашоо жолду тааныткан.

Таякчадан баштатып,
Так эсепти жаттатып,
Көбөйтүүнү, бөлүүнү,
Тууралатып тактатып,
Ал - мугалим эжекем,
Мээге койгон сактатып.

## КЫРГЫЗЫМ

Кыргызым, улуу көчтүн урпагысың,
Мезгилдин калышпаган тулпарысың.
Калса да канчалаган зарыл иштер,
Мейманга ызат менен чуркарың чын.

Кыргызым кылым улап үзүлбөгөн.
Кең пейил кыраан элсиң кулүндөгөн.
Кыйындык болсо дагы жан чыдагыс.
Кантсе да Жараткандан түңүлбөгөн.

Кыргызым ар-намысын бекем туткан,
Кармашса намыс бербей мелдеште уткан,
Өркүндөп өсө берсин уул-кызың,
Өксүбөй өдөлөшүп бүтүн туштан.

## ЭНЕ ТИЛ

Эне тил адамзатта бирөө гана,
Сүхйлөсөң эне тилде моокум кана.
Тартуулап мурас кылып ата-бабам,
Калтырган энчилешип сага-мага.



Тил - улук, ата-бабам сүйлөп келген
Бийикке, ийгиликке сүйрөп келген
Тилинди сүйлөп турсаң мукактанбай,
Бут элиң курсан болмок сенден-менден.

Эне тил - энең сүлөп оозанткан тил,
Эне тил заади муштун оозанган бил.
Дүйнөгө канчалаган чыгарманы,
Тандантып бүт ааламга оодарган тил.

Эне тил бай тилдерден кыргыз үчүн,
Кылымдап кылымдардан келди бүтүн.
Арнагын эне тилге мээримиңди,
Сактоого кыргыз тилин ушул бүгүн.

## СҮЙӨЛҮЧҮ МЕКЕНДИ

Ак чокуга ак булут көнүшкөндөй,
Аралары жапжакын көрүшкөндөй,
Алп тоолордун арасын ак булуттар,
Ак калпактуу кыргызга бөлүшкөндөй.

Табияттын кооздугун карасаңчы,
Таң калтырар керемет санасаңчы.
Тим болбостон Мекенге кызмат менен,
Талыкпастан мээнетиң жасасаңчы.

Жашыл төрлөр, кашка суу шаркыраган,
Ак мөңгүлөр көз уялтып жаркыраган.
Сүйөлүчү Мекенди ыйык тутуп,
Бабалардан мураска асыраган.

## ЫРГА САЛАМ СЕНИ МЕН

Сулуулуктун көркөмү кең сендеги,
Мелт-калт кылып көңүлүмдү термеди.
Күбө болгон ойлорума сыяктуу,
Жай керимсел саамайыңды сермеди.

Ажарыңда айдын нуру тургандай,
Көркөм мойнуң кызыл күмүш кумгандай.
Ай чырайың мүнөзүңө жарашып,
Эч кемтиксиз дааналыкты сунгандай.

Көркөмүсүң көзгө сүйкүм жандардын,
Перисисиң бул өтмүштүн, жалгандын,
Катарлашкан топ сулуулар ичинен,
Көзүм түшүп көркөмүңө таңдандым.

Сулуулардын арасынан терилген,
Сылык мүнөз сый арттырар кебиңден.
Ырга салып бир өзүңдү даңктайын,
Ай сулуусу бул жалгандын керилген.

Ай сулуусу бул жалгандын керилген,
Адашпагын аңдып жүргөн теңиңден.
Күүгө салып даңктап ырдап жүрүшсүн,
Обончулар обон созуп элирген.

## КЕЛЕЧЕКТИН КҮҮЛӨРҮНӨН ТЫҢДАЛАР

Таланттардын талаасында Ырыспай,
Ташты бөлө чапкан өткүр кылычтай.
Талантына эли баасын беришер,
Таазим кылып көкүрөктө унутпай.



Ырдын пири, сырдын пири Ырыспай,
Асмандагы калкып учкан булуттай.
Кыргыз элиң сен сыяктуу ырчысын,
Аздектешип сактайт баасын унутпай.

Ыргактарың оболонуп терилген,
Ой-кыялды ойноктотуп демиткен,
Обондоруң баары жакын жүрөккө,
Уккан жандын көңүл кушун элирткен.

Кыргыз барда обондоруң ырдалар,
Жаңы демге, жаңы сырга сырдалар.
Бийиктикке дагы далай өр алып,
Келечектин күүлөрүнөн тыңдалар.

## СЕН, ТЕЛЕФОН

Телефондон көптү билдим, тааныдым,
Дагы деле көптү келет тааныгым.
Сен телефон укмуш эле нерсесиң,
Түнөк тапкан жүрөгүнөн баарынын.

Кол беришип учурашып көрүшпөй,
Баарлашабыз аң-сезимдүү чөгүшпөй.
Тээ качандан кездешпеген тааныштай,
Бир биринен алыстаган бөлүктөй.

Сен телефон укмуш болдуң...табылгы,
Сымбатыңды бийик тутуп алыңды,
Сен бар жерде телевизор өчүлүп,
Баракталбай китеп бети жабылды.

Сен телефон уйку бербес түнүндө,
Колдон түшпөс же күндүзү күнүндө,

Нерсе болдуң адамдарга эң жакын,
Изденишер сен болбосоң бүгүндө.

Сен телефон укмуш болдуң табылгы,
Мээге айдап баш айлантар жалынды.

## НЕ ПАЙДА?

Тарап, кашып бакпаса,
Тизгин кагып чаппаса,
Күлүгүңдөн не пайда?

Сөзмөр болсо керилген,
Чыр издеген кебиңден,
Чечениңден не пайда?

Баатыр болсо элдери,
Байым болсо жерлери,
Баш болбосо не пайда?

Уул-кызың көп болсо,
Төгөрөгү төп болсо,
Ата-энени карабас,
Алоолонгон өрт болсо,
Уул-кыздан не пайда?

Илим болсо адепсиз,
Из калбаса... дарексиз,
Илимиңден не пайда?

-Мен жалгызмын! - деп теминбе,
Кырлуу дөбө белинде.
Ылдый жүрөр күндөр бар,
Аны эсиңден кетирбе.





Бүажар ШЫРДАКОВА - 1969 жылы Көк-Жарда туулган.
Биринчи ырлар жыйнагы ,,Жан дүйнөмдүн кыйкырыгы"деген ат менен чыккан.

***

Ыңаалап ыйлап келип бул дүйнөгө,
Кетээрде келме менен кеткен жакшы.
Кемселдей зар болгончо чоң түймөгө,
Кемселден этек-жеңдүү чепкен жакшы.

Жолдо да кеткен эмес келген жакшы.
А колдо алган эмес берген жакшы.
Кай жерге чачып койсо ырыскыңды,
Жаш кезде жалкоолонбой терген жакшы.

Жерге да, асыл үрөн сепкен жакшы,
Нак өпкө, асый куйрук эттен жакшы.
Бектериң эл мүдөөсүн аткарбаса,
Бел байлап, эрдик кылып кеткен жакшы.

## ЖАШООНУ КИМДЕР СҮЙБӨГӨН

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Кош атын чегип сүйрөгөн.
Алпештеп багып уул-кызын,
Кыз берип, уулун үйлөгөн.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Адам жок ташпиш үйбөгөн.
Коломто оту кор болуп,
Жалыны өчүп үйлөгөн.

Адам жок ыйлап күлбөгөн.
Сагыныч куса жүгөндөп,
Сары зил болуп жүдөгөн.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Канчалар өткөн дүйнөдөн.
Ырайым кылып жараткан,
Жолдорун оңго түздөгөн.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Тагдырлар түркүн түрдөгөн.
Жашоого тойбой адамзат,
Жаңысы өнүп бүрдөгөн.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Жанашып жакшы үндөгөн.
Жаралып жакшы жамандар,
Кайра эле баштан түрдөгөн.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Ойлонуп жаным күймөнөм.
Улгайган сайын жаш өтүп,
Удургуп жаным күүлөнөм.

Жашоону кимдер сүйбөгөн,
Жашырбайм, жанды сүйбөгөм.
Картайган сайын өзүңдү,
Эх жашоо, сендей сүйбөгөм!..

## ТИЛ МАЙРАМЫҢАР МЕНЕН КУТТУКТАЙМ

Кыргыз тилим, эне сүтүм азыгым.
Каным, жаным, каруу күчүм, казыгым.
Кылымдарга кыйыр изин жашырган,
Кыргыз тилим - өчпөс көөнө тарыхым.



Эне тилди ууз сүттөн наар алгам.
Бир тамчы кан, калдыгынан жан алгам.
Өзгө тилге талгак болбой апалар.
Накта кыргыз боор этинен жаралган.

Өзөктүүдөй өзгө тилде сүйлөдүк.
Өгөйлөдүк, тилибизди сүйбөдүк.
Дудук, кереҥ, сокур беле ар кылаар,
Неге тилге наристедей күйбөдүк?

Тилибиизди өгөйлөдүк, жээридик,
Келечекке бере албайбыз кепилдик.
"Билип туруп суугa сийген молдодой"
Тилден чануу, билсек дагы кесирдик.

Кыйын эмес башка тилде сүйлөгөн.
Түркөй, тексиз өз тилине күйбөгөн.
Өзгө тилди көкөлөтүп өйдөгө,
Эне тилин арсыз акмак бүктөгөн.

Өз тилибиз, өгөйлөбөй даңктайлы.
Эне тилде сүйлөгөндү мактайлы.
Аталардан калган мурас асыл кеп,
Уюткусун улуу журтка сактайлы.

## КЕЧИР, АПА

Бейишим дейм, батаңды ала албадым.
Көзүң барда ырымды жаза албадым.
Эстегенде өзүңдү ичтен сызамын,
Жаратындай чириген карт алманын.

Мээнетинди бөлүшүп ала албадым.
Чыдабадым кыйналганда кара жаның.
Бейишим дейм, кайдагы бейиш билбейм.
Акталбады ак сүтүң, берген наның.

Тирүүңдө баркыңа жете албадым.
Тирилик деп жаныңа бара албадым.
Бейишим деп белегиндей өз кызымдын,
Кечир апа, мен сага бере албадым.

## АРМАНДАР КУЛАП ЖАТТЫ

Кубантса уул-кызым,
Кылгырды көздөн жашым.
Тилдедим мен өзүмдү,
Иштебейт кабак башым.
Өзүмдү жооткоттум,
Акча аз анда башка,
Кеңири болбой ашым.

Кубантса кызым, уулум.
Козголду, арман муңум.
Мээнетиң, кайтарбагам,
Жакшы сөз айталбаган.
Же сырын каталбаган,
Кечиргин кайсар кызың,
Жакшы сөз айталбаган.

Ичимде бук арманым,
Буулугуп үнсүз ыйлайт.
Кылгырып көздөн жашым,
Жүрөгүм боздоп сыздайт.

Көзүмдөн жашым агып.
Токтобой кулап жатты.
Кубанчым бойго сыйбай,
Армандар кулап жатты…



## ЖОМОКТОЙ ЖОК ДҮЙНӨМДҮ ИЗДЕП ЖҮРӨМ

Жоготкон жок дүйнөмдү жолду карап,
Жомоктой жок күндөрдү күтүп жүрөм.
Тагдырдын табышмактуу күндөрүндө,
Бир күйүп, бир чыйрыгып үшүп жүрөм.

Бир күйүп, бир чыйрыгып үшүп жүрөм.
Бир күлүп, канат байлап учуп жүрөм.
Тагдырга наалыбадым, таарынбадым,
Бир гана жылуу сөздү күтүп жүрөм.

Кыялдын күлүк атын минип алып.
Капталга ыр куржунун илип алып.
Жомоктой жок күндөрдү издеп жүрөм,
Тирүүлүк базарына кирип алып.

Тирүүлүк базарына кирип алып,
Абийирден аппак көйнөк кийип алып,
Жашоону жаным менен сүйүп жүрөм,
Турмуштун жон терисин тилип алып.

## ӨЗ ДҮЙНӨМДӨ ЖАШАЙМЫН КИРИП АЛГАН

Чарчадыңбы, мен да чарчадым.
Көтөрдүм го күнөөсүнү канчанын.
Жан дүйнөм ай, тыбырчылап тепкилейт,
Калган өңдүү таманында танканын.

Бул жашоонун көрдүм жакшы жаманын,
Өзгөгө эмес, мен өзүмө капамын.
Мен өзүмчө туура жолум тандаган,
Балким жолу билинбеген катанын.

Балким сезбей капа кылдым жакыным,
угуп укпай улуулардын акылын.
"Тоолор жылса"ишен досум көзүнө
Кечир чабал, өзгөрбөгөн акыныӊ.

Чабал атты, чакырып минип алгам.
Чаӊкаганда чындыкты ичип алгам.
Өзгөрүлбөс дүйнөмдү тууган кылып,
Өз дүйнөмдө жашаймын кирип алган.

## ТУРМУШ

Турмуш бул кээде ачуу, кээде таттуу,
Турмуш бул кээде жумшак, кээде катуу.
Турмуш бул кээде өйдө, кээде төмөн,
Турмуш бул кээде муӊдуу, кээде шаттуу.

Өӊүрдөн өйдө тарта көкөлөтсө,
Эс учуӊ жоготуп сен өпкөлөбө.
Төшүӊ ыктап төмөнгө чөгөлөтсө,
Тагдырга башыӊ ийип жөргөлөбө.

Турмуштун ысыгы бар, суугу бар,
Ысыкка таптап сени бир күйдүрөөр.
Чилденин чыкылдаган суугундай,
Үшүтүп чыйрыктырып бир тоӊдураар.

Турмушуӊ кээде шаӊдуу, бактылуусун,
Турмушуӊ кээде муӊдуу, кайгылуусун.
Кайгынын кайыгында чөксөӊ дагы,
Эх чиркин, жашоо кандай супсулуусун.



## ЖАШЫРБАСТАН БАР-ЖОГУМДУ БӨЛҮШӨМ

Тирүү элем, түз тикемден мууздады.
Ысык элем, дене бойум муздады.
Улгайганда уу ичирип жакыным.
Бакытымды тар идишке туздады.

Тирүү элем, бир сөз менен өлтүрдү.
Көз жашымды жамгыр кылып төктүрдү.
Жээгиме жетээримде кубанып,
Кайыгымды капысынан чөктүрдү.

## КҮЛҮК ЭМЕС, АТЫМ ЖОРГО ЖОЛДОГУ

Күлүк эмес, атым жорго жолдогу.
Жаратканым жандап дайым колдоду.
Үтүрү көп, көп чекиттүү турмушта,
Көзгө илинер ордум болсо коомдогу.

Күлгөнүмдөн ыйлаганым көп болгон.
Кызыл көйнөк, өӊү жашыл көк болгон.
Нөшөрлөгөн жамгыр болуп төгүлдү,
Жүрөгүмдөн сагынч ыры бук толгон.

Наалыбаймын, өткөн мезгил тагдырга.
Тегирменден алып салган калбырга.
Турмуш - "тырмыш" агайымдын айтканын,
Жай олтуруп дагы эстедим жамгырда.

Ыраазымын миӊ мертебе Кудайга.
Түгөй кылган түшүнүктүү жубайга.
Уул кызым, ар намыстуу тирегим,
Барбасам да азырынча Дубайга.

## БАРАТАМ БАКТЫЛУУЛАР УЧАГЫНДА

Тагдырды, таңдап сатып ала албайсың.
„Шибегени капка салып ката албайсың".
Өтмүштө тагдыр сени сатса дагы,
Эх ошол күндү кайра таба албайсың.

Үйдүн бар төрү, сыйы, улагасы,
Кудайдан, өзгө жандан сурабачы.
Тилегиң дуба кылып сура деген,
Кудайдын кул алдында убадасы.

Жараткан, өзүң бизди жаратыпсың.
Бир күнү кучагына алаарың чын.
Күмбөзүм, денем калып топуракта.
Чымындай жаным учуп бараарым чын.

Жашоодо канча өмүр күнүм калса.
Дубасы кабыл болгон жанга кошкун.
Ар күнү өз энчимди бөлүп алаар,
Ырыскы бөлүштүрчү таңга кошкун.

Кадырдын казынасы карылыкта.
Зоолордун зоболосу жаңырыкта.
Мезгилдин жайдакталган аргымагы,
Суранам, өмүрүмдү алып учпа.

Кудайдын дайым болсом назарында,
Ээндеп бассам бакыт базарында.
Ырыскым түгөл болуп ырым менен,
Куюлуп ырлар турса жазарымда.

Жүрсөм дейм таалайымдын тарабында,
Катарлашып залкарлар заманында.
Шөкөттөбөй тарыхты жазып кетсек,
Алып кошпой жакшысын, жаманын да.



Жүрсөм дейм кадырлуулар катарында,
Жакшыга шерик болсом сапарымда.
Жүзүмдү канча бырыш басса дагы,
Байкалсын бактылуулук ажарымда.

Жүрсөм дейм кубанычтын кучагында.
Бакыттан канат байлап учамында.
Бакыт таалай, кубанычты артып алып,
Баратамын өмүрүмдүн учагында.

## ТАГДЫРГА ЖАЗЫП КОЙБО

Көгөрүп көктөм келди көчөбүзгө,
Өлбөгөн жандар жеттик өтөөбүзгө.
Отуз күн орозобуз куттуу болсун,
Калкылдап бакыт толсун бөксөбүзгө.

Сүйүнүч сүртүп өткүн жүрөктөргө,
Бакытты баарлатып түнөктөргө.
Эли - журт, калайык калк арасында,
Катарлаш болсок басып жүргөндөргө.

Көтөрүп дуба кылдык билектерди,
Жараткан кабыл кылсын тилектерди.
Утуру үтүрү көп бул турмушта,
Тагдырга жазып койбо илептерди.



Гүлбарчын МАМАТОВА - 1981-жылы 23-декабрда Кашкалдак айылында төрөлгөн.

## АЙТКЫЛАЧЫ АДАМЗАТ, ЭМНЕ ТАПТЫК?

Ээ жараткан, биз эмнеден жаңылдык,
Айтпай келген кырсыктарга кабылдык.
Суу ташкыны каптап өтүп жеримди,
Кыргыз эли кара сууга кагылдык.

Билем, биздин пейилибиз бузулду,
Кабат-кабат үйлөр сонун курулду.
Ал-жайыңды сурайм десем, а бирок,
Пешенем ай, дарбазаңа урулду.

Коншу-коло маектешпей үйүндө,
Телефонго калдык неге байланып?
Жакшылыктар өтпөй кабат үйүндө,
Кафелердин айланасын айланып.

Тааныштардан карыз акча алалбай,
Насыя, анан ар кай жерден пара алмай.
Колдо жокко, оорулууга бара албай,
Убактың жок, ага убакыт таба албай.

Соодагерлер арзан алып товарды,
Эки эселеп кошот анын үстүнө.
Бахмал дедик андан арзан жанарды,
Неге айтчы, суу каптады базарды?
Биз эмнеге, эмнелерге жабыштык?



Там салуудан, маараkeден жарыштык.
Ак ит кирип, көк ит чыгып оозуңдан,
Кутурган бир дөбөттөрдөй кабыштык.

Кыздарыбыз сатып жүрөт денесин,
Алар эми кимдин угат жемесин.
Казинолор, түнкү клуб толтура,
Баары чындык бирөө десин, дебесин.

***

Үйдө нанды жаппай калдык,
Үйгө дагы батпай калдык.
Жөө, пияда баспай калдык,
Шүгүрчүлүк айтпай калдык.

***

О дүйнөгө кеткенге жерди саттык,
Бетегелүү жапжашыл белди саттык.
Кара алтын, сары алтын кенди саттык,
Айткылачы адамзат, нени таптык?

## НЕГЕ УКТАП ЖАТАМЫН?

Неден улам билбейм убак тар беле,
Көөдөнүмдө чукур ойлор бар беле?
Калемимде сыя түгөп калгансып,
Мени карайт мокогонсуп ал деле.

Ак баракка карап көпкө үңүлдүм,
Кээ бирлери ыр жаратса сүйүндүм.
-Сенин эмне андан кемиң барбы? - деп,
Бышкан алма мөмөсүндөй күбүлдүм.

Калем турат мени карап белсенип,
Жазуу керек ичтен сызып ойлонбой.
Кыш да өттү, жаз артынан жай келип,
Чээнде жатам аюу өңдүү ойгонбой.

Канаттуулар кетип, кайра келдиби,
Жаратканым дагы өмүр бердиби?
Уктап калба чээнге кирген аюудай,
Даңктап тургун, жердиби же элдиби.

Билбейм, неден жазбай калды калемим,
Жакшы ырлар - көзүм менен карегим.
Элге жаккан чыгармалар жаралса,
Алыс барар эл алдына дарегим.

Калемимди курчутууга акым бар,
Ачуу чындык сен айтууга акың бар.
Ар бир ырым окуп, талдап тургула,
Сөз чебери, куйкум сөздүү акындар.

## КАРЫЛЫК

Күндөр өтөр, айлар өтөр агылып,
Жыл да өтөр, башка түшүп карылык.
Ал аңгыча ачып көздү жумгуча,
Отурарсың чоң оромол салынып.

Түйшүктөнүп көп ойлорго малынып,
Жаш баладай балдарыңа таарынып.
- Жаш кезимде чыйрак элем өзүм! - деп,
Үшкүрөсүң жаштыгыңды сагынып.

Аппак болуп кара чачың агарып,
Кулак укпай кээ бир айткан кабарды.
Бырыш басып айдай сулуу жүзүңдү,
Жууй албай каласыңбы жаканды!



Эсте калбай жана айткан сөздөрүн,
Унутабы жаш улуусу карылык.
Өткөн өмүр сенден артта калса да,
Кайткын келер жаштыгыңа кайрылып.

Кыз, балдарың жакшы болсо карылык,
Эч бир сенин карыганың билинбейт.
Ден соолугуң жакшы болсо карылык,
Бул өмүрдөн коштошууга илинбейт.

Жакшы адам, жумшак дешип башкалар,
Жаш муундарга үлгү болуп көрүнгүн.
Орундалат сен берүүчү баталар,
Жүрө бергин көркү болуп төрүңдүн.

## МУГАЛИМДЕР

Талыкпай билим берип эмгектенген,
Окуучу сыймыктансын сени менен.
Адамды ар кесиптин ээси кылган,
Балдарга ачкан жолуң кенен, кенен.

Көйгөйлөрүн карап ар бир баланын,
Мугалимдер берет дайым сабагын.
Окуучусу канча тартип бузса да,
Тарбиялайт бүркөбөстөн кабагын.

Кээде болот окуучунун апасы,
Кээде болот окуучунун атасы.
Жашырышат көп нерсени башкадан,
Окуучудан кетсе эгер катасы.

Сабырдуулук болуп турат өзүңдө,
Мээримдүүлүк толуп турат көзүңдө.
Кандай өтсөм сабак жакшы өтөт деп,
Балдар дайым түшүңдө да өңүндө.

Канча жылдар иштесең да түшүмдүү,
Кагаз, калем эч түшпөдү колуңдан.
Ушул менин мээнетим деп түшүнгүн,
Окуучулар салам берсе жолуңдан.

Дүйшөн агай баштап берген чыйыр жол,
Ал түйшүктүү билем өтө кыйын жол.
Билим берип, аны кайра алалган,
Тегерегиң төп келишип, кыйын бол.

Бүт өмүрүң окуучуга арнагын,
Эч убакта чарчабагын, талбагын.
Жогоркулар орден, медаль такпасын,
Билесиңби, алгач элиң бааласын.

## АЛЫКУЛДУН ТОЛКУНУ

Атагың чыгып ааламга,
Лирикаң сонун жаралды.
Ырларың жагып адамга,
Келечек муунга таралды .
Укмуштай сенин ыр дүйнөң,
Санжыра болуп саналды.

Оорчулук кетпей башыңдан,
Сүйүүңөн айрып жашыңдан.
Мекениң үчүн күрөштүң,
Ооруу деген касыңдан.

Ырларың өтүп электен,
Көптөгөн ырды жараттың.
Бир гана кыргыз калкы эмес,
Дүнүйө жүзүн караттың.



Жараткан сага өмүрдү,
Көп эмес, абдан аз берди.
Кырчындай болгон жаш өмүр,
Отуз беш эле жаш берди.

Таң эрте туруп көл жээгин,
Карасаң сонун көрүнөт.
Алыкул жазган ырлардай,
Толкунга көңүл бөлүнөт.

Толкунун көрүп көлүмдүн,
Алыкул, сени эстедим.
Ооруп бир жаткан күндөрүң,
Акыным эстен кетпедиң.

## ШАШПА, ӨМҮР

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Жумушум көп жаштыгымда кыла турган.
Бактыма мыкты жолдош табайынчы,
Мени менен жакшы турмуш кура турган.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Жолдош таптым, бала жытын жыттайынчы.
Эне сүтү жыттанган балам менен,
Энекемдей кучактап уктайынчы.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Балам басты, балалыгын көрөйүнчү.
Бойго жетип, бир башы эки болсо,
Балдарымдын балдарын өбөйүнчү.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Кырктан аштым, аткара элек милдетим бар.
Артымдан эл-журтума белек кылчу,
Дүйнөгө калтыруучу издерим бар.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Эстүү башым, элүүгө барайынчы.
Неберең ширин дешет өз балаңдан,
Апамдай неберемди карайынчы.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Чач агарган алтымышка карайынчы.
Апам берген ак жоолугун салынып,
Дуба кылып ажылыкка барайынчы.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Жылдар өтүп жетимишке жетейинчи.
Жүрөк түбүн жылуу сөзгө толтуруп,
Бул дүйнөдөн аппак болуп кетейинчи.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Серп этпестен сексенди санайынчы.
Карыганда жөлөк болуп бирибизге,
Абышкама шерик болуп калайынчы.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Тоодой болгон токсонго толоюнчу.
Бата берип алаканын кенен жайган,
Төрүңдүн сыйлуу көркү болоюнчу.

Шашпа өмүр, кайда шашып баратасың,
Тиштерим жок, билем бир күн кетеримди.
Билем өмүр, эгерде жүзгө чыксам,
Чебере же гибиреге жетеримди.





Гүлира БЕКИЕВА 1985-жылы 15-январда Чеч-Дөбө айылында дүйнөгө келген.

## КАЙРАДАН КЕЛЕТ ТАБЫЛГЫМ

Кызыгы жаштын өмүрдө дале кырк беле?
Кыркынчы кышым кычырап келди чилдеде.
Кызмат деп жүрүп билбедим өмүр өткөнүн,
Кайдадыр шашып отузум кеттиң сен неге?

Кыркынчы кышым кырында турат жашымдын,
Ойлонтуп дайым отузум алдап жашындың.
Оюма жетип, ойноймун анан дегиче,
Эсебим жетпей, кыркынчы болуп жазылдым.

Кыркынчы кышка күзөтүп койсо мени эгер,
Кайраттуу болуп кайрадан келет табылгым.

## СЕЗИМИМ

Сезимимди жеткире албай сиз деген,
Сый ирээтте ырлар арнайм сизге мен.
Сезе алсаңыз эгер мени жүрөктөн,
Сүйдүрөмүн, сүйүлөмүн ыр менен.

Абалымды билгизе албай сиз деген,
Ар кагышы жүрөгүмдүн сиз менен.
Алыста да туя алсаңыз сиз мени,
Агылтамын ак сүйүүмдү ыр менен.

Биле алсаңыз, сезе алсаңыз сиз мени,
Барлыгымды мен арнаймын ыр менен.

## МЕНИН АДАМЫМ

Жандап жүргөн асыл адамым,
Жаздай көркөм сага кадамым.
Жан дүйнөмдү бөлөп өзгөчө,
Жарпым жазчу менин таалайым.

Жакшы көргөн жаным, жамалым,
Калбайт сени карап калмайым.
Жашайсың сен дайым журөктө,
Бар, жогунду бирдей баалаймын.

Сүйүп жүргөн сыйлуу адамым,
Сени көрсөм күйүп жанамын.
Сагынычта сүйүп жашасам,
Сүйүлүүнү сизден аламын.

## КИМ БОЛОМ

Өмүр менден өтүп кетсе,
Чыгармамдан изделем.
Из калтырбай өлүк жүрсөм,
Анда болом ким деген?

Жашоо мени таштап кетсе,
Ырларым го көп жашайт.
Жүрө берсем жан тойгозуп,
Жакшы адам деп ким атайт?

Күнү келип кете берсем,
Айтасыңбы жакшы деп?
Өлгөндөн соң айтылуучу,
Пайдасы жок жакшы кеп.



Ошондуктан тирүүлүктө,
Жакшыны жакшы деш керек.
Капалашпай сыйлашалы,
Өмүр бизге бир келет.
Капалашпай баалашалы,
Өмүр - бизге нур белек.

## БАКЫТ ЖООЛУК

Жалгыз жашап жүргөнүмдө жолуктуң,
Насип экен болуп калдым колуктуң.
Эң кызыктуу бала базар тирилик,
Кадырлайлы баасын билип жоолуктун.

Көп ойлонуп ал үмүткө айланып,
Көнүл жибим дал өзүнө байланып.
Куурап калган тагдыр жолум көктөнүп,
Жашап калдым ордум таап жайланып.

Дарың болдум сенин чексиз сүйүүңө,
Маанай болдум баш көтөрүп жүрүүңө.
Сенин ошол махабатың кыя албай,
Себеп болдуң "ак жоолукчан" жүрүүмө.

Кызгалдакмын турмушунду жайнаткан,
Көп түйшүктү сабыр менен кайнаткан.
Кудайыма чексиз шүгүр айтамын,
Сексендетпей "бакыт жоолук" байлаткан.

## ЖАШООМДУ ӨЗГӨРТКӨН АЛТЫН ШАКЕК

Менин атым - Умар.Үй-бүлөлүүмүн. Жаратканыма чексиз шүгүр, үч уулум бар. Элдикиндей жаркылдаган жарым бар. Дайыма сыймыктануу менен айта аламын. Бирок мынтип айтып калганыма көп деле болгон жок. Ушул күнгө чейин

көзүм көр, кулагым керең болуп, жашоомду маңызсыз сүрүп жүрө бериптирмин. Чыныгы бакыт, чыныгы сүйүү, чыныгы жашоо таптакыр башкада тура.Анда кеп башынан болсун.

Адатымча эч нерсе менен ишим жок сыналгы көрүп жаткам. Аңгыча телефонума чакыруу келип калды.

-Алло, - дедим, ким экенин карабастан.

-Бүгүн келесизби? - деди жагымдуу үн.

-Албетте,сөзсүз да, - деп, ыргып турдум. Кийинип чыгып бара жатсам аялым:

-Кайсы жакка барасыз,тамак саламын, - деп калды.

-Мени менен ишиң канча, жей бер да балдарың менен, - деп орой тийип, чыгып кеттим. Мындай күндөрүм биринчи эмес, далай эле жолу болду, болуп жатат. Өзүм соодадамын. Акчаны жакшы иштеп табамын. Тапкан акчамды досторум менен кафе-ресторандарга, сауна, оюн-зоок клубдарына, кыздарга сапырам. Кээде таң атканча олтуруп, карта ойнойбуз, бирде чоң суммадагы акча утуп келсем, бирде уттурам.Үй-бүлөм менен отуруу мага зээригерлик эле. Кадыресе сыгылып кетем да, сыртка жөнөйм, эркиндикке чыккандай болуп,учуп эле калам го,чиркин.

Өлбөгөн жанга жаз келип, 8-март аялдардын Эл аралык майрамы келип калбаспы. Бир тааныш кызым бар эле, кечинде жолугууга чакырып калды. Жасанып-түзөнүп жатсам чоң уулум келип:

-Ата,сиз кайда барасыз, апама сюрприз кылалы дегенбиз, балким биз менен каларсыз, - деп калды.

-Силердин даярдыгыңар - менин даярдыгым, майрамды жакшы тоскула, - деп өктөм сүйлөп койдум. Балдарым мага тике карап сүйлөй алышчу эмес.

Ушул убакка чейин алардын көйгөйүн, эмнеге кызыгышаарын да сурабадым. Мектепке чогулушка аялым барат. Кыскасы бала маселеси бүт жубайымдын мойнунда. Анан белек-бечкек алып таанышымдыкына барып, ал күнү мен үйгө келбедим. Түшкө жакын үйгө кирсем аялымдын



көздөрү шишип калыптыр. Ага деле анча маани бербей, уктоочу бөлмөгө кирип, куладым.

Күндөр мына ушинтип өтө берди. Май айында туулган күнүм болуп калды. Эрте менен туруп, жуунучу бөлмөгө киргени бара жатсам, стол үстүндө чоң куту туруптур "АТАМА" деген чоң жазуулары менен. Колум менен түртүп коюп өтүп кеттим. Жуунуп чыксам жубайым кийимдеримдин кырын чыгара дасмалдап, кол жоолугума чейин даярдап коюптур. Ал:

-Туулган күнүң менен, Умаш,-деп жакындап келе жатканда эле мен:

-Рахмат, - деп терс бурулуп кеттим. Аялым менен качан бирге жатып, сырдашканым эсимде жок. Колумду шилтеп коюп кийинип, чыгып кеттим. Кайсыл убакта, кантип, ким алып келгени эсимде жок, көзүмдү ачсам уктоочу бөлмөмдө жатыпмын. Көйнөгүмдү да чече албаптыр жубайым. Күзгүнү карасам, өзүмөн өзүм жийиркенип кеттим. Бир-эки жеринде кыздардын кыпкызыл эндиктери түшкөн. Жубайым бирок бир үн катпайт, баарына чыдайт, баарын жутат. А мен ал ансайын кутуруп жүрдүм. Анын кээ-кээде көздөрү шишип калчу болду.

Жайдын аптаптуу күндөрү. Бүгүн үйдөмүн. Чалкаман жатып сыналгы көрүп жаткам, сырттан аялым келип, жаныма жатып, кучактап калды.Ток ургандай жинденип туруп кеттим. Ал байкуш мага эч бир жаман нерсе кылбайт.Билбейм өзүм эле ушинтип калчу болдум.Эрте менен туруп базарга жөнөдүм. Машинамын аккумлятору отуруп калып, элге аралашып маршрутка менен кетким келди. Артта баратам. Алдымда эки орундукта эки орто жаштагы келиндер сүйлөшүп келе жатышты.Бирөөсү оозу тынбай сүйлөп келе жатты, беркиси коштоп коңт. Көп сүйлөгөнү колун көрсөтүп калды:

-Жайна, мынаны карасаң,кандай экен?

-Аиий, укмуш го, качан алганга үлгүрдүң?

-Ээ, бир апта мурун алтын базардан көрүп калып, ооруп калсам болобу. Аяшыңа келип айтсам, коң тур деп көнбөдү.

Анан таң атканча ыйлап чыктым, былтындап аны коркутуп,эрте менен шишип калган көзүмдү көрүп эле,ошол күнү дароо ээрчитип барып алып берди,-деп алтын шакегин айландыра кармалап койду.Билбейм мага анча-мынча сөздөр таасир деле берчү эмес.Эмнегедир ушул экөөнүн сүйлөшкөндөрү такыр кулагымдан кетпей койду.Ойлонсом мен жубайыма алтын шакек эмес,бир даана гүл да көтөрүп келбепмин.Анан акылыма жетти,баса,анын да акыркы күндөрү көзү шишип калчу болду,балким алтын шакек тагынгысы келип жаткандыр деп.Эмнеси болсо да бүгүн уктабай текшерейин,эмнеге көзү шишип калып жатат экен деп түндүн киришин чыдамсыздык менен күттүм.Мен күткөн мезгил келди.Баары уйкуга кетти.Мен да. Жаттым,жаттым,көзүм илине түшкөн экен,эшик тырк этип кетип,көзүм ачыла түштү.Акырын карасам,жубайым бөлмөдөн чыгып кетти.Саат эки жарым экен.Бул эки жарымда эмне кылат болду экен деп;заматта каным кызып,жиним бетиме тээп чыкты.Ууру ууру ойлойт болуп,аны да өзүмдөй ойлодум бейм.Үн чыгарбай артынан аңдыдым,жуунучу бөлмөгө кирип ,жуунуп жатты.Демек,бирөөгө жасанып жатабы,же бирөө менен болдубу,ушул сыяктуу түркүн ойлор келип-кетип жатты.Анан ал жактан чыгып,мейманканага кирди.Беш мүнөт өтүп-өтпөй артынан келип,бир аз ачылып калган эшиктин кырынан карадым. Көпкө катып турдум. Оозума эч нерсе кирбеди.Не бир убакыттан соң оозум нымдаша түштү,тилимин учу менен эринимди жалагылaсам,туздуу,өкүнүчтүү,армандуу,кычкыл даамданган көз жашым куюлуп жатыптыр...Мени ушул акыбалга алып келген жубайым эмне кылып жатыптыр дебейсиздерби..?Ал бөлмөгө кирди да,жоолугун салынып,жайнамазын жайып,алгач ниет кылып, тахажуд намазына деп окуп калбаспы.Анан окуп бүтүп, эки колун жая көтөрүп,көз жашын куюлтуп,дуба сурап калды Жаратқандан:



-Оо,Жараткан,сен боорукердин боорукери,мээримдүүнүн мээримдүүсүсүң!Сен гана баарын бар да,жок да кыла аласың.Сен гана кудуреттүүсүң,сен жалгызсың,сен улуксуң!Сенден эч качан үмүтүмдү үзбөймүн,сен орундатуучусуң!Үй-бүлөмдү ыдырата көрбө,балдарыма акыл,илим,ыйман,жолдошума ынсап,абийир бер.Ал биздин коргоочубуз,тирөөчүбүз.Аны жаман жолдон кайрый көр,жаман достон айрый көр.Анын жүрөгүнө бүлөнү жылытчу от жага кой,ал эч качан өчпөшүн каалар элем.Ага нысап бер,жаман жолго баскан изин өчүрүп,мечитке көздөй көчүрүп,бөөдө кырсыктан,жалган жалаадан сакта...деп дагы көп тилектерин айтып,туулган күнүндө балдары берген белекти өзүң ачтыр Жаратканым деп аяктады.Дароо столду карасам,балам берген белек ошол жеринде туруптур.Шашып барып уктоочу бөлмөмө кирип ача салдым.Мен балдарымдын мынча акылдуу,ыймандуу тарбияланганын үч уктасам түшүмө кирбептир.Ал кутуда жайнамаз,Куран китеп жана теспи бар экен.Аны жаап,ордума жаттым да,тетири карап,жууркандын бир бурчун оозума тиштеп алып ыйлап жаттым...Өкүнүп жаттым...Азаптанып жаттым...Жан дүйнөм ооруп жатты...Жубайым байкушту жаман оюмда ойлогонуму кара деп өзүмдү жектеп жаттым...Айдай жубайымдын кадырына кантип жетем деп өзүмдү кечире албай жаттым...Көрсө ак кептерим эч кандай өз кызыкчылыгын ойлобой,мен үчүн,мага күйүп,ыйлап дуба кылып жаткан тура.Көзүнүн бат-баттан шишип калганы ошондон экен көрсө. А мен эссиздин жыргап, өзүмдү ойлоп, убактылуу жашоо кумарында калкып жүрө берипмин. Жат кыз-келиндерге кетирген убактымды жубайыма арнап, аларга айткан ширин-ширин сөздөрдү жубайыма айтсам гана. Эх! Бирок али да Жаратканым мага убакыт бөлүп бергенине,жубайымдын дубасын кабыл кылганына чексиз шүгүр деп,кылган иштериме тооба келтирдим.

Эрте менен туруп чогуу чайга олтурдум. Баары мени биринчи көрүп жаткандай тиктешет. Аңгыча:

-Көздөрүңүз шишип калганбы, ооруп жатасызбы,-деди жубайым мага жалооруй.

-Жок, көп уктагандыкы го, - деп күлүп, ага мээримдүү тиктеп койдум. Мен анын ошондогу жүзүнүн албырганын жаңы үйлөнгөн күнү көргөн элем,дал бүгүн мен жаңы үйлөнүп жаткандай болуп кеттим. Аны аяп, ага тойбой бараттым...

-Ата, мени мектепке таштай өтөсүзбү? - деген кичинекей уулумдун үнү оюмду бузуп жиберди.

-Албетте, сөзсүз да, - деп көңүлдөш кыздарыма айтчу сөзүмдү уулума айтам. Баары кудундашып сүйүнүчтүү. Тооба, мен өзүмдүн ушундай кадыр-барктуу экенимди сезбей жүргөнүмдү карасаң деп ойлогонго да үлгүрдүм.

Чыгып бара жатып,жубайыма бурулуп:

-Бүгүн манты кылып кой ээ? - деп маңдайынан сүйүп коюп чыгып кеттим.Ал көзүн жумган бойдон кала берди.Базарга келдим,эч саат өтпөйт кашайып.Арандан түштөнүү кылып алып эле, алтын базарга жөнөдүм, бир эженин жардамы менен жубайыма үйлөнгөндөн бери биринчи жолу алтын шакек белекке сатып алдым. Такыба, акылдуу, ыймандуу, аруу аялыма бүтүндөй базардагы алтындарды сатып берсем да аздык кылаар эле. Мен күткөн саат да келди, ордумду эрте жаап, балдарыма да белектерди алып, үйгө карай жөнөдүм. Келсем баары үйдө экен, мен буюртма бергендей манты да бышып калыптыр. Бүгүн биздин үйдө балдардын бактылуу каткырыгы жаңырып жатты...

Жубайым экөөбүздүн сагынычыбыз артып, бири-бирибиздин көз карашыбызга чөгүп бара жаттык...





Гүлнара САДИРОВА 1960- жылдын 5-майында Чеч-Дөбө айылында туулган.

## МУГАЛИМГЕ

Мугалим! Бир айтканда жөнөкөй сөз,
А бирок сиңет экен жүрөккө тез.
Эң алгач Алиппени тамгалаган,
Эске түшөт балалык, эселек кез.

Мугалим - бүт баарына бирдей карап,
Мугалим - мөмөлөрүн ийген дарак.
Мээнетинен бүр ачкан бүчүрлөрү,
Мекен, эл кызматында жүрөт жарап.

Эжей, агай барктуу элдин алдында,
Эмгектери калбайт эч көз жаздымда.
Аалам жолу ушулардан башталган,
Аалым, медик, академик, хандын да.

Билими жок, көп адашып бат сынат,
Билим деген - караңгыда шам чырак.
“Билим алгын, оку, оку үйрөн” – деп,
Мугалимдер жарык жолго чакырат.

Ата- энемден көрдүм дүйнө жарыгын,
Адал эмгек, чаптым турмуш арыгын.
Алдым бакыт, таалайымдан үлүштү,
Агай жана эжейлерден жарымын.

Канча мезгил өчтү ыраң, боектой,
Кылымдарды артка таштап жомоктой.
Кыйын кезең кылыч кезеп турса да,
Кырдаалдардан жеңип өттү тоготпой.
Кесип болуп заман менен жарышып,
Келе жатат улуулугун жоготпой,
Устаз! - деген улуу атын жоготпой.

## КИТЕП

Китеп окуп кызыгына батамын,
Кезип аалам, ашууларды ашамын.
Каармандарга аралашып бир жүрөм,
Кубанамын, кай бирине капамын.

Бала чактан китеп сүйүп окудум,
Балкып жүрөк, көп ирет мен толкудум.
Кээде түшсөм тереңине деңиздин,
Кээде чыктым бийигине чокунун.

Окуучу кез китеп менен күн өткөн,
Акылыма- акыл кошуп түнөткөн.
Китеп сүйүп, көп окуйлу үйрөнүп,
Билбегенди билүү үчүн жүрөктөн.

## НООКАТЫМДЫН АЛМАСЫ

Өтүмдүү да, кардарлары өтө көп,
Соодагерлер кайда алып барбасын.
Жыты, даамы, өңү да бир башкача,
Жедиң беле, Ноокатымдын алмасын?

Кимдер жесе даамы кетпейт оозунан,
„Мынча таттуу алма экен"- деп тан берген.
Анын сыры багбандардын колунан,
Ноокатымдын аба, суусу дал келген.



Түркүн түстө көз кубантат карасаң,
Түрлөрү көп, атап баарын санасаң.
Бири кызыл, бири сары, бири көк,
Голден, шавран, семеренко, жанатан.

## КЕЧ КҮЗДӨГҮ КУСАЛЫК

Жай кетип, күздүн келип жарымы,
Алга шашып убакыттын агымы.
Ичиркентип үшүткөнүн карачы,
Денем эмес, жан дүйнөмдүн баарыны.

Кеч күз кооз, жаш келиндей түрлөнөт,
Сары түстүү жоолугуна чүмкөнөт.
Бирок мени соорото албай чырайы,
Жүз муңайып, кабак-кашым бүркөлөт.

Муздак жамгыр кеч күздөгү төккөнүн,
Жактырбадым да бетимен өпкөнүн,
Санаа басты арт жагыма кылчайсам,
Сагындымбы жаштыгымдын көктөмүн?..

## ЖАКШЫ СӨЗ

Бул жашоодо жакшы сөз көп кызыктуу,
Жүрөгүнө эргүү берип кызытчуу.
Жан дүйнөңдү жакшы сөзгө сугарсаң,
Күндөр келер бак- дөөлөттүү ырыстуу.

Кел курбулар, сүйлөшөлү суранам,
Жакшы сөзгө жаңырсынчы бүт аалам.
Балалыктын кызыктуу сөзүн айтсаң,
Күлкү коштоп, жерге батпай кубанам.

Курдаштардын жакшы сөзүн угайын,
Кыйналганда жаным эргип тунайын.
Жашоодогу бүт көйгөйдү унутуп,
Кайрат алып, турмуш жолун улайын.

## УБАКЫТ

Жашоонун түйшүгүнө көп алаксып,
Убакыттан уттурупмун билбей шашып.
Аттиңай!- пайдаланбай убагында,
Жүрөмүн азыр мына күйүп-жанып.

Ишим бүтпөй, илмейип өңдөн азып,
Жашым дагы өйдөлөп барат шашып.
Канчалык жан аракет кылсам дагы,
Өмүрүм улам өрдөйт кырдан ашып.

Аттаганат, армансыз билим алып,
Калбапмын убагында пайдаланып.
Дайранын жээкке сүргөн кумдарындай,
Жашоомдо жүрбөйт элем майдаланып.

Күндөр айга, айлар жылга шашасың,
Күн күлүндөп, кайра эле тез батасың
Жарк эткен жылдыздай бир көрүнүп
Көрүнбөстөн башка ааламга качасың.

Аттиң өмүр, кеттиң го суудай агып,
Жаштыгымда гүл терген талаа калып.
Олтурам туз куйгандай ич ачышып,
Убакыттан уттурганга капаланып...



## ЖЕРИБЕ МЕНИ, ЫРЛАРЫМ

Эргүү алып ырым келчи оюма,
Шыр жазайын, калам кармап колума.
Жерибегин, жерибе мени ырларым,
Жүгүндү мен көтөрөмүн мойнума

Жерибе мени, жерибечи ырларым,
Сен болбосоң айтам кимге сырларым.
Сен бар үчүн көөнүм көктө бактылуу,
Сенде менин чыным менен ыйманым.

Балдарымдай жакшы көрөм сени мен,
Ырым десем кызып турат бүт денем.
Жерибегин, жерибе мени ырларым,
Али алдыга көпкө сүзөөр ыр кемем...

## ЖАШАЙСЫҢ БАЛА ҮЧҮН

Жашайсың бала үчүн,
Сарпталып өмүр – күчүң.
Болсунчу ата- энеге,
Алты саны аман, бүтүн.

Жашайсың бала деп,
Төрөлгүчө күтүп эңсеп.
Бактылуу күндөр болот,
Ымыркайдын жытын искеп.

***

Бала- деген ата- эненин бактысы,
Жашоодогу ой-тилектин ачкычы.
Бала болсо жашоо жарык, көркөмдүү,
Келечектин көтөрүлгөн баскычы.

Мотурайган бөбөктөрдүн сайраны,
Кутту болсун 1-июнь майрамы.
Жаратканым жамандыктан сактасын,
Күлкүсүнөн башканы биз укпайлы!

## КАР ЖААДЫ

Бүгүн сонун кар жаады,
Токчулуктун жышааны.
Балдар чыкты кубанып,
Сүйрөп алып чананы.

Балдар дөңдөн муз тебип,
Бири- бирин - Бол! - дешип.
Чоңдор өтөт жылмайып,
Бала кезин эстешип.

## АЛЫКУЛГА

Өз доорунда патриот ырлар жазып,
Поэзиянын түгөнгүс кенин казып.
Жаш өмүрүн ажал тооруп алса дагы,
Эрдик менен тынбай жазган өңдөн азып.
Атың өчпөс, ырың өчпөс жылдыз болуп,
Кыргызымдын жүрөгүндө турат жаның.

Аз жашадың, саз жашадың Алыкулум,
Алп акынсың, сага ыраазы Ата- Журтуң.
Нукура өчпөс байлык таштап кеттиң...
Курчанып поэзиянын алтын курун.



## ИШЕНИЧ

Болсо эгерде сен ишенген адамың,
Тике карап, шыр ташталат кадамың.
Сыноолордо турса коргоп калкалап,
Мына ошол сенин бакты-таалайың.

Турмуш жолун басып бирге кыялап,
Ишенгениң кылбаса эч кыянат.
Ишеничтин тепселенген сыныгы,
Бүтпөйт такыр көкүрөктү жаралап...

Таштак жолдо ташыркаган ат сымал,
Аксап-тексеп өмүр жолу уланган.
Ишеничке үмүт үзбөй байланып,
Ишеничтен жашоо жолу куралган.

## КҮЗ

Күз күркүрөп төгүп берди берекесин,
Кайталап жазгың келет күз элесин.
Жамгыр тынбай бак-даракты сабалап,
Жалбырактар төшөп калды жер бетин.

Нөшөрлүү бул күзгү жамгыр тынбады.
Шыбырт- шыбырт шыбырашкан сыягы.
Терезеден тиктеп ойго чөмүлөм,
Жан дүйнөмдө поэзия ыргагы.



Гулшайыр МУРЗАБАЕВА – Күнгөй-Кожоке айылында 1974 - жылы 7- декабрда төрөлгөн. “ Сезимдегим” аттуу ыр жыйнагы чыккан.

## АТЫҢ ЫЙЫК, НООКАТЫМ

Карегимде дайым көркөм элесиң,
Кут, береке толгон жылга, белесиң.
Элечектей ак мөңгүлүү Ала-Тооң,
Ээлеп алган сезимимдин сересин.
Дартка дабаа тунук, шыңгыр булагың.
Кең ааламда зор бакытка тең өзүң.

Тоо боорунан жарып чыккан булагың,
Көргөн жандын кандырат көз кумарын.
Салкын абаң, көк тиреген аска- зооң,
Өмүрдөгү демим, жүрөк тумарым.
Кучагыңдан кетпей ырыс ооматың,
Бар бол ыйык, алма жыттуу Ноокатым.

Апшыр Ата, табышмактуу кутман төр,
Кашка суусу тоону жарып чыккан жер.
Дүйнө кезип эс алууга келишет,
Кооздугуна суктанышып нечен эл.
Көп улутту кучагына батырган,
Кең Ноокатым кылымдарга жашай бер.

Жанга жагым, микробу жок, таза аба,
Кереметтүү, ыйык жайым Сахаба.
Атың улук, затың тунук мен үчүн,
Алмаштырбайм миң түрлөнгөн калаага.
Көз арткандан коргойм жайып канатым,
Кутман жерим, жаным сага садага.



Каалгый түшсө көзгө сүйкүм көрүнөт,
Карагойум, айыл жыттуу боз чаңың.
Өзүңдөгү кереметтен алыстап,
Өзгө жерде өттү канча кеч, таңым.
Балалыктын изи калган коктуңда,
Топурагы алтынга тең, Кошчаным.

## ИШЕНБЕДИК

Көргөндө көзүмдөгү нурларымды,
Байкатпай жүрөгүмдү уурдадыңбы?
Көп азап берип сага, өзүмө да
Келемин өткөрүп өрт жылдарымды.

Ал кезде сен жигитсиң, мен секелек,
Акылым кирди чыкты, сага эркелеп.
Ай толгон түндөр дагы күбө болгон,
Ак сүйүү тузагында биз эртелеп.

Көрүүгө шашып күндө ашыгамын,
Кездешчү жерге келип жашынамын.
Керемет тура чиркин ал сезимдер,
Кээ күндө кызганычтан жашыгамын.

Кабылдым тагдырдын оор мүшкүлүнө,
Күйүттүү күндөр өтөт үшкүрүнө.
Бир жолу жаралган соң бул жашоого,
Өтсөм не күлүк минин түштүгүнө?

Түндөрүм коркунучтуу түш өңдөнүп,
Аргасыз жашоо кечем кишенделип.
Махабат айдыңында бир болсок да,
Неге өз күчүбүзгө ишенбедик?

Эх чиркин, баскан күндөр кыналышып,
Ээрчишип эгиз жандай сыр алышып.
Каректер каректерге чөгүп кетчүү,
Денелер бир бүтүндөй чырмалышып.

Чалдыккан бир дарт жүрөк оорутууда,
Жол издеп күндө сага жолугууга.
Өзүңсүз өтүп жаткан жаш өмүрүн,
Өзгөнүн тузагында соолутууда.

Алоосуз, жалыныңа күйүүдөмүн,
Аргасыз тагдырга баш ийүүдөмүн.
Мен бармын бул жалганда сен бар үчүн,
Жашоого үмүт берет сүйүү демиң.

Мен эми артка таштайм арышымды,
Каалабайм сенин жалгыз калышыңды.
Эч кимге ыраа көрбөй сүйсөм дагы,
Кудайдан күндө тилеп дуба кылам,
Жашоодон өз бактыңды табышыңды.

## МЕН ЖЕК КӨРӨМ

Мен жек көрөм -
Кемсинтип, мыйыгынан күлгөндөрдү,
Кедей деп катарынан сүргөндөрдү.
Кең дүйнө тардык кылып батыша албай,
Көк иттей "ав-авалап" үргөндөрдү.

Мен жек көрөм -
Тузуң жеп, туз баштыгың булгаганды,
Тутпайт деп көрүнгөндү уурдаганды.
Туура айтсаң түшүнбөстөн айып көрүп,
Тукуруп, калптан күлүп туздаганды...



Мен жек көрөм -
Мерези жүздөрүнөн төгүлгөндү,
Мээримсиз, көрүнгөнгө сөгүнгөндү.
Мекени бир Кыргызстан болуп туруп,
Мен Түндүк, сен Түштүк деп бөлүнгөндү.

Мен жек көрөм -
Көралбас, арам ойлуу, ичи тарды,
Көөдөнү бопбош жакшы сөзгө жарды.
Көтөрүп көкүрөгүн ичин тиктеп,
Көң сасыган оозунда сөзү барды.

Мен жек көрөм -
Аялга кол көтөрүп кордогонду,
Ары жок, шылтоо кылып болбогонду.
Адамдык касиетин унуткарып,
Арактын артынан кууп, оңбогонду.

## КАЙРЫЛУУ

Эх, Кыргыз!
Кылганды көрө албайбыз,
Көңүлдү бөлө албайбыз.
Колунан иш келгенди буттан чалып,
Көздүүнү колдогонго көнө албайбыз.
Калп эле көңүл коштоп жакшылыкта,
Көрүнүп өзүбүздү неге алдайбыз?

Эх, Кыргыз!
Ар-намыс, уятыбыз
Кеңейбей кулачыбыз,
Тар болуп жан дүйнөбүз кемигенби?
Табалап мыскылдайбыз көрүнгөндү.
Таажыны кийип алып башыбызга,
Тамшанып колдойбуз э бөлүнгөндү!

Эх, Кыргыз!
Улууну урматтабай,
Кичүүнү ызааттабай,
Көөдөнгө текеберлик орногонбу?
Көкүрөк кирге толуп тордогонбу?
Түркөйлүк шерик болуп жаныбызга,
Турмушта үйрөндүкпү кордогонду?

Эх, Кыргыз!
Кытайга жагалдандык,
Кыргыз деп жарандадык.
Кыздарың кетип жатса кытайларга,
Бактылуу бол кызым деп сүйүнөбүз!
Балдарың барктай албай кыздарыңды,
Башкага кетсе мынтип күйүгөбүз!

Эх, Кыргыз!
Бастырып тоо-ташыңды,
Алдырып өз ашыңды,
Келгенге бөлүп берип жерлериңди,
Келтекке салып коюп элдериңди,
Кайдыгерлик жасап алып өз элиңе,
Кайрадан алам дебе кендериңди.

Эх, Кыргыз!
Ачкыла көзүңөрдү,
Колго алып өзүңөрдү,
Ынтымак, биримдикке чакыргыла!
Уурунун жолун тороп качыргыла!
Аска-зоо, калпагыңдай бийик болуп
Өзгөдөн кен байлыкты жашыргыла!
Урпагы Манасымдын курубасын
Келечек муундарга ашыргыла!



## КҮЛКҮҢ МЕНЕН ТОЛУКТА

Турмуштун таттуусунан запкысы көп,
Туулдуңбу, кайраттуу бол темирдей бек.
Тирүүлүктө бирде жакшы, бирде сокку,
Тайгылсаң кол кезешип, болосуң кеп.
Тагдыр сага таш боордугун салбаса эгер,
Табышмактуу жомокторду көрөсүң көп.

Бири келет, маңдайында күлүп жайнайт,
Билдирбей бычак уруп арттан жайлайт.
Бүлүндүрүп ушак айтып кошуп ташып,
Бүтүн элге, жар салууга тилин кайрайт.
Бирок дагы колдоп коштоп турар сени,
Бирөө чыгат, жакшы жака үндөп жандайт.

Көп сөздөргө көңүл бөлбөй күлүп жүргүн,
Көтөрүмдүү, жакшы сапат билип жүргүн.
Көлөкөңдү салбай жаша эч бир жанга,
Көтөр жүгүн нуруң чачып көктөн тийгин.
Көрүнгөнгө көз артпагын ичиң күйүп,
Көрүп турат Жаратканым, берет бир күн.

Жаман сөзгө жүрөгүңдү оорутпагын,
Жакшы десе бой көтөрүп оолукпагын.
Жан дүйнөсү ооруп турса душманыңдын,
Жондон уруп, өмүр жолун соолутпагын.
Жөлөп тая, аянбастан колуң сунуп,
Жок нерсесин, күлкүң менен толуктагын.

## ЧЫЙРАЛГАН ЖАН

Чындык деп ийилдиңиз, сынбадыңыз,
Чиригин билип кастык кылбадыңыз.
Чычалап терикпестен ар кай сөзгө,
Чалынбай алга болуп жылганыңыз.

Өткөрүп көп азапты башыңыздан,
Өлкөнүн келечегин сатпадыңыз.
Өмүрүң кыл учунда турса дагы
Өлүмдөн Мекен үчүн качпадыңыз.

Баткан күн атаарына ишенип сиз,
Башыңды Жаратканга тапшырдыңыз.
Бейкүнөө экениңди түшүнгөндөн,
Баа жеткис сый-урматты ашырдыңыз .

Үзбөстөн жакшылыктан үмүтүңүз
Үшкүртүп өрттөсө да күйүтүңүз.
Үстүңдөн жөлөп турган көрүнбөс зат,
Үмүткө байлап турду үй ичиңиз.

Аш коюп, таш ыргыткан багыңызга,
Алдыңыз душманыңды жакын кылып.
Алланын түз жолунан кайып кетпей
Абийир , намысыңыз бийик тутуп.

Жараткан нурун чачып мына бүгүн
Жаңы жол, жаңы түйшүк мойнуңузда.
Жыл-жылдап чыдап келген элиңиздин,
Жыртыгы Мекенимдин колуңузда.

Айкөлдүк, сабырдуулук, жөнөкөйлүк,
Аллахым берет сүйгөн пендесине.
Алтындан кымбат кыргыз эли - жерин,
Ардактап коюнуңа алаарсың э?

Отуз жыл онтоп жүргөн кыргыз эли,
Оңунан берип бүгүн колуңузда.
Отторун өчүрбөстөн көзүңдөгү,
Оомийин, кыргыз уулу болуңуз – а!



## ТУР, КЫРГЫЗЫМ!

Тур, кыргызым тургула, ойгонгула,
Туңгуюка кетээрди ойлонгула.
Отуз жылда ишенген кожолоруң,
Орундалбай иштери ойрон мына.

Анык айтсам айтканым коштогула,
Араңарга ууруну кошпогула.
Улантуучу эрдигин улуулардын.
Урпагына Манастын окшогула.

Кендириңди кести го кайдигерлик.
Кабыргабыз кайышып шайды бердик.
Ата журту жок өңдүү тентип кетип,
Ата-баба көрбөгөн жайды көрдүк.

Бейиштей жер Кудайдан белек эле,
Берекесин кетирдик, себеп неге ?
Айкөл эрдин таштаган аманатын,
Арзан баалап сакташың керек беле?

Туна чөксөң тургузаар кунуң жокпу?
Туулган жер, турагың, тууруң жокпу?
Туңгуюкка тукумуң кептелээрде.
Тура турган журт үчүн уулуң жокпу?

Жигиттери кыргыздын курч эле го,
Жоо беттесе кайраттуу турчу эле го?
Жанып кетчү жарыгы өчөөрүндө,
Жанын азык эли үчүн кылчы эле го?

Бөтөн элде кулдукка көнүп бүттүк,
Бөйрөк, боордон айрылдык, өлүп бүттүк.
Келемиштер кемитип ырыскыңды,
Керегине кылды го көнүмүштүк .

Океандын бүтөөрү  жээги болот,
Ойрондуктун артында кеги болот.
Сары алтын деп саргая күткөн менен ,
Сабырдын да аягы, чеги болот!

## АРМАН АЙ!

Аттиң ай, эмне болуп баратабыз?
Армандуу күндү өзүбүз жаратабыз.
Аялды кордоп , кыйып, жаш өмүрүн
Акылдан тайып, жүрөк канатабыз!

Арман ай! Эмне болуп баратабыз?
Алладан  тилеп  бала  жаратабыз.
Айбандан айрымабыз болгон менен,
Анын да жарык  күнүн  карартабыз !

Билбедим ! Эмне болуп баратабыз !
Бир- бирин сын көз менен карашабыз
Бөлүнүп сен – Түштүктөн, мен - Түндүк деп,
Бир сөздү акыйлашып талашабыз !.

Түшүнбөйм! Эмне болуп баратабыз,
Түйшөлткөн түрдүү  тагдыр жаратабыз.
Түбөлүк өлбөчүдөй байлык топтоп,
Тескери ушак-айың таратабыз !

Таң калам, эмне болуп  баратабыз ?
Теңсинбей "Кедей" деп жер каратабыз.
Теңдикти акча  менен баалап коюп.
Түйшүккө жүрөктөрдү канатабыз.

Заманга баарын төңкөп койгондойбуз,
Зөөкүрлүк пейилибизден ондолбойбуз.
Өзгөгө акыл айтсак өзгөчөбүз,
Өзүбүз аны неге колдонбойбуз?





Гүлшайыр САДЫБАКАСОВА – 1953-жылы 10-декабрда Апшырда дүйнөгө келген. КР Эл артисти.

## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Музыкасын жазган: Г.Садыбакасова

Сөзүн жазган: Г.Момунова




Мен кыргызмын, тээ байыркы элдерден,
Кыргыз жоктур жети атасын билбеген.
Санжырасы, тарыхы бар өчпөгөн,
Үрп-адаты, каада-салты өлбөгөн.

Мен кыргызмын, тоону, ташты эңсеген,
Боз үй, комуз, ак калпагы дем берген.
Мен кыргызмын, алмустакта жаралган,
Күрөш менен жашап келген элдерден.

## АТА МЕКЕН

Музыкасын жана сөзүн жазган: Г.Садыбакасова



Ааламда арбын өлкө элдер жашайт,
Бири бай, бири кооз, бири көркөм.
Алардын арасында жылдыз сымал,
Алоолоп жанып турат менин өлкөм.
Кайырма:

Асылымсын Ата-мекен,
Бакытымсын Ата-мекен.
Тагдырымсын Ата-мекен,
Жалгызымсын Ата-мекен.

Эгемен өлкө болуп жаңыландык,
Эңсеген эркиндиктин отун жактык.
Элимдин аткарылып ой-тилеги,
Эгемен келечекти тандап алдык.
Кайырма:



Кылымдап көп улуттар байырлаган,
Таласым, Жалалабад, Чүй, Нарыным.
Бишкегим, Ысык-Көлүм, Ош, Баткеним,
Ынтымак, биримдикте жашайт калкым.
Кайырма:

## АТА-ЖУРТ

Музыкасын жазган: Р.Халиков

Сөзүн жазган: Г.Садыбакасова



Койнуңда өстүм, досторум менен арман кылбай,
Төрөлдүм сенде, чоңойдум сенде өмүрдү улай.
Мен үчүн бийик, мекен сүйүүсү, кымбатсың калкым,
Кубанса деймин, нур чачса деймин жаңы аткан ак таңдай.

Кайырма:

Эй Ата-Журтум, сен деп жашаймын,
Ар дайым сага бакыт каалаймын.

Дүйнөдө жоктур өзүңдөй кооз, тоо, талаалар,
Сага теңдеш жер табалбай келем, кумарды кандыраар.
Бабалар баскан жеримде жашап мен бактылуумун,
Кайда жүрсөм да сагынып турам такыр унуталбай.

Кайырма:

Ала-Тоо жерим, ак калпак элим, асылым мурасым,
Аска-зоо шаңы, абасы дары, мөлтүр булагың.
Төгүлөт жемиш, төрлөрүң бейиш, гүлзар Мекеним,
Жылдыздай жанган, жарыгын чачкан, ыйык турагым.
Кайырма:

## КЫРГЫЗДЫН ЖИГИТТЕРИ

Музыкасын жазган: Г.Садыбакасова

Сөзүн жазган: Б.Сарногоев




Толкун болот деңиздин күчтүү жери,
Толкундай бол кыргыздын жигиттери,
Токсон тогуз өнөрдүн ээси бол деп,
Чоң энелер үйрөткөн сени, мени.

Чоку болот тоолордун бийик жери,
Чокудай бол кыргыздын жигиттери.
Чок кармаган кол менен баатыр бол деп,
Чоң аталар үйрөткөн сени, мени.



Бекем болгун кыргыздын жигиттери,
Бириктирсин ынтымак сени, мени.
Бабалардан байыркы мурас калган,
Сактагыла, эң ыйык кыргыз жерин.

## САДАГАМ ОШТОЙ ЖЕРИМДЕН

Музыкасын жазган: Г.Садыбакасова

Сөзүн жазган: М.Осмонкулова




Сук артат көптөр жериме,
Айлантып сууну чачсамбы?
Арттырып көркүн ансайын,
Ак марал болуп бассамбы?

Кайырма:
Сактасын суук көздөрдөн,
Садагам оштой жеримди.
Сулайман пирим колдосун,
Жоо жүрөк, батыр элимди.

Колумдан келсе мууган жер,
Көз тумар болуп тагылсам.
Туурумду кимдер талашмак,
От-жалын болуп жагылсам.

Кайырма:

## ОШТОН САЛАМ

Музыкасын жана сөзүн жазган: Г.Садыбакасова




Жаралгандан жөнөкөй кыргыздарым,
Жан дүйнөнү жаркыткан жылдыздарым.
Жакын эмес, алыста жүргөн дайым,
Сагынычтуу ырын ук «Кыз бурактын».



Кайырма:
Жолугуштук Сиз менен эсен-аман,
Таазим кылам ак дилден айтам салам.
Үч миң жылдык санжыра, тарыхы бар,
Ыйык Оштон айтабыз ысык салам.

Оболосун ыр менен көңүлүңүз,
Узун болсун ылайым өмүрүңүз.
Ала-Тоону жаңыртып ыр төгөлү,
Толуп турсун бөксөбүз, кемтигибиз.



Дарыгүл РАИМБЕРДИЕВА - 1981-жылы 25-мартта Куу-Майдан айылында төрөлгөн.

## ЭНЕ-ТИЛ

Улуттум бар эне-тилге байланган,
Унутулгус тээ эзелтен, байыртан.
Улуу элдин айкөл уулу Манастын,
Урпагына мурас кылып калтырган.

Эне тилим эчен кылым карыткан,
Эбегейсиз орун алган тарыхтан.
Эне тилим - уюткулуу нарктуу тил,
Эсиң болсо өз тилиңди сактай бил.

Эне-тилим - бал каймагы калпыган,
Уккан жандын жан дүйнөсү балкыган.
Эрктүү, күчтүү эркиндиктин энчиси,
Энчиленген кыргыз каада-салтынан.

Эне тилди даңазалап дүйнөгө,
Аалам элин тартып келип багынткан.
Карт тарыхта кылым баскан орду бар,
Өчпөс жылдыз Чыңгыз абам тааныткан.

## КЕЛТЕ

Маралдар жүргөн коктуда,
Мөлтүрөп анда суу акса.
Келтесин алып мергенчи,
Капчыгай бойлоп баратса.



Кырк жигити кыргыздын,
Келтесин колго кармаган.
Кас-душман келсе чаптырып,
Калайык, журтун сактаган.

Боз үйү шырдак кийизден,
Келтеси төргө илинген.
Коногу келсе төрүнө,
Кымызын сунуп ичирген.

Аска, зоолуу аскадан,
Кайберен барат кадуулап.
Келтесин илип ийинге,
"Кожожаш" жүрөт аң уулап.

## БАЛА ЧАК

Арман, кайгы билбей жыргап ал убак,
Атыр гүлдү терүүчү элек талаалап.
Алтын шакек, аркан тартып ойногон,
Ак кушумдай учуп кетти бала чак.

Алма бакты жүрчү элек аралап,
Ойночубуз издеп тапмай жашынмак.
Күн уяга батаар кезде шашыла,
Кучагыма терип алып кызгалдак.

Түркүн түстүү гүлдөрүмдү белекке,
Берер элем апекеме мен арнап.
-Кайда жүрдүң, урушабы? - дегенсип,
Кылчу элем апакеме кошомат.

Балдай ширин балалыгым зымырап,
Өттү өткөндөй чаң көчөдөн аргымак.
Эми мага, арт жагына кайрылбай,
Колун булгайт узап кеткен бала чак.

## КЫРГЫЗДЫН ЖЕРИ ЭҢ СОНУН

Аскасы бийик зоолоруң,
Арчалуу белес, тоолорум.
Жайкалат жашыл шибери,
Кыргыздын жери эң сонун!

Күрпүлдөп агат сууларың,
Көңүлүм сергип кумармын.
Ышкырык салып сайрашат,
Кыргыйек, торгой, уларың.

Мөңгүдө жатат ак карың,
Буркурап жыты арчанын.
Ааламдын ачып ажарын,
Карагай, бадал, ак кайың.

Жайлоосу кенен төрүндө,
Жайдары мүнөз элимде.
Байырлап жашап келген эл,
Бейиштей жердин өзүндө.

## СҮРӨТ

Жансыз элес билинип,
Көздөр көзгө тигилип.
Бөлмө ичи жымжырттык.
Сүрөт турат илинип.

Ээнсиреп жалгыз тамда,
Эскирип желе баскан.
Эзелки эски сүрөт,
Ээсине жетпей калган.



Жүздөрү муңайымдуу,
Каректе сыр катылган.
Көздөрү айтып турду,
Сүйүүдөн жабыркаган.

Баягы ошол сүрөт,
Эсимде, ойдо жүрөт.
Кимгедир түшкөн өңдүү,
Мен көргөн ошол сүрөт .

## ӨМҮР БААСЫ

Жараткандын бизге берген белеги,
Өмүр менен ден-соолукту бергени.
Тирүү кезде сыйлашууга не жетсин,
Куунак жашап бул күндөрдү өткөрүү.

Биз жашоого конок болуп келгенбиз,
Жазылганын пешенеден көрөрбүз.
Кимге эмне буйруганы белгисиз,
Ажал келсе моюн сунуп кетээрбиз.

Өмүр канча, наркы кантип бааланат,
Өмүр бизге жараткандан аманат.
Мезгил өтөт көздү ачып жумганча,
Бүгүн эмес, эртеңибиз табышмак.

## КОШ ЖЫЛДЫЗ

Тээ чокуда кимдер турат жанашып,
Көргөн көздөр бир аларды карашып.
Жүрөгүндө аруу сезим уялап,
Алар каалайт бир болууну самашып.

Кыз-жигиттин айтып бүтпөс дастанын,
Сезбей калаар таңдын аппак атканын.
Кош жылдыздай өңдөнүшүп турушса,
Көркүнө көрк кошулат бул ааламдын.

Бириң айдан, бириң күндөн жаралып,
Ак шоолоңар жер жүзүнө таралып,
Эки жүрөк, эки сүйгөн түбөлүк,
Кош жылдыздай бир жангыла жанашып.

## МЕКЕНИМ - АЛТЫН БЕШИГИМ

Кылымдарды карыткан Манас атам,
Кереметтүү бейиш жерим Кыргызстан.
Кең пейилдүү Ала-Тоолуу элимдин
Каада-салты, үрп-адаты бүтпөс дастан.

Ата-журтум, өскөн өлкөм Мекеним,
Аска-зоолуу Ысык-Көлдөй жеримден.
Ак мөңгүлөр асман тиреп турушса,
Ак шумкарың шаңшып учат бийиктен.

Мекеним сен - алтын уям, бешигим,
Көк мейкинге желбиресин желегиң.
Кыргыз жерим, өркүндөй бер, өсө бер,
Киндик каным тамган менин Мекеним.

Кут дарыган байлыгың - алтын кениң,
Ырысы бар, таалайы бар ыйык элим.
Кудай колдоп журтубузда тынчтык болсун,
Кагылайын касиеттүү кыргыз жерим.



## АК ЖОЛУҢДАН АДАШПА

Жармашсаң арам тамакка,
Түшөсүң тузак капканга.
Суусун ичип шайтандын,
Малынып калба баткакка.

Чылымын чегип баңгинин,
Унуткан өздүк кимдигин.
Жүрүшөт канча түркөйлөр,
Жоготуп кымбат абийирин.

Адашпа, пендем адашпа,
Адал иштеп, адал тап.
Жеңил ойго алдырсаң,
Түз жолуңдан азгырат.

Күн нуру тийсин багыңа,
Гүл өмүрүң кор кылба.
Жети өлчөп бир кесип,
Ак жолуңдан адашпа.

## КАРА КӨЗ

Кара кочкул карагатсың чыныдагы,
Кара көзүм антип мени карабачы.
Кирпиктериң даана-даана ирмелишсе,
Күн нуру да уялат асмандагы.

Күлүмсүрөп карайсың жал-жал карап,
Койдуң беле кишендеп мени тушап?
Күрпүлдөгөн шар аккан дайра болсоң,
Көздөп сага барайын мурап сымак.

Ай жамалың агарган таң нурундай,
Айланамын көздөрүңдөн көзүм албай.
Аярлап азда болсо аяп койсоң,
Алоолонгон отко мени куйкалабай.

## КЕЛЧИ, ЖАЗЫМ

Келчи жазым, күтүрбөстөн келсеңчи,
Көктөм күткөн сулуулукту берсеңчи.
Кубанышып баба дыйкан, жер-эне,
Кызыл дандуу үрөндөрүн сепсечи.

Жер бетинде курт-кумурска жайылып,
Жайнап чыгат байчечекей ийилип.
Жаз мээрими жылуулугун ыроолоп,
Жашыл баркут, жашыл көйнөк кийинип.





**КАМЧЫ ЖУНУСОВ**
(10. 08. 1915 – 05. 10. 1988).
Беш-Бадам, азыркы Кара-Таш айылында туулган.
"Менин доорум", "Жийде бурак", "Ак-Буура", "Сырдуу булак", "Тагдыр", "Гүлнар", "Намыс", "Путь человека не кончается", "Алоолонгон жылдар", "Менин жерим", "Это не сказка" аталышындагы китептердин автору болгон.

## ЖҮРӨГҮМ

Жүрөгүм – ушак укса окчун кагат,
Кебелбей чындык үчүн зуулап барат.
Жүрөгүм – жакшылыктуу кабар укса,
Тим эле кубанч сыйбай толкунданат.

Жүрөгүм – жоболоңдуу кеп укканда,
Буулугуп, алоолонот, жалбырттана.
Жүрөгүм – эмгек этип абийир тапса,
Жадырайт жаш баладай күлүп кайра.

Жүрөгүм – ого бетер толкуп барат,
Же билбейм жаралганбы учкул канат.
Түшүнөм өмүр бою жалгыз гана,
Партия, мекен үчүн тынбай кагат.

## МЕКТЕБИМ

Бассам турсам оюмдасың сен мектеп,
Түн уйкумдан ойгономун мен эстеп.
Бала чактан чамбыл ала кезимден,
Барчын кылып таптагансың бапестеп.

Кайда жүрсөм капарымда сен мектеп,
Эч унутпайм эсимдесиң элестеп.
Канткен менен илим-билим үйрөтүп,
Акылыма акыл коштуң белендеп.

Сүйөм сени ак сүт берген энемдей,
Сүйөм сени бирдей көрүп жергемдей.
Сүйбөй кантип кое аламын мектебим,
Таалимиңди таткам эмчек эмгендей.

Сен мектебим – миллион жаштын түнөгү,
Сен казана илим-билим жүрөгү.
Сен жетилтип учура бер шаңшытып,
Сенден учкан мен да миңдин бирөбү.

Сагынамын сагындырган сен мектеп,
Сан жыргалдуу биздин кутман келечек.
Камчыланып болочокко умтулуп,
Баратабыз бактыбызды жетектеп.

## РОССИЯ

Россия, пейилиң кенен экен,
Алсыздарга кучагың белен экен.
Азып-тозуп жүргөндө Ала-Тоодо,
Алкап алган бир өзүң, же калп бекен?

Россия, боорукер, карт экенсиң,
Эзелтеден достукка март экенсиң.
Эзилгенди имерип алкап дайым,
Эч унутпайм – мээрбан энекемсиң.

Кыргызстан дегенде сен деп билем,
Россия сен үчүн башымды ием.
Сенин уулуң Ленин – бакыт чачкан,
Сени ал үчүн жактырып аша сүйөм.



## ОШ

Сагынып калган экемин,
Аралай бастым тереңдеп.
Шапата жүрүп жогортон,
Жыпарын септи белендеп.

Көз жеткис кенен талаада,
Көрктөнө өнүп буралган.
Ичинде мия чөбү жок,
Ишкерлер чаап сугарган,
Ак пахта жыйнап жылмайса
Албырып жүрөк кубанган.

Көтөрө албай мөмөсүн,
Алма, өрүк шагы ийилет.
Мөлтүрөп жүзүм, башкасы,
Мол болгону билинет.

Эли бар иште чыныккан,
Эмгексиз карап туралбайт.
Пейили кенен жаркылдап –
Меймансыз жаны тынч албайт.

"Кел!" деди Ошум жадырап,
Көркүнө мени уялтып.
"Келдим" деп чумкуп көлүнө,
Эс алдым жанды жыргатып.

Анакей мөңкүп Ак-Буура,
Кербезденет ар дайым.
Байлыгына мактана
Түрлөнөт түштүк ан сайын.

## НООКАТЫМ

Бапеселеп бала чактан жетилткен,
Сен өстүрүп бала чактан жетилткен.
Жел бешикте желпип-термеп алдейлеп,
Жетимдиктин кайгы-муңун кетирткен.
Жерим Ноокат жерибеген балаң мен,
Мээрими ысык, кең пейилдүү энем сен.

Авазалап эркин гана чоңойткон,
Жаш жүрөктү ширетип курч болоттон.
Ыйлаганда бекем басып бооруңа,
Эмчек берип эне ордуна соороткон.
Жерим Ноокат киндик каным төгүлгөн,
Кандан ысык, жандан артык көрүнгөн.

Жоокерликте жалын кечип жүрсөм да,
Жоболоңдуу жоону артка сүрсөм да.
Жүрөктөсүң кошо бийлеп кагышып,
Жыргалыма жыргап ичим, күлсөм да.
Ошондо да чыгарбаган жадымдан.
Он толгонуп сүйгөн жардай сагынгам.

Сени сүйөм, сен деп күлөм карасаң,
Сергий түшөм керегиңе жарасам.
Ышкым артып бир өзүңдү сүйгөндөй,
Мекенге да ак сүйүүмдү жаратам.
Мага кымбат ар бир жериң, тоо ташың,
Жаштыгымдын жалынысың Ноокатым.

## ЛЕЙЛЕК

Лейлек десе жүрөгүм эргип турат,
Жели тийсе көңүлүм сергип турат.
Суусун жутсам жүзүмө кан жүгүрүп,
Эмне үчүн имерип ойду бурат.



Лейлек десе түн бою кирпик какпай,
Түйшөлөмүн жан кыйнап асти жатпай.
Баргын десе Лейлекке учуп жөнөп,
Бир семире түшөмүн териме батпай.

Ушунчалык имерген же бир кызбы?
Уу жуттурган түшүнбөй кежир кызбы?
Жеңил ойлуу акын деп шылдың кылып,
Же баркыма жетпеген акылсызбы?

Лейлек сени дем кылып жүргөнүм ал,
Жамандыкка кыйбастан күйгөнүм ал.
Жыргал күткөн эмгектен элиңди мен,
Бир көргөндө берилип сүйгөнүм бар.

## КӨЗҮМ БИР ТҮШТҮ КӨЗҮҢӨ

Көзүм бир түштү көзүңө,
Көзүң да эмес өзүңө.
Куштар болуп берилип,
Кунарлуу ширин сөзүңө.

Сүйлөсөң кашың серпилип,
– Жүрөктүн күүсүн черткин деп! – дейт.
Карасаң көзүң кылгырып,
– Кааласаң кана жеткин, – дейт.

Күлгөндө көзүң күнгө окшоп,
Күлмүңдөп аша нурданат.
Мен сүрдөп карай албастан,
Күйгөндөн ичте муң жатат.

Кеттиң сен күлүп алыска,
Күлкүңдүн сырын билбедим.
Кайрылып бир сөз айталбай,
Өзүмдү өзүм тилдедим.

**БИЛИП ЖҮР**

Күлгөндүн баары дос эмес
Канчалык алкап сүйсө да,
Жүргөндүн баары кас эмес
Күйгүзө айтып жүрсө да.

Достун да байка досу бар
Дос экен деп үйрүлбө,
Кастын да байка касы бар
Кас экен деп түңүлбө.

Кимиси дос, кими кас,
Ажыратып билип жүр.
Таразалап турмушка
Талдап терең кирип жүр.

**САГЫНАМ**

Көпкө көрбөй кумардана сагынсам,
Бала чактан тузун таткан жеримди.
Эстей калам эгин айдап, чөп чапкан,
Эмгек менен абийир тапкан элимди.

Алыс кетип эңсей-эңсей сагынсам,
Ата-энемдин тери сиңген жеримди.
Эстей калам: эл деп, жер деп мал баккан,
Эмгек менен оозго кирген элимди.

Узак жүрүп сапар карып сагынсам,
Уузун ичип, уюн баккан жеримди.
Ошол замат ойго түшүп эстеймин,
Оо азилкеч саанчы шок келинди.



Жумуш менен алыс сапар тартарда,
Жууратыңан жутпадым деп кыйылам.
Күдөр үзүп кыздарыңды кыялбай
Кылгырып жаш, жүрөк түтпөй сыгылам.

Эмнеликтен, о тууган жер сагынып,
Эч унутпай сени десем эрденем.
Жалыныңа жандырсаң да кубанып
Балчыгыңдан жыттаганга демденем.

**ТАМЕКИ ТАЛААСЫНДА**

Кучагын жайып эркеп,
Кулпунат ана кең талаа,
Керилгенсийт “эмне!” деп,
Кетменин алган ак бала.

Жакындай барып балага,
Суроолор менен кайрылдым.
Көз жүгүртүп жан-жакка,
Көңүлүмдү жай кылдым,

– Мактанса талаа эби бар,
Макмалдан көркү кем эмес.
Жайнаган жашыл тамеки,
Кайсы эгинге тең эмес.

Беш жыл болду суучумун,
Түшүм үчүн ирешип.
Звеновой өзүммүн,
Келемин талбай тирешип.

Тамеки сүйөт артыкча,
Эмгекти, маңдай териңди.
Тамеки сүйбөйт эч убак,
Кыртышсыз арык жериңди.

Тамеки желге ыргалып,
Жалбырагы чайпалат.
Сууну жутуп күч алып,
Сулууланып жайкалат.

Аңгыча болбой арытан,
Шаңшыган үндөр угулду.
"Аларың ким?" деп жаңыдан,
Сурасам карап бурулду.

Үзүүгө келе жатышкан,
Колхозчулар мындагы.
Тизүүдөн эми кайтышкан,
Кубат берип ыр дагы.

Жылмайса бала жадырап,
Жылдызы жанат төшүндө.
Кужүрмөн эмгек айкындап,
Түшүнсө шонун өзүндө.

## ҮМҮТ

Эшигиндин алдынан күндө өтөм,
Бир көрбөстөн кетүүгө кантип түтөм.
Кылак эте көрүнүп калсаң го деп!
Кылчак-кылчак каранып жолуң күтөм.

Ашык жарым билбейсиң минткенимди,
Баскан изиң барбы деп тинткенимди.
Бир сени деп жалооруп күйүп-бышып,
Ыраң азып, ырбайып житкенимди.

Ышкырамын чыдабай туйса го деп,
Үмүт күтүп үн созом укса го деп.
Атаң чыгат: – кимсиң деп? – кабак бүркөп,
– Мен эле, – деййм жер карап кур жеме жеп.



Итиң чыгат артынан аткан октой,
Мен кыймылсыз телмирем арга жоктой.
Көргүм келет итиңди капса дагы,
Уккум келет үргөнүн кайра токтой.

Үмүт үзүп ишиме кетейин деп,
Кеп укпайын тезирээк жетейин деп.
Жөнөрүмдө бактарың шыбырашат:
"Кетпе жигит, чакырып берейин", – деп.

## СҮЙӨМҮН

Сүйөмүн сага берилип,
Жүрөгүм зырп-зырп элирип.
Каш какпай кабак бүркөсөң
Кайгыңды тартам эзилип.

Сүйөмүн тынчып туралбай,
Сүйгөн соң чыны уялбай.
Карабай кетсең караймын,
Карааның карап кыялбай.

Сүйөмүн чыны бааласаң,
Сүйгөнүм өзүң карасаң.
Үйрүлүп алыс кеталбайм
Имерип жаным арбасаң.

Сүйөмүн мейли өзүң бил,
Сүйбөсөң анда көңүл кир.
Сүйүүнүн отун өчүрсөң
Жүрөктө калат кара зил.



**КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ**
**(15.05. 1936.– 24.01. 2003.)**

Өсөр айылында туулган.

"Айлуу түндө күйгөн от", "Эркинбек", "Адабий турмуш ойлору", "Махабат аралы", "Адабият жана мезгил", "Таң шоокуму", "Фольклор жана адабият", "Түштүк кызы", "Акын кыялы", "Армандуу биздин балалык", "Токтогулдун кербези", "Жаңы тилке", "Арман китеп" деген автордук жана Бердактын "Өмүр ырлары", Хафиздин "Газалдар" китептерин которгон. Көптөгөн китептери чет тилдерде жарык көргөн.

"Түштүк кызы" повестинин негизинде "Жоош кыз" көркөм фильми Ноокатта тартылган.

## ТООЛОРУМ

Караганда көз кайкыган тоолорум,
Ак мөңгүсү алтын сымак жер соорум.
Кайда жүрсөм көңүлүмдө турасың,
Төрөлгөндөн эгиз өскөн бир боорум.

Өркөчтөнгөн өкүмү күч тоолорум,
Өзгөчөсүң — сенден ашык не сонун?
Бабаларым өзүн сактап жан берип,
Талкалаган сай батпаган жоолорун.

Асман менен эрк талашкан тоолорум,
Сенден бийик, сенден таза не сонун?
Аппак карың көздөрүмдүн нурубу,
Ак калпагым сенден алган порумун.

Кыш айында көркүн ачкан эң сонун,
Кымбатымсың касиеттүү тоолорум.
Араласам атчан жүрүп койнуңду,
Атырылат асман тиреп ойлорум.



Жай айында жагалданган эң сонун,
Жаркынымсың жарашыктуу тоолорум.
Бетегеңе бетим тийип уктасам,
Бекемделет пейли таза ойлорум.

Алыс жүрсөм карааныңды сагынам,
Кадырыңа, келбетиңе жагынам.
Ыйык көргөн мекенимсиң, жеримсиң,
Бийик койгон, артык койгон баарынан.

## СҮРӨТТӨРҮҢӨ

Кайрадан карап чыгып сүрөттөрүн,
Эстедим эң бир сонун доор өткөнүн.
Мен кантип унутайын тирүү кезде,
Жалбарып сен өпкөнүң, мен өпкөнүм!..

Биринчи бирге түшкөн биздин сүрөт,
Уялып унчукпайсың, толкуп жүрөк.
Мен турам чекем тердеп сол жагында,
Сүр басып, анын баары эсте жүрөт.

Мынакей башка сүрөт катарлашкан,
Жүрөктөр жалын чачып жакындашкан.
Көрүнбөйт башка жандар көзүбүзгө
Макулбуз түшүп кетсе көпкөк асман.

Дагы да отурабыз моюндашып,
Дүйнөдө биз жалгыздай ашып-ташып.
Капыстан кол үзүшүп каска айландык,
Тагдырга биз экөөбүз кайдан жаздык?

Карасам: башка сүрөт, жалгыз өзүң,
Арбайсың кадимкидей сүзүп көзүң.
Азыр да чынын айтсам күйүп кетем,
Эстесем мага жаккан шок мүнөзүң…

Сен билген бирге түшкөн далай сүрөт,
Карасам жүрөк эзип, ич күйдүрөт.
Канчалык биз экөөбүз жоо болсок да
Сүрөттөр өз алдынча өмүр сүрөт!

Кайрадан карап чыгып сүрөттөрүн,
Эстедим эң бир сонун доор өткөнүн.
Мен кантип унутайын тирүү кезде,
Жалбарып сен өпкөнүң, мен өпкөнүм…

## ЛАЛАХАН КАЗАЛДАРЫ

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Күбөсүбүз арманы көп жылдардын.

Тузум ичип, туз баштыгым булгаган,
Жүзү кара ыйманы жок шылдардын…

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Сен энеси, мен атасы балдардын.

Эч күнөөм жок тагдырында алардын,
Өмүр бою балдарым деп жалбардым…

Бул дүйнөдө сен барсың да, мен бармын,
Азабыңда чач агарган Камбармын.

Кыйын кезде сен карабай кетсең да,
Лалахан деп ырларымды арнадым.



* * *

Караңгы түн жүрөгүмө сайылган,
Кастык менен капысынан далымдан.

Көз тунартып алсыраткан алымдан,
Курч канжардын айыкпаган изи бар,

Билгиң келсе абалымды Лалахан.
Жабыркадым жаным кейип жараттан,

Душман эмес, ынак достор тараптан.
Бүт денеме уусун чачып тараткан,

Сур жыландын кан тамырлуу уусу бар,
Уккуң келсе арманымды Лалахан.
Айыктырсаң жүрөк эзген дартымдан,
Мен качпаймын убадамдан, антымдан.

Кумарланып ээрчий берем артыңдан,
Ишенип кой, ак периштем Лалахан.

* * *

Түркмөн чөлү жан кейитет, чаңкатат,
Ысык шамал ооз күйгүзүп, тил катат.

Аба жетпей дем алалбай кыйналып,
Күн көрөрмүн Казанжыкта акактап.

Бүт денемди бүлүндүрүп кеткенсийт,
Мээ кайнаткан мээрими жок бул аптап.

Үмүт үзүп тирчиликтин баарынан,
Мезгил карап, күн батыштан саматат.

Мезгил жылбайт, мезгил токтоп калгансып,
Жин келтирет колумдагы жалкоо саат.

Күн батса да ысык илеп тарабайт,
Уктай албай, көз ирмебей таң атат.

Канча кыйын өз башымда турса да,
Унутулбай бир өзүңө жазам кат.

Лалаханым, унуттуңбу, жообуң жок,
Муну ойлосом эрксиз жерден жаш тамат.

Сен унутсаң ушул кыйын мезгилде,
Камбаралы арыз-муңун кимге айтат.

* * *

Күндөр өттү терезеңди көп карап,
Көзүм көрбөй караанынды ак тамак.

Түнү күттүм таң аткычаң жадабай,
Көрүнбөдүң тура бердим жалдырап.

Күнү күттүм, көңүл толкуп, ой санап,
Кеч да кирип, ай жылмайды жаркырап.

Лалаханым, таарындыңбы түбөлүк,
Бооруң ооруп койгонуң жок кол булгап.

Ызаланып азап тартса жүрөгүм,
Кулагыма дүкүлдөгү угулат.

Көз алдымда кара кашың ак жүзүң,
Бермет сымак көркү ачылып кубулат.





Камалидин КАРАЗАКОВ 1964-жылы 20-октябрда Кара-Таш айылында туулган.

## ТАМСИЛДЕР
## ЭЛ ЭМНЕ ДЕЙТ?

Карга жолдо келе жатып бир түрттү чымчыкты,
Жолдун ары жагына өтүп, тоту кушту чымчыды.
Маскара болуп, мас карга жолдо жыгылып,
Ой, колундагы бөтөлкөсүн сындырды.

Үйүнө келип түлкүгө чыр кылды,
Керилип колуна кармап, кашык, чынынны.
Кой ай! - деген эч ким жок,
Ошентип, үйүндөгү идиштерин бүт сындырды.

Түлкү калп ыйлап, кашык-идишин ыргытты,
Арак ичпе деп, бакырып чыр кылды.
Эх карга, сениби шашпа! - деп,
Кашык-чөмүчтү бекитип,
калган идиштерди сындырды.

Өзү ичимдикти көп ичпеш керек,
Ай иий, эми кошуналар эмне дешет?
Карга эс алып, уктап турганча,
Түлкү тамак даярдап, чайды койду демдеп.

Үй-бүлөдө казан - аяк кагышат экен,
Түлкү карганы, карга түлкүнү турушчу эле колдоп.
Тамак ичейин десе кесе, кашык жок,
Карга отурат кайырмагы жок балыкчыга окшоп.

Түлкү тамак даярдаса, карга сындабайт,
Кээ бирде мас болсо да чыр кылбайт.
Күндөр, айлар, жылдар, мезгил өтсө да,
Карга ошондон бери идиштерин сындырбайт.

## АКЫЛМАН ТОТУ КУШ

Чөлкөмдө жашайт тоту куш акылман,
Алысты көрүп даана сүйлөгөн даанышман.
Түлкү менен короздун тою болуп,
Эч кимге сөз бербей сүйлөп жатат сагызган.

Тойго келгендер карашып туш-тушка,
Короз менен түлкү колтукташып,
ооз тийди нан-тузга.
Каалоо-тилектер байма-бай айтылып,
Кезеги келип, сөз берилди тоту кушка.

Тоту куш: - Короз, сен үй-бүлө башчы, хан төрөсүң,
Билемин, алысты көргөн бир көрөгөчсүң.
Мисалы, велосипедди сүрөттөп берсем,
Түлкү арткы, сен алдыңкы дөңгөлөксүң!.

Себеби - Алдыңкы дөңгөлөк,
арткы дөңгөлөктү тартат жолго,
Бул жашоодо башкарат оңго жана солго.
Мен да силерге жакшы тилегимди айтамын,
Турмушта калбагыла, ай ара жолдо".



Короз: - Ээ тоту куш! - деп үн катты,
Мага айтыпсың бул жашоодогу калпты.
Ак тоюмда мени алдыңкы дөңгөлөк дегенсиң,
Азыр түлкү - алдыңкы,
мен болупмун - дөңгөлөк арткы.

Түлкү үйдө башкарат мени, бала-чаканы,
Көзөмөлдөп текшерип турат, үй чарбаны.
Жаңы кийим аламын десем, каршы болуп,
Өзүм алып берем деп карматпайт акчаны".

Тоту куш: - Короз сен эстегин, өткөн чакты,
Сага айткан эмесмин жашоодогу калпты.
Мен күйөөм бүркүт менен үйлөнгөндү эстесем,
Азыр мен алдыңкы,
бүркүт болгон дөңгөлөктүн арты.

Мен да көп-көп эстеймин өткөн чакты,
Бүркүт күйөөм бакырганда жарат эле ташты.
Убакыт да билинбей өтөт дегендей,
Азыр үндөбөй жейт, тузу кем ашты".

Турмуш деген өз нугунда дөңгөлөктөрдү айлантат,
Тойдо түлкү, короз түбөлүккө кол кармашат.
Тоту куш велосипедди мисал келтиргендей,
Неге-неге мынча дөңгөлөктөр алмашат?

## КАЛП АЙТКАН КАРГА

Бул окуя болуптур мурда бир токойдо,
Чабалекей сүйөмүн деп ашык болду торгойго.
Күндө күн алыс ары-бери басып,
Азыр сүйүү кези, убакыт жок ойлонгонго.

Чабалекей кызыл гүл алып, шашып баратат,
Токойго барып торгойдун үйүн айланат.
Бакырып, ашыгып сүйгөнүм деп чакырса,
Торгой акырын чыгып керилип, назданат.

Карга ойлонуп, элестетип торгойдун элесин,
Оокат ичкиси келбей, дасторконго койду кесесин.
Торгой мен сени сүйөм деп ага барып,
Мына - ак тулпар көрдүңбү менин, мерседесим!

Сүйүү деген мынча чечилбеген сырдуу түйүн,
Менден сага арналыптыр ак сүйүүм.
Карга торгой менен жолугушуп, сырдашып,
Көрсөттү, тээ тиги - менин эки кабат үйүм.

Булбул ойлонуп - ойлонуп батты ойго,
Карга, бүт чөлкөмдү чакырды тойго,
Сагызган кайра-кайра тост айтып,
Баары бийлеп жатат ортодо.

Чабалекей сүйүүсүнө жетпей, көзүнө жаш алып,
Тойго келгендер той бүтүп тарашып,
Той да болуп, тойдун эртеси дегендей,
Карга менен булбулдун үй-бүлөлүк турмушу башталып...

Торгой: -Чабалекейди шылдыңдап бекер күлүпмүн,
Карга мас жатат астында түркүктүн.
Ак мерседес менин унаам десе ишенип,
А, көрсө унаасы экен - кошуна бүркүттүн.

Кыш ызгаар, үнү угулат бороондун,
Мен да кошуна чөлкөмдө чоңойдум.
Тээ тиги эки кабат менин үйүм десе ишенип,
А көрсө, шаарда жашаган үйү экен короздун.



Каргага калп айткан бул үйрөнгөн адат,
Чабалекей үй куруп, үй сатат.
Сыныктан башкасы жугат дегендей,
Торгой да каргага окшоп калп айтат.

Торгой карганын калпычы экенин билбеди,
Торгой сүйүүдөн адаштым деп өзүн-өзү тилдеди...

## МАЙМЫЛДАР

Маймылдар топтолушат экен бакка,
Чыгышат бекем кармап, дарактагы шакка.
Бизге окшоп шашкеге чейин уктабай,
Жөнөйт экен, токойго агарган таңда.

Адамдар көрүшөт маймылдарды бактан,
Дарактан даракка өтөт, абайлап шактан.
Бир адам оонап арак ичсе экинчиси,
-Маймылдай ичипсиң! -деген сөз чыккан каяктан?

Адамдар угушпайт бири-биринин кебин,
Тоготушпайт ушулбу, деп маймылдын кейпин.
Маймылга карап саресеп салсак,
Тамак жесе, таза жууйт экен бетин.

Маймылдын кабагы ачык, кээде бүркөк,
Адамдар айтабыз, ушакты түркүн-түрмөк.
Биздин ушак айтканыбызды билишсе,
Маймылдар бизге каткырып күлмөк.

## ИНТЕРНЕТ

Кетти, кетти достук СМС күкүктөн,
Келди, келди кайрадан СМС түлкүдөн.
Мурда булар телефондон сүйлөшсө,
Азыр бири-бирин көрүп, интернеттен сүйлөшкөн.

Колуна алып айфонун көр чычкан,
Мас карга телефонун жоготуп, жолдо жыгылган.
Короздун телефонунан ак куунун сүрөтүн көрүп,
Тоок айфонду талкалап коногодон ыргыткан.

Күндө-күн алыс башталат интернеттеги кызык,
Булбул ыр жазат, кайра-кайра оңдоп сызып.
Бир айдан кийин ушул ыр чыкты интернеттен,
Көрсө булбулдун ырын уурдаптыр, ууру мышык.

Жарыя чыгат жаз, жай, күз, кышта,
Жазганы маанилүү өтө кыска, нуска.
Үй саламын, үй оңдоймун деп жазат,
Себеби, чабалекей чөлкөмдө - атактуу уста.

Планшетин ачып, кайра ойлонуп сагызган,
Ден соолугуң жакшыбы деп, каргага кат жазган.
Экөөнүн каттарын, комментарийин окуша,
Карга, сагызгандын жазган СМСтери көбү жалган.

Мурда ойночу эле козу-улак кол кармашып,
Жөжө, балапандар ойноп үй-үй жасашып.
Элүү жылда эл, жүз жылда жер жаңы дегендей,
Козу ыйлайт, атасы кочкордон айфон талашып.

Булар акчаларын телефон интернетке короткон,
Тоок айфон талкалап, короз кыйла оңолгон.
Бүркүт менен ителги интернет менен сүйлөшүп,
Себеби, куруучулар тоо бооруна антенна орноткон.

Эх окурман, тамсилди окуп карачы,
Булар да интернет деп кетет айласы.
Тууган-урук, дос-дос менен сүйлөшпөй,
Чөлкөмдө барбы-жокпу, интернеттин пайдасы...



## КАКЕ ДЕГЕН КИМ?

Кашкулак: - Ээ мышык! - деп бакырып,
Тезирээк келгин деп чакырып.
Мен - Юбилей той кыламын! - деп,
Чөлкөмдө болот эми чоң жаңылык.

Кеч күз, аба ырайы салкын,
Кагазга калтырбай жазды баарын.
Эртеңкиге Кашкулактыкына тойго деп,
Эч кимди калтырбай айткын.

Мышык кыдырып айтты үкүнү, түлкүнү,
Токойдун четиндеги сайраган күкүктү.
- Эртең Какеникине юбилей тойго! - деп,
Унутпай айтты тоодогу ителги, бүркүттү.

Эртеси тойго чогулуп илбирс, арстан,
Бүгүн көпчүлүккө кошулуп кабылан.
Бул Каке карга болсо керек деп,
Жүргүлө, жөнөдүк! - деди сагызган.

Ошентип, жөнөштү карганын үйүнө топтолуп,
Жалгыз аяк жолдо колонна машинага окшошуп.
Барышса карга үйүндө мас жатат,
Баары таң калып: - Каке ким экен? - дешет ойлонуп.

Ошентип дагы бир үйгө барыптыр,
Бул кийинки Каке деген Карышкыр.
Бирок, Каке да үйүндө жок экен,
Көпчүлүк: - Той кай жерде? - деп таң калыптыр.

Баары - Каке ким экен? - деп ойлонуп,
Олтурду арстан оор үшкүрүп, бактын түбүнө.
Эми болсо болду, болбосо жок дешип,
Баары жөнөштү Кашкулактын үйүнө.

Той күнү далай, баарында жакшы маанай,
Бүркүт, ителги келишиптир адашпай.
Себеби тоо боорунан көрүнүп турат,
Кашкулактын үйү алаканга салгандай.

Баары кайрадан чыгышты чоң жолго,
Бара жатышып, бурулушту токойго.
Караса бир үйдөн музыка жаңырып,
Киришти Кашкулактын үйүнө тойго.

Кашкулак: -Бүгүн, юбилей той-тамаша,
Эми түшүнгүлө, баланын иши чала.
Мышык мени Каке деп айтыптыр,
Кечиксеңер болдум сарсанаа!

Тойго келгендер Кашкулакка рахмат дешип,
Каткырып эттен кеңири жешип,
Той ээсине каалоо-тилек айтышып.
Ар бири пакетке салды тойдон кешик.

Катташпаса кошуналар да ыраактап,
Ушундай тойдо, эт жеген кандай ырахат!
Чөлкөмдү жаркылдап юбилей тойго чакырган,
Кашкулакка баары айтышты ырахмат!

Ушул жазылган тамсилде эмне себеп,
Кашкулакты Каке дебеш керек.
Бул жашоодо өз аттары толук айтылбай,
Неге дагы эле Кашкулакты - Каке – дешет?





Каныкей ТАГАЕВА - 1976- жылы Чоң - Алай районунун Чак айылында туулган. Ноокаттын Кара-Таш айылынын келини.

## ТИРҮҮЛҮК

Өлбөстүктүн аппак таңы сүрүлүп,
Өмүр – дарак, бариктери күбүлүп.
Закымдарга кайып болуп жылдарым,
Баратса да сүйөм сени, тирүүлүк.

Шаштымды алса азоо мезгил жүгүрүк,
Сыяктанып жүгөнү жок бир күлүк.
Марасына жеткичекти өмүрдүн,
Мен баары бир сүйөм сени, тирүүлүк.

Жашоо кызык, бирде ыйлап, бир күлүп,
Максаттарга үлгүрбөй да, үлгүрүп.
Мейли, турмуш көрсөтсө да азабын,
Мага кымбат бүлбүл жанган тирүүлүк!

## БАЛАМА

Балапаным, аска-зоом, тирегим,
Багаарымсың, жүк көтөргөн билегим.
Көктөм жашың көп жылдарга уланып,
Көксөп жүрсөң орундалсын тилегиң.

Эл уулу бол, доско кылба кыянат,
Эмгегиңден журт чыгарсын тыянак.
Алгылыктуу, адал болсун кызматың,
Апаң жазсын ак кагазга сыялап.

Ойлор күлүк, чырмалышкан желездей,
Оорубагын, азап тартпа кенедей.
Эс-акылды, өңдү берген Жараткан,
өмүрдү да берсе экен ченебей .

Тагдыр буйруп, аруу жанга колуң сун,
Таалайыңа татыктуу жар жолуксун.
Эшик - төргө бакыт чачкан периште,
Ээси болсун мен сактаган жоолуктун!

***

Түздүм бүгүн өзүм менен келишим :
Жаап коюп көр ООКАТТЫН ЭШИГИН.
Бар көйгөйдү сүрүп коюп бир азга,
Барам сага ,бул акыркы чечимим.

Мына, мына баратамын, жолдомун,
Көк мелжиген сүрдүү, ыйык тоолорум.
Узаганда ооруп, көксөп, сагынган,
Мен өзүңдүн бир бөлүгүң окшоймун.

Энем сымал койну жылуу тоо тарап,
Булут түнөп, гүлдөр желге ыргалат.
Оо баякы бийиктикти күсөгөн,
Секелекти күттүң балким жол карап.

Мен өзгөрдүм...Турмуш берип сазайым,
Сендей болуп сылаган жок маңдайым.
Өзүң гана кылымдарга солк этпей,
Өзгөрбөдүң, өзгөрбөссүң ар дайым!



***

Ыр жазбай сен жөнүндө жүрөйүн деп,
сөз бергем, бирок аным кайда калды.
Элесиң жогото албай эссиз жүрөк,
эзелки сезимдерге кайра барды.

Кайрадан ошол кыштак шыбак жыттуу,
көчөңдөн өтүп барат өспүрүмдөр.
Турмуштун толкунунда балык жондуу,
ачуу да, таттуу дагы өттү күндөр.

Сен мага өмүр бою эргүү берип,
жашайсың ырларымдын ар сабында.
Карааның тынчымды алат келе берип,
Кечтерде, өмүрүмдүн ар таңында .

Өчүрдүм сүрөттөрдү көзүмдөгү,
түш көрбөй, түйшүк тартпай түнөйүн деп .
Ант бердим бүгүн дагы өзүмө-өзүм,
ыр жазбай сен жөнүндө жүрөйүн деп.

## ЭСКИ ЫРЛАРДАН

Эх сезимдер, күчтүүсүңөр таш жарып,
Арбайсыңар сулуулардай каш кагып.
Кантип, кайдан кирип келдиң дүйнөмө,
Мен да сенин ааламыңа баш багып.

Жакшынам ай, жаздың жүрөк оорусун,
жакпай мага тентек кыял, жоругуң.
"Жазба!" -дедим көргүм келбей а неге,
сактап жүрөм телефонуң номурун?

Жолтоо болбо, өз жашооңо "ыктагын",
жолум тоспо, бет алдыман чыкпагын!-
катуу айтып, кайтпасыңды өтүнүп,
кайра неге келип турат жыттагым?!

## КЫШ

Күз аярлап кышка бербей кезегин,
көйкө жүрдү көчөбүздө күймөнүп.
Морулардан жыты келип тезектин,
коюу түтүн көктү карай үйлөнүп.

Желаргыдан салам айтат көктөмүм,
күн күлүңдөйт, аба тартып жылымык.
"Кылт" дей түшүп көз ирмемге өткөнүм,
күн чубактап отурамын жылынып.

...Бала кезде эшигибиз ачылбай,
калар эле калың түшкөн ак кардан.
Жаай берчү бир нече күн басылбай,
салмактанып кулап түшчү шактардан.

Сагындырды саймаланган терезем,
чатырында үйлөрдүн муз тоңгону.
Жалаңдатып кылыч мизин кезеген ,
жакшы экен кыштын кыштай болгону.

## ӨМҮРЛӨШҮМӨ

Кудай буйруп тагдырыма берилдиң,
Кубандырдың, кермаралдай керилдим.
Ыраа көрүп мени сага сүйдүргөн,
ыраазымын марттыгына Теңирдин.



Үлгүсүндөй айкөлдүктүн, кендиктин,
үйүм куттуу, ишен жаным сендикмин.
Сен бар үчүн сактап турам жаштыгым,
саркеч кийим... ыраңы өчпөй эндиктин.

Мен да сенин эки кылбай сөзүңдү,
мээрим төгө карайм жоодур көзүңдү.
Көз жумулуп, дагы келсем жашоого,
кайтып эле тандамакмын өзүңдү...

## ТОКТО, ЖАМГЫР

Эргүү бербей бу жамгырдын дыбыры,
Эмнегедир сыртты карайм кусалуу.
Кейигендей эриндердин шыбыры,
Кетели дейт ыр айдыңга музалуу.

Токто жамгыр, тартчы бир аз "тизгиниң",
Кыян, селден үшүп турат Жер Эне.
Мейли жүргүз каалашыңча бийлигиң,
ыр жазууга козгобойсуң делебе.

Каршы чыкпайм табигаттын эркине,
бар болгону көк асманды көрөйүн.
Суктанайын көктөм жаздын көркүнө,
Ай кучактап, күн шооласын өбөйүн.

Жуурулушуп жамгырына ак таңдын,
жашыл аалам, карегиме чөгөт көк.
Түндү жиреп, жүзүн жаап асмандын,
басылбайсың бир дыбырап, көнөктөп.

## КЕЧИР, АПШЫР -АТА

Болуп өттү көз көрүнөө кыямат,
Опурталдуу кан жыттанган сел келип.
Оо, табият мыйзамына кыянат,
кылдык бекен билип-билбей пенделик .

Кырсык тооруп, кунары жок кейпинди,
далай жазар мен сыяктуу жазмакер.
Мезгил - дары, кайра орноп бейпилдик,
гүл төшөлгөн, жашыл ыраң жаз келер.

Шаркыратма табышмактуу түпкүрү,
теребелге күмүш тамчы ыргыткан.
Атырылып тоодон түшкөн көркүнду,
акын жандар күүгө салып ыр кылган.

Тоону тешип зым арканды орнотуп,
жараладык бүтүн жериң калтырбай.
Кейиттикпи туш тарабың омкоруп,
кечир бизди Мазар-Булак, Апшыр -Сай.

Келди кырсык кеги бардай айттырбай,
Кечир бизди касиеттүү Абшыр -Сай!!

## ЖАШТЫГЫМ

Кайда жаштык бүктөмүндө мезгилдин,
калып кеткен нурдуу жүзүм үлбүрөк.
Жүрөктө жаз, табы кайтпай сезимдин,
дале кетпей чырайымда күн жүрөт.

Кайда жаштык чагылгандын отундай,
карегп өрт, гүлдөр өсчү изинде.
Каттар кайда ыргытылган окулбай,
кандай сөздөр катылды экен ичинде?



Кайда жаштык келишкен төрт тарабым,
кундуз чачым ай далыдан төгүлгөн.
Эрке курак, кыялга бай ааламым,
кирпик какпай таңдар аппак сөгүлгөн?

Кайда менин толукшуган жамалым,
апам ,анан ай нуруна өбүлгөн?

## БИРИНЧИ МУГАЛИМ

Устатым, улуу көсөм, кеменгерим,
Уядан учаарыма себепкерим.
Сен берген билим менен туңгуюктан,
Жол таптык ачып дүйнө терезесин.

Биринчи мугалимим - асыл адам,
Билигин билимсиздин жандыра алган.
Күлазык болду бизге өмүр бою,
Күмүштөй күлдө дайын жаркыраган.

Андыктан мугалимге сыйым бийик,
Урматтап, таазим кылам башым ийип.
Силерге өмүр бою карыздарбыз,
Төбөбүз турса дагы көккө тийип!..

## АЙЫЛЫМ

Айылыма бурулганда тумшуктан,
Ажайып бир коолдукка тушугам.
Сагынычым тарай түшүп кайдадыр,
сезимдерим "жарк" дей түшөт тумчуккан.

Көп жыл болду сенден алыс кеткемин,
күжүлдөгөн күр -шарыңдан четтемин.
Орду башка, курулуптур заңкайып,
Оо, баякы менин жапыз мектебим.

Бир аз жүрсөң жол четинде көрүстөн,
боз дөбөлөр үнсүз,сырдуу көрүнгөн.
Жатат анда бир боорлорум, апакем,
жапжаш бойдон "күнү бүтүп" көмүлгөн.

Токой чети, көк дайранын боюнда,
тоонун түбү, жаратылыш койнунда.
Көзгө жылуу мен чоңойгон эски там...
Күндөрүм бар эч тойбогон оюнга ...

Көргүм келет кудуретиң сагынтып,
касиетиң жылуу сезим калтырып.
Өсүп чыгып улам жаңы муундар,
өзгөртүүдө көркөмүңдү арттырып.

## ПАРИЖ ОЛИМПИАДАЧЫЛАРЫНА

Кыргыз кыйын, жөндөмү көп ар ишке,
Дүйнө карайт: - Кантет? - деген таризде.
Жолборс айбат, урпактары Манастын,
Жолдуу болсун сапарыңар Парижге!

Ала-Тоонун таза абасын жуткансың,
Кыл чайнашкан кармаштардан уткансың.
Болоттой бек, майтарылбас эркиңе,
Байыркы Эйфель тээ бийиктен суктансын!

-Жеңил барып,оор кел! - дейм жалпыңа,
Күндүү элден ысык салам айткыла.
Кыргыз жүзү билегинин күчүндө,
Кыраандарым Жеңиш менен кайткыла!

Күйөрмандар дуба кылып туралы,
Кыргызстанга эсен аман кайткыла!!



## ПАМИРГЕ КАТ

Салам Памир, улуу тоолуу асыл жер,
Сагыныпмын көздөн учуп караанын.
Көксөөм ашып, толуп турам азыр мен,
күмөн болуп бир кайрылып бараарым.

Баягыдай чайыттай көк асманда,
булуттарың аалам кезип калкыйбы?
Бүркүт гана ээлик кылчу асканда,
бала барчын канат кагып шаңшыйбы?

Көк зооканда так секирип ойногон,
кайберендер ай булакка түшөбү?
Көк жалдарга түнү менен жойлогон,
короочу ит жаны калбай үрөбү?

Журт жайлоого абалкыдай көчөбү,
жасалгалуу топоздорду минет ким?
Тестиерлер чаңытышкан көчөнү,
телчиктиби сүтүн ичип инектин?

Көк конушка саймалуу боз үй тиккен,
курбуларым мыкты зайып болгондур.
Арзууларын катка жазчу үч бүктөм,
А жигиттер бир топ жашка толгондур?

Жоолук салган алма беттүү кыздарың,
Ыйбаа кылып оозун басып күлөбү?
Капар албай алты ай кыштын ызгаарын,
Кыштак эли аман-эсен жүрөбү??..

Көксөөм ашып толуп турам азыр мен,
күмөн болуп бир кайрылып бараарым...



Мамат САБЫРОВ – Кашкалдак айылында, 1961-жылы 21-декабрда туулган. Улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## “БОЗДОСОМ ҮНҮМ ЖЕТЕБИ...”

(Аңгеме)

Чырмаш акани мен алгачкы жолу жаңы конушта там салып жатканда көрдүм. Бу кезге чейин батирден-бетирге көчүп, өз үй, өлөң төшөк көзүнөн учкан миңдеген жаштар эми төрт сотых болсо да жер үлүшүнө ээ болуп, ушул жерден көгөрсөм, бак тапсам деген ниет менен шымалана кыш куюп, дубал согуп киришкен кез. А кезде баарыбыз бирдей элек, окшош элек. Анча-мынча колунда бар, “крутойлор” гана участогуна вагонетка коюп, же боз үй тигип албаса, калгандарыбыз чатырда, алачыктарда жашачубуз.Кимдин таш, кум түшүргөнү, пайдубал куюп, чай кайнатып жатканы бүт көрүнүп турат, күрөк, лом, кол араба, опалубка дегендердин баары ортодо.Ошентип, бири-бириңен шайман сурап, болгон тамагыңды тең бөлүшүп жеп жүрүп бир күн кошуна эмес эле бир тууганга айланып калат экенсиң.

Чырмаш аканин жер тилкеси баарыбыздыкынан өйдө, көчөнүн башында эле.Ал жашы кыркка барып калса да али үйлөнө элек, бир көзү азиз киши болчу. Ошонусунан уялабы, дайыма кара көз айнек тагынып жүрчү. Өзүн оолак кармап, кошуналар менен да көп алыш-бериш кылчу эмес. Ушу кезге чейин жалгыз бой жүргөнүнүн себеби да ошол өксүк комплексинин, өзүн кемчил сезгенинин айынан болсо керек.

Бир жолу жумуштан кийин жөө келатканда(а кезде азыркыдай автобус да, маршруткалар да жок.Троллейбустун



акыркы аялдамасынан түшүп калып, үч чакырымдай жерге пияда келчүбүз) жолугушуп калып, үйгө чейин сүйлөшүп келдик.Экөөбүз жердеш экенбиз. Ошондон улам мага боор тартып, бара-бара ага-ини болуп кеттик.

Ал жолу, андан кийин да көзүнө эмне болгонун сурай алган жокмун. Өзү жашырып, айткысы келбесе сураганга оозуң барбайт экен. Бирок, сыр бир күн өзү эле ачылып калды.Айылдан апам келген.Биз жумушка кеткенде үйдө жалгыз калчу.Ошентип, дагы өзү жалгыз эригип отурганда өйдөрөрөөк жактагы тамдын жанында бир кемпир жүргөнүн көрүп, өтүп барган го. Анан кемпирлер бири- бири менен бат тил табышып, жакшы сүйлөшөт эмеспи. Чырмаш аканин апасы да уулунун тарых-таржымалын бүт сеймедиреп бериптир. "Кечке маал очоко оокат пышырып аткам.Эки жаштаги Чырмаш нарыраакта ойноп жүрөт эде. Анан казанды очоктон алып, эми жерге койгон атканда “чыр” эткен үн чыкты.Карасам, Чырмаш көмкөрөсүдөн түшүп калыптыр, бир көзүдөн диркиреп кан агватат. Чалынып жыгылганда көзү менен чөңөрдү басып жыгылыптыр да. Шонтип, бир паста айдай балам бир көзү кашайып, көр болуп калды", - дептир.

Айына бир жолу айлык тийгенде Чырмаш ака базардан эт ала келет да, казанга сорпо асып, мени чакырат.Билбейм, эртерээк чыгарып коебу, эти көп учурда чала бышып калчу.Мен бир аз ооз тийимиш болом да устуканымды ары жылдырып коем.Кээде үйгө көтөрө келип, келинчегиме кайра бышыртам. Чырмаш ака өзү болсо чала бышкан этти тиши менен үзүп- жулкуп жей берет.

Бир күнү дагы үйүнө чакырып калды. Аны мындай абалда биринчи жолу көрүшүм. Аябай толкунданып алыптыр.

-Бир болсо акаңдин пешенеси жарк эткени турат. Жакында жеңелүү болот окшойсуң.

-Болсун! - дедим сүйүнүп.

-Кафеден, пиво ичип отуруп таанышып калдык.Шартылдаган ачык кыз экен. “Эрим менен ажырашып

кеткем. Эки бала менен төркүнгө батыш кыйын экен.Мен дагы батпай, минийерден болуп кеттим.Эр эле чыкса ким болсо ям тийет эдем" деп ачыгыны айтти. Каяктан ончолук арстан боло калдым, билвейм, ондо маңа тий девeрипмин. Эртең келип, үйдү көрүп кетет. Эми Рысали, сенин бир жардамиң керек, үкам. Эртең келгенде апти- башыны карап, сөздөрүнү угуп, болсо болот де. Болбосо ака, бу сизге минасип эмес деп ону айт. Мени өзүң билесиң да, бу жагыдан жокмун.Нонокмун. Шу жашка келип, өмүрү кыздар менен сүйлөшүп көргөн эмесмин.

-Болду ака.

Эртеси гезитке дежур болчумун, антип -мынтип келгенче кыйла кеч болуп кетти.Келсем, келинчегим Чырмаш ака жанатан бери эки- үч жолу келип ийгенин айтты.Аңгыча эле өзү кирип келди.

-Шу кылганың жакшыбы?- деди таарынган түр менен.- Биякта акаңдин тагдыры чечилип атса...

-Келдиби?

-Келгени качан! Отурат үйдө.

Экөөбүз шаша-буша Чырмаш акенин үйүнө барсак, аксаргылынан келген толмоч келин отуруптур.Жашы жыйырма үч, жыйырма бештердегидей көрүндү. Жупунураак кийингени менен өңдүү -түстүү неме экен.Өзүн биринчи жолу келип аткан конок эмес эле, ушул үйдүн кожейкесиндей сезип, бизге шыпылдай чай сунуп, столдун үстүн улам сүртө коюп атты. Анда -санда "мобул заневесткаларды жууп ийгим келип атат, үйдү ремонт кылып ийгим келип жатат",- деп коет.

Бир аздан кийин сыртка тамеки тартканы чыктык.

-Кандай, жактыбы?- деди Чырмаш аке.

-Тирийлике тың неме көрүнөт. Сизге какраз шундай аял керек.

-Саңа жакса болду.Ич ойлонбой үйлөнө верейин да ондо?.

Үчөөбүз ал күнү көпкө сүйлөшүп отурдук.Чырмаш ака автобус эчак токтогонун, бул жака такси да келбесин айтып,



түнөп калууну сунуштады эле тиги кыз эч кыйыктанбай макул болду.Экөө калышты, мен үйүмө кеттим.

Кийин билсем, тиги келин ошол бойдон кетпептир. Бир жумадай үй менен катуу алпурушту.Спортивка кийип алып, бирде тамдын ичи-сыртын актап, эшик- терезелерди сырдап атканын көрсөк, бирде палас, төшөнчүлөрдү күүп атканын көрүп калып аттык.

Анан бир күн кошуналарды чайга чакырышты. Үйдүн ичи тим эле жаркырайт!Чырмаш ака болсо бактылуу, жүзү нурданып, чечечекейи чеч болуп алган.

-Бул менин үйүмбү? –деп коет бирде дубалды, бирде апапак пардаларды карап алып.

-Биз дагы таң калып атабыз -дешет кошуналар күлүшүп. -Ыя жеңе, мурда эле келбейт белеңиз?

Бир айдай Чырмаш ака бакытка балкып жүрдү.Баягы жүдөгөн кебетеси жок, кийимдери жуулган, үтүктөлгөн. Качан караба далдактап, үйүнө шашып келаткан болот.

Анан эле жеңебиз көрүнбөй калды."Балдарын алып келгени кетиптир",- дешти кошуналар. Бирок, бир жума, он күндөй өтсө да кайра кайрылып келген жок.Чырмаш ака да баягыдай көчөгө көп чыкпай, бара-бара такыр эле көрүнбөй кетти.Кантип атты экен, ахыбалын сурап коеюнчу деп бир күн жумуштан келген соң үйүнө өтүп бардым.Эшиктен киргенде эле арактын кычкыл жыты бур эте түштү.Ар кайсыл жерде бош бөтөлкөлөр тоголонуп жатат.Чырмаш ака өзү болсо мештин алдында үңкүйүп отуруптур.Мени көргөндө колун көңүлкош сунуп, отур дегендей жанынын орун көрсөттү.

Экөөбүз тең унчукпай отурабыз. Көптөн бери жуулбай, тамекинин бүчөктөрү, күлү төшөлүп калган полго улам түкүрөт да, таманы менен сүртүп- сүртүп коет.

-Жүз грамм ичесиңби?

-Жок.Эртең ишке барышым керек.

-Мен ичем.

Чырмаш ака терезенин текчесинде турган бөтөлкөнү алды да стаканга толтура куюп, жутуп ийди. Анан ширекесин ачып, ичинен эки талын алып чыкты да кутунун эки кырына кыстарып, тамызды эле күйүп бүткөн талдын бири ордунда катып, бири болсо тескери карап калды.

-Эненди урайын!-Чырмаш ака мешти бир тепти. -Эч кайра келейин деген ою йок.

Мен анын бул жоругуна бир чети күлкүм келсе, бир чети боорум ооруду.Ушул нерсени биз өспүрүм кезде, тамеки үзүмдө жүргөндө жөөктүн ичине жашынып алып жасачу элек.Ар бирибиздин тымызын, ичибизден жактырып, бирок, сөз айткандан тайсалдап жүргөн кыздарыбыз бар эле да.Бирибиз "мени менен Жумагүлдү салчы" десек, дагы бирибиз "мени менен Айнураны салчы" деп, анан күкүрттүн күйүп бүткөн талдары бири -бирин караса сүйүнүп, тетири бурулуп кетишсе кадимкидей кейип калчубуз.Азыр да Чырмаш ака ширеңкенин эки талын күйгүзө баштаганда кырктагы киши андай баланын оюнуна кантип ишенсин деп ойлогом.

Чырмаш ака муңдуу үн менен созолонто ырдап кирди.

Ботокөз анда, мен мында ээ-э-й,

Боздосом үнүм, сыздасам үнүм жетеби...

Анан ырын токтотуп, мага карады.

-Шул ыр кимдики?

-Эсимде жок.

-Ким жазса дагы атайин мен үчүн жазган экен.

Көркөмдүү болбой куруп кал, ээ-э-эй,

Кыйкырсам келбейт, какшасам келбейт экенсиң...

Бул жолу анын үнү ого бетер муңдуу, ого бетер кайгылуу чыкты. Ырдабай эле бótодой боздоп жаткандай сезилди мага.

-Мени тим эле күйгүзүп кетти да.Өрттөп, куйкалап кетти...Же көрүнбөй койбойбу, көрүнгөндөн кийин же биротоло жанымда болбойбу. Сен дагы келбей койдуң.



Бул эми жөн эле кейип, ичинен кан өтүп турганда айтылган сөз болсо керек.Мен келип турсам эле аялы кетпей калмак беле?..

-Аяк-биягы мени үч жүз миң сомго түшүрүп кетти.

-Кандайча?-дедим мен таң калып.

-"Үйдү ремонт кылайлы.Акамин курулуш материалдарыны саткан магазини бар, арзан берет",- дегени үйдү залогко коюп, эки жүз элүү миң сом кредит алып келип бердим.Өзүмдүн кичине топтогон пулум бар эле, ону дагы санап бергем.

Буга чейин Чырмаш аканин бойдокчулук турмушта калыптанып калган мүнөзү, кээ бир кылыктары жакпай калып, тиги келин ошондон улам кетип калды го деп ойлоп жүрдүм эле.Эми кредитти укканда мага баары түшүнүктүү боло түштү.Көрсө, атайын акча үчүн келген алдамчы тура.Аялдар бул жагынан аябай сезгич болот эмеспи, биздин көчөнүн келиндери "жаш, сулуу неме өзүнөн жыйырма жаштай улуу, анүстүнө бир көзү сокур кишиге жөн жеринен кантип тийсин, мунун бир көздөгөн расчету бар" деп өздөрүнчө күдүң-күдүң болуп атышкан.Туура эле баамдашкан экен, көрсө.Бул ишке мен да эрксизден аралашып калганым, туура эмес кеңеш берип, Чырмаш аканин жаңылуусуна себеп болгонум үчүн өзүмдү аябай оңтойсуз сезип калдым. Сынап, үйлөн, же үйлөнбө деп кеңеш бергендей мен деле аялзатынын билерманы эмес элем.Бирок, Чырмаш ака гезитте иштегеним үчүн эле авторитет көрүп, үй-бүлө жагынан эксперт сезип алганынан макул болуп ийбедимби. Анан калса, чын эле тиги кыз үй тирилигине тың, камкор неме көрүнгөн.Ушунча жыл жалгыздыктын, ден соолуктун азабын тарткан киши акыры бир күн сыйлыгын алышы керек го, бул кыз да Чырмаш ака үчүн тагдырдын ошондой бир сыйлыгы, белегидир деп ойлогом.

-Кандай дейсиң, издеп көрсөмбү?

-Адресин билесизби?

-Билбейм да.Шаарда, ата-энемдин үйүдө турам деген. Каерде экенин сураванмын.Мындай болоруну билген йокмун да. Же сенин газитиңа кайрылуу жазсамбы?

-Эмне деп жазасыз?

-Жайка, алтыным, кайрылып кел дейм да. Жок дегенде бир көрүнүп койчу, сени йаман сагындым дейм...

Чырмаш акенин үнү буулуп, ыйлагансып кетти. Менин ого бетер көңүлүм чөгө түштү.

-Жок, ал эми кайра келбей калды го. Ага сиздин пулуңуз эле керек болгон.

Бул сөзүм ага катуу тийээрин билип эле турдум. Бирок, айла канча... Бу киши бир жолу мага ишенди эле, мен болсо билбестик кылдымбы, же тажырыйбасыздыкпы, анын ишенимин актай албадым. Жок дегенде эми ачуу болсо да көзүм жетип турган чындыкты айтайын да.

Чырмаш аканин башы шылкыя түштү.

-"Сизден боюма бүттү" деди эле.Ол дагы калп дейсиңби?

-Калп.

Чырмаш ака колундагы тамекинин кутусун мыжый кармады да ачуу менен нары ыргытты.

-Сразу онтип жаман ойлобош керек да. Балким, бир күн балдарын ээрчитип кирип келээр. А балким, бирөөгө карыз болуп калып, шондой кыганга мажбур богондур.Маңа кайтып келсе эле болду эде, кредит ниме... Иштеп турсам бир күн үзүлөт...

Мен эмне дээримди билбей калдым.Дегеле жамандыкка жоруп, жанбиргесинин дарегине чаң жугузгусу жок. Жарыктык киши өзүн сызга отургузуп кеткен сулууну көзү тунарып, он алтыдагы боз улан сүйгөндөй сүйүп калган окшойт.

Чырмаш ака үмүт үзбөй, Жайкасын көпкө чейин күтүп жүрдү. Кечке жуук буту чалыштап, араң басып келатканын көргөндө тим эле жүрөгүм зыркырап кетчү. Анан бир күн банк



тамын тартып алып койгон соң жашай турган жери жок калып, айылга көчүп кетти.

Анда-санда кошуналар чогуу отурганда ал жөнүндө сөз кылып калабыз.

-Мотористтер акчаны жакшы эле табышат го. Неужели кредитин төлөй албады?-дейт бирөө таң калып.

-Төлөп деле коймок-дейт анда дагы бири.-Жанагы азыткы жылт койгон соң эчтекеге көңүлү чаппай, ичип жатып албадыбы...



Мадали БАЛТАБАЕВ - 1954-жылы Апшыр аймагында туулган.
1996 - жылы "Тагдыр" деп аталган китеби жарыкка чыккан.

## ӨМҮРҮ ӨРНӨК АДАМДАР

**1**

Коомдук жана мамлекеттик ишмер,
Кыргыз Республикасынын Баатыры
Төрөбай Кулатовду эскерип.

Кайран киши кумда жаткан алтындай,
Калың элге туруучу эле көрүнүп.
Мээрими анын чексиз эле эл-жерге,
Мекенине жамгыр болуп төгүлүп.

Жөнөкөйлүк жарык нурдуу мүнөзү,
Жылдыздардай жанып турчу жамалы.
Жүрдү толгоп боор, жүрөгүн кыргызга,
Жамандыктын тосо коюп шамалын.

Маалында боконосу ката элек,
Маңдай териң менен казган көмүрүң.
Кыйын кезде ачка иштеп күнү-түн,
Канчалардын сактап калды өмүрүн.

Адамдарды "кара алтындай" жылытып,
Акыйкаттык, адал эмгек талбаган.
Кандай жаман жашап өткөн өмүрүң,
Кереги не көпкө кызмат кылбаган.



Кабыл болуп эл-жериңди сүйгөнү,
Колдоп турду бир өзүңдү теңирим.
Тилек, максат кыялдагы ишке ашып,
Текке кетпей элге арналган өмүрүң.

Чыркырадың жамы турган журтуңа,
Чындык болуп ишенгениң, тирегиң.
Өзгөрүлбөй тилек, максат ар дайым,
Өлкөң үчүн согуп турду жүрөгүң.

Төгөрөктүн төрт бурчуна аркырап,
Темир жолдо каттайт поезд тынбастан.
Аба жолу, шоссе жолу тууралу,
Жазылды го ырлар, жомок, чоң дастан.

Келечекке алга карай умтулган,
Кыргызымдын катуу болчу арымы.
Кыргызстан күчтүү өлкө болгонго,
Бул кишинин зор болучу салымы.

Даанышмандык менен элди башкарган,
Чөгөлөтүп далайларын кастардын.
Тегин жерден, жөн жайынан эместир,
Тукумунан кадимки хан Сарвайдын.

Атак-даңкка, жакшылыкка эгедер,
Айтчу болсом калыс баалап мен эгер.
Бул дүйнөдө жашап өткөн бактылуу,
Болсо болор Төрөбайдай кеменгер.

**2**

Кыргыз Республикасынын Баатыры,
тунгуч Премьер министр Насирдин Исановдун
эстелигине гүлдесте.

Туулуп өстү, билим алып мектептен,
Турмушуна сапар тартты Көк- Белден.
Эң жөнөкөй, эң боорукер, кайрымдуу,
Инсан эле төгөрөгү төп келген.

Азыр сени жоктойт баары күйүттүү,
Көздүн жашы ташкындаган дайрабы.
Кайып болуп кеттиң ага кайдадыр,
Кемигендей тагдырымдын таалайы.

Эне мөгдөйт жайыңызды кучактап,
Жаман экен жакыныңан айрылган.
Кыргыз уулу Насирдин Исанов,
Жаш кезинде канатынан кайрылган.

Жүрүпсүз сиз журтуңузга чабылып,
Түбөлүккө өчпөс оттой жагылып.
Коштошууга акыркы ирет сиз менен,
Келди адамдар кирген суудай агылып.

## АКЫН ЖОЛОН МАМЫТОВ

Боорунан мен улуу тоолордун,
Бир булагын көрөм соолуган.
Азыр кайра келип калчуудай,
Арт жагыма улам тоорулам.

Жалбырттаган жалын учурда,
Жарык жылдыз өчтү эх, арман!
Жолон уулун жоктойт эл-жери,
Ак-Буурадай толкуп ыр жазган.

Кыраан элең атпай кыргыздын,
Учуп кеттиң келбес сапарга.
Кош бол, Жоке. Кош бол, түбөлүк,
Дайым барсың биздин катарда.



## НООКАТЫМ

Азиздерге шам чыраксың Ноокатым,
Үй эмессин сен мен үчүн кулпу бек.
Алтын өрөөн кереметсиң сен мага,
Суу да ырдайт, куш да ырдайт сени деп.

А мен жүрөм кантип анан эргибей,
Өмүр өттү, учкул жаштык жашынды.
Көзгө сүртөм топурагын жашынды,
Аздык кылар сага ийсем башымды.

Сен мен үчүн ойлорумдун дайрасы,
Олтурамын чаңкап сенден сузалбай.
Мен өзүңдөн бассам карыш аз-эле,
Сагынчымдын көлү жээк бузалбай.

Кечир мени тил, оозу жок дудуктай,
Көңүл күүсүн сен жөнүндө айталбай.
Канча жүрсөм кайра өзүңө тоорулам,
Ата конуш Ноокат, сенден кайта албай.

Жок, жок жерим, сөзүн уккун уулуңдун,
Мен өзүңдө бекер карап турбадым.
Кыялымда душман сага өтө алгыс,
Кылымдардын улуу чебин курганмын.

Эл-журтума, муундарга кийинки,
Сен тууралу кызык жомок айтсам дейм.
Жүрсөм дагы бөтөн жерде, башка элде,
Ойлорумда Ноокатыма кайтсам дейм.

## КЫЗЫМА

Кулу элем, туткуну элем санаа, ойдун,
Кээде мен бул жашоодон аша тойдум.
Сапарда адашпасам жолуман деп,
Жылдыз деп ысымыңды атап койдум.

Дүйнөгө сени мага көрсөткөнгө,
Миң алкыш сага таазим тагдыр ырчы.
Жылдызым жалгыз бүткөн маңдайыма,
Дайыма бактым болуп күйүп турчу.

Көргөндө кызгалдагым көңүл ысыйт,
Сен барда турмуш кызык, түнүм жарык.
Күлүктөй кайра-кайра чуркагым бар,
Келсем да канча жолдон азып, арып.

Күлгөнү, сүйлөгөнү, караганы,
Бакытты издегени - өзүм кызым.
Чындыкты өмүр бою медер туткан,
Чырактай жанып турган көзүм, кызым.

Үмүт да жарык болот өзүң турсаң,
Мен үчүн жашоо бейкут, дүйнө кенен.
Сен барда кыялымда чыгаан болом,
Теңешким келет менин алптар менен.

## ГҮЛ

Жаралыпсың жарык дүйнө жашоого,
Жаманды кой, кууралды кой, ойноп күл.
Калаадабы, тоодобу, же талаада,
Көздүн жоосун алат тура өскөн гүл.



Сарысыбы, кызылыбы, агыбы,
Сага Булбул баары ашык болушат.
Курт-кумурска, чымын-чиркей, аарысы,
Кете албастан сени гана тоорушат.

Сезимиңе таштап аста дүрбөлөң,
Сени кыйнайт карагат көз кыз деген.
Кыялында учуп, күйүп жетесиң,
Кымбатына кучак толо гүл менен.

Сапарыңда келе жатсаң алыстан,
Сүйүнүшүп тосуп алат гүл менен.
Салтанатты, аш-тойлорду көбөйтүп,
Адашканды табыштырат гүл деген.

Гүл турмушта жыргап-кунап жашаган,
Гүлзарларга кимдердин жок келгиси.
Назиктиктин, сулуулуктун, сүйүүнүн,
Гүл экен го бейпилдиктин белгиси.

## АПШЫР-АТА

Анда бар абдан кооз шаркыратма,
Анан да табылбаган дартка даба.
Караба жолдун дагы ыраагына,
Жолоочум, сени күтөт Апшыр-Ата.

Апшырда дайра дагы катуу агат,
Айтарым өзүң барып болчу калыс.
Ал шашат улам алга өзүңө окшоп,
Анын да бара турган сапары алыс.

Сагынган элин-жерин инсанга окшоп,
Күтөт ал күндө карап конокторун.
Дайрасы эң мукамдуу коңур үндө,
Айткандай апакемдин жомокторун.

Дайранын жээги менен кете берсең,
Оюңдан түркүн куштар азгырышпар.
Гүлдөрүн жайнап турган тере берсең,
Жыпардуу жыттарына мас кылышар.

Бийикте Гөөзан тоонун чокулары,
Булуттун курсактарын жара тешип.
Күн тийсе тоолорума жылт-жулт этет,
Тургандай кереметтүү алтын бешик.

Кечкисин Апшыр-Ата коздугун,
Көргөнү ай-жылдыздар жакын келет.
Жагымдуу шаркыратма үнү менен,
Жашоонун бүтпөс ырын ырдап берет.

Көрүнбөс көзгө сайса караңгылык,
Кайра эле кубандырган жарыгы бар.
Улуулар айтып берген Гөөзан тоонун,
Ушундай унутулгус тарыхы бар.

Суктанган, таң калтырган не деген сыр,
Суу чыгат атырылып тоо боорунан.
Кандай күч мени өзүнө тартып турган,
Көрбөсөм кусалыгым күчөйт улам.

Жут түшүп бир кездерде эл башына,
Жалбарып жаратkandан тилек кылат.
Уламыш, же жомокпу эч ким билбейт,
Ушундай эл ичинде кеп айтылат.

Үңкүрдү турган аска боорундагы,
Ыдырыс пайгамбарым казган экен.
Ишенгин, ишенбегин өзүң билгин,
Күргүштөйт сүт дайрасы ошол жерден.



Адамдар жан-жаныбар сүт ичишет,
А мезгил жыргал турмуш күүсүн чалат.
Канаттуу түркүн куштар, кайберендер,
Кишиге жакындашып байыр алат.

Тойгондон пенде заты эрингенден,
Билинбей калат го деп бар айыбың.
Бир аял агып жаткан сүткө барып,
Жууптур баласынын жалайыгын.

“Кумалак бир карынды чиритет”- дейт,
Бухара момундарда кандай айып?..
Аялдын ыпыластуу жоругунан,
Калган дейт сүт дайрасы суугa айланып.



**Маматкадыр ТИЛЛЕБАЕВ – 1963-жылы Апшырда туулган.**

## ЖАМГЫР

Жаз келди же бир жазга окшобогон,
Жудөдук жамгырлардан токтобогон.
Тазалап жатат окшойт коомубузду,
Кирлерден арыла албай, онтологон.

Токтобой жамгыр жаады тазарсын
деп,
Кир болгон дилибизди агарсын деп.
Эскертип жатат окшойт
кыргыздарга,
Чындыкты тазалыктан табаарсын деп.

Уурдалып туш-тарапка
жыйганыбыз.
Биздин да кээде келет ыйлагыбыз.
Жамгырдан биротоло
тазалансын,
Бузулуп бара жаткан ыйманыбыз!



## СИЛЕР ӨЛГӨН ЖОКСУҢАР

(Баткен)

Жашоонорду мекен үчүн кайыл деп,
Жапжаш туруп жаныңарды кечтиңер,
Кыйын күндө бир болгула дайым деп,
Силер бизди бириктирип кеттиңер…

Элим үчүн жан берем деп баарыңар,
Төшүңөрдү окко тосуп бардыңар.
Өлбөдүңөр, тирүүсүңөр биз үчүн,
Түбөлүккө жапжаш болуп калдыңар.

## БААРЫН КӨРДҮМ...

Досту көрдүм кабат-кабат там салган,
Бомжду көрдүм кышта тоңуп ач калган.
Чоңду көрдүм намыстанып эл менен,
Автобуска чогуу түшүп, баскандан.

Пенде көрдүм беш маал намаз окуган,
Байды  көрдүм зекет десе чочуган.
Кытай  көрдүм казып жаткан тоолорду,
Мөңгү көрдүм ээрип жаткан чокудан.

Турист көрдүм биздин жерге сыйынган,
Арча көрдүм, кайын көрдүм кыйылган.
Ыйык жерди гүлдөтүүнүн ордуна,
Элди көрдүм митинг десе жыйылган.

Дуба кылып,сабыр кылып турайын.
Жараткандан жакшылыкты сурайын.
Бейишиндей жерди бердиң элиме,
Пейил,ынсап бергин эми кудайым.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Мен учун ыйык сенин чокуларың,
Сууларың, капчыгайың, коктуларың!
Миң тонна алтындан да кымбат турат,
Мекеним бир ууч сенин топурагың!

Ак булуттар аскаларга жанашып,
Көчуп журөт чокуларды талашып,
Ак кайыңдар, карагайлар арчалар,
Тоонун көркун ачып турат жарашып!

Билдиргенсип кыргызга берилгенин,
Аскалардын көрдунбу керилгенин,
Жыпар жыттуу,арчалуу, ак мөнгулуу,
Бул ажайып бейиш жер- менин жерим!

## ЧАЧЫРАГАН КЫРГЫЗДАР

Ар тараптан акчаңар агып келди,
Мактандырып баарына жагып келди.
Кыргыз байкуш карайлап калган кезде,
Силер салган акчаңар багып келди.

Бөтөн жерде азапты көрүп келдиң,
Тапканыңды үйүңө болуп келдиң.
Акча менен келем деп кыялданып,
Кечиргиле, кээ бирин өлүп келдиң.

Турмуш сени туш-тарапка жиберди,
Сагындыңбы..,жашыл жайлоо,шиберди,
Айланайын алыстагы кыргызым,
Ала-Тооңор кутөт дайым силерди!



## ЖАЛБЫРАК...

Учуп тушту алдымдан бир жалбырак,
Укмуштай кооз, өңү кызыл..,албырат.
Коштошконсуп,кеттиңби сен дегенсип,
Тыйын чычкан карап турду жалдырап.

Бири сары,бири кызыл арасы,
Бири жашыл,бышалек го чамасы.
Жалбырактын жашоосу бар оөзүнчө,
Жараткандын чебердигин карачы.

Өлбөчүдөй бирөө жашайт..,сүйүнө,
Бирөө жүрөт байлык топтоп..,күйүнө,
Жашоонун да жаз айы бар,кышы бар,
Кош жалбырак..,ушул экен дүнүйө.

## НООКАТЫМДЫ САГЫНДЫМ

Баарын таштап,шаарыңа да кол шилтеп,
Касиеттүү Ноокатыма кетсем дейм.
“Кола” ичпей жата калып арыктан,
Апшырымдын таза суусун ичсем дейм.

Алтын-Казык,Карагойдой сопсонун,
Жерлери бар Ноокатымды сагындым.
Пейли кенен, карапайым, жөнөкөй,
Элдери бар Ноокатымды сагындым.

Коздугуна окошобогон башка жер,
Арча-токой тоолоруңду сагындым.
Бүтсө дагы, бүтпөсө да мейличи,
Легендарлуу жолдоруңду сагындым.

## ЖАМАНДЫКТЫН АРТЫНДА ЖАКШЫЛЫК БАР

Тартып кетчү тар жолго тарткылык бар,
Тар дүйнөңдү коштойт көп жакшылыктар.
Жаратkandын амири ушул экен,
Жамандыктын артында жакшылык бар.

Каран түндү капыстан жарык кылар.
Туңгуюкту күчтөр бар жарып чыгар,
Капысынан жашооңо бирөө келет,
Жарк эттирип чыракты жагып чыгар.

Кыйын күндө ийинди түздө досум,
Башты уруп дубалды сүзбө досум.
Бул жашоодо башыңа сыноо келсе,
Жакшылыктан үмүттү үзбө досум.

Жарымы кең дүйнөнүн жарымы тар,
Дайранын да башында арыгы бар.
Караңгыда жүргөндөр сүйүнгүлө,
Караңгынын артында жарыгы бар.

## БИЗ КЫРГЫЗДАР МЫНДАЙ ЭМЕС БОЛЧУБУЗ...

Биз кыргыздар мындай эмес болчубуз,
Эшик төрдү дайым ачык койчубуз.
Таанызбасак, таанысак да баары бир,
Конок келсе сурабай кой сойчубуз.

Биз ал кезде ууру заман келе элек,
Ичибизде кирибиз жок эл элек.
Табийгат да,жүрөктөр таптаза,
Тоолор бизге, биз тоолорго дем элек.



Биз илгери көңүлүбүз ток болчу.
Ач көздөр да, тойбостор да жок болчу.
Куттуу жерге бир да душман жолотпой,
Жүрөгүбүз жалындаган от болчу.

Киши келсе күлүп жайнап турчубуз.
Жолоочуга чуркап кымыз сунчубуз,
Кут, береке тураар эле төгүлүп,
Кышын жайын куру болбой уучубуз.

Чоочунду да үйгө кирчи дечү элек.
Бар нерсени тең бөлүшүп жечү элек.
Кошунабыз нан сураса уялып,
Бир нан болсо ошону да берчү элек.

Кана кыргыз, кана ошол пейилиң,
Кантип ушул куу заманга жеңилдиң.
Пейли кенен, касиеттүү эл элең,
Кантип ошол сыпатыңды жеридиң?

## ДОСТОР

Ак карасын жашоонун көрүп жүрдүк,
Аптабына,суугуна көнүп жүрдүк.
Жаш экенбиз акчаны чачып кээде,
Анды, дөңдү карабай көөп жүрдүк.
Ач күндөр да ток күндөр баштан өтүп,
Ач калганда бир нанды бөлүп жүрдүк.

Дагы канча жашоо бар кудай билет,
Бул жарыкка келгенбиз конок болуп,
Билсек эгер бул күн да бактылуу кун.
Кийин калат ушул күн жомок болуп.

Өмүрдүн да көбү же, азы калды,
Дагы канча ким билет жазы калды.
Биз да бир күн кетебиз бул жарыктан,
Жашап бүтүп тагдырга жазылганды.

Кетет бизден алыстап.., кайра келбейт,
Өтүп жаткан ар бир саат, мүнөтүбүз.
Биз өткөндө бизди да унутушат,
Калат балким сакталып сүрөтүбүз.

Шүгүр кылып кеч кирип таң атканга.
Ачык асман астында баратканга,
Баркын билип жашайлы тирүүлүктүн,
Ар күн сайын шүгүр деп жаратканга.

## ТООЛОР

Тоолор ай, кебелбеген тоолорсуңар,
Көптөгөн доорду көрүп койгонсуңар.
Үркүндө кыргыз тоңуп кырылганда,
Бир гана силер күбө болгонсуңар.

Тоолор ай, мелтиреген тоолорсуңар,
Сыйкырдуу кооздуктарга толгонсуңар.
Бир гана ак чокулуу тоолор эмес,
Кыргызды курчап турган коргонсуңар.

Тоолор ай, көк мелжиген тоолорсуңар,
Толгонуп бизди дайым ойлойсуңар,
Бузулдук, пейил кетип биз бузулдук,
Бир гана силер ошол бойдонсуңар.
Тоолор ай, ошол үчүн тоолорсуңар.



## КЕЧИР, БИШКЕК...

Кечир Бишкек..,көркүңдү сактабадык,
Жашыл элең..,кооз элең барктабадык.
Баш аламан курулуш куруп салып,
Бактарыңды ,көчөңдү талкаладык.

Кечир Бишкек..,түтүнгө чулгап салдык,
Таштандыга толтуруп булгап салдык.
Парктарыңа үйлөрдү куруп салып,
«Кечир Бишкек бизди» деп ырдап калдык.

Акылына киреттир..,чоңдорубуз,
Акырындап бүтөттүр жолдорубуз,
Лондон эмес,Рим эмес,Берлин эмес,
Жалгыз сенсиң биз сүйгөн борборубуз.



Максуда ОРМОНОВА 1973-жылы 15-январда Апшырда төрөлгөн. КР Улуттук Жазуучулар Союзуна мүчө. "Нур", "Эне мээрими", "Ташка да керек эркиндик" аттуу ыр, аңгемелер жыйнагынын, "Шанель жыты" романынын автору.

## КАРМАЛБАС ОЙЛОР

Кежирлигиң кең ааламга батпаган,
Кемтиги жок келбетиң да жакпаган.
Кесип-жамап сурма салган көздөрүң,
Кескиленсе...келмеси жок жатпаган...
Кечире көр көксөгөнүн көңүлдүн,
Кези келет...дене жанды таппаган!..

Оор салмак,оюп баскан шиш така,
Орунсуз сөз,орсок кыял,тик жака.
Ойду-келди максаты жок секирип,
Өмүр кечет курдап-чардап кур бака.
Орок-чалгың чалды-куйду чөп чапса,
Оңдурбайсың...убал кылып мал бакпа!..

Бүркүт көрдүм канаттары байланган,
Булуттуу көк карегинде айланган.
Күмүш тордо куш асылы Ак шумкар,
Күндүз түндөй...капазында атпайт таң...
Күн ичинде күйгөн отто эмне дарт?!
Мүмкүн...менин абалымдыр...ага тең...

Өгөөлөргө өгөөлөнүп курчудум,
Өгөйлөгөн өздүктөрдөн чүнчүдүм!..
Оңгон өңдөн гүл издеген чебердей,



Ойгонбогон ойдун издейм... чуңкурун!..
Өчүп-жанып,өксүп-талып,кайгырсам,
Ошол учур...сени гана...эстейм чын!..

(Өңгүл-дөңгүл жалгыз аяк жол менен,
Өктөм басам, жөлөйт бирөө...билбейм...ким?..)

## АКМАКТАРГА АДАМ БОЛУУ АЗАП ГО

Ажаандыкта зулумдуктун оту бар,
Ачыган соң шербет- шарап...ачуу, заар.
Акмактарга адам болуу азап ко!
Аймайт, тырмайт, чукуйт...уулуу тырмактар!..
Амалың кур, түлкүнүн зор куулугу,
(Оңолбостун табиятын...оңдоп көр.)

Сакайбаган жүрөк менен көнүштүм,
Сабырым күч, чайдан...ууну көп ичтим.
Сунгандардын сумсайбады колдору...
Сактайт Кудай, жандап жүрөт периштем!
Салбуурунда ак шумкарга тайган дос,
Саткындыкта кас менен пас келишкен...

Күбүлгөн ой, көңүл калуу, капалык,
Карегимде суук караан сакталып.
Күүгө айланган ошол оор обондун,
Муздай тоңуп...сөзү калды жатталып.
Жалбырактай дирилдеген сезимдин,
Өкүндүрөт...жаткандыгы тепселип...

(Ыпластыктан жийиркенет топурак...
Ыйман берсин!Адам бойдон кайталык!..)

# ЧЫРМООК

Ошол жылы жазында үйдүн күн чыгыш тарабындагы чарчы жерге атыр гүл эккем. Ал жер сары топурак болчу. Жамгыр жааады дегиче боткого айланат. Огеле көп көң салып, жерин даярдагам. Атыр гүлдөрүмдүн жалбырактары барпайып, бирин-серин гүлдөй баштаган. Кызылы менен эле агын алган элем, эмнегедир ар түрдүү болуп ачылды.

Сары, пушту, кызыл, чок кызылы да бар. Сатуучу октолгон көчөттөрүн эптеп мага саткан тура. Эптесе эптептир. Ак-кызыл элестеткен гүл бакчам, кыялымдан алда канча кооз болгондой. Күн алыс отоо чөптөрдөн тазалайм. Көң салынганга, чырмоок бир каптады дейсиң. Көчөттөрүм жакын да эгилген экен, аралап өтүп болбойт. Тиги, ортодогу кочкул кызыл гүлдүн сабагы түз, сейрек тикен. Бул гүлдөн бир эле түп чыкты.

– Жеңе, ушул гүлдөрүңүздөн бирди алам, жакында...

Кошунабыз Гүлжаз дарбазадан кирип келди. Ал быйыл бүтүрүүчү.

– Ал, ал. Мына, гүлдөр ачыла баштады...

– Жеңе, балдарга, эми жи-жигиттерге гүл берсе болобу?..

– Ой-ээй, деги жөн жүрбөйт турбайсыңбы?

– Айтпаң! Бирок сонун жигит да, жеңе. Өл-лө сонун... Айтсаңыз, гүл берсем болобу?..

– Негизи гүлдү ал сага берсе жакшы болмок...

– Э, береберейинчи!.. Мектепте болсо "дүү-дүү" гап...

– Ии, эмнеге?..

– Ошо... баары эле каршы го...

Гүлжаз кызарып кетти. Ал ушунчалык кызарды, сары жүзүнүн оту мойнуна чейин жетип, күрөң сепкилдери бетинен чачылып кетчүдөй бадырая түштү.

– Бирөөнүн жүрөгү менен кимдин иши бар?

– Иши болмоктон болуп жатпайбы. Эмне, жигитти мен сүйсөм болбойбу?..



– Эмнеге болбосун?! Кантип болбосун?

Мен да өткөн-кеткенди эстеп кеттимби, оолугуп, колумдагы отолгон чырмоокту тээ алыс ыргытып жибердим.

– Боло берет. Бергиң келсе бер. Көңүлүң ошону каалап турса, бер...

– Кечээтен бери карайм... Те-тиги, ортодогу боор ыраң гүлүңүздөн бересиз ээ? Ош-шол жакты..

Гүлжаз, гүлгө созулган оң колун сол колу менен бекем кыса, көкүрөгүнө тартып алды.

– Пуштусун албайсыңбы? Кызылы, агы да сонун.

– Жок, мен ошону гана сүйдүм...

Гүлжаздын кыска кирпиктүү, сүйүү толгон катсыз көздөрү ортодогу чок кызыл гүлгө кадалып, жымыңдап жанып турду.

– Жеңе, сиз акемди кантип сүйдүңүз эле? Ошону айтып бериңчи? Эч кимге айтпайм...

* * *

– Жеңе!.. Жеңе, барсызбы?

Гүлжаз алактап шашып, кадамын чоң-чоң арыштап жаныма жетип келди.

– Кел, Эрке кыз, кел...

– Бу чырмоок сизди жүдөттү...

– Жүдөтмөктөн жүдөттү. Кызыл балээ болду.

– Мени болсо ушакчылар той-гуз-ду...

– Аларды укпа.

– Укпаганга болбой жатат, жеңе! Мени уятсызга чыгарышты! Кыздар чогулушуна да салышты!

– Анан?

– Зулкумар мени балдардын артынан өзү чуркап жүрөт дейт. Менин башка балдар менен ишим канча?

– А сен эмне дедиң?

– Мен эчтеке дебей тура бердим.

– Тура бербесең керек? Оозуңду жапса, кулагың сүйлөп кетчү эле, кантип туруп калдың экен?

Гүлжаз жылмайып койду. Чоктой кызыл көйнөк кийип алыптыр.

– Көйнөгүң сонун экен.

– Жарашыппы?

Ал этегин кармап бир айланып алды.

– Аябай жарашыптыр.

– Чыт. Апамдын сандыгында болчу. Өзүм тигип алдым.

– Койсоңчу.

– Чын, жеңе. Мына, колдо, түн-нү менен тигип чыктым, – деп этегин кайрыды. Майда илип тигиптир.

– Бейиши болгур, эженин чеберлиги сага калган турбайбы...

Гүлжаздын өңү бузулуп, көзүн жаш чая түштү.

– Эми жагаармын?

– Кеп-сөздөрдү көңүлүңө алба. Сен али жашсың. Жүрөгүңдү көп оорутпа...

– Ии, жең-не! Жүрөгүм оорумактан ооруп бүткөн! Сооротпоң мени!

Ал дарбазаны көздөй жөнөп, кайра туруп калды.

– Гүл өстүрөм деп колумдун аймалбаган жери калбады? – дедим көңүлүн алаксытмакка.

– Тикендин заары жаман, жеңе...

Гүлжаз боору оorugандай мага бурулду. Бирок оюо чачырап турган эле.

– Арыкка суу улуу келиптир. Эшик алдына суу себелиби? Сен да кайнап келипсиң, – деп жылмайдым.

– Челек кана?

Гүлжаз ушуну эле күтүп тургансып арыктан челекке толтура суу сузуп, шарпылдатып үйдүн алдына чача баштады. Себилген суудан жердин жыты буркурайт. Мен болсо топурак жечү адатым кармап, гүлботомду алганы үйгө бастым.

– Жеңе!

– Азыр, үйгө кирип чыгайын.

– Уксаңыз, уксаңыз мени, жеңе?



Гүлжаз мени көпкө жоголот дегенсип, мелт-калт суусу бар челегин жерге да койбой, аптыгып, сөзүн айтканга шашты.

– Гүлботомду алып чыгам!..

– Ии, ошо гүлботоңуз барбы!..

Мен босогого жете электе Гүлжаз чакадагы сууну өз башынан ылдый куя салды. Суу саамай чачынан шорголоп, этегинен ылдый акты. Чоктой кызыл чыт көйнөгү денесине жабышып, демин даана сездирген тик көкүрөгүнөн жүрөгү согуп турду...

– Ой-ээй! О...о эмне болдуң! Жерге сеп десе, боюна куйганын кара! Ой, бул эмне кылганың! Тур эми ошентип, шөмтүрөп!

Мен анын жанына жетип бардым.

– Түтө-өп турганымды көр-дүңүз-б-бү?..

Ал энтигип сүйлөдү.

– Көрдүм! Көрдүм! Ысык коломтого суу сепкендей болуп турасың! Кандай жигит болду экен, ушу сени отко кактаган!

– Мени өрт-төп бүттү!.. Ушакчылар да мени жеңди!

– Эмнеге жеңет экен?!

– Анан сизге анын катын окутам. Өлгүмдү келтирди, жеңе! Мени... мени кыз эмес деп айтышыптыр! Эмне, эми ал, мени ошентип ойлойбу?!

Гүлжаз колундагы чаканы көтөрүп, түбүндө калган сууну ичип жиберди.

– Ай, ичпе аны! Арыктан сузуп алган сууну ичесиңби?! Ылайдын баарын жуттуң, апенди!

Анын колунан челекти ала койдум.

– Ичимдеги отко баары бир эмеспи! Дөөпараз Касымга деле атайын өптүрүштү... Ал жинди көчөнүн так ортосунда мени кучактап албадыбы... Ии-ий, сас-сыган ит десе! Мен кор болдум, жеңе!..

– Кой деген бирөө-жарым болбодубу?! Мен эртең барайын, барайынчы ошо мектебиңе. Мага тиги баланы да көрсөтчү?!

– Жок, жеңе! Жок!..

– Мунун баарын жасап жаткан ким өзү?!

– Ону сүйгөн бирөө бар... Шол... Адамдар жалганга ишене беришеби, жеңе!

Гүлжаз жер тепти. Кабагы чогулуп, көзүнө жаш толду. Карегинде чалкыган арыз-арман.

– Унутчу ошол жигитти. Мен сени өз иним менен тааныштырайын. Абдан жакшы бала. Мага келин болсоң жаманбы? Капаланба. Эч кимге капаланба. Көйнөгүңдү алмаштырып келчи, сүйлөшөлү.

Гүлжаздын коргошундай уюган капалыгын жазгым келип, тапкан айлам ушул болду. Кайсы инимди айтып жатканымды да билбейм.

– Ооба, ошентейин, жеңе. Жок дегенде гүлүмдү берип койгонумда эмне...

Ал башын созуп гүлдөрдүн арасынан өзүнүн сүйгөн гүлүн карагандай болду.

– Шөмтүрөгөн-ай, шөмтүрөгөн! Сууга түшкөн чычкандай болдуң да калдың! – мен аны узата бастым.

Ал көйнөгүнүн санына, жамбашына, көкүрөгүнө жабышкан жерлерин оңдоп-түздөп, мен мурда укпаган кайсы бир обонду кыңылдап, анан эки колун бийик көтөрүп, башын алка-шалка кылып бийлеп алды. Анын эркелеп да, эрээркеп да турган муңайым карегинен алоолонгон бейбаш отту көрдүм.

* * *

Гүлжаз кайра келбеди. Аны эстегенче ал жактырган ортолуктагы гүлдү карадым, башкача болуп калгандай. Ал жак, бул жагынан жол таап, гүлгө жакын бардым. Көргөн көзүмө ишенбейм, чырмоок чанактын тамагынан бууп, гүлдүн башын ийип ороптур. Кантип көрбөй калдым?! Башкасын ал дейм го, эми келсе... Ичим тыз деп алды.

Таң атпай кошуналардын ызы-чуусунан ойгондук. Гүлжаз буунуп алыптыр!..



Чатыштап бараттым. Канатташ кошунамдын үйү алыстап кеткендей...

– Согуму бар бекен?! А шонусу зарыл! – деп жатыптыр быжыйган, шире мас, жалжак көйнөк.

– Ал сенин ишиң эмес, Касым! Баргын да, жуунуп-таранып, дааратың менен кел! Өгүздөй ичкениңди качан токтотор экенсиң?!

Самат аксакал таягына жөлөнүп, тигиге тике карады.

– Өгүздөй ичсем өз акчама ичем! Өлө турган жанга кандай жашасам, өз-зүм билем! Мага акыл үйрөтпө-өө-гүлө!

– О Кудай урган! Адам болбойт экенсиң да! Жогол көзүмө көрүнбөй! – аксакал калчылдап кетти.

Кишилер чогула калышты.

– Үнүңдү бас, Касым! Өлүм болуп жатат бул жерде!

– Өлүм болсо эмне экен! Болбой жүрдү беле?! Адам болуп көрүнөсүңөр-р! Ошо, ошо мага акыл үйрөткөндөр-р, баарыңар өлгөн жерге ысыктанганы келесиңер-р, аа?! Же жалганбы?!..Эн-нең...

"Ийй, сас-сыган ит" – Гүлжаздын кечээги сөзү кулагыма жаңыра... жаңыра түштү...

Дале ишенип-ишенбей, кошунамдын үйүнө кирип бардым.

– Каты бар экен дешет...

– Кандай кат?

– Ниме жазылды экен?

– Жаман иш боптур, оп-поо!

– Шайтан азгырык!

Аялдардын арасында ушундай кеп.

– Аа!.. Аттаңатат-аа! А барат эдең-у шойерге! Шашпай кал-а! Шашпай кал!..

Күмүштөн кылган-а үбөлүк, а,
Күйгүзүп кеттиң түбөлүк, а.
Алтындан кылган үбөлүк, а,
Оо, адашып кеттиң-а, түбөлүк, а...

Таякчан кемпир буркурап ыйлап, эмшеңдеп, сөөктүн бетин ачып, колундагы жүзарчысын желпилдетти.

Чок кызыл бахмал жамынып, ээги ак сурп менен таңылып, кападар "сулуу" созулуп жатты... Жансыз жасаттан чырмоокко чырмалган гүлдү көрдүм. Ал соолуган эле... Токтоно албадым...

Агын дайрам сен элең, а,
Арызың угаар мен элем.
Көгүн дайрам сен элең, а,
Көөнүңдү алаар мен элем.
О, жеңенин сүйгөн Эркеси-йа,
Жеңелеп келсең дем элең...

Кестирбей кызыл көйнөктү-йа,
Керилип кийсең болбойбу, а.
Энеден калган өксүгүм, оо...
Эл менен жүрсөң болбойбу-йа?
Өмүрдүн көрбөй жыргалын, а
Өлгөндү сага ким койду-йа?
Чыгайын десең эшик жок, а,
Шыкааларга тешик жок, а...
Шыбаксыз жайга шашылып, оо,
Күйдүрүп кеттиң эси жок-а...
Жеңи жок туюк кепинге-йа...
Жеңилсең кантем ичим чок, а...

Кыйкырсаң үнүн ким угат, уу...
Кыймылсыз танди ким туят, оф-ф...
Мүрда деп кантип айтайын, а...
Маңдайын турса жылтырап, оф-ф...
Ыйлаган бойдон кеттинби-йа...
Көзүңдө жашың кылгырат, уф-ф...



– Ка-атта кылып жазып коюптур, ак кагазга!..
Селт этип, дагы айтаарым оозуман ыргып, Гүлжаздын эжесин карадым. Ал үзүл-кесил сүйлөп, көнөктөп ыйлап турду.
"Апама кеттим" деп жазыптыр катка.
Өлбөй ө-өл!.. Өлбөй ө-өл!..



Махабат АЛЫМКУЛОВА – 1973-жылы Ынтымак айылында туулган. "Айылым – алтын бешигим" аталышындагы жыйнагы жарык көргөн.

## БАЛДАЙ ШИРИНИМ

Неберем, кубанычым түгөнбөгөн,
Жылмайуу, күлкүсүндө күтөм деген.
Тили али булдурап балдай ширин,
Сүрөтүн көрүшкөнчө түрөм эчен.

Жылдызым, үйүм шаңдуу сени менен,
Баңолук аруу таза демин берген.
Жашоону ушунчалык сүйүп кетем,
Шириним сөзүн уксам : "эне" - деген.

Бой керип, күн өткөнү билинбестен,
Кылыгын сагынамын дилим эңсеп.
Жанымдай көрөм, бөпөм, периштемсиң,
Дүкөнгө барсам, калбайм илинбестен.

Күнүгө жаркылдагым күтөөрүм сен,
Көңүлдүн боштуктарын бүтөөрүм сен.
Эркелеп турса жүрөк жазылат да,
Чарчаган энекеңе түтөөрүм сен.

Аппак кар төгүлө бер аянбастан,
Актыгың жүрөктөрдү аруулантат.
Электен өтүп жаткан ун сыяктуу,
Шамалга ары-бери катуулантат.



Төгө бер ырыскынын жарчысысын,
Тазалап дем берүүчү абаны да,
Таң нуру кооз кылып, жарыганда,
Жакшы ойдун жетектеген дабанына.

Элимди эстеп бастым жумушума,
Жаны жыл токчулугун, тынччылыгын.
Берсин деп ыйман, ынсап жаш карыга,
Ынтымак, кең пейилдик, барчылыгын.

Береке кирсин ушул ак кар менен,
Наристе берсин кимдер тилегенге.
Өнүгүп өссүн элим даңкы белен,
Тайманбай бекем туруп жирегенге.

Аппак кар төгүлө бер аянбастан,
Арuулук, берекенди жазам дастан.

## ЖОЛУН КАРАП

Ыр жазалбай, сыноолордун күчүнөн,
Сезимдерим өтө катуу үшүгөн.
Чыйрыктырып, алсыз кылып дүйнөмдү,
Эргүү издеп калам кээде түшүмөн.

Ыр жазалбай, жартыланып көңүлүм,
Ыйга толгон, ыр өстүргөн өмүрүм.
Баскан жолум туман каптап тургансып,
Ыр мончогум чачыранды, төгүлүп.

Ыр жазалбай, Мекениме сагыныч,
Махабатты торуп турат тарыныч.
Турмуштун ал сүрөттөбөй өткөнүн,
Жазсам кана, көңүл жарпым жазылып.

Ыр жазалбай, турган абал тажатты,
Эми жылуу сезимдерим саматты.
Күндө болчу түйшүктөргө жуурулуп,
Эргүүлөрүм жолун карап бараттым.

## МЕКЕНГЕ КУСАЛЫК

Алыста жүрөм, Мекеним көзгө тартылат,
Кусалык жүгү күн өткөн сайын артылат.
Айла жок тура ырыскы терип жүрөбүз,
Эстегенимде көөдөндө өксүк, зар кылат.

Алыста жашайм, Мекеним эсте көңүлдө,
Бейишим деймин, алмасы , өрүк төгүлгөн.
Ала-Тоо жатат чалкыган кенен коюну,
Аскасы бийик күн нуру сылап , өбүлгөн.

Аралык бөлөт, Мекеним менин ыйыгым,
Айла жок четке себепчи жашоо кыйыны.
Булагың мүрөк, алмашпайм эч бир суусунга,
А балким бир күн өзүңө кайтам жыйынып.

Алыста болсом, жүрөгүм сенде, Мекеним!
Акыры сезем өзүңдө болот бекетим.
Айылым мени күткөнүн билем жол карап,
Кызыңдын билгин, сүйүүсү сага бекемин!

Уулуңдун билгин , сүйүүсү чексиз экенин!

## ТИЛИМ МЕНЕН УЛУТМУН

Тил жөнүндө жазсам дагы канчалык,
Жүрөгүмдөн жүрөк эргип күү чалып.
Эң кымбаттуу мурасым деп билемин,
Сүйлөй алган кенен-кесир үн салып.



Тилим менин бийик ар бир нерседен,
Ала-Тоомдой жерде элим жердеген.
Улуттугум тилим менен таанымал,
Өздүгүн эч башка тилге бербеген.

Тилим менен кеп-кеңешим айтамын,
Түрмөктөлгөн ойлорумдан май тамып.
Жакшы сөздү жакшы сөзгө курасам,
Көңүл жарыйт, окуганда, жайкалып.

Тилим барда жашайт улут - кылымдар!
Ууч улап урпактары кыз-уландар..
Үрп-адатын, каада-салтын улантып,
Кыргыздыгым тастыктаган тилим бар!

## АК КАЛПАК БАР -КЫРГЫЗ БАР

Аскаларда аппак кардай, мөңгүдөй,
Ала-Тоомдун алмаштыргыс өңүндөй.
Ыйык тутуп, төрдө дайым илинген,
Эчен тарых саймалардын өзүндө.

Кылымдардан кылымдарга берилип,
Ата-баба кийген, басып керилип.
Жарашыктуу, кыргызымдын мурасы,
Улутумдун нарк -насили сезилип.

Тебелетпей, кор кылбастан, кир кылбай,
Аппак таза тутунушкан ай , жылдай.
Бүт жер жүзү калпагынан , туусунан,
Айырмалап улутумду айттырбай.

Улуу элим ак калпагы жашасын!
Түбөлүктүү өмүр сүрүп барасың.
Кайда жүрсө ак калпагы башында,
Ар намыска эл жер үчүн жарайсың!

## КАЙЫН ЭНЕМ -ЭНЕКЕМ

Энекемдин ай чырайын сүрөттөн,
Анан дагы жакындары сүрөттөп.
Көрбөсөм да элестетип келбетин,
Жылуу-умшак ак пейилин жүрөктөн.

Жапжаш экен айдай жүзү туптунук,
Чабалекей канат каштар бурулуп.
Көздөр сулуу бакырайган, жылдыздуу,
Аялзаттын - эталону жуурулуп.

Чоң бүлөнүн болуп асыл бийкеси,
Төп келишип, ар бир кыймыл ийкеми.
Тазалыкты жакшы көргөн ирээттеп,
Ак жуунтуп бөбөктөрүн, үй деми.

Адап энем, эмгек сүйгөн жаш жаны,
Ак маралдай арыш кадам басканы.
Жолдошум да таамын нанын эскерчү,
Аппак , жумшак казан нанын жапканын.

"Арбай билет"-деген чынбы деп калам,
Улуулардын улук сөзүн эске алам.
Жаңы келин болгонумда ал үйгө,
Ак кийимде. "Кел кызым"-деп берген салам.

Тирүүлүктө болсо кана энем -деп,
Неберелер эркелетсе эсен -деп.
Бир кем дүйнө, элүү төрт жаш курагы,
"Шум ажалдан чын үйүнө кеткен"- дейт.

Уул-кыздары өз очогун кызытып,
Өз бүлөсүн мээримине жылытып.
Бир гана жер, Апа орду бүтөлбөй,
Бала чактан турчу көңүл жарытып.



Калган өмүр насип этсин балдарга,
Бейишинен берсин, Эне, ал жакта,
Сиз өстүргөн пензенттер бүт дубада,
Урпактары өсүп жаткан талдардай.

Арбайыңыз, колдоп турсун баарыбыз,
Намаздарда дуба кылам калтырбай.

## АДАМ БОЛ! - ДЕП

Атакем оов, инсандыктын - пиридей,
Жатпаган эч ичте кылча кири же.
Үлгү алчу жактары көп, маныздуу,
Ак көңүлүм жүргөндө эх, тирүү, ээ!

Жолун жолдоп баргыла -деп айтамын,
Тарбиясын болсун мына кайтымы.
Өмүр берди, жакшы жолго багыттап,
Ичке жутуп келген капыс кайгысын.

"Гениңер" да тартат сөзсүз ишенем,
Балдарымдын байкайм кылган ишинен.
Ар бириңди "Адам бол"-деп өстүргөн,
Барасыңар баскан ыйык изинен.

Уласаңар кылган ишин, кесибин,
Ак мектептен терип ырыс-кешигиң.
Арбайы да колдоп турчу сезеби,
Тирүү кезде терметкен ак бешигиң.

Баскан жолу, кылган иши -чоң тарых,
Азыр болсо дүйнөм болчу, эх, жарык.
Бейишинен берсин, ошол жагынан,
Чын үйүнө куран оку, сен барып.

Атакемдин жолун жолдоп баргыла,
Насааттарын дайым эске салгыла.

## АПАКЕМ - АСЫЛ ИНСАНЫМ

Жашоонун кечип кечүүсүн,
Бапестеп карап күнү-түн.
Аялдын болуп эптүүсү,
Кайраты кардын күрткүсү.

Жок жерден табып, бар кылып,
Тайманбас, коркпос түйшүктөн.
Коноктор күтчү ар дайым,
Дасмалы таамдар үйүлгөн.

Бала деп жашап асылым,
Байлыкты, кийим ойлобой.
Кетилди өмүр
жакыным,
Жайкалып басып, тойлобой.

Жүзүндө ар бир бырышы,
Жазылып калса кана эле...
Салган, эх,турмуш жарышы,
Жаркылдап сулуу жан эле,

Ак чачы ар бир кымбаттыр,
Жашоодо актай албайбыз.
Келбети дале сымбаттуу,
Сулуум, өңдөн калбайсыз.

Апакем, асыл инсаным,
Өмүрүн тилейм, кайратын.
Агарып аткан үрүл таңым,
Бакыттын көтөр байрагын.



Кечиргин мендей кызыңды,
Уралдай алыс жайдагы.
Сагынам наның, тузуңду,
Күбүндө бышкан май дагы.

Эмгегиң, бийик ийилем,
Эзилем жандап жүрө албай.
Эсенин тилеп келемин,
Асасы болуп тура албай.

Өмүрдүн кыйнап агымы,
Өзүң бар жакка бура албай.
Өкүнүч ээлеп, сагыныч,
Өх тартам, десте бере албай.

Апакем аман болуңуз,
Саптарым жаштуу, тере албай.
Узарсын өмүр жолуңуз,
Кыялда жашайм жете албай.

## ЖЕҢИШ ҮЧҮН

Капыстан келген душманга бекем турушкан,
Каардуу эх, согуш майданда жоокер согушкан.
Канчалап ата, агалар кетти жаш, кары,
Бүлөсүн таштап, фашистке келген батыштан.

Кырк бирдин июнь айынын ошол күнүндө,
Кыйылды өмүр жылмаю өчүп жүзүндө.
Бейкапар жашоо, айланды тозок отуна,
Энелер жоктоп, кыйкырык ачуу үнүндө.

Мекенди коргоо болгондон ыйык милдети,
Коркутпас эле сынoooop, башка илдети.
Панфиловчулар баатырча тосуп Москөөнү,
Шопоков сымал тайманбас эрлер бербеди.

ССCP үчүн күрөшүп жанын аябай,
Фронтто, тылда канчалап инсан дем албай.
Тогуз жүз күндөп "блокада" болуп курчоодо.
Ленинград эли өлүмгө канча бет алган.

Беш жылы бою миллион ашып жыйырма,
Советтин эли көз жумду салып кайгыга.
Акыркы деми калганга чейин чегинбей,
Баатырлар таазим! Эстешет элиң дайыма!

Тарыхтын бетин сексен жыл бою барактап,
Козголуп эчен жүрөктө калган жараттар.
Ар бир күн ыйык, жыргал, ээ, жашоо арнаган,
Келбесин согуш көөдөнгө салган кара так.

Ар дайым жашайт көңүлдө өчпөс элестер,
Аталар каны боңлгон -ошол желектер!
Тогузу майдын Жеңиш күнөтүп парадддан,
Портретин кармап "Өлбөс полк"-делип келбестин.

## АК ЭМГЕКТИН ҮЗҮРҮ

Кайда болбо, кайда жүрбө эмгектен,
Түйшүктөрүн бул жашоонун терметкен.
Ак эмгектин таттуу болот үзүрү,
Түшкө кирбес жерди наның жердеткен.

Ырыскыңды кыймылдасаң терисин,
Өмүр, жаштык, күч кубатың бересиң.
Ал анткени олтургузбайт тирилик,
Турмуштун бул алга сүзүп кемеси.

Балдарың жаш, чоңойтоюн деп ойлоп,
Кем кылбайын, ички сезим жеп ойлоп.
Тытынасың оордугу билинбей,
Окутсам деп, максатыңды, ээ, бойлоп.



Баары болот ак ниеттер жанаша,
Ак тилектер аракетке жараша.
Эринбеген, талыкпаган маарада,
Мезгилдердин агымына жарыша.

Ак эмгектин үзүрү чоң, жагымдуу,
Бир кездеги түйшүктөрдүн багы бул.
Сый-урматтын төрүн көрүп жүрөсүң,
Адал иштеп, өмүр сүргөн жагы бул.

## ӨМҮР АК ТАҢЫМ

Өстүргөн сүйүү дарагын,
Жаздырган сезим барагын.
Жароокер жаным, асылым,
Жыргалым менин каралдым.

Түн кирсе жарык бергеним,
Түнт тартсам дүйнөм термеген.
Түбү жок түйшүк тартканда,
Жибитип сөзүн тергеним.

Жадырап турган жай сымал,
Жүздөрү күлүп ак жуумал.
Жылгалар суусу шаркылдап,
Жанымдын теңи, ай, тумар.

Өрчүгөн сүйүү дастаны,
Өрүгүм мөмө бактагы.
Өзүңдү деймин түбөлүк,
Өзгөчөм, өмүр ак таңым.



Мурза ГАПАР (22. 03. 1936 – 11. 06. 2002). Кара-Таш айыл өкмөтүнүн Нойгут кыштагында туулган.

“Мейман”, “Бир шиңгил жүзүм”, “Кара-Көлдүн каздары”.”Биздин жакта – Арстанбапта”, “Дарыялардын шоокуму”, “Кызыл беде”, “Күнөстүү арал”, “Жаңгак токойдун жомогу” аталышындагы китептерди, драмалык чыгармаларды, көркөм фильмдердин сценарийлерин жазган.

КР Эл жазуучусу.

## БАЙЧЕЧЕК
(Аңгеме)

Телефон шыңгырап атты…

Кыяз анын үнүн көпкө угуп жатып, араң ойгонду. Үйдүн ичи караңгы. Кайсы маал экени билинбейт: кечпи, түн ортосубу, таңга жуукпу. Аэропорттон самолңттордун гүрүлдөгөнү угулат. Бирок алар күнү-түнү учуп турушат да…

“Беймаалда телефон чалган ким? Болгондо да шаардан эмес: телефондун коңгуроосу узун шыңгырайт… ”

– Эй, телефон шыңгырап атат, – деди аялын түртүп. Бирок аялы ойгоно бербеди. Турууга туура келди. Стол, стулдарга чалынып барып, трубканы алды.

– Алоо…

– Бул Ысаковдун үйүбү?

– Ооба.

– Ноокат менен сүйлөшөсүз.

Ноокат – мунун туулуп, өскөн району эле. Ал жакта анын көп сандаган тууган-уруктары жашайт: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери… Таэнеси. Бирок алардын эч кимиси минтип беймаалда телефон чалышчу эмес. Эмне болуп кетти?

Ноокат жакта:– Алло? – деген эркектин үнү угулду.



Кыяз үндүн ээсин тааныган жок. – Бул ким? – деп сурады.

– Менмин. Кыяз, – деди ноокаттык. – Жолдошмун.

– Кайсы Жолдош?

Кыяз Ноокаттан кеткенден бери он сегиз жыл жаңырды. Эми ал Ноокатына жылына бир жолу барат да, эки-үч күн туруп, кайра баса берет. Бара-бара элден, жерден жат болуп, жердештеринин кээ бирин унутуп да келатат.

– Кайсы Жолдош?

Тигил адам мунун аялдап калганынын себебин туйду окшойт: – Жолдош – почточумун, – деп кошумчалап койду.

– А-а, Жолдош ака… – деди Кыяз ошондо гана.

Алардын кыштагында ушундай адам бар эле. Бирок ал кишинин буларга эчкандай жакындык, катнаштык жайы жок болчу. Шондуктан, анын телефон чалышы, болгондо да түндөлөп чалышы, мурдагыдан бетер сырдуу көрүндү.

– Ко-ош, телефон чалып калыпсыз?

– Кыяз, сен бир айылга келип кет, үка: таэнең ооруп калды.

Таэнеси мурда деле ооруп жүргөн, кары киши да. Бирок ал жөнүндө минтип зарыл түрдө кабарлап, анын тынчын алышчу эмес. Демек, бир адиса болгон көрүнөт. ..

– Эмне, катуу ооруп атабы? – деп сурады Кыяз, тиги кишиден түзүгүраак маалымат алыш үчүн.

– Кыйла бар, – деди Жолдош почточу. – Келишиң керек.

Демек, бир адиса болгон, – деп ойлоду Кыяз кайрадан. Бирок аныгын билсе болот эле: эгер ооруп гана аткан болсо, бара албайт – эмки жумага чейин авторефератын тапшырышы керек, а айдын аягында диссертациясын коргойт; а кокус, кемпир бир нерсе болуп кетсе, кудай мунун бетин ары кылсын, албетте, анда барууга туура келет. Бирок муну кантип билесиң. Түз эле: “Өлдүбү?” – деп сурашка оозуң барбайт. Тиги киши, оозу-мурду кыйшайбай туруп сураганын көр деп, жаман көрүп калышы мүмкүн. Кышлакы адам да.

– Эми кантемин? – деди Кыяз өзүнө өзү, бирок мунусу оозунан чыгып кетти. – Иштерди эмне кылам?

– Иштериңди эки-үч күнгө коң турасың да, – деди почточу, – Келбесең болбойт. Кемпирдин көңүлү ооруйт.

Кыязды үгүттөп аткансыйт. Жок, кемпир бир нерсе болгон. Болбосо да, акыбалы начар көрүнөт. Ачыгын эле айтып койбойбу, жарыктык.

– Ошентем да эми, айла канча.

– Тезирээк эле кел, үка. Бандачилик да…

Ой, ушул кишинин адептүүлүгү өттү! Тумандатып отурбай, өлсө, өлдү эле дебейби, мусурман.

– Барамын. Түшкө чейин кирип барамын…

Баягыдан үйдүн ичи жарышып, аялынын жүзү, жылаңач көкүрөгү агарып келатты. Аялынын жүзү да, көкүрөгү да сулуу эле. Анын үстүнө жаңыдан эле баш кошуп, али ойноп оюндары кана элек, күлүп күлкүлөрү кана элек маал болучу. Шондуктан, аялын бирпас сүйкүм менен карап туруп, ошол замат анын койнуна барып жаткысы келип кетти. Бирок самолёттордун добушунан улам, барар жери алыс экенин элестетип, кайра өзүн токтотту. Мунун ордуна, аялын ойготуп, телефондон уккан кабарын, ага карата өзүнүн кабыл алган чечимин айта баштады.

– Эмне, мен кошо барайынбы? – деп эсинеп койду аялы.

– Кереги жок, деди Кыяз. – Кемпир али өлө элек. Анын үстүнө, сен ал кишини көргөн да эмессиң. Андан көрө, тынч жатып, уйкуңду уланта бер, айдыңым.

– Жакшы бар. Чыгып бараткаңында, эшикти акырыныраак жапчы. ..

Кыяз анын айтканын кылды.

Аэропортко басып келсе, түшкө чейинки рейстерге билет жок калыптыр. Калп айтууга туура келди. – Өлүк көмгөнү баратам, – деди ал, муңайым түр менен.

Анан бул калпы жеңил-желпи эле айта салганына өзү да таң кала түштү. Бирок ошол эле замат, а мүмкүн бул калп эместир, чын эле энем өлүп калгандыр деп, өзүн кайра актап жиберди.



– Айтканыңызды ырастай турган бирдемеңиз барбы? Мисал үчүн, телеграммаңыз? – деп сурады кассир аял.

Кыяз бул кайгылуу кабарды телефон аркылуу билдиришкенин айтты. Кассир аны ишенип, ишенбей тиктеп туруп, кийин жөнөп жаткан самолётко бир билет жазып берди.

Самолёт бар болгону элүү минут гана учушу керек эле. Кыяз жол катар терезени карап келди. Бир жылдан бери Фрунзеден эч жакка чыккан эмес. Мына эми, шаар, андагы өзүнүн машакаттуу тиричилиги артта, жерде калып, ал өзүн жеңил, эркин сезе баштады. Жазгы жаратылыш анын көңүлүн көтөрдү. Айрыкча, түштүк менен түндүктү бөлүп турган тоолордон өтүп баратканда жүрөгү туйлап кетти.Тоолордун кары кете элек экен. Жакында кетчүдөй түрү жок. Тоолор бири менен бири туташып, алардын кокту-колоту да жакшы билинбей, агарган бир кең мейкиндикке айланып, мелтиреп тынч жатат. Мейкиндиктин бетинде үзүк-кесик оор булуттар калкып жүрөт…

Самолёттон кийин Кыяз таксиге түштү. Такси аны туура өз кыштагына алып келди. Энеси өлүптүр. Муну ал атасынын эшигине чогулган элди көргөндө эле түшүндү. Көпчүлүк, машинаны бурулуп карап калды. Кимдир бирөө шашып-бушуп үйгө кирип кетти, ошол замат тынч турган үйдөн ый угулду. Дагы бирөө топтон бөлүнүп, Кыязды утурлай жөнөдү. Жолдош почточу экен көрсө.

– Келдиңби, үка? – деди почточу, Кыязга нары-бери колун берип.

– Эми мен эмне кылайын? – деп сурады Кыяз андан, башка кеп-сөзгө келбей туруп.

Ал дароо өзүн жоготуп койду. Бирок күйүттөн эмес, күйүттү али сезе элек, жөн гана өзүнүн жаңы акыбалынан шаштысы кетип калды. Жашы отуз бешке келип, ал эми өлүм-житим дегенди башынан өткөрө элек болчу, а бул жерде

таэнеси өлүп жатат. Тигинде бир айылдын эли аны жабалактап карап турат. Эмне кылышы керек?

– Ыйлап мени ээрчи, – деди почточу.

Кыяз ээрчирин ээрчиди. Бирок ыйга даяр эмес эле. Ал өмүрүндө өзгөгө ыйлап көрбөгөн жан. Тигил турган элден сүрдөп, баштагандан тартынып, шыпылдаган почточунун артынан шыпылдап басып кете берди.

– Өкүр, өкүрбөйсүңбү! – деп шыбырады почточу, ага кыйгач кайрылып. Анын сөздөрү жемеге окшоп угулду. Кыяз бар тобокелге салып: – Энем-ой, энем-ой, – деп кирди.

Бул сөздөрдү ал жөн гана сүйлөп койбостон, ыйга мүнөздүү обонго салып, созуп муңдуу кылып айтып атты. Бирок көзүнө жаш келген жок. Шондуктан, курган көздөрүн көзүнө жашырыш үчүн, плащынын чөнтөгүнө колун салып, элден аарчысын издей баштады. Кол салган чөнтөгүндө жүз аарчысы жок болуп чыкты. Ушул тапта, анын оюн түшүндүбү, кимдир бирөө чуркап келип, колунан портфелин ала койду. Кыяз бошой түшкөн колу менен башка чөнтөгүнөн жүз аарчысын таап, көздөрүнө тутту…

Почточу экөө ээрчип келип, ый чыгып аткан үйгө кирişти. Адегенде далиске, кийин төркү бөлмөгө өтүштү. Бөлмөнүн ичи караңгы экен, Кыяз босогого чалынып, почточунун далысын сүзүп алды. Ошондо жүз аарчысын жылдыра берип, ыйлап аткандарды чала-була көрүп калды. Ыйлагандардын баарысы өзүнүн туугандары болуп чыкты: атасы, апасы, ага-инилери, эже-карындаштары, жеңелери… баарысы жалгыз кишилик жыгач сөрүнү тегеректешип, тикесинен ыйлап турушат. Сөрүдө энеси жатыптыр. Соо кезинде бүкчүйүп жүрчү кичинекей кара кемпир, эми буттарын сунуп, боюн түзөп, узун болуп калыптыр. Үстүнө жабылган кара бакмалдан анын эч нерсеси көрүнбөйт. Кыяз энесинин жүзүн ачып көрүшү керекпи, биле албай койду. Жүрөгү эчтеке дебеди, а салт боюнча кандай болорун ал билчү эмес. Шондуктан, энесине эки кадамдай жакын келип, кимдир бирөөнүн



катарына туруп алып, мурдагыдай эле: – Энем-ой, энем-ой, – деп өкүрө берди.

А көз жашы дагы эле келбей атты. Үйдүн ичиндеги башаламан ызылдап аткандар да таасир этпеди, энесинин суналган жансыз көрүнүшү да жүрөгүн эритпеди. Буга өзү таң калып, жаны ачыды. Бир маалда бирөө ыйлаган бойдон келип, анын көкүрөгүнө башын койду. Караса, апасы экен. Апасы өзүнүн обондуу ыйына кара сөз кошуп атты. Кара сөздөрү Кыязга тиешелүү болуп көрүндү. Кыяз өз ыйынан кичине алаксып, апасынын эмне дегенин кызыгып тыңшап калды. Бирок ызы-чуунун арасынан апасынын:

– Таэнеңден айрылдык… – деген сөздөрүн араң ажыратты.

- Ооба, таэнемден айрылдык, – деп койду Кыяз да.

Тигине, өлүп жатат. А кишинин бир эле таэнеси болот. Таэнеси деген –апасынын апасы. Демек, өтө жакын киши. Кыяз, албетте, муну түшүнүп эле турат. Бирок акылы менен гана туюп, жүрөгүнө жеткире албай атат.

– Энем – ой, энем-ой…

Апасынан кийин башка туугандары да бир-бирден басып келип, анын мойнунан кучактап ыйлап, аны менен өздөрүнүн кайгы-муңун бөлүшүп жатышты. Бирок баары биригип да ага өздөрүнүн кайгысын, көз жашын жуктура албай койду. Анын ички дүйнөсү бир караңгы кудукка окшоп, а кудук таптакыр какшып калгансып туруп алды.

– Энем-ой, энем-ой…

Кыяз эл көзүнө боздоп ыйлап аткан киши болуп көрүнүп, а өз алдынча өзүнүн какшыган кудугуна ным издеп, ага кайрадан суу пайда кыла албай атты. Жасалма жол менен болсо да өзүнүн көкүрөгүн жибиткиси келди. Бул үчүн ал энесинин ким экенин, анын кыял-жоруктарын эстей баштады. Таэнеси акылдуу, боорукер адам эле. Өмүрүндө бирөөгө жаман сөз айтпаган, өзү да бирөөдөн жаман сөз укпаган киши. Бул турмушу түйшүктө өттү бечаранын. Балдарым,

балдарымдын балдары деп жүрүп, акыры минтип жаны тынды. Кызды абдан жакшы көрүүчү. Ар келген сайын аны айланып-үйрүлүп, көз жашын көлдөтүп, сагынып тосуп алчу эле. "Эми сенин балдарыңдын бешигин терметип жатып өлсөм, арманым жок", – дечү дайыма… Кыяздын жүрөгүн бул эскермелер да козгободу. Ал мурдагыдай эле көз жашсыз ыйлап атты.

– Энем-ой, энем-ой…

Бир маалда тыңшаса, башкалар басылып, өзүнүн гана үнү калыптыр. Кыяздын дагы башы катты: токтосом бекен, же ыйлай берсемби деп ойлой кетти. Кудай жалгап, ушул тапта мойсопут адам басып келип, анын жеңинен тартты. Жаңылбаса, бул киши Кыяздын алыс таякеси болушу керек эле. - Болду эми, балам, – деди таякеси. – Бас кыл.

Кыяз ага ыраазы боло түштү. Алдагы кичине ыйламыш болуп туруп, кийин басылып, кургак көздөрүн аарчып калды. Абышка аны эшикке карай жетеледи. Эшиктеги элдин айрымдары аны менен унчукпай кол алыша баштады. Алар менен учурашып атканда Кыяз өзүн муңайым кармап атты.

– Келгениң жакшы болбодубу, -деди жанагы таякеси. – Бардык тууган-уруктар келип бүтүп, сени гана күтүп калганбыз. .. Таэнең болсо кечээ кечинде каза болду. Бир түн түнөдү. Эми ал кишини зарыктырбай, тезирээк өз жайына алпарып коңлу.

Таякеси андан уруксат сурап атканспп көрүндү. Ушинтип ойлоп, Кыяз арсар түрдө башын ийкеңдетип койду.

– Кана, алып чыккыла эмесе! – деп буйрук берди абышка кимдир бирөөлөргө.

Кемпирди эшикке алып чыгып көпчүлүктүн ортосуна коюшту.. бир ак селдечен абышка көпкө чейин жаназа окуду. Ошондон кийин кемпирди жайга алып жөнөштү.

Жергиликтүү салт боюнча, гөрүстөнгө эркектер гана бара турган. Катындар ызы-чуу түшүп кала беришти. Албетте, үйдөн узаганча, өздөрүн кемпирге жакын санаган эркектер да



өкүрүп ыйлап барышты. Кыяз үчүн бул дагы бир сыноо болуп, ал андан да өтө албады. Анын кудугу дагы деле какшып турду.

Гөрүстөндө көп күймөнүшкөн жок. Жай даяр экен. Кемпирди дароо эле коң баштаашты. Ушул жерде Кыяз энесин бир көрүп калгысы келди. Бирок кемпирди ак шейшепке ороп, баш-аягын бууп коюшуптур – арманда калды…

Кемпирди жайга түшүрүп жатышканда, бир боз бала буркурап ыйлап кирди. Агасынын кенже уулу экен көрсө. Баланын ыйы ушунчалык жеңил, ушунчалык күйүттүү чыгып атты. Кыяз балага таң калып да, суктанып да калды. Бул баланын курагында ал шаарга кетти эле. Андан бери он сегиз жыл өтүптүр. Эгер энелери он сегиз жыл илгери өлгөн болсо, алдагы ушул бала окшоп ыйлаар беле…

Көпчүлүк гөргө топурак сала баштаашты. Бала андан бетер күчөп ыйлады.

Кокусунан асманда газала сайрап жиберди. Кыяз көптөн бери газаланын үнүн уга элек болчу. Жалт этип асманды бир карап алды. Бирок өзүнүн каерде экенин эстеп, уяла түштү. Дароо бирөөнүн колунан кетмен ала коюп, энесиңин үстүнө топурак шилеп калды…

А торгой сайрап турду.

Бала ыйлап атты.

Бир маалда Кыяздын кетмени бир байчечекти үзүп кетти. Байчечек топуракка аралаша түштү. Кыяз ойлонбой туруп, аны колу менен чукуп алып, анан ошол замат бирөө-жарым көрүп калдыбы деп шашып-бушуп, эмнегедир чөнтөгүнө сала койду.

Бала ыйлай берди.

Торгой сайрап жатты.

Көпчүлүк кемпирди көөмп болуп, чубалып жолго түштү.

Жаңы гөрдүн алдында боздоп бала гана калып калды. Кыяз бурулуп келип аны ийинден алды: – Жүр эми…

Энелерин жаңы конушка таштап кете беришти.

Кыштакка кайтып келгенден кийин, эл бирин-сериндеп таркай баштаашты. Кечке жуук үйдө алыс-жакын туугандар

гана калышты. Кечинде дөңгөк каланган ысык очоктун боюнда отуруп, баарысы кемпир жөнүндө сөз кылып кириришти.

– Бечара энем, Кыязды чакыргыла, Кыязды бир көрүп анан өлөйүн деп жатып, жан берди, – деди атасы. Апасы бир калта өрүктүн чагылган данегин алып келип, Кыяздын алдына төгүп койду. – Өзү чогултуп, өзү чагып, келсе беремин деп сага атап жүрдү эле, – деди ал, көзүнө жаш алып. Кыяз баарын мелтиреп угуп отурду.

Эртеси күнү кемпирдин үчүлүк ашын беришти.

Аштан кийин, Кыяз өзүнүн авторефератын, диссертациясын тезирээк бүтүрүү керектигин айтып, атасы менен апасынан кетүүгө уруксат сурады.

– Өзүң бил, – деп койду апасы оор үшкүрүп.

-Барсаң бар, деди атасы. – Баары бир кемпирди тирилтип албайбыз…

Ал кайрадан шаарына учуп кетти. Эки күндүн ичинде тоолордун көрүнүшү эч өзгөрбөптүр. Асты жакта баягы эле аппак кең мейкиндик мелтиреп жатат… Бирок бул жолу тоолор да, суулар да, булуттар да Кыяздын делебесин козгободу. Анын көкүрөгү букка толуп, көңүлү чөгүп баратты. Ушул тапта ал бир нерсе ичкиси келди. Бирок ичерине эчтеке жок эле. Чылым чеккиси келип, чөнтөгүнө колун сунду. Бирок сигарет ордуна, колуна бир жумшак, муздак нерсе урунду. Алып караса, баягы байчечек экен. Байчечек соолуп калыптыр. Кыяз аны ары-бери кармалап, селейип отуруп калды. Анын көз алдына көрүстөн элестеди. Бир паста жүзү өзүнөн өзү кызарып чыкты, деми кыстыга түштү. Ал жийиркенич менен башын бир чулгап алды.

– Кандай айбанчылык. .. – деп шыбырады анан өзүнө өзү. – Кандай айбанчылык. .. Кандай айбанчылык. .. Ал өзүнүн ушул акыбалга келгенине жаны ачыды. Өзүнө өзү аянычтуу көрүндү. Өзүнө өзү боору ооруду. Кокусунан, анын көзүнө кылгырып жаш келе түштү. Жашы сыгылып тышка чыкты. Бетинен ылдый жылжып ага баштады…



Кыяз көпкө чейин ыйлады. Ыйлаган сайын, көкүрөгү жибип, ичиндеги бугу чыгып, өзүн жеңил сезип атты. Үч күнү зарыктырып келген бул көз жашка ал абдан сүйүнүп кетти. Какшыган кудугу жибип ийип, ага кайрадан суу пайда болуп келатты.

Демек, али кеч эмес экен…



Мырзаш АШИРБЕКОВ – (07. 02.1942 – 21. 06. 2017). Кеңеш айылында туулган. Кыргыз Жазуучулар Союзунун мүчөсү. «Коляска», «Табып, небере жана жылан», «Ат жалында өткөн өмүрлөр», «Тандалмалар» жыйнактары жарык көргөн.

## КОЛЯСКА
(Аңгеме)

Алардын үйүндө бар болгону көрүнүктүү үч буюм бар эле. Булардын экөөсү кара күрөң түстөгү күзгүлүү чоң буфет менен үстүндө проигрыватели бар радиоприемник. Үчүнчүсү – оозгу үйдөгү боосуна мехтен жасалган аюунун кичинекей мамалагы менен упчу тагылган көк түстүү коляска.

Күндө эртең менен Салия таза чүпүрөк алат да, ушунчалык көңүл коюп буфет менен радиоприемникти, анан колясканы сүртө баштайт. Ал дайым колясканы сүртөр алдында таң каларлык жылмайып коңт. Бул жылмаюу келечегине ой жүгүртүп, ошого кубануу же тетирисинче, азыр бизге колясканын эмне кереги бар эле деген сыяктуу ажырата албайт.

Бул үч буюм алардын үйлөнүү тоюнда жолдоштору тарабынан белекке берилген. Бирөөсү той берсе беш-ондон топтолуп, мындай буюмдарды алып баруу студенттердин адаты эмеспи. Алар тойго чакырган жолдошторунун эң аягы болуп айыл чарба институтунун студенттери келишкен да Турдаалы менен Салиянын колдорун кыса өздөрүнүн каалоолорун айтып, ушул колясканы тапшырышкан. Ошондо Турдаалы аяк-быякка жылдырып жүрүп, «Бул «Волгага» баарыңар түшүп келдиңерби? А бул шоферуңар го?» – деп боосуна тагылуу мамалакты мурдуна чертип, ыраазы боло



карс-карс күлгөн. Салия эми эмне дээрин билбей калды, анан шек алдырбай ырахмат айтып уялыңкырай аппак тегиз майда тиштерин көрсөттү. Кээде ушундан көрө бир диван алып келсе, үйдү көркүнө чыгармак экен деп ойлоп койчу.

– Сарайга эле коңлу да. Уят эмеспи. Азыртан эле... – деп Салия беш-алты жолу айтса, Турдаалы да болбой койду. Ага баарынан ушул коляска жакшы көрүнөт. Ар дайым эшикке чыгып бараткан да куурчакты кармалап, колясканы терметип көрөт да, өзүнчө жылмайып коңт.

– А, Турдалы?

– Эмне, жаным?

– Үйдөн акча сурасаң боло...

– Үйдөн акча сурасаң боло... бар дейсиң, Сакиш.

– Чал-кемпирдин эмнеси бар дейсиң, Сакиш.

– Биз той бергенде деле таап беришпеди беле?..

– Катардан калып өксүбө балам дешип, жалгыз уюн сатып беришкен. Канчалык койгула десем да болушкан эмес. Эми кантип акча сурайын.

– Мм... Анда экөөбүз кантип жашайбыз?

– Ал эмне дегениң?

– Акча жок...

– Стипендиябызчы?

– Стипендия, стипендия эле дейсиң качан болсо! Стипендия тамакка жетеби же...

– Ырас, Сакишжан. Бирок бул күнүмдүк гана жетишпестик да. Жакында мен дипломдуу болом. Анан сен да... Экөөбүз тең иштейбиз, үйлүү-жайлуу болобуз. Оо, ананчы... курортторго барабыз.

– Койчу куру фантазиянды. Ага чейин ким бар, ким жок. Турмуш өз учурунда кызык. Бүгүн куурап, эртең жыргап калмак белек. Биздин группадагы кыздардын көпчүлүгү күйөөдө. Жандарынан акча үзүлбөйт. Алардын күйөөлөрү деле сага окшош студент экенин өзүң билесиң го, магазинге жакшы буюм түшүп калса, шарт эле алып алышат. А менчи? Уялганымдан тике карай албай, башымы жерге салып келе

берем. Кээде автобуска да тыйын таппай калабыз. Мен ызадан өлө турган болдум. Сен кийин-кийин деп эле...

– Ырас, жаным, бизге азыр жетишпейт. Адам келечек үчүн төрөлөт, келечек үчүн күрөшөт, келечек үчүн өлөт. Бирок эч качан келечектен үмүт үзбөйт.

– Китептин сөзү...

– Сакиш...

– Эмне?

– Аны билем...

– Кийинки күндөрү өтө көп капаланчу болдуң. Мүмкүн... Мен бир медициналык китептен окудум...

– Деги эле сенин окубаган китептериң барбы?

– Чын айтам, Сакиш. Бир же эки айдан кийин баланын жүрөгү сого баштайт деп жазган. Анын жүрөгү биздин жүрөгүбүздөн үч эсе күчтүү – минутасына 180-190 жолу согот экен. Кээ бир аялдар эки кат экенинде аябай кайгычыл, сөз көтөрө албас болот да, ошол капалануунун бала үчүн зыяны бар экен. Мындан ары капаланбасаң. Доктурга да көрүнбөдүң.

– Сен менден да баланы жакшы көрөт окшойсуң.

– Койчу Сакиш, али жарык көрө элек наристе экөөбүзгө тең бирдей эмеспи.

– Ал наристең эки-үч жылдан кийин гана жарык дүйнөгө келсе кечтик кылбас эле.

– Койчу, ушинтип да сүйлөйсүңбү.

– Азыр төрөсөм колум байланат да. Өзүң да жүдөп... А жаштык бир гана жолу келет. Антпегенде эмнеси жаштык.

– Төрөп алып деле тыкан жүргөндөр жокпу?

– Баары бир мүчөнү бузат...

– Жок, Сакиш. Ушундай ойлосоң сен жаңылышасың. Бул оюңдан кайт.

Турдаалынын бул сөзүнө Салия же макулдугун, же каршылыгын билдирген жок. Эмне деп чечээрин билбей, ал терең ойдун кучагына кирип кетти.

– Салия!



– А...

– Карачы, биздин терезенин оң көзүнө ай туунтур.

– Уктачы...

– Карасаң, карасаң. Эң эле кичинекей, эң эле кооз. Жаңы ай.

Салия оодарылып, чын эле терезеге жабышып тургансыган алмаздын кетигиндей жаңы туулган айды көрдү. Ал салкын гана көз жүгүрттү, эч кандай жаңылыкты да сезбеди. Эски эле ай... Анан чалкасынан түшүп, шыпты тиктеди. Анан... Көзүнө терезенин оң көзүндөгү, жаңы төрөлгөн баланын жылаңач денесиндей үлбүрөгөн кичинекей ай урунду. Эмне кыларын билбей аптыгып калган Салия айды тиктегиси келбеди. Көзүн жумуп алды. Кап-караңгы... Илеби дирилдеп, «чын эле убакыт өтүп кеттиби... Чын эле кечеңдетип койдумбу. Жок, жок... Анан кандайдыр бир көпкө чейин чабалактап, кыйналып жатты да, акырында «эртең» деген чечимге келди. Көзүн чылк жумуп, караңгылыкта тыянакка келген бул чечими, ошол караңгы түндөн да жаман чечим эле...

Салия кечке жуук ичи кабышып, өңү кер сары тартып, түктүйө жаагы шимирилип келди. Китеп окуп отурган Турдаалы анын түсүн көрүп чочуп кетти.

– Эмне болуп кетти, Сакиш?! Ыраңың эмне?!

Ал Турдаалыны тике карай албай, жалтактап жатты. Турдаалы аны кучактай калып чебеленди.

– Айтсаң, айтсаң жаным?! Эмне болду?!

– Б... боюман түшүп калды...

– Эмне дейсиң! Жок, жок, сен калп айтып жүрбө! Чыныңды айт! – Турдаалы эки ийнинен кармап силкилдеткенде түртүп жибереби деп ойлогон Салия анын жакасынан кармай калды эле, бош кадалган жалгыз топчу чырт үзүлүп, бурчтагы шыпырынды салган чакага түштү.

– Сен атайлап алдырдың!

– Анда эмне экен?.. Сага айтып эле жүрбөдүм беле али эрте деп...

Турдаалы өзүн-өзү араң кармап, тиштенип турду. Акырында өзүн токтотуп Салияга кайрылды: – Мен сага эч качан муш көтөрбөйм дегем, аныма турайын. Бирок сен чоң күнөөлүүсүң! Күнөөнүн баары сенде гана... Сен ушундай наристени, болгондо да өз бооруңдагы баланы... Өз баласынан кечкен адам башкага кантип жакшылык кылсын! – Анан бир аз ойлоно калып: – Өтө катуу кетсем кечирип кой. Сага бир гана айтарым – эмдиги күйөөңдөн болгон баланы мындай кылба. Ушул кылыгыңды көрүп туруп сени менен жашай албайм. Үйдө эмне болсо баарын ал.

Анан Турдаалы башын мыкчый кармап сендиректеп эшикке чыкты. Кыбыладан соккон суук жел жакжайган көкүрөгүнөн, коюн-кончуна уялап, калтыратып жатты.

Үйдө көк коляска менен Турдаалынын жатаканадан алган төшөнчүлөрү гана калды. Башкаларын Салия алып кетти...

***

– Көңүлүң ачык жүргөн күнүң болобу?
– Билбейм.
– Мынча эмнеге кайгыга батасың?
– Адат болуп калыптыр.
– Кызык экенсиң, Салия. Тагдыр ошондой болсо...
– Өзүм айыптуумун.
– Баары бир. А мен айтпадым беле сен керексиң деп. А баары бир сен түшүнбөйсүң. – Ал ыңгыранып тетири карай бат эле уйкуга кирди. А Салия адатынча санаага чөктү. Ал өзүн-өзү табалап, каргап жатты. Бирок буга да алымсынбады.

Турдаалыдан кеткенден кийин эки эрден чыкты. Ошолор да туубассың деп айткан эмес. Тескерисинче, экөө тең бири-биринен жаттап алгансып: «Кечирип кой, Салия жаным. Балким балалуу болорсуң. Сенин бактыңа бөгөт болбоюн. Бактылуу бол» деп жолго салышкан. Ушул өтө сыпайы айтылган сөздөр табийгаттын кордоосундай болуп Салияны тебелеп салды. Мөмөсүн эртелеп мөндүр уруп кеткен гилас дарагынын жалбырагындай саргайып, башын өйдө көтөрө албай, Салия күндөн-күнгө санаага бата берди. Мындай сөздөрдү дагы бирөөдөн уккусу келбеди.

Турмуш дайыма өзүң ойлогондой болбойт да. Салиянын канчалык чүнчүп жүргөнүнө карабастан, анын сулуу өңүнө кызыгып азыркы күйөөсү асыла баштады. Эч бир жан-алын койбогондуктан, чындыгын айтсам калар деп Салия башынан өткөргөндөрүн бүт бойдон айтып берди. Сүйлөп жатканда анын кыпындай да өңүнүн өзгөргөнүн байкаган жок. Кайра «мага бала керек эмес, сен керексиң» деген үнүн укту. Бул сөздү чыныгы сүйүү деп ойлоп, Салиянын ичи жылыды. Экөө баш кошуп, ичи ар түрдүү жакшы буюмдарга толгон ушул алты бөлмөлүү үйгө келди.

Көп өтпөй эле ал күйөөсүнүн баланы жек көрөрүн билди. Бул Салияны кубантпай, кайра капалантты. Күйөөсүнөн көңүлү сууп, «Мен го өзүмө-өзүм кылгамын, а булчу?» деп ойлоп, жооп таба албай жүргөн. Ошол жоопту бүгүн алды. Ага мал, дүнүйө, сулуу аял гана керек. Баланын кереги жок. Өзү айтпадыбы. Ушуларды ойлоп, дөңгөчтөй сулкуйган күйөөсүн карап, кандайдыр итиркейи келе түштү да четке жылды.

Керебеттин кыйчылдаганынан улам күйөөсү ойгонуп кетип, наарazылык үн менен кобурай баштады:

– Ох, жакшы түшүм бузулду. «Волга» сатып алган экенмин... Көк «Волга»... Эми эле ичине отурайын дедим эле... Кыбырабай жата албайсыңбы... Ох, – кайра түшүн улап кетиш үчүн көзүн жумуп ушунчалык ынтаа менен уктоого киришти да кайра уйку-соонун арасында «Көк Волга» – деп күбүрөдү ал. «Көк коляска» деп ойлоду Салия. Ал баягы өздөрүнө белекке берилген көк коляcканы, анын бооруна илинүү мехтен жасалган аюунун мамалагын, терезенин оң көзүнө туулган айды эстеди. Аларды ушунчалык сагынып, ушунчалык көргүсү келди.

Ошол коляска ушул жерде тургансып босогону карады. Эчтеке көрүнбөйт, капкараңгы. Анан айды издеди. Аябагандай

эки чоң терезенин көздөрүнөн айды таба албады. Терезелердин сыртынан кагылган аркы-терки темир тосмону, падыша сакчыларынын найзасынын учундай коркоюп, шыптан ылдый салаңдап турган катар муздарды гана көрдү. Тиги муздар же темир тосмолор тосуп калбасын деп аяк-быяктан карап көрдү. Баары бир жок. Салия күйүттүү үшкүрдү. Ой дагы уланды... Салия калтырап кетти. Эки жагын дагы карады. Кап-караңгы... Салия коркуп кетип, жуурканга башын катты. Баары бир...

Ордунан акырын суурулуп турду да мурда өзү кийип келген көөнө пальтосун үстүнө жамынып эшикке чыкты. Салия бул үйгө өмүр бою кайрылгыс болуп кетти...

Сулуу жүзүн кайгынын майда бырыштары уялап буза баштаган бир аял аллеянын чети менен өзүнө кошуп бүткүл дүйнөнү унутуп, башын төмөн ийип, илкий басып келе жатты. Бул аял алыс бир жакка барып тынч гана өмүр өткөрүүнү ойлоп жолго чыккан Салия эле. Ал автобустун аялдамасында жалгыз турду. Ушул учурда алда качан унут болгон шайыр күлкү кайрадан аны солк эттирди. Күлкү чыккан жакка шарт кайрылып, эң биринчи «Волга» түстүү көк колясканы көрдү да, ток тийгенсип алдастай түштү. Колясканы жай гана түртүшүп, жашыл костюмчан жигит менен жашыл гүлдүү көйнөк кийген ак саргыл келин келе жатты.

«Турдаалы эмес... Бирок күлкүсү окшош экен» деп күбүрөдү Салия өзүнчө. Тигилер көңүлдүү сүйлөшүп жакындай берди! Таанybаган ошол экөө жакындаган сайын Салияны коркунуч бийлеп, колун аркага алып, кантип кетенчиктеп баратканын өзү да сезбей калды. Анын колу четтерин кыркып тегиздеп койгон тыт көчөттөрүнө урунду. Ал тыт көчөттөрүн айланып отура калды. Беркилер жанынан өтө беришти. Тыт көчөттөрүнүн жылчыгынан карап отурган Салия колясканын ичинен так эле баягыдай оюнчук аюунун мамалагын кармалап ойноп, буту-колун тыбыратып, жаңы туулган айдай албырган жаш баланы көрдү да, «ах!» деп



кыйкырып жиберип, башын эки колдоп мыкчый калды. Берки экөө элендеп, үндүн каяктан чыкканын билбей калышты. Эч кимди көрө албай, кайра эле ал жөнүндө унутуп коюшуп, баласын эркелете термелтишип узай беришти.

А Салиянын үстүнө көгүш тамырлары чыга баштаган купкуу арык манжалары өз башына чеңгектей жабышып, улам карышып жатты...



Мээргүл ЖОРОЕВА - Кашкалдак айылында 1973-жылы жарык дүйнөгө келген.

## КАЛЕМДЕШТЕРИМЕ

“Эл ичи - өнөр кенчи” тайпасында,
Апалар, эже, курдаш, сиңдилер бар.
Талантыңар эч качан тарылбасын,
Өмүрүңөр узун болсун эх, сулуулар!

Ачкыла да кулпусун ыр сандыктын,
Ар убакта эргүүлөр кыйнап турсун.
Калеминер мокобой, күндөп-түндөп
Төрт тарабы төп келген ыр жазылсын.

Ар киминдин ишке ашып кыялыңар,
Эч убакта өчпөсүн чырагыңар.
Аманчылык – канимет, утурумдук,
Азыр иштеп калуучу убагыңар.

## ЖААДЫ КАР

Айланада аппак болуп жаады кар,
Теребелге сулуулугун таратып,
Чексиз болгон бийиктиктен түшүшөт ,
Адамзатты таң калтырып каратып.



Чеберлердин оймо-чийме гүлүндөй ,
Сулууланып жылдыз сымал түрлөрү.
Жараткандын мужизасы ушул да,
Кыш абасы билсең сонун түндөгү .

Кең асманды карап турсаң акырын ,
Түшкөн карлар дароо ээрийт колунда ,
Кыш мезгилин убагында жөнөткөн ,
Улуу заман өтө берет жолунда.

Кыш келгенде суук аба, жел урат,
Бул мезгилда өз милдетин аткарат,
Жараткандан өкүм келип турганда,
Бул жашоону ыргагында башкарат.

## ЖАЛБЫРАКТЫН АРМАНЫ

Жаз келгенде бүчүр байлап дарактар,
Пайда болот жашыл түстүү жалбырак.
Күндүн табы тийген сайын чоңойуп,
Жаан жааса беттеринен тамчылап.

Күз мезгили келбесе деп титиреп,
Жалбырактар армандашат жай күнүн.
Суук түшсө саргайышып беттери,
Муздак шамал үзүп тынат ар бирин.
Бак дарактын көйнөктөрү – жалбырак,
Аны кийсе көрктүү болуп албырат.
Күз келишин дарактар да каалабайт
Дарактарга жагат да жаз, жайкы убак.

**КҮЗ**

Күз да келип жалбырактар саргайды,
Күн күркүрөп, жамгырлуу күн башталды.
Ашыгышып жаз маалында чыгышкан,
Жашыл болгон жалбырактар картайды.

Күз келгенде салкын аба бетке урат,
Ысык күндөр менен суук алмашат.
Аллахымдын мыйзамына баш ийип,
Кандай өкүм келишини карашат.

Суук түшүп жамгырлуу күн көп болуп,
Адамдарга белги берип жаткандай.
Кыш да келет кылычыны жазданып,
Камылгаңды көрдүңбү деп айткандай.

**БИР ТУУГАН**

Бир боорум, жатындашым, асылым,
Сырдашканга ишеничтүү жакыным.
Ооруп калсам бир заматта бар болгон,
Караңгыда жаркылдаган жарыгым.

Бир туугандай бул жалганда табылбайт,
Табылса да бир боорундай болалбайт.
Мүшкүл түшсө башына тим турабы,
Тууганындай оттуу сууну кеч албайт.

Тууганынан кечип койгон кээ бирөө,
Керек болсо Бейиш жытын жыттабайт.
Акыретте жообу кыйын ал жандын,
Арманынды эч ким укпайт, кыстабайт.





Назикан МУРЗАБАЕВА Көк-Бел айылында 1950-жылы 17-мартта жарыкка келген. "Катылып жатып ырларым, кайрылбай кетти жылдарым", "Берекелүү Ноокатым", "Жүрөктөн чыккан ырларым"сыяктуу бир нече китептин автору.

**ЭНЕЛЕРГЕ**

Ар убакта бар болгула, энелер,
Эч ким жоктур өзүңөргө теңелер.
Чоң турмуштун деңизинде калкылдап,
Сүзө берсин бакыт толгон кемеңер.

Энелерди эч ким капа кылбасын,
Ар бир эне жашоосунда жыргасын.
Энелердин баалап асыл эмгегин,
Уул-келини, кыз-күйөөсү сыйласын.

Эрезеге жеткиргенге балдарды,
Биз энелер канча түйшүк тартканбыз.
Түн терметип бешик ырын алдейлеп,
Канча түндөр кийим чечпей жатканбыз.

Энелер жашообуздун жарык шамы,
Энелер жашообуздун таттуу балы.
Түбөлүк түгөнбөгөн азык болот,
Эненин колу жапкан аппак наны.

Билели ар убакта эне баркын,
Бийикке көтөрөлү эне даңкын.
Эненин улуулугун, асылдыгын,
Эзелтен ыйык туткан кыргыз калкым.

## ООРУТПА ЭНЕ ЖҮРӨГҮН

Бала үчүн арнап гүл өңүн,
Дебестен эч бир - Жүдөдүм!-
Бапестеп багып чоңойткон,
Оорутпа эне жүрөгүн.

Кайырма:
Ээй, энелер алтын энелер,
Эч ким жок сага теңелер.
Бактысы үчүн балдардын,
Бар болгун дайым, энелер.

Эненин баала эмгегин,
Ак сүтүн сага бергенин.
Тапканын катып койнуна,
Аркандан издеп келгенин.

Эненин акта үмүтүн,
Түйшүктүү тарткан күнү-түн.
Энелер даяр баарына,
Балдардын жашоо күнү үчүн.

Энелер жашоо тиреги,
Энелер жашоо мүрөгү.
Кең аалам баткан ичине,
Эненин айкөл жүрөгү,
Энени капа кылбастан,
Урматтап сыйлап жүрөлү.

## КЕЧ КЕЛДИМ

Кеч келдим поэзия дүйнөсүнө,
Саргарган жалбырактай күздө шашып.
Чачымды ак бубактар чалган кезде,
Кечиккен жолоочудай кырктан ашып.



Жаш кезде бала багып жүдөп жүрдүм,
Жашоодон бакыт таап өмүр сүрдүм.
Жар күттүм, эне болдум мээрбандуу,
Жүрөмүн куту болуп бир чоң үйдүн.

Күз ичи көпкө чейин турсам экен,
Бүт дитти ырга гана бурсам экен.
Турмуштун күрпүлдөгөн дайрасына,
Ырлардан чоң көпүрө курсам экен.

Күз ичи көп ырларды жазсам экен,
Катылган ырдын кенин казсам экен.
Күн бүтүп, ичер суум түгөнгүчө,
Чарчабай узак жолду бассам экен.

***

Көчөт кезде көктөй албай бүчүрүм,
Гөр тирликтин ызгаарына үшүдүм.
Элүү жаштын дабанына келгенде,
Татыдым мен талантымдын түшүмүн.

Талант деген жатпайт экен катылып,
Талант деген кетпейт экен сатылып.
Жүрөгүндү акыр бир күн тепкилеп,
Чыгат тура фонтан болуп атылып.

Туш тарапка суулар агып кеткендей,
Алып учуп жөнөйт экен сестенбей.
Талант деген бир тажаал нерсени,
Койсом болбос элдериме эскербей.

## ӨМҮР КЫСКА

Өмүр кыска жашасак да канча убак,
Ажал деген коет бир күн чоң тузак.
Шум ажалдын тузагына түшөт да,
Чын дүйнөгө кете берет пенде узап.

Жыйган дүйнөң чыгып койбойт үйүңдөн,
Кээлер кейийт, кээлер болот сүйүнгөн.
Эки метр жерди гана ээлейсиң,
Үстүң болсо топуракка үйүлгөн.

Колдо болсо куран окуйт башыңда,
Балдарың да турбайт сенин кашыңда.
Келгендердин баары кетет кайрадан,
Намаз менен соопчулук иштериң,
Калат экен коргоп сенин жаныңда.

Алтындарың кала берет катылган,
Ээрчип барбайт алар сенин артыңдан.
Соопчулук иш аткарсаң элиңе,
Урмат сыйды сен табасың калкыңдан.

## АРМАН ЫРЫ

Тарбиялап, билим берип окуткан,
Эжекелер мага кымбат көрүнчү.
Мен да ошондой тарбиячы болсом деп,
Үмүттөнүп кыял чексиз бөлүнчү.

Жаш жүрөгүм мына ошону дегдеди,
Максат тилек ошол болчу мендеги.
Бирок тагдыр буйрубаптыр мага аны,
Жаратканым тилегимди бербеди.

Окуйм деген таттуу тилек таш капты,
Ойлорум да быт-чыт болуп суугa акты.
Окуй албай калды бирок пешенем,
Турмуш деген чоң коргондон бак тапты.



Үйлүү, жайлуу, очор-бачар болсом да,
Жүрөк чиркин жүрө берди арманда.
Мен суктанган окуучулук кездеги,
Эжекемдей боло албастан калганга.

***

Көп жылдар көмүскөдө жүрө бердим,
Үмүттүү өмүрлөрдү сүрө бердим.
Акыры сааты жетип мезгил келип,
Ишке ашты менин максат ой тилегим.

Окубай калганыма капаланып,
Өкүнүп өмүр өтүп бараткaнда.
Боор ооруп максатымды ишке ашырган,
Миң мерте ыраазымын жаратканга.

Окубай калганыма өкүнбөймүн,
Шунчалык болгонума сүйүнөйүн.
Кыйналып багып жаткан уул-кыздын,
Убайын жарым менен тең көрөйүн.
Жараткан берип койгон талантымдын,
Сүйүнүчүн элим менен тең болоюн.

## КЫЗ КЕЗИМДЕ КЫЛАКТАДЫМ

Кырчындай кыз кезимде кылактадым,
Кызылдан көйнөк кийип булактадым.
Көрүнбөй мени таштап кеттиңер го,
Шаңкылдап шайыр жүргөн убактарым.

Оюнга, күлкүгө мас курактарым,
Азыр мен өзүңөрдөн ыраактамын.
Издесем айлыңарды таба аламбы?
Айткылачы, кайсыл жерде турактарың.

Жашаган жериңерди табамынбы?
Жаш кездей оттой күйүп жанамынбы?
Булактай шыңгыр добуш үнүңөрдү,
Угуп мен бир кумардан канамынбы?

Аттиң ай, кайра келбес жаштык кезим,
Аттиң ай, кайра жанбас жаштык сезим.
Канчалык эргисем да артыңардан,
Жеткирбей адаштырып кайда кеттиң?..

## ООРУП ТУРАТ ЖҮРӨГҮ

Ооруп турат Мекенимдин жүрөгү,
Оодарганча ойдо жоктон күнөөнү.
Таба албастан кандай кылар айласын,
Орго карай түртүү үчүн бирөөнү.

Онтоо тартып ооруп турат Мекеним,
Эч бирөөгө айта албастан кеселин.
Ал анткени өткөрдү го башынан,
Митингдердин, тополоңдун нечесин.

Мекенимдин жүрөгүндө муз тоңуп,
Муз эрибей турган кези дел болуп.
Адамдардан келсе эгер жылуулук,
Кетер эрип шаркыраган суу болуп.

Мекенибиз боло көрбө оорукчан,
Окушпасын сени кыйнап ооруткан.
Бардыгыбыз айкөлдүктү үйрөнүп,
Арылалы жаман адат жоруктан.

Бекер эле кыйналбайлы Мекенди,
Жок жеринен жабыштырып кеселди.
Оңой менен басып чуркап кете албай,
Оорукчанды, ойлоп көрчү бечелди.



Карап турсаң дени таза баланы,
Жүдөө тартпай жарык болот кабагы.
Тез-тез эле басып кетет каз туруп,
Ата-энеси тийбейт анын азабы.

Мекен дагы таза бала сыяктуу,
Жигиттери эгер болсо уяттуу.
Тез арада оорусунан сакайтып,
Чокусуна сүйүнүчтүү саят туу.

Мекенимдин оорубасын жүрөгү,
Гүлдөй болуп кулпурсунчу гүл өңү.
Мекенибиз гүлдөй болуп өсүүдө,
Кутман элим ынтымакта жүрөлү.

## ӨЗҮМ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ТОЛГОО

Учкан куштай мезгил өтүп зымырап,
Артта калып солкулдаган жаш курак.
Келин алып, небере көрүп азыр,
Кундуз чачты аралады ак бубак.

Көрүп алып чачтарымдын бубагын,
Капа болуп кайгы тартып турамын.
Мени таштап кетип калды алыска,
Солкулдаган жаштык жалын курагым.

Көргөн сайын беттеримдин тырышын,
Байкатпастан санаа тартам тымызын.
Улам мага жакындатып келатат,
Карылык да алга карай жылышын.

Бала багам тирилик кылам деп жүрүп,
Ырлар калды жазылбастан үлгүрүп.
Жылдар отту, айлар отту билинбей,
Мезгил деген болот тура эң күлүк.

Күлүк мезгил күлүктүгүн билгизип,
Карылыктын калын тонун кийгизип.
Байкатпастан салып койду жолуна,
Илкип баскан кашаң атка мингизип.

Айылдагы мени таанып билгендер,
Акын дешсе мен уялып айбыгам.
Акын болуп жакшы ырларды жаза албай,
Жайдак кеткен жылдарыма кайгырам.

Жаштык жылдар жайдак кетсе токулбай,
Жакшы ырлар калса дагы окулбай.
Элим үчүн жаза бердим ырымды,
Карыдым деп мен кайгырып отурбай.

***

Жаш кезимде турмушума тушалып,
Кошула албай жүргөн элем байгеге.
Мына эми кирип келдим галага,
Небере көрүп болгон кезде кайнене.

Мен карасам арт жагыма кылчайып,
Иш көрүнбөйт көзгө басар кылчалык.
Өмүрдөгү өтүп кеткен көп жылдар,
Арзыбайт го бардыгы бир жылчалык.

Жаркылдаган жазым өттү билинбей,
Бир күнчөлүк эч бир көзгө илинбей.
Күркүрөгөн күзгө кирип келдим мен,
Жашоодогу көп адамдын бириндей.

Күздөн кийин кыш да келди бастырып,
Бол тез-тез деп ал да мени шаштырып.
Мени таштап кетип калган алыска,
Мен суктанган жаркылдаган жашчылык.



## БАРСАМБЫ АЙЫЛЫҢА?

Кайырчы кийимин кийинип,
Барсамбы жашаган айылыңа.
Бир көрүп кайтсамбы өзүңдү,
Тумчугуп жүрбөстөн кайгыга.

Жаштыктын жалындуу күндөрүн,
Ай тийген жылдыздуу түндөрүн.
Эсимде экөөбүз сырдашып,
Өткөргөн бактылуу күндөрүм.

Ишке ашпай ойлогон оюбуз,
Болбоду баш кошуу тоюбуз.
Экиге бөлүндүк аргасыз,
Бир болбой басуучу жолубуз.

Жашоодо эки адам кезигет,
Өткөндү эстешип эзилет.
Арадан канча убак өтсө да,
Кечээ эле болгондой сезилет.

## ЖИГИТТИН ЫРЫ

Өрттөнүп махабаттын жалынына,
Мен бардым сен жашаган айылыңа.
Экөөбүз көпкө чейин сыр чечиштик,
Олтуруп чын сүйүүнүн кайыгына.

Ырдадык жүрөк эзген ырыбызды,
Айтыштык катып жүргөн сырыбызды.
Эч качан жүрөктөрдөн чыгарбаспыз,
Андагы унутулгус жылыбызды...



Рабия ДҮЙШӨБАЕВА - Кызыл-Аскер айылында 1961-жылы 20-декабрда төрөлгөн.
"Кызгалдактуу талаалар" аттуу ыр жыйнактын автору.

## ДОСУМ БАР

Досум бар муштайымдан бирге өскөн,
Ар качан кучак жайып мени тоскон.
Акырет соопторун бөлүшкөнгө,
Досумду бул тагдырда кудай кошкон.

Досум бар жүрөгү ак, пейли кенен,
Кел-кел деп дасторконун жайып белен.
Жакшылык иштин болуп себепкери,
Колдогон мени таяп, жаны менен.

Досум бар тосуп алчу мээрим менен,
Тилеги балдай таттуу, мага деген.
Сүрөдүң ар тараптан сүйөмөлөп,
Жеткирдиң максатыма жетем деген.

## КАЛАСЫҢАР ТАРЫХТАЙ

Күндөр өтүп, жылдар жатты жайыктай,
Көл үстүндө калкылдаган кайыктай.
Көкүрөктү сагынычтар эзмелеп,
Көөдөнүмдө дарт жүргөндөй айыкпай.

Жаштык өттү,жалын оту жалбырттай,
Курч кезибиз,кайра тартпас,айбыкпай.
Каркыралар кош айтышып кеткендей,
Биз да кеттик,канат сермеп, талыкпай.



Жар болдуңар сыры кетес сандыктай,
Канча жылдар жүрдүк достор табышпай.
Жүрөктөрдө кусалыктар топтолгон,
Калган белек, же бир дарек алышпай.

Оо досторум, кантип калам арзышпай,
Жолугушуп, буккан черди жазышпай.
Ар бириндин элесиңер сакталып,
Ырларымда каласыңар тарыхтай.

## САГЫНАМ ШАҢ-КОЛ ЖАЙЛООСУН

Чокусу асман чапчыган,
Алп мөңгү баскан алп зоолор,
Кебелбей турат бул тоолор,
Кылымдын сырын камтыган.

Арчанын жыты аңкыган,
Керилген жайлоо,кең төрлөр,
Баасында жоктур өлчөөлөр,
Бүркүтү учуп шаңшыган.

Торгою таңшып талпынган ,
Укканда жарпың жазылар,
Көркөмү көздү азгырар,
Ак булут көктө талпынган.

Ашуусу бийик артылган ,
Сагынам өскөн тоолорду ,
Аркарлар жүргөн зоолорду,
Ак шумкар сызып кайкыган.

Кымызын атка артынган,
Атакем баскан жолдорду,
Кайтарган койду жондогу,
Сүрөттөй көзгө тартылган.

Сагынам, "Шаң-Кол "жайлоомду,
Кыялап атты бастырган.
Эргитип сезим ойгонду,
Көңүлдү серпип ачтырган.

## УРПАКТАРДЫН ЖҮРӨГҮНДӨ САКТАЛАР

Миң тогуз жүз кырк биринчи жылында,
Алаамат күн башка түшүп июнда.
Канкор Гитлер капысынан кол салып,
Эл башына күн түшүрдү кыйынга.

Батыш жактан таң атпастан башталып,
Баскынчылар басып кирди атганып.
Ошол каардуу,ошол кандуу ай-жылдар,
Карт тарыхта турат өчпөй сакталып.

Эл башына капсаландуу күн түшүп,
Согуш оту жалмап кирди күйгүзүп.
Жакынынан,бир боорунан айрылып,
Канча жандар кан жутушту бүк түшүп.

Канча жаштар...канаттары кайрылды,
Канча эне балдарынан айрылды.
Аттанышкан атталарды узатып,
Канча үй-бүлө өзөк күйүп кайгырды.

Үйлөнө элек жаш жигиттер кайтпады,
Ата-энелер кайгы-мундан какшады.
Канча жандар же өлүгү табылбай,
Кайран өмүр,танк алдында тапталды.

Майтарылбас эрки күчтүү элибиз,
Ааламда жок,бул жагынан теңибиз.
Жүрөгүндө жалын оту күч берип,
Канкорлорго тепселбеди жерибиз.



Жеңиш бизге оңой менен келген жок,
Кетти эрендер...жалмап жутту,аткан ок.
Ата-бала,ага-ини кайтпады,
Жол карашып,күтүп жүрүп болду жок.

Баскынчынын тилегин таш катырып,
Ураалашып жоону сүрүп шаштырып.
Бошотушуп айыл-кыштак,шаарларды,
Дал Берлинге кирип барды качырып.

Биримдикте бир жакадан баш чыгып,
Баскынчыны кууп чыкты катырып.
Жолборс жүрөк жоокерлердин эрдиги,
Рейхстагка кызыл желек тактырып.

Мекен үчүн салгылашып аталар,
Кан майдандан кайтпай калды канчалар.
Эрдиктери түбөлүккө эстелип,
Урпактардын жүрөгүндө сакталар.

## ААЛАМГА ЖАР САЛАМЫН

Ааламга жар саламын ак сүйүүнү,
Башкалар суктанышып өтсүн үчүн,
Жашоодо тагдырымдын бир үлүшү,
Жайкалган жайык төргө көчсүн үчүн.

Дастанга айландырып ак сүйүүнү,
Төкмөлөр ак жамгырдай төксүн үчүн.
Жалындап алоо оттой чын күйүүнү,
Тарыхты тамшандырып өтсүн үчүн.

Жазамын жомок кылып ак сүйүүнү,
Уктабай түн күзөтүп уксун үчүн,
Жакшылык жандаш болуп бир жүрүүнү,
Аягы шүгүр менен бүтсүн үчүн.

## ДАҢКТАП ЫРДАЙМ СҮЙҮҮНҮ

Мен өзүңдөн таап алгам сүйүүнү,
Жүрөгүмдүн кагышына ынанып.
Бир максатта бирге өмүр сүрүүнү,
Биз чечкенбиз бир жүргөндө кыналып.

Бийик тутуп аздектедик сүйүүнү,
Сезим оту жанып өчпөй чыңалып.
Бакыт үчүн бир багытта жүрүүнү,
Ниет кылып жаратkандан сурадык.

Туу тутабыз табы өчпөс сүйүүнү,
Бир сабакта өскөн гүлдөй ыргалып.
Биздин өмүр көөнөрбөсүн өңү өчпөй,
Жүрсүн деймин ыр саптарда ырдалып.

Өткөнчө өмүр даңктап ырдайм сүйүүнү,
Кырдан ашып барат жашым кыярып,
Кемибейли бул өткүнчү жашоодо,
Ыр дүйнөнүн коюунуна сыялык.

## ӨТӨЛҮ БИРГЕ БАСЫП

Сага арнап жаза берем сүйүү ырын,
Чагылтып жүрөктөгү арзуу сырын.
Жан биргем жашоомдогу жөлөгүмсүң,
Сен менен бирге жыттап бала жытын.

Алланын бизге сунган ырыскысын,
Кемитпей кенен кылып берип турсун.
Бакытка балкып өмүр кечирели,
Асмандан жылдыз жаап,айым туусун.



Караңгы түндү жарган ак жарыгым,
Көрк берген жашообузга көп салымың.
Арзыган үмүтүмдүн шоолаларын,
Өчүрбөй шам чырактай жагып турдуң.

Балдарга бакыт арнап өрнөк болдуң,
Турмушта бөксөрсөк да,кайра толдуң.
Өтөлү бирге басып көпүрөсүн,
Бейишке жетелешип өмүр жолдун.

## ЖАЗГЫ ЖАМГЫР ТЫНБАДЫ

Жамгыр эзип,жердин "мээсин "чыгарды,
Кусалыктар жүрөк эзген сыңары.
Күңүрт тартып жан дүйнөмдүн арасы,
Кайра баштан дартым күчөп ырбады.

Нөшөр сындуу,төгүп сезим сырлары,
Агып келип,сел суусундай кыйнады.
Күндүн көзүн көрбөй көңүл чөгөрүп,
Тамчы үнү көөдөнүмө сыйбады.

Эссиз жүрөк тыбырчылап тынбады,,
Качанкы өткөн элестерди жыйнады.
Дүйнөм тарып,сыртка чыкпай камалып,
Тынчымды алат,тамчылардын ыргагы.

Күн-түн жааган жазгы жамгыр тынбады,
Шыбыраган же ыргагын бузбады.
Сур булуттар батыш жактан сүрүлүп,
Көрүнгөнсүйт "даңги"тарап...кырлары...

## ЖАЗ КАЙРЫКТАРЫНАН

Чыйрыгып турам...шүүдүрүм кечип бактагы,
Сайрашын тыңшап куштардын конгон шактагы.
Үшүтүп жаздын таптаза таңкы абасы,
Күн күлүп чыгып бүгүнгө сапар аттанды.

***

Табигат көркөм коздукка бөлөп бактарды,
Алма-өрүк гүлдөп,термелет желге шактары.
Жыпар жыт чачып,ак гүлдөр жүрөк сергитет,
Күн нурун тосуп чыктым мен көңүл ачканы.

***

Эргитип жанды куштардын сайрап жатканы,
Ышкы оту жанып,саптарды келдим жазганы.
Пендеге сунган,жараткан берген белеги,
Тирүүлүк үчүн агарып таңдын атканы.

***

Бүркөлүп асман...мунарык чалып жатканы,
Мына эми,дагы себелеп жамгыр баштады.
Шуулдап өткөн унаалар үнү басылбайт,
Адамдар баары жумушка жөнөп шашканы.

## САПТАР

Караңгылык каптап бүткүл чөлкөмдү,
Шатыратып төгүп жатты ак жамгыр.
Бууп турат сезим ыйы өпкөмдү,
Балким мени тагдыр сынап жаткандыр...

Чөккөн маанай көтөрүлбөй күн бою,
Жалгыздыкты...ээндикти издедим.
Сыртта жамгыр шытыр-шытыр...түн коюу...
Жууп жатты кечке баскан издерим...



Түрүп таштап түндүн кара пардасын,
Кетсем бекен...шаң-салтанат жайларга.
Эч сезбестен жүргөн кезим кайдасың?
Дарт азабын тартпай эч бир...жай гана...

## ТУРМУШТУН ҮЛГҮСҮ ӨЗҮ УЛУУЛАРДА

Ак таңды көргөнүмө шүгүр кылып,
Турамын күтүп күндүн күмүш нурун.
Жараткан мээримиңе жүрөк жылып,
Бакытка мелт-калт толот ар бир күнүм.

Пендеңе ырыскыны кенен бергин,
Таң менен тартуулагын шыбагасын.
Ар бир жан буйруганын терип жесин,
Ниетти жакшы жакка туураласын.

Тирүүлүк мыйзамына башты ийип,
Жашоого жакшылыкты жараталы.
Ааламга жарык чачкан күндөй тийип,
Мээримди ар пендеге тараталы.

Өмүрдү жаратканым ченеп берген,
Өрнөктү көрсөтөлү муундарга.
Урпактар өмүр жолун улап келген,
Турмуштун үлгүсү өзү улууларда.



Тазагүл МАМАЖАНОВА - 1964-жылы Көк- Жар айылында туулган. "Өмүр сереси", "Абдраим Тайполотов", "Жашоо толкуну" китептеринин автору.

## КЫРГЫЗ ТИЛИМ

Кыргыз тилим кылымдарды карыткан,
Маңдайына жаркып дайым жарык таң.
Кыргыз тилим, улут тилим ыйыксың,
Бабалардан мурас болуп келаткан.

Кыргыз тилим жаным менен бир бүткөн,
Кан тамырдан жан дилимден бир өткөн,
Кылымдарга эч кыйылбай өсө бер
Кыргыз тилим сыймыгымсың өчпөгөн.

Кыргыз тилде сүйлөп, ырдап шаттанам,
Манас, Сейтек, Семетейге мактанам.
Тилим менин жаным менин ырысым,
Бүт дүйнөгө
Кыргызмын деп жар салам!

Кыргыз тилим менин ыйык мурасым,
Кыргызыма талбай кызмат кыласың.
Ата- бабам, урпактары бар үчүн,
Сан кылымдан, өчпөй бийик турасың.



## АЙЛУУ ТҮН

Айлуу кеч, жылуу, жумшак жели менен,
Шыбырап...сени бүгүн келет деген.
Сага жаккан ак көйнөк кийип алып,
Албырып... тосуп чыктым, сүйүүм менен.

Жүрөгүм сагынычтан ашып - ташып,
Күткөнүм келээр бекен бүгүн шашып...?
Жымындайт ай,жылдыздар асманымда,
Ар баскан кадамыма жарык чачып.

Күн нуру уясына батаар замат,
Коюу түн, кучагына алды мени.
Кусадар сезимимдин жарпын жазчы,
Чебелентпей жан биргем келчи деги...

Терметкен кыялымды сүйүү шамы,
Мен үчүн бүтпөй келет сүйүү таңы.
Жадырап жүрөгүмдөн орун алган,
Жарыгың бир башкача, билем аны.

Биз өткөргөн сүйүүгө бай түнүбүз,
Эскирбестен, эргүү берсин тынымсыз.
Аткарылган жомоктогу кыялдай,
Өчпөй жансын барагында кылымдын.

## ЫР ДАСТАН

Бири гүл, бири булбул бактагы,
Бири обон, бири ырлар саптагы.
Төп келишип булбул бакта сайраса,
Жаңыргансыйт бүтпөс сүйүү дастаны.

Бири деңиз, бир андагы ак кеме,
Болжошкон багытыңар так беле?,
Жаратканым сунуп турса силерге,
Берген бакыт, ак сүйүүсүн аз дебе.

Бири дарак, бири гүлү ачылган,
Сүйүү өнүп эки жүрөк табышкан.
Бири- бирине сүйүү ырын арнашса,
Экөө бирдей угарманга жагышкан.

Бири булак, бири андагы ак маржан,
Тунуктугу ашып түшөт ак кардан,
Таттуу сүйүү сезимдерин бек тутуп,
Бир- бирине өмүрлөрүн арнашкан.

Тамшагдырган тоо гүлүнүн балындай,
Талантарды өрчүп турган маалы ай.
Жарашыгы көздүү шакек өндөнүп,
Бүлө курду сыноолорго багынбай.

Мына бүгүн сүйүү майрам, той, майрам,
Баарыбызда маанай жакшы, көңүл шаң.
Кол кармашкан түгөйлөргө арнадым,
Жазып бүтпөс,айтып бүтпөс ыр дастан.

## ААЛАМ ЖЫЛДЫЗЫ

Кыргыз журтун, ай ааламга тааныткан,
Калеми курч, чыгаан чыккан калкымдан.
Бабалардын көркөм сөзүн улантып,
Урпактарга Чыңгыз аты жаркыган.

Айтматовдун калемине ширелген,
Көп тилдерге которулду китептер.
Сыйлыктары сыймык болуп кыргызга,
Ала- Тоодой бийиктигин сүрөттөөр.



"Ак кемени" окуп чыккан баарысы,
Көз жаш төгөт жашы дагы карысы.
Бугу эне,... бешик ыры ырдалып,
Урпактарга уланууда тарыхы

"Жамиланы" көргөн ар бир көрөрман,
Ээрчип кеткен Даниярдан кабардар.
Ууз татым ак сүйүүсү Сейиттин,
Унутулбас бир өмүргө барабар!

Жээк бойлоп жорткон ала дөбөтчү?
Нечендеген ай- жылдарды күзөттү.
Чыгармадан алып ар ким керегин,
Жашоо үчүн акыл ойду түзөттү.

## АДАШКАН КЫЗГАЛДАК

Гүл ачылып, таштак жолдо бараткан,
Кызгалдак го үйүрүнөн адашкан! -
Деген өңдүү жолоочулар өтүүдө,
Чоктой болгон өңүн сүйүп карашкан.

Тагдыр буйруп, жер которуп тигине,
Үрөн түшүп, таштактуу жол четине.
Гүл болсо да кайраттанып таш жарып,
Ачылыптыр нур чачырап бетине.

Табигаттын табышмактуу сырлары,
Ойлоп көрсөң сабак болот турбайбы?
Беттегенин бербей улам умтулуп,
Өнүп чыкты калбай соолуп умсунуп.

Жазгы желге ары- бери билинбей,
Обон салат ырдагандай дирилдей.

Гүлбакчада жүргөн сындуу суйкаят,
Кайратынан жалгыздыгы билинбей.
...Кызгалдактуу талааларым чакырып,
Балалыкка барып келдим сейилдей.

## ЭНЕ ТИЛДИ САКТАЙЛЫ

Айтып кеткен, ата- баба, улуулар,
Эне тилдин баа жетпеген куну бар.
Кастарлайлы, ардактайлы, сактайлы,
Бизден кийин өсөт жапжаш муундар.

Ала- Тоодой ыйык туткан жерим бар.
Эгемендүү эркин болгон элим бар,
Эне тилде эркелетип кыздарын,
Чачын өрүп, таккан мончок, шурулар.

Энелердин мээрим чачкан жүзүнөн,
Алдейлеген сүйүү кошкон үнүнөн.
Чоңоюшкан жилик толо баатырлар,
Качырышып душмандарды сүрүнөн.

## КЫРГЫЗБЫЗ ДЕГЕН ДУХ МЕНЕН

Көөдөндө жалын, дүрт деген,
Калдайган калың журт менен!
Күнөстүү жерим, күн кенен,
Күркүрөп өсөт кең Мекен!

Кабылан Манас сүр менен,
Кастарлап кайрат тур менен!
Баратат Манас тукуму,
Алгалап кызыл туу менен!



Арышын таштап алыска,
Ар ишти жасайт ык менен.
Ааламда жок айбаттуу,
"Кыргызбыз" деген дух менен!

## ЖАЙЛОО БЕРЕКЕСИ

Кыргыз үйдүн түндүгүнөн жаркырап,
Күн төбөдөн тийип турат ал сурап.
Уктары кырк чородой тизилип,
Коргоп турат, эр четиндей ынтымак.

Боз үй толо, шаңга толгон арасы,
Оюн- күлкү, эч кимде жок санаасы,
Дасторкондо казы- карта, бешбармак.
Кыргызымда улуттук сый каадасы.

Аштап тарткан обочодо селкинчек,
Үндөр чыгат: "Андай теппей, мындай теп!",
Оюн курса кыздар менен селкилер,
Таанышууга келет мында жигиттер.

Кеч киргенде жаштар турат топтошуп,
Жеңелери жандайт кызды коргошуп.
Кандай сонун жайлоодогу салкын кеч,
Жазып бүтпөс кереметтер колдошуп!

## НООКАТЫМ

Дасторкондуу, берешеним, жоомартым,
Туулган жерим – алмасы мол Ноокатым.
Үзүп- тизип кургатылган тамекиң,
Сары алтындай сага берди ооматың.

Сенден баштап жолдор кеткен ааламга,
Ошол жолдо мен да чыккам сапарга.
Кыйналсам да бир өзүңө сөз бердим,
Адал иштеп адам бойдон каларга.

Эстен кетпейт кызыл- тазыл жоогазын,
Элди баккан талаа-түзүң Ноокатым.
Тилегеним жүрсөм дагы алыста,
Кылымдарга кошо жүрсүн ооматың!

Кайырма:
Ай Ноокатым, Ноокатым,
Сенсиң менин ооматым!
Өзүң берген өнөрлөр,
Саны жетпей көбөйгөн
Ай Ноокатым, Ноокатым!
Сүйгөн шаарым Ноокатым!





Таалайбек ТУРДУБАЕВ

## НООКАТЫМ

Мээнеткеч элдин колу алтын,
Ноокатта өскөн сары алтын.
Ыймандан бакыт табышкан,
Аталар баскан жол алтын.
**Кайырма:**
Ноокатым өсүп өнө бер,
Берекең элге төгө бер.
Кыргызстан улуу өлкөмдө,
Ырыстуу элден боло бер. 2 жолу
Төрөлгөн чыгаан аалымдар,
Таланттуу таза адамдар.
Баатырлар чыккан Ноокаттан,
Тарыхта калган кадамдар.
**Кайырма:**
Ноокатым өсүп өнө бер,
Берекең элге төгө бер.
Кыргызстан улуу өлкөмдө,
Ырыстуу элден боло бер. 2 жолу
Кара кой, Абшыр керемет,
Карагай, арча термелет.
Аскадан аккан сүт сууну,
Суктанып досум көрө кет.

**Ноокатым**





## Муңайган жоктур менчелик

Айда бир жүзүң нцр чалып
Азапка жанды сен салып.
Аттиң ай десем ошондо
Аябайт белеем мынчалык.
**Кайырма:**
Буралып басып сен келип
Болбодуң мага жан шерик.
Муңдуу бир обон ыр ырдап
Муңканган жоктур менчелик.
Күндө бир жүзүң нур чалып
Күйүткө жанды сен салып.
Күйбөшүң сенин билгенде
Күйүкпөйт элем мынчалык.
**Кайырма:**
Кызылды кийсең жарашып
Кызыгат бары карашып.
Кымча бел сулуу периштем
Кызганам сени талашып.



**Кайырма:**

**Муңайган жоктур менчелик**



## ТУУЛГАН КҮН

**1.**
Бүгүн менин туулган күнүм
Дос-тууган толсун үйүмө.
Чын ниеттен тартуу кылган
Мага кымбат сенин гүлүң.
Мага кымбат сенин гүлүң.
**Кайырма:**
Кел баарыңар туулган күндө
Шаттык толсун биздин үйгө.
Келгениңер кымбат белек
Белек жок деп келбей жүрбө.

**2.**
Туулган күн бул өздүк майрам
Ар жыл сайын бир келчү.
Барбы достор мени менен
Кубанчымды тең бөлүүчү.
Кубанчымды тең бөлүүчү.
**Кайырма:**
Кел баарыңар туулган күндө
Шаттык толсун биздин үйгө.
Келгениңер кымбат белек
Белек жок деп келбей жүрбө.

**3.**
Жүрөгүмдөн ыр төгүлсүн
Туулган күнүм келгиле.
Кубанчымды тең бөлүшүп
Сыйлашкандар келгин дейм.
Сыйлашкандар келгин дейм.
**Кайырма:**
Кел баарыңар туулган күндө
Шаттык толсун биздин үйгө.
Келгениңер кымбат белек
Белек жок деп келбей жүрбө.

**Туулган күн**
Сөзү Лариса Асанбековадыкы









## БОЛСОМ ДЕЙМИН

**1.**
Ак жүзүң сонун мүрөгүм
Жамалың өзү гүл өңү.
Суктантып жанды суусаткан
Сулуунун белең чүрөктүн.
**Кайырма:**
Каткырып сонун күлгөнүң жаным
Кааладым сирень сүйгөнүүм жаным.
Күлгөн күн курусун жаным
Көп азап тартып жүрөмүн жаным.

**2.**
Өзгөчө жандан сулуусуң
Ойлонтот мени жүрүшүң.
Оюмдан такыр кетпеди
Ойноктоп сенин күлүшүң.
**Кайырма:**
Каткырып сонун күлгөнүң жаным
Кааладым сирень сүйгөнүүм жаным.
Күлгөн күн курусун жаным
Көп азап тартып жүрөмүн жаным.

**3.**
Ак мончок бермет шурусуң
Өкчүгөн чүкө турушуң.
Эсимден такыр кетпеди
Эркелеп сенин күлүшүң.
**Кайырма:**
Каткырып сонун күлгөнүң жаным
Кааладым сирень сүйгөнүүм жаным.
Күлгөн күн курусун жаным
Көп азап тартып жүрөмүн жаным.

**Болсом деймин**

Сөзү Ташполот Ражабалиевдики









## КЫРГЫЗСТАН

**1.**
Айланып аска зоодон бүркүт учкан
Ааламда жоктур мындай ачык асман.
Ар дайым сагындырып эңсеттирген
Айланам бир өзүндөн Кыргызыстан.
**Кайрыма:**

Өлкөсү Кыргыз элимдин
Бейиши жашоо жеримдин
Ар дайым даңктап келемин
Айтылуу Манас элимди.

2.
Мүрөктөй суусу таза агып жаткан
Өзгөчө турган бир иш карап турсаң.
Тоолордон толуп жаткан кен байлыгың
Кудай берген эгемен Кыргызсан.
Кайрыма:

Өлкөсү Кыргыз элимдин
Бейиши жашоо жеримдин
Ар дайым даңктап келемин
Айтылуу Манас элимди.

3.
Кол кармашып ынтымак болуп тууган
Кучак жайып дайыма колун кыскан.
Кылым коюп келишкен биримдикте
Көп улуттар жашаган Кыргызстан.





# АПАКЕМ

Мүрөктүн суусу болсо берер элем,
Карганда болуп ана, ичер белем
Жашартып жаратканым берсе эгер,
Бүт бойтон байлыгымдан кечер элем.

Кайырма:

Ааламдын ашы болуп жаралсам да,
Бир жолку азабыңды чечер белем.
Сан жеткис түйшүгүңдү өзүм алсам,
Апакем кадырыңа жетер белем.
Сан жеткис түйшүгүңдү өзүм алсам,
Апакем кадырыңа жетер белем.

Даарысын олбостүктүн тапсам эгер,
Жүзүңдү бырыштардан сактар белем.
Дүйнөнү төрт айланып көтөрсөм да,
Апакем ак сүтүңдү актар белем.

Кайырма:

Ааламдын ашы болуп жаралсам да,
Бир жолку азабыңды чечер белем.
Сан жеткис түйшүгүңдү өзүм алсам,
Апакем кадырыңа жетер белем.
Сан жеткис түйшүгүңдү өзүм алсам,
Апакем кадырыңа жетер белем.





Ташполот БЕККЕЛДИЕВ - 1956-жылдын 25-октябрында Кыргыз-Ата айылында төрөлгөн.
"Өмүр белеси", "Өмүр сереси" ыр жыйнактарынын ээси.

**ЫРЛАРЫМ**

Түйшүгүндө бала менен талаанын,
Картайганым элес ала албадым.
Жаш өткөндө ыр дүйнөгө тушугуп,
Азыр чыны менде жоктур арманым.

Бул өмүрдүн табылгасы ырларым,
Саптарында ачыктаган сырларым.
Мүдүрүлүп, кайра туруп тик карап,
Арамдыкка айгай салган сындарым.

Кээде түзүк, кээде супсак ырларым,
Күүгө салып жүрөгүмдүн кылдарын.
Эргүүлөрүм булут минип чабыттап,
Бал татыган сүйүүгө мас жылдарым.

Ал кездердин өткөн бүгүн сайраны,
Кечким келбейт ал кездеги дайраны.
Элге жагар омоктуу ыр жаза албай.
Акыл жетпей таппай жүрөм айламы.

**КЕЧ БОЛСО ДА**

Чырпык элем чынар болдум жетилип,
Кыргыз-Атам кучагында тетигип.
Жетимиштин жазын жашап жатамын,
Өмүрүмдүн барактары кетилип.



Ыр дүйнөгө келгенсидим кечигип,
Талантымды барктай албай эсирип.
Кеч болсо да үлгүрсөм деп жазууга,
Калем менен ыр куржунум чечилип.

Сүйүүлөрдүн эчен күүсү чертилип,
Фонтан сымал кээде бийик серпилип.
Кээде оргуп, кээде жылжып булактай,
Махабаттын нөшөрүндө эшилип.

Тумандагы кайык сымал адашып,
Калем менен жакшыларга жанашып.
Толкунунда сүзө берем турмуштун,
Тагдырымдын өз бактымды талашып.

**ДАЙЫМ ЖӨЛӨК**

Бек сактап калемимдин калыстыгын,
Жетеленип жакшы-жаман ойлорума.
Күрөшүп напсим менен жашап келем,
Өмүрдүн кыйма-чийме жолдорунда.

Тушугуп кээ бир күндөр туюк ойго,
Жол таппай ара жолдо бөлөк-бөлөк.
Издесем акыйкаттын даңгыр жолун,
Калемим болуп келет дайым жөлөк.

Адашпай турмуштагы калыстыктан,
Акыйкат боло берсин жазар сөзүң.
Алмашпай абийирди кошоматка,
Арамдын оюп салгын чылыр көзүн.

Билбеймин дагы канча изим калат,
Барактын өзүң чийген жолдорунда.
Бирок билем, акылым зирек турса,
Бул өмүрдөн кеткенче колдооруңа.

## ЖАҢЫРЫГЫ АСКАНЫН

Жакшылыгың жаңырыгы асканын,
Жаратканга пенде катар жакканың.
Ак дилинде сый көрсөтсөң бирөөгө,
Бөркүңдөй көр кайра сага кайтарын.

Байлык, бийлик чегилген ат араба,
Колго тийсе жараткын кол арага.
Жаңырыктай кайра келет өзүңө,
Жараткандан кайтарымы сага да.

Кагуу жесең тарбиясы төмөндөн,
Кейибегин ал адамга жөндөн-жөн.
Корко жүргүн назарынан элиңдин,
Терикпестен сыны менен сөзүнөн.

## КИМ БОЛДУҢ

Өргө карай басканың,
Өрлөп бара жатканың.
Белди бекем байланып,
Бийик белес ашканың.

Кыйын иштен качканың,
Кыйшык жолго басканың.
Оң жолуңдан адашып,
Орго кулап жатканың.

Бул дүйнөгө бир келип,
Билгин кайда шашканың.
Чымын жаның учкан соң,
Чым алдында жатканың.



Кастык кылса душманың,
Кас кылам деп шашпагын.
Сенсиз турмуш көрсөтөт,
Сел менен кошо акканын.

Талапты койгун өзүңө,
Кимсиң азыр, ким болдуң?
Кечээгиңден жакшыраак,
Бүгүн кайра сен болгун.

## АР БИР ПЕНДЕ БАШЫНДА

Пенде өмүрү жалбырактай күбүлүп,
Өткөн күнгө жашайбыз ээ сүйүнүп.
Качан гана өмүр күздөп калганда,
Калаары чын айла таппай күйүнүп.

Топук кылып эптеп өткөн күндөргө,
Бырыш кирип ай мончоктой жүздөгө,
Көздүн нуру, билектен күч кеткенде,
Изиң барбы, кээде эстей жүргөнгө?

Балдарыңды бапестесең жашыңда,
Жакшы сиңет иче турган ашың да,
Карылыктын доору болот ажайып,
Аздектешип бала-чакаң кашыңда.

Бул айтканым ар бир пенде башында,
Өрнөк өмүр өткөрүңбү жашыңда?
Куттурбөстөн бир күн келет карылык,
Сиңип-сиңбей иче турган ашың да.

Үй бүлөңдө ыркың кетип бүлүнүп,
Эртеңкинден үмүт калбай түңүлүп.
Кадырың жок элиң тургай бүлөңө,
Бекер өткөн өмүрүңө күйүнүп.

Арман болот бир күн аттын башындай,
Калгандан соң боло албастан жашындай.
Карылыкты эстей жүргүн жаштар ай,
Күчүң барда чектен чыгып, ашынбай.

## ЫРААЗЫМЫН

Адам болуп жаралып эл катары,
Ыраазымын бул жалганга келгениме.
Атың өчпөй тукумуң улансын деп,
Аймончоктой төрт бала бергенине.

Колго калем карматып талант берип,
Ыраазымын калемгер болгонума.
Аздыр-көптүр артымда изим калып,
Насип эткен тагдырдын жолдорунда.

Турмуштун ачуу-таттуу даамын татып,
Ыраазымын тууганга, дос-жарыма.
Миңден бирге аталчуу сый көрсөтүп,
Төрдү берген айылдаш бүт калкыма.

## КАЛЕМИМ

Калемим билем бечелин,
Издеймин сөздүн чеченин,
Түн бир оокум уктабай,
Аңтарып ойдун эченин.

Таң атып жылдыз суюлуп,
Сөздөрдөн оюм буюгуп.
Башканы билбейм өзүмө,
Ырларым сүйкүм туюлуп.



Ордунан чыгып ойлорум,
Түшүмүн берип толгонуум.
Төп келсе ырым обонго,
Бактылуу ошол болгонум.

## ЖАЛГАН ДҮЙНӨ

Жалган дүйнө мынча неге таттуусуң,
Ылгабаган жумшак менен каттуусуң.
Чөгөлөтүп, мыйзамыңы таанытып,
Алып-тынып акмак менен баштуусуң.

Бары-жогу такыр сага кызыксыз,
Жебең жылат аялдама-сызыксыз.
Кыяматтын келиши да токтотпойт,
Саат жебең тынбай жүрүп бузуксуз.

Өтөт-кетет дагы канча мезгилдер,
Келет-кетет убактылуу келгиндер.
Бизден кийин дагы жашоо уланып,
Дагы келет кадырыңды билгендер.

Бизде дале кадырыңды билген бар,
Кадырлабай шапар тээп жүргөн бар.
Арыгы жок адашкан суу сыңары,
Бул жалганда шагал-кумга сиңген бар.

## НИЕТ КЫЛАМ

Алма-өрүк гүлүн төгүп сай-сайда,
Азгырыктай кыял кетип кап-кайда.
Атаганат быйыл келсе жетимиш,
Алтымыштын тогузунда жаз кайда.

Жашасаң да, жашабасаң арман да,
Жашап өткөн армансыз ким жалганда?
Жыйындысы арманыңдын билинет,
Жашоо-өмүр күзгө таяп калганда.

Тилек кылып эчен жазды көрүүнү,
Белек кылып алма гүлүн берүүнү.
Сексенде да байбичемди жетелеп,
Ниет кылам токсон доорун сүрүүнү.

## САКТАЙ КӨРГҮН ЖЕРГЕМДИ

Пенделерим түркүн түстө жаралып,
Жер Энеде туштарапка таралып.
Түстөрү эле түркүн түстө болбостон,
Пейилинде да ак-карасы бар анык.

Байлык үчүн кара жаны сабалып,
Жер, суу талаш күндө жатат кан агып.
Оорду толбос оро сымал напси үчүн,
Омкорушуп жерди жарып, жан алып.

Бирөө үчүн чыркыраган жан кымбат,
Бирөө үчүн бир сындырым нан кымбат.
Курсагы ток шүгүр дебей Кудайга,
Байлык үчүн бир шордууну ыйлатып.

Оо Жараткан! Сактай көргүн пендеңди,
Соорото көр ыйлап жаткан элдерди.
Сактай көргүн калпыс келген балээңден,
Ак мөңгүлүү, Ала-Тоодой жергемди.



## ОЙЛОНОМ

Колтуктап жөлөгөнгө жарабастан,
Кашайтып бечарага карабастан.
Капырай кай заманга баратабыз,
Көөдөндү байлык деген жара баскан.

Ойлоном кээде туруп акыл жетпей,
Отуз жыл абалкыбыз эстен кетпей.
Олтуруш, чай беришип, той тойломой,
Өтчү эле коногубуз жүзгө жетпей.

А азырчы, акчалуу тойду тейлеп,
Алдында иномарка мени мин деп.
Келин-кыз ата-энеден ыйбаа кылбай,
Алжаңдап, калжаңдашып төрдө бийлеп.

Желени энелердин ыйы басып,
Жардам деп сурагандар барат ашып.
Жогорку бийликтеги төбөлдөрүң,
Жымырып, эл акысын уурдай качып.

Кыргызбай баратабыз чектен ашып,
Көөдөндөн ыйман качып, кара басып.
Кел-келибиз келгенин байкабастан,
Колубузда ырыскыны бөөдө чачып.

## АЙ

Турасың ай-ааламга нуруң чачып,
Түнкүсүн чыгыш-батыш жолду басып.
Түбөлүк жер эненин эгизиндей,
Таң заардан көрүнбөстөн көздөн качып.

Калсачы караңгылык жерди каптай,
Калмакпыз пендезаты айла таппай.
Келет-кетет адамзат бул өмүрдөн,
Кебелбестен сүзөсүң дайым жаштай.

Тазалыгың келебиз салыштырып,
Ааламда жок сулууга жарыштырып.
Сүйүү толгон махабат ырларында,
Жүрөктөрдү түнкүсүн табыштырып.

## АШ БОЛОТ ИШТЕП ТАПКАНЫҢ

Ишиңдин кыйын болгону,
Бийиктеп бара жатканың.
Акылың менен иш тутуп,
Дагы бир белес ашканың.

Эптемей ишти бүткөрсөң,
Оңой жол издеп калганың.
Өзүңдү алдап, жоокотуп,
Көлчүккө бара жатканың.

Көрмөксөн болуп коңсуң,
Көлчөктөн көлдүн өскөнүн.
Кайсыдыр бир күн сезесиң,
Көлмөгө чындап чөккөнүң.

Бул сөздү айтып жатканым,
Кыйындык болсо качпагын.
Дайыма жарык жүз менен,
Аш болот иштеп тапканың.



## ЖАШАЙ БИЛ

## ЖАРЫМ КЫЛЫМ АРАЛЫК

Ошондогу биз баш кошкон кечтерден,
Өттү бүгүн жарым кылым аралык.
Ортодогу ширелишкен сүйүүдөн,
Орун-очок беш үй-бүлөө таралып.

Бала бойдон кесип өмүр тушоосун,
Бирге татып жыргал менен кыйноосун.
Бекемдигин сүйүүбүздүн далилдеп,
Былк этпестен жеңдик эчен сыноосун.

Бүгүн мына баары өз-өз жайында,
Бала-чака шаарда дагы, айылда.
Бекем тутуп тарбиянын башатын,
Билишимче жакшылардын санында.

## ЖАҢЫ ТАРЫХ ЖАРАТКАНЫҢ

Өмүрдү чоң китепке окшоштурам,
Барактап өткөн өмүр барактарын.
Окуган беттеринен таалим алып,
Күтөсүң эртеңки күн сабактарын.

Барагын жаңы беттин ачкан сайын,
Байкалат улам өрлөп баратканың.
Кээ бирде чалыштырат мүдүрүлтүп,
Байкабай жаза баскан тараптарың.

Кадимки китептердей кызыктырат,

Өмүрдүн ачкан сайын барактарын.
Кааласаң, каалабасаң баскан жолуң,
Бул сенин жаңы тарых жаратканың.

Китептин актай бетин калтырбастан,
Кыска өмүрдүн аткаргын талаптарын.
Тарыхың өрнөк болсун урпактарга,
Эл оозунда айтылып санаттарың.

## АК САТКЫНДЫН СИҢДИЛЕРИ ӨСКӨН ЖЕР

Төрт тарабы төп келишкен ажайып,
Аксаткындын сиңдилери өскөн жер.
Кара-Койум бүт чөлкөмгө таанымал,
Айланасы арча-кайың, токой, чер.

Арча жыттуу мелүүн жели, абасы,
Чөлкөмдө жок ыйык, аруу, тазасы.
Бабаларым урпактарга калтырган,
Тукум улап көп кылымдар арасы.

Жыл мезгилдин төрт учуру учурайт,
Аска-зоолор, булут баскан мөңгүсү.
Келген конок кайра дагы келем деп,
Кайра баштан көксөп турат көргүсү.

Таң эртеден тыным албай күн батар,
Конок болдук Кара-Койдо көп сапар.
Жаздан күзгө мейман күтөт ар күнү,
Суу жээгинде боз үйлөрү каз-катар.



## ОШОЛ ГО КАЙРА ТИРИЛМЕК

Акыл, ой, кыял, чамамды,
Айтууга ичте санаамды.
Аңтарып көрүп түпкүрүн,
Ойлондум эмне жазарды.

Ачыктап жазып ыр менен,
Боңбой түрдүү сыр менен.
Элиме каалап жакшылык,
Жашасам таза дил менен.

Чачылба оюм бириндеп,
Жашаба актан кир издеп.
Акындын дили карарса,
Кыйын го аны сиңирмек.

Ырларым турса жерим! - деп,
Чачылбай элим бирик! - деп.
Эскерсе элим качандыр,
Ошол го кайра тирилмек.



Токтош АБЫКЕЕВ - 1954-жылы Өсөр айылында туулган.
КРУЖС мүчөсү.
"Шумкар" көркөм фильмин (2000-жыл) тарткан. "Жаңы жомоктор", "Жалкоо менен кумурска", "Алп коңн баатыр", "Кайберендин көз жашы", "Ажыдаар кыз", "Арап мерген" аталышындагы 9 жомок китептин автору.

**БҮБҮАЙША-КУУРЧАК**

Бар экен, жок экен, ач экен, ток экен. Илгери-илгери өткөн заманда бир байдын Айзада, Гүлзада деген эки кызы болуптур. Күндөрдүн биринде Айзада кыз сайма сайып отуруп, эски топусунан кооз бир куурчак жасап, Гүлзада синдисине берет экен. Гүлзада кыз ал куурчагына Бүбүайша деп ат коюп, калем менен бакырайган көз тартып, карлыгачтын канатындай каш чийип, комуздай мурун, оймоктой ооз жасаптыр. Анан, боз үйдүн артындагы чоң бир аткулактын түбүнө үй жасап, куурчагы менен ошол жерде ойночу экен.

Күндөрдүн биринде эл журт көторуп, башка бир жакка көчүп калышат. Шашылышта Гүлзада кыз куурчагын аткулактын унутуп кетиптир. Ошентип, Бүбүайша куурчак түнү менен өзү жалгыз аткулактын түбүндө жатат. Ал аткулак жөнөкөй эле аткулак эмес, а сыйкырдуу аткулак экен. Ошондуктан, эртеси таң агарып, акын торгой сайраганда, аткулактын жалбырагында сыйкырдуу шүүдүрүмдүн тамчысы пайда болуп, ошол тамчы агып келип, куурчактын бетине "тып" этип тамат. Ошол тамчы тамганда эле Бүбүайшага жан кирип, чоочуп ойгонот экен. Туруп эле эки жагын караса, кыбыр эткен бир да жан жок, ээн журтта өзү жалгыз калган имиш. Бүбүайша куурчак эми эмне кылаарын билбей ыйлап-



ыйлап отуруп, анан, "Ии, Гүлзада эжем чоңоюп, күйөөгө тийип кеткен турбайбы. Эми өзү бөбөк төрөп алып, ошону ойнотот. Ошондуктан, мени таштап кетиптир," - деп дагы көпкө ыйлайт.

Анан жашын аарчып: "Кой, минтип отура берсем, мени чөө-бөөрү келип жеп кетээр. Андан көрө эми мен да чоңоюп калдым, жолго чыгайын да, жакшы бирөө жолукса, ага кыз болуп алайын," - деп жолго түшөт тыпылдап. Ал бир жылкычыга жолугат.

- Ай Бүбүайша куурчак, сен каякка жөнөдүң? - дейт, жылкычы.

- Жакшы бирөө жолукса, ага кыз болуп алайын деп баратам - дейт Бүбүайша.

- Анда мага эле кыз болуп албайсыңбы?

- А сенин ачууң келгенде эмне менен сабайсың? - дейт куурчак-Бүбүайша.

- Укурук менен - дейт жылкычы.

- Жоок, анда сага кыз болбойм - деп, андан ары жөнөйт. Бара берет, бара берет, акыры бир кой кайтарган койчуманга жолугуп калат.

- Оой, Бүбүайша куурчак, жолдун чаңын ызгытып, сен каякка жөнөдүң? - дейт чабан.

- Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын деп баратам, – деп жооп берет.

- Анда, мага эле кыз болуп албайсыңбы? - десе, - Эгер сага кыз болсом, ачууң келгенде эмне менен сабайсың? - дейт Бүбүайша.

- Таяк менен, - дейт чабан.

- Жоок, анда сага да кыз болбойм, - деп Бүбүайша андан ары жөнөйт.

Бир жерге келгенде Келемишке жолугуп калат.

- Оо, куурчакжан, кырда өскөн гүлгө окшоп, сен каякка жөнөдүң? - дейт Келемиш.

- Жакшы бирөөгө кыз болуп алайын, - деп баратам.

- Оо, анда мага эле кыз болуп ал.

- А сенин мага ачууң келгенде эмне менен сабайсың? - дейт ага да Бүбүайша.

- Ой, сендей данек кызды мен кантип гана сабайын! А мен сени такыр сабабаймын. Жөн гана куйругум менен сылап уктатам, - дейт акырын куйругун кыймылдатып.

- Оо анын жакшы экен. А бирок, сен мага эмне берип багасың?

- Оо, сен ал жагынан кам санаба! Мына бул жакын жерде өтө бир сараң бай бар. Мен ошол сараң байдын куржунундагы курутун, карындагы сары майын, сүрсүтүп койгон жылкынын эттеринен уурдап келип багамын, - дейт Келемиш.

- Оо, анда мен макулмун, - деп Келемишти ээрчип жөнөйт.

Чын эле Келемиш күн сайын курут, сары май, сүрсүгөн эттерден уурдап келип, Бүбүайшаны багат экен.

А түн ичинде кантип уурулукка баргандарын жомоктотуп айтып берип, анан куйругу менен сылап уктатып коѐт. Келемиштин мунусу жакшы дечи, бирок бир жаман жери Келемиш ага бир күндө бир гана жолу сыртка чыкканга уруксат берет. Анда да сөйкөдөй болгон эки чакага суу алып келиш үчүн гана чыгарат. Бүбүайша бир чака сууну эшик оозуна себет да, бир чакасын ийинге алып кирет. Болду анан, ийри-буйру ийиндин ичинде жүрө берет. Күн нурун көрбөй ийиндин ичинде жүрө берип, куурчактын кызыл өңү саргарып, байдын үйүнөн уурдап келген тамактарын жесе аш болбой, дарманы куруй баштайт.

Келемиштин уурулук тууралуу жомокторун кайра-кайра уга берип, көңүлүнө көк таштай тийет. Эми жомок да уккусу келбей калды.

Күндөр өтүп жатты. (Баса, жер алдында жашагандар, “Күндөр өттү дешпей, түндөр өттү” - дешет экен). Бүбүайшага түндөр өтүп жатты.

Ошентип жүрүп, күндөрдүн биринде жамгыр аябай катуу жаап, жол ылай болот. Ал күнү Келемиш уурулукка барбай,



ийинде жатып уктайт. А Бүбүайша куурчак суу алганы кечүүгө келип, буту баткакка батып, ылайга тыгылып калат. Ошол маалда Айтжигит деген бир бала атын сугарайын деп кечүүгө келсе, бирөө эле:

- Айтжигит, Айтжигит, Атындын башын тарт жигит "Бүбүайша сууга кетти" - деп, Келемишке айт жигит, - дейт имиш.

- Ой, үн каяктан чыгат, - деп эки жагын караса, эч ким көрүнбөйт. Анан жакшылап тыңшаса:

- Айтжигит, Айтжигит, Атыңдын башын тарт жигит," - деген үн тээ аттын туягы жактан чыгат имиш.

- Э кокуй! - деп, эңкейип үн чыккан жакты караса, аттын эки туягынын ортосунда, ылайга тыгылып Бүбүайша куурчак туруптур.

- Ой куурчак, сен бул жерде эмне кылып жүрөсүң? - дейт, Айтжигит.

- Мени Гүлзада эжем таштап кеткенде Келемишке кыз болуп алган элем. Анан сууга келип, ылайга тыгылып калдым, - деп ыйлайт.

- Кой ыйлаба куурчак, Гүлзада эжекең сени издеп, күн сайын төрт маал ыйлап жатпайбы. Жүр артыма учкаш. Мен сени Гүлзада кызга алып барып берейин, - дейт Айтжигит.

Бүбүайша эки колун Айтжигитке сунат. Айтжигит болсо аттан эңилип, ылайдан тартып алып, Гүлзада кызга алып келип берет. Гүлзада кыз жоголуп кеткен Бүбүайша куурчагын көргөндө сүйүнүп, экинчи аны жалгыз таштабай, дайыма өзү менен кошо ала жүрүп, түнкүсүн жомок айтып, экөө кучакташып жатып алчу болушуптур.



Тургунай ТАЙЛАКОВА – 1980 - жылы Ай Тамга айылында туулган. "Сезим ыргактары", ,, Күзүндө гүлдөгөн алмалар" аттуу китептердин автору.

## ӨМҮР

Жашоодо жаңыласың, кагыласың.
Жибек тон кээде жыртык жамынасың.
Жар, жардан жылжып аккан агын суудай,
Жабыркап ташка урунуп агыласың.

Өмүрдө өкүнөсүң, төгүлөсүң,
Өр ашып, кайырчыдай көрүнөсүң.
Өлчөмүн биле албай ичээр суундун,
Өкчөлүп өрмөгүндө өрүлөсүң.

Турмушта адашасың, жарашасың,
Тажайсың, таламыңды талашасың.
Түтүп бир барына да, жогуна да,
Табышмак тагдырларды жаратасың.

Бир келчү бул өмүрдү баалай билип,
Баркына жетүү үчүн умтулалы.
Бактылуу жашоо күтүп, урабаган
Бакыттын пайдубалын тургузалы.

## БАЛАЛЫКТЫ ЭСКЕРИП

Үйгө жакын айылдагы чоң мектеп,
Дептер, китеп, керектүүнү белендеп.
Чаң көчөнү басып өтүп барчумун,
Чуркап ойноп ары-бери серендеп.



Сүйүү эмне экендигин билбегем,
Жакшы көрүп жүргөндүрмүн а балким.
Балалык бир сезимимди айта албай,
Сырым угат деген ойдо менин ким.

Ошол кезде уялынкы мүнөзүм,
Тоскоол болуп, ачык-айкын айтууга.
Билдирбестен бирок тиктеп уурданып,
Эрким жеткен сүрөтүңдү тартууга.

Бир партада, бир класста окуган,
Классташым сага гана арбалып.
Кантип сабак өткөндүгү билинбей,
Сен сүйлөсөң сөздөрүңө жанданып.

Ошол күнү мен үчүн бир майрамдай,
Купкуу өңүм кан жүгүрүп калгандай
Кубанычта үйгө кирип барчумун,
Ким бирөөдөн баалуу сыйлык алгандай.

Андан бери жылдар өттү байкалбай,
Турмуш, сыноо, сүйүү дарты ар кандай.
Балалыктын сүйүүсү эмес, сезими
Жүрөгүмдө дале жашап жаткандай.

Кыялымда кирсеңчи деп түшүмө,
Самачумун күндө эле ээлигип.
Бирок түшкө кирбейт элең ал кезде,
Анда-санда эле-булас көрүнүп.

Артта калып бала кыял мезгилдер,
Чын сүйүүгө кабылганда эми мен.
Убагында кире албаган түшүмө,
Азыр тез-тез түшкө кирчү болдуң сен.

Жүрөгүмдө такыр азыр башка адам,
Түбөлүккө, бир өмүргө тандаган.
Азабы да, арманы да толтура,
Алыс жолдо жетип бара албаган.

Көйгөйү жок балалык бир сезимим,
Учурдагы аппак сүйүүм, кечигүүм.
Салыштырсам айырмасы чоң экен,
Турмуштагы чоң дайралуу кечүүм.

## ӨТҮП БАРАТ ЖЫЛДАРЫМ

Желдей сызып учуп барат убакыт,
Бирде кайгы, бирде калам кубанып.
Ысык, суугун бирдей берип көр турмуш,
Өтүп жатат өмүр көчү уланып.

Мен токтоочу аялдама белгисиз,
Максат менен жетчү сапар алыста.
Чалындырып, кайра бутка тургузган,
Жөнөп барам турмуш деген жарышта.

Бастым далай барчылыктын тобунда,
Айды кармап, күндүн нуру колумда.
Туугандарым, дос, тааныштар көп болду,
Бака-шака,шаңга толгон жолумда.

Бирдей баары кирсиз, таза оюмда,
Акчасыз да көндүм мажбур болууга.
Тааныш, тууган, дос, курдаштын бири жок,
Убагында кирип алган коюнга.

Кээде күлкү, кээде ыза ыйладым.
Кейибедим, милдет дагы кылбадым.
Ташы бирдей, таразасы теппетең,
Өтүп жатат өмүр коштоп жылдарым.



## БАКЫТ ЭКЕН ОШОЛ МЕЗГИЛ

Биз күткөн жаз, сейил бакта бир жүргөн,
Бир убакта сизди далай күттүргөн.
Бакыт экен көрсө ошол мезгилдер,
Бек кучактап, сылап койгон жүзүмдөн.

Көйнөгүбүз кызгылт, сары жарашып,
Көз уялткан күндөн мени талашып.
Кол кармашып басуучу элек далайга,
Кээ бир күнү кеткичекти таң атып.

Керемет кеч. Жомоктогу эки ашык,
Көк асмандан жылдыз нурун таратып.
Канча жолу сүйүүбүзгө ай дагы,
Күбө болгон алыс узап баратып.

Бир кездеги сагынычтан үйүлгөн,
Балкып жүрөк , көңүл толкуп күтүүдөн.
Бир өмүргө унутулгус ошол жаз,
Бийик сепил куруптурбуз сүйүүдөн.

## БАЙЛЫГЫМСЫЗ БАА ЖЕТКИС

Сүйүүм ашып,толкуп турган мезгили,
Сүйүнүчүм коюнума батпаган.
Сүйүү ырын мага тынбай жаздырган,
Сүйүктүүм ай, сиз бар үчүн мактанам.

Бар сырымды айтсам ичке жашырып,
Бекем сактап эч бир жаңга айтпаган.
Бакытымсыз, байлыгымсыз баа жеткис,
Баалап, сыйлап мени ар дайым барктаган.

Билик сымал күйүп турган балбылдап,
Биздин сүйүү алоо оттой өчпөгөн.
Бийиктикте бирдей кайкып сезимдер,
Бир тамырдан өнгөн, өскөн, көктөгөн.

Сүйүүм ашып толкуп турган убагым,
Сүйкүм элес жүрөгүнө сактаган.
Сүртүмдөрдү ырга салып чийдирген,
Сүйүктүүм ай, сиз бар үчүн мактанам.

## БААРЫҢАРДЫ ЖАКШЫ КӨРӨМ

Кичинекей секелек кыз капкара,
Эсимде жок канча жашта курагым.
-Мени жакшы көрөсүзбү баарынан,
Айтыңызчы?- деп атамдан сурадым.

Маңдайымдан өөп, анан кучактап,
Баарыңарды бирдей жакшы көрөмүн.
Төртөөңдө төрт бир түрдүү мүнөз бар,
Силерди деп жашап, иштеп жүрөмүн.

-деп атамдын айткан сөзү дагы эле,
Ошол күндөй кулагыма жаңырат.
Эч нерседен кабары жок бактылуу,
Бала күндөр эми кайдан табылат.

Бар байлыгым тоодой медер атакем,
Сиз бар үчүн менин дүйнөм кең экен.
Кеңеш берип, жөлөк болуп жүрсүн деп,
Бизди сизге таштап кеткен энекем.

Үйгө барсам тосуп алчу сиз барсыз,
Кел кызым деп жаркыраган жүз менен.
Сатып келип азык- түлүк дүкөндөн,
Өз колуңуз менен ашты демдеген.



Аска зоом, жумшак мүнөз атакем,
Кээде жашып, сар санаада ой менен.
Чет жерлерде кантип иштеп жүрөт деп,
Тынбай чалып, бизди ар күн эстеген.

Барлыгыңыз бир мен үчүн чоң бакыт,
Ата деген сөздү мага айттырган.
Мээнетиңиз актай албайт экенбиз,
Такты куруп берсек дагы алтындан.

## ҮЧ КЕМПИРДИ КАРАЙМЫН

Жумуш жакшы, үч кемпирди караймын,
Эрте менен, түштө, анан кечинде.
Тамак берип, чачын тарап, жуунтуп,
Кызмат кылам окшоп жаңы келинге.

Тынбай эле ырахматын айтышат,
Бири басат,экөө турбайт жатышат.
Абалдарын көрүп, билип тымызын,
Боорум ооруйт, тиктеп ичим ачышат.

Өкүнөмүн бирок бир чоң нерсеге,
Иштеймин деп ,акча таап эмнеге?
Апакемдин жанында жүрбөптүрмүн,
Кирин жууп кетпей таңдан кечке эле.

Бүтпөгөнүн билгенимде тирүүлүк,
Таштап салып жумушумду, үйүмдү.
Бир жумалап кучакташып жатмакмын,
Мурдагыдай эстеп бала күнүмдү.

Кемпирлердин чачын тарап жатканда,
Көздөрүмдөн ысык тамчы, жаш агат.
Кусаланып апакемди сагынып,
Бакыргым бир келип кетет апалап.

Азыр барсам айылыма апам жок,
Бизди таштап кеткен келбес сапарга.
Дөң, топурак катуу жерден жай алып,
Мүрзө үйү, маркумдардын катарда.

Кемпирлердин бутун жууп жатканда,
Тытмалаган жүрөгүмдөн кан агат.
Апакемдин бутун жуусам кана эле,
Айткылачы, ким айласын таба алат?

Конокпуз да бул жашоого аманат,
Мезгил учат канат күүлөп сабалап.
Азыр апам жүрсө керек ал жакта,
Гүлдөр терип, бейиш багын аралап.

Мына ушундай менин айтаар баяным,
Келет кээде өзүмдү өзүм аягым.
Кемпир карап, иштеп анан акча алып,
Бир күн буйруп айылыма барамын.

## ӨЗҮМӨ ӨЗҮМ КЕРЕКМИН

Уктабаган түн уйкума себеп миң,
Тагдыр жазса бул сыноону жеңет ким?
Бирде күлүп, бирде толуп ыйлаймын,
Бул өмүрдө өзүмө өзүм керекмин.

Келбейт менин асман менен теңешким,
Акча, дүйнө, байлык санап берет ким?
Жардымынбы, кедейминби жөн гана,
Бул жашоодо өзүмө өзүм керекмин.

Алып жуткан ач көз, саран эмесмин,
Жаман сүйлөп, жарыбагыр дебесмин.
Жарык чачкан күн сыяктуу жадырап,
Бул күндөрдө өзүмө өзүм керекмин.



Ата- энеме табылгыс бир белекмин,
Апам менен күндө келет кеңешким.
Бирок азыр апам жок да, атам бар,
Тоодой медер атам үчүн керекмин.

Жытын жыттап буудай жыттуу элеттин,
Айыл деген сагынычты сезет ким?
Мигрантмын, иштеп жүрөм талыкпай,
Ошон үчүн өзүмө өзүм керекмин.

***

Кызым сурайт: - Апа кантип. кай жерде,
Таанышкансыз атам менен "- деп күлүп.
Анда атасы угуп калып жылмайып,
- Көргөндө эле жактыргам1 - дейт сүйүнүп.

Чынында эле бир көргөндө жактырып,
-Кем кылбайм! - деп ишеничим арттырып.
Алып берген дароо эле базардан,
Кулагыма алтын сөйкө тактырып.

Марттыгына кубанып да, ээлигип,
Койбопмун бир уялып да, теригип.
Мурда көргөн адамга окшоп сүйлөшүп,
Бирде жеңип, бирде сөзгө жеңилип.

Ырас эле макул болгон экенмин,
Кыйналбаймын азыр болсо турмушта.
Азык- түлүк камдап берет жетээрлик,
Багат үйдө чыгарбастан жумушка.

Кайда болсо түшүнөт да, жөнөтөт,
Алып берет кийимдердин жаңысын.
Жакшы сапат жаманынан көбүрөөк,
Орундатат мен айткандын баарысын.

Мен да сыйлайм мамилеге жараша,
Жагат да анан көңүлүмө караса.
Эски сүйүү анча- мынча азгырат,
Капаланып, кайгырганда балача.

Кызым айтат: - Мен жакынга турмушка
чыгамын да бат- бат келип турам"- дейт.
-Карысаңар ысык-ысык нан жаап,
кийимиңерди үтүктөймүн, жууам!-дейт.

Экөөсү тең пешенеме, бактыма,
Бар болушсун маанай ачып каткыра.
Улгайганда жетелешип дени сак,
Чал - кемпирлер бололучу жакшына.

***

Түркүн түстө гүлдөр жайнап ачылат,
Тикенектер арасында жашынат.
Гүл сабагын кармаганда байкатпай,
Колго сайып алайын деп батыраак.

***

Пендебиз да тикенек гүл сыяктуу,
Мүнөзү ачык, анан дагы пейили тар.
Кемчилиги өзүнүн байкалбаган,
Жакшылыкка күйүккөн адамдар бар.

Керегине жарасаң кудуңдашкан,
Мактап, барктап кучактап учурашкан.
Сага керек болгондо дареги жок,
Бейтааныштай кыр салып амалы ашкан.

Эмне дейсиң көкүрөк көр, көөдөнү бош,
Кар астында калган бир чөпкө окшош.
Түшүнүксүз дүйнөсү такыр башка,
Өзү тойгон, а бирок көзү тойбос.



Дүйнө тегиз, бирдей эмес өкүнүчтүү,
Наалыбаймын көндүм андай адаттарга.
Жакшы адамдар бар үчүн жашоо кызык,
Кубаныч тартуулаган жалаң гана.

Өмүр, жашоо убактылуу ченеми бар,
Дөңгө айланган кабыр жай катар, катар.
Жер үстүндө бааланып, бaркталбаган,
Жер астында жатышат жакшы адамдар.

## САГЫНАМ

Мен бүгүн буулугуп ыйладым,
Жаш төгүп өзүмдү кыйнадым.
Сагыныч ээлеп бир дүйнөмдү,
Кең көйнөк ичине сыйбадым.

Сагынам күндө эле сагынам,
Жүрөгүм чыкчудай кабынан.
Жүрөмүн жанашып баса албай,
Адашкан куштардай сабынан.

Ойлордун тизмеги чачырап,
Оруулу жандай бир алсырап.
Он жолу жолугуп бат-баттан,
Сөзүңдү уксам дейм батыраак.

Сагынам караган көздөрүн,
Карегиң сүйүүсүн билдирген.
Көрүшпөй көп жүрүп калдыкпы,
Кумсара түшкөнүм билдим мен.

Ишенип ыйлабайт жаным деп,
Изиңди жашырып кеттиңби.
Жок андай кыла албайт экенмин,
Көп эстеп сүйлөгөн кебиңди.
Жок андай кыла албайт экенмин,
Көп эстеп бир жүргөн кезимди.

## ЖҮЗҮҢ НУР ТАМЫП КУЛПУРАТ

Гүлдөгөн бактай бешенең турса ачылып,
Гүл өмүр өтүп кетпесе дейсиң ашыгып.
Аз болсо керек махабат отун кечпеген,
Ак сүйүүң кантип койосуң анан жашырып.

Акылдан азып ,алсыз бир жүрөк болк этип,
Ардагың болсо эстээрге күндө миң убак.
Көрбөсөң дагы көңүлүң толуп көксөгөн,
Кубарган жүзүң нур тамып жаздай кулпурат.

Сүйүүнүн баркын билбеген сүйбөйт,сүйө албайт,
Дайрадай ташып деңизге барып куя албайт.
Толкундай сезим жээктен жээкке шарпылдап,
Толугу менен сүйүүнүн күчүн туя албайт.

Кызыгы барда жалындуу жаштык учкуну,
Кайдадыр айдап махабат сүргүн туткуну.
Ача албайт эч ким бекилип калган жүрөктө,
Катылып жаткан үзүлбөс бекем кулпуну.

## БАКТЫЛУУМУН САГА ЖОЛУККАНЫМА

Бактылуумун сага жолукканыма,
Бакыт үйү ачып бизге эшигин.
Бала жыты, бейиш жыты өзгөчө,
Тартуулады кошо алтын бешигин.

Жыл жаңырды, мезгил учту арадан,
Сегиз жашка толду бөбөк кызыбыз.
Кыялдары атасына окшош деп,
Эркелетип тараганча ышкыбыз.

Азыр эми ортобузда данакер,
Акыл айтып, бизге эрмек күнү, түн.
Тили чыгып, качан кызым сүйлөйт деп,
Күтөт элек алгачкы тун күлүшүн.



Эки айрылыш болду кээде сапарлар,
Бузулушуп түптүз кеткен катарлар.
Ширенкенин бир чыбыгын күйгүзүп,
Күлүп турду үй бузарлар, жамандар.

Таалайлуумун сага жолукканыма,
Так ортодон бийик түндүк көтөргөн.
Арабызды бириктирген кызыбыз,
Чоң жолду ачты жабык турган, бөгөлгөн.

***

Өзгөрүү бар окшош өткөн күндөрүмдө,
Өзүмдү таанный албай жүргөнүмдө.
Жанымдан жарым карыш алыс жылбай,
Жан биргем кошо болдуң түндөрүмдө.

Ойгонгум келбей, көзүм бекем жумуп,
Оо мага сырдаш,мундаш ошол булут.
Туманда калган бүркөк асманымды,
Таң менен алып кетти кошо жууп.

Беш минут болсо дагы башым жөлөп,
Бакытка балкып турдум көлөкөлөп.
Маңдайым сылаттым да эркеледим,
Мага эч ким жакын эмес сенден бөлөк.

Ошол кеч,ошол түнкү жолугушуу,
Оюмда кала берди өңдөгүдөй.
Түшүмө кире берчи күндө келип,
Сагындым элесиңди көпкө көрбөй.

## ЖАЙЛООДО

Катар өскөн арчалар тоо боорунда,
Жаныбардын түрү бар токойунда.
Араң жүрөт унаалар ойку- кайкы,
Жайлоо төргө бет алган жолдорунда.

Аба таза, эрте менен сергек туруп,
Дарыянын шарпылдаган үнүн угуп .
Бир башкача сезимге бөлөнөсүң,
Агылган тунук сууга жүзүң жууп.

Сейилдеп баргандар көп ар тараптан,
Ооз тийип койгула деп тамак сунуп.
Кара очок, кара казан, кара чайнек,
Керемет ээ олтурсаң чайдан куюп.

Эки күн түнөк кылдым кең жайлоону,
Илгерки көчмөн элим эске салып.
Тоо,ташта чарчабастан жүргөн экен,
Керектүү түйүнчөгүн түйүп алып.

Сырдашып тоолор менен таштар менен,
Сагынган бугум жаздым тээ качанкы.
Чатырда жомок айткан жайлоодогу,
Эстедим ак сакалдуу чоң атамды.

Ал кезде секелек кыз он бештеги,
Оюндан башка нерсе билбейт элем.
Айран, сүт жабылган нан казандагы,
Анан да булгап көйнөк каймак жеген.

Азырчы? Кыркган ашып токтолупмун,
Жөн гана, жорткон желге эркеледим.
Үнсүз бир көпкө олтуруп, жайлоо көркүн,
Жыл өткөн, мезгилдерди чиймеледим.

## ЭТ-ЖҮРӨГҮМ ЭЗИЛИП

Көргөн кезде эт жүрөгүм эзилип,
Калганыма качандыр бир кезигип.
Өкүнө албай же айрылып кете албай,
Көз жашымды аарчып койом бекинип.



Кээде келет ширин, таттуу кыялдар,
Жакындаймын кыялдарым тыя албай.
Бирок чиркин көрүшкөндө алакан,
Ысып чыгат бир минут да тура албай.

Таанышпай же сүйбөгөндө мен сени,
Тарых болуп калмак эмес бул жагдай.
Кармаганда калемимди ар убак,
Кыйналамын башка тема чийе албай.

Ыраак жашап кадырыңды көтөрүп,
Сый- урматта жүрөсүн ээ байкатпай.
А мен болсо жакын болсо эмне деп,
Чагыламын жерге түшкөн жаңгактай.

Кайда болбо, кайда жүрбө аман бол,
Кыйналамын кызыганда эки кол.
Көрүшөмбү бат- бат эле деп тилейм,
Бирок билем, биздин жолдор - башка жол.

***

Кусадар жүрөк айыптуубу көнбөгөн,
Көнөктөгөн көз жаш төгүп көлдөгөн.
Көкүрөктө ачуу үндөр жаңырып,
Көр, сокурдай башка жанды көрбөгөн.

Жал- жал тиктеп, жарык тийген фонардай,
Жалгыз сенден башкасыны таба албай.
Жашык көздөр күнөөлүбү ый баскан,
Жарым суусу кургап жаткан аралдай.

Күн күркүрөп, чартылдаган чагылган,
Коркок жандай учкунуна кабылган.
Күнөөсүз жан күйүт тартыш керекпи?
Күндө миң ирет сени эстеп сагынган.



**Улан ДҮЙШӨНАЛЫ** - 1972-жылы Кызыл-Тейит айылында туулган. "Вечное сияние мыслителя", "Програмалык-укук Кыргызстандын жалпы жарандык идеологиясы", "Таза Ысык-Көл концепсиясы "Кыргыз – Алтай – Якут баяны", "Кадр саясатынын программасы жана Мамлекеттик кызмат концепсиясынан үзүндүлөр" аттуу илимий-фантастикалык жана усулдук китептердин автору. КР УЖС мүчөсү.

## РЕАЛДУУ ТУРМУШТА АСМАНДА СҮЙҮУ ЖЫЛДЫЗЫН ЖАНДЫРУУ ТУУРАЛУУ «ЖЫЛДЫЗ ШАМАНАСЫ» ИЛИМИЙ-ФАНТАСТИКАЛЫК РОМАНДАН ҮЗҮНДҮ

## РОМАНДЫН "БИОЛОГИЯЛЫК РАКУРС" АТТУУ 2-БӨЛҮГҮНӨН

### Биринчи стимулятор

Электрондук аэрокосмостук навигациялык картада кичинекей жаркырак нокот болуп көрүнгөн менин жылдызучагым (звездолнт) космос мейкининдеги түстүү жылдызга акырын сүрүлүп баратты. Түстүү жылдызга чейин дагы канча аралык калды, белгисиз. Радиолокациялык чалгындын аймалоочу нурлары али ал жылдызга жетпейт. Демек, жылдыз дале абдан алыс. Анан мен компьютердин экранына Галактиканын жалпы радиокөрүнүшүнүн моделин чыгардым. Аттиң ай, көрсө бул жылдыздын периферийге кетип жатканынын ылдамдыгы жылдызучагымдын ылдамдыгынан жогору чыгып, айырмасы секундасына жүз



километрге барабар экен. Эмнеге жылдызучагым космос кемелериндей абдан жай учуп калган? Эмнесинен бузулду?

Мен алдымдагы токочторду, сүт кошулган кофени жыйнап салып, кыймылдаткычтын форсаж шарттамын (режимин) жүргүздүм. Күтүүсүздөн кабинада "тарс-түрс" деген үндөр кулак тундура жаңырып, борттун ичи бир саамга капкараңгы боло түшүп, анан фосфор менен сырдалган шаймандар (приборлор) көзгө араң көрүнүп, түстүү жылдыз иллюминатор аркылуу катардагы жылдыздардан өзгөчө жаркырап, менин көздөрүмдү күйгүзө суктандырып жатты. Анан авариялык абал пайда болуп жылдызучактын жарылаары тууралуу ишарат (сигнал) жаңырды. Электрондук-маалыматтык табло жанып, борттон ачык космоско чыгып кетүүгө эки гана секунда калганы көзүмө урунду. Нускамага ылайык мен заматта туура абалды кабыл алып, түзөлүп отуруп, креслонун кол таянгычындагы катапульттун кнопкасын баса койдум, эки эле секунданын ичинде.

Анан мен өзүмө келсем, он беш минута убакыт өтүптүр, космостук кайыкчанын (космический челнок) бортунда отурам. Кайыкчанын айланасында, иллюминатордун сыртында жылдызучагымдын сынып-талкаланган бөлүктөрү ачык космосто калкып жүрөт. Менин зээним абда-а-н кейиди.

Мен учуунун параметрлерин автоматтык шарттамда жазып сактап калган маалыматты чыгарып, кырсыктын себебин билгим келди. Мына сага, токоч момпосуйларды жыйнаганда атайын камерага салганды унутуп, жөн гана ачык текчеге коюп койгон турбаймынбы. Форсаж иштегенде зор ылдамдануудан ошол токочтор артка учуп барып жабдуулардын "Б" блогун тасырата талкалап, электр тийишүүсүн (замыканиесин) пайда кылып, анан форсаж өчүп, астронавт болгон менин мындай шалаакылыгым

жылдызучактын жарылуусуна себепкер болуптур. Эх, кайран ай, бул не деген шордук?!

Мен эми кичинекей кайыкчада космостун коркунуч факторлоруна толгон мейкини менен бетме-бет калдым. Эми менин кайыкчам жакынкы базалык планеталардын бирине учуп жетсе. Бирок кырсыктын белгиси болгон "SOS" ишараттары (сигналдары) да автоматтык шарттамда (режимде) Ааламга жердиктин кырсык абалы жөнүндө кабар берип жатты. Менин көздөрүмө түстүү жылдыз дагы бир ирет иллюминатор аркылуу жарк дей уруна түштү. "Эх, менин кол жеткис жылдызым Эстера", – дедим да аны суктана карап жатып, сезимимди тунук поэзиянын агымына салдым.

Андан соң мен капилеттен ойгонуп кетсем, түшүм экен. Бул табышмактуу түндө менин уйкум келген жок. Ой-сезимимди терең туюм жылоолоп алды. Менин оюмда жана көөдөнүмдө жан дүйнөмдү жандырып бийлеп алган жароокер Эстера болду. Гүлкайырдай буралган, сулуу кыздай суналган бул периште кыз Эстера, менин жүрөгүмдү не бир өзгөчө керемет күч менен терең туйлатып, магниттей өзүнө тартып, күн өзөгүнүн (ядросунун) табынан да катуураак ысытып, түбөлүк өчкүс биринчи жылдыз чоңдугундай жарык нур чачыраткан идеалым болуп калды.

Эстера. Сүйгөнүмдүн жан эргиткен жагымдуу аты комуздун кылындай махабат симфониясын тараткан алоологон жүрөгүмдө, үзгүлтүксүз терең кагым менен термелип жатты. Аны көргөн кездерим көз алдыма элестеп, элестерим таттуу кыялга айланып, үмүт-тилегим келечектин кемесине алып уча баштады. Ал күндөн калган унутулгус элестер ай!

Мен бул секеттин жылдыздуу дүйнөсүн эң эле биринчи күнү көргөндө сезип, анын жылуу образы жүрөгүмдө бекем кадалып калды.



Мен бул назик түндүн уйкусунан кечип скафандрымды кийип, аралыктан башкаруучу (дистанциялык башкаруу) радиопередатчигимди алып сыртка чыктым. Айлана жымжырт, асманда алтындай ай уюп, жылдыздар жымындап адам кыялын өзүн тартат. "Силерге да жетебиз бул түнү Эстера экөөбүз" деп космос мейкиндигинин сырдуу жылдыздарына мен ишенимдүү айттым. "Түшүмдө жылдызыма жетпедим, а азыр өңүмдө жетем". Бирок, кантип? Мен белгиленген жерге барып, радиопередатчиктин баскычын (кнопкасын) бастым. Беш метр диаметринде жер бети ачылды. Бул көзгө илинбеген жер астындагы жашыруун кичи космодром толугу менен автоматташтырылып кылдат жаап-жашырылган.

Мен ылдыйга түшүп, жылдызучагыма отуруп асманга учуп чыктым. Менин артымдан кичи космодром автоматтык шарттамда (режимде) жабылып, жер бети кадимкидей формага, мурдагы жашыл чөптүү калыбына келди. Анан мен сүйгөнүм Эстерага багыт алдым. Бул түбөлүк, артка жол жок, башкача айтканда али белгисиз дүйнөгө алып барчу космос каттамы болчу.

Жылдызучак үнсүз жана жарыксыз абалда Эстера жашаган жатаканага учуп барып, анын үстүнө жайбаракат конду. Эч ким эч нерсени байкаган жок. Терең түн. Эл көшүлүп терең уйкуда. Анан мен каалаган жакка бурулуп созулуп чыга берчү универсалдык шатыны пайдалануу үчүн передатчиктин баскычтарын (кнопкаларын) тердим, борттун капталдарынан тирөөчү буттар өсүп чыгып, жылдызучакты бекем, кыймылсыз ишенимдүү кылып тамдын үстүнө катырды. Анан мен шатынын тепкичтерине турдум. Горизонталдык багытта шаты узарды. Анан аны ылдыйга бурдум да, үчүнчү кабатына чейин түшүп бардым.

Мына, Эстера жашаган бөлмөнүн туптунук терезеси. Анан мен акырын этияттык менен терезе аркылуу бөлмөгө кире баштадым. Бул түндө ырас эле алар терезесин ачып

жатышыптыр. Алар экөө экен. Анын жолдошун убактынча электромагниттик талаанын жардамы менен обочолонтуп (изоляциялап) койдум да, кантип Эстераны ойготсом деп башым катты. Анан мен эшикти акырын ачып коридорго чыктым да, биринчи кабаттан келгенсип каалганы калп эле такылдаттым. Анын жолдошу электромагниттик талаанын ичинде эмнени укмак эле.

Эстера уйкусурап столдун үстүндөгү электролампанын баскычын басам деп, мен ал жерге адеп кире бергенде унутуп коюп койгон передатчиктин биринчи категориядагы баскычын басып албаспы. Капысынан менин буттарым алдыма тайып чалкамдан кеткенимди гана билем.

Бир заматта менин мойнумду кандайдыр бир жылуу нерсе зыркыратып жиберди, бүт денем дүркүрөп, өзүмө келсем, менин сүйгөнүм мойнумдагы топчуну бошотуп бетиме муздак суу чачканы жатыптыр. Биз экөөбүздүн көздөрүбүз тигиле тиктешип мен абдан сүрдөп, делебем козголуп кетти. Эстера ошол передатчиктин баскычын басканда, менин бут кийимимдин таманынын конструкциясы алмашып кеткен болчу. Бул болсо, жат космостук обьекттердин рельефтеринде басууга ыңгайлаштыруучу көп варианттуу тутум (система). Аны ишке киргизүүдөн алдын атайын отуруп буттарды көтөрүп туруу керек.

Мен анын жолдошунан электромагниттик талааны өчүрүп, Эстера экөөбүз жатаканын эң жогорку кабатына чыгып, тамдын үстүнө чыкчу эшикчесине бардык. Бактыбызга ылайык ал ачык экен. Борттун шаты тутуму (системасы) эки адамды көтөрө албайт, анын үстүнө бирөөлөр байкап калбасын деп биз аны пайдаланбай, ушул тешик аркылуу тамдын үстүнө чыгып жатпайбызбы.

Эстера менин сөздөрүмө ишене бербей:

– Оо, бул не деген техника, жат планеталык келгиндер го?



– Жок, Эстера, мен жалгызмын. Жат планеталыктар мага булардын баарын белек кылып берген соң, мени өз эркиме коюшуп, мен Ааламда өз алдынча учуп жүрөм. Өздөрүнүн планетасында алар мени белгиленген мөөнөт боюнча окутушуп, галактикалар аралык квалификациялык комиссиядан өткөрүшүп, мен бардык сыноолорду жеңип, учууга укук берүүчү жалпы галактика үлгүсүндөгү тастыктама (сертификат) алгам.

– Койчу, ишенбей турам. Деги бул түшүмбү же өңүмбү? – деп ал бир кадам алдыга баса койду да, мени өз колу менен сыйпалап көргүсү келди окшойт. Бирок, уяла кеттиби, токтой калды. "Дагы жок дегенде бир эле кадам алдыга баса койбойт беле, анан мен..." деп кичине кейиштүү ойлоп калдым.

– Эмнеге ишенбейсиң? Бөркүңдөй көр, Эстера. Кел, жылдызучакка отур, Галактика жиреп учалы.

– Космостобу? – деп кубана сурады Эстера.

– Ооба, жаным, карачы, асманды, кандай көрктүү, рахаттуу жылдыз дүйнөсү. Саманчынын жолу да тунуй баштады, анткени ай горизонтко жашынып жатпайбы. Андыктан асман караңгылап бардык космостук обьекттер тагыраак болуп көйкөлүп көрүнөт.

Эстера экөбүз айлананы карап эч кимдин жоктугуна көздөрүбүз жеткен соң, мен шатыны жыйноого кириштим. Анан биз жылдызучактын эшиктерин ачып, келе олтур, тезирээк учалы эми, дедим.

Эстера менден, баштап койгон маегимди улантууну суранды. Мен алгач асманга бир ирет көз жүгүрттүм да, түшүмдө көргөн сүйгөнүм Эстеранын прообразы болгон жылдызды издеп аны таппай: – "Аа, жаным, сен жанымдасың да, менин кол жеткис жылдызым. Эми сен тээ алыскы космос талаасына көкөлөп кетип, мен кырсыкка учураганда кош көңүл карап турбастырсың, жүрөк өксүтүп,

э, жаным?" – десем ал мени таң кала карап койду. Мен сөзүмдү уладым:

Мына ошол келгин биздин Жер планетабызга учуп келиптир. Анда мен жылдыздуу асманга кызыгып дайыма тамдын үстүнө чыгып жатчумун. Көпчүлүк учурда түндүн жарымынан көп бөлүгү мага уйкусуз өтчү. Себеби, мен дайыма кыялдын мухитине чөгүп, бейиш дүйнөдө жүргөнүмдөй сезип, көңүлдүү эс алчумун. Анан эң кызыктуу астрономиялык кубулуштарга күбө болуп аларга кызуу байкоо жүргүзчүмүн. Ал кубулуштар миңдеген, ооба, түнү бою байкап жатсаң, миңдеген метеордук кубулуштар. Жердин жасалма жандоочуларынын (спутниктеринин) тынымсыз жер шарыбызда айланып учуп жүрүшү. Айрыкча мен, "чуу"-"чуу" этип асман бетин чиймелеп көздөн кайым болуп кетчү аппак жарык ичке издерге абдан куштар элем. Ушундай жибек сымал жарык чиймелердин менин жаныма түшүп калышын эки көзүм төрт боло кыялданчумун. Эми окуянын негизги бөлүгүнө өтсөм.

Бир жолу асмандагы коюу жылдыздарды өзгөчө суктанып карап көздөрүм менен жутуп жатсам, кандайдыр бир метеордук жарык точка жылдыз формасында көрүнө калды. Мен алгач метеор деп ойлодум. Жоголбой туруктуу жарыгы менен акырын учуп баратканын байкап, жердин жасалма жандоочусу (спутниги) деп ойлодум. Бүт көңүлүм менен берилип, андан көздөрүмдү үзбөй карап калдым. Анан негедир ал жылдыз экиге бөлүнүп кош жылдыздай болуп көрүнүп калды да, экинчи пайда болгону эки жакка термелип биринчисинен улам алыстап бараткандай сезилди. Оптикалык иллюзиям эмеспи деп көздөрүмдү ушалап кайра карасам, ал жарык улам жакындагандай болуп калыптыр.

Анан күтүүсүздөн ошол обьекттен, жарык нурлары кагым (импульс) менен бир нече жолу ийнедей ичке сызык формасында туш тарапка чачырады. Болгондо да, жерди карай. Таң калаарлык нерсе, эмнегедир мени коркуу сезими



такыр ыроолободу. Биринчи жылдыз ордунда кыймылсыз кала берди. Экинчиси болсо туптуура мени карай асмандан чубуруп түшүп келе жатты. Анан мен анын артында ак жарык байланыш жип бар экенин байкап калдым. Ал жарык точка улам тагыраак көрүнүп, мага жакындай берди. Анан дагы бир ирет туш тарапка кыска кагым (импульс) менен ичке жарык нурлары жерди карай жарк-журк чачырады.

Бир аздан соң анын бийиктиги жүз метрдей болуп калды. Андан кийин бул агарган точка артындагы ак жиби менен так үстүмө келип калкып калды. Анын көрүнүшү алгач өрүктүн өлчөмүнө барабар келип, анан алакандай болуп чоңойду. Андан соң анын бетинде телевизиондук экран пайда болду. Экраны түстүү экен. Экранда кандайдыр бир сулуу кыздын жүзү жазыла калды. Ал бир колун көтөрүп: "Салам, баатыр, жашооң кандай?" деди. Анан ортобузда диалог башталды. Сүйлөшүүнүн арасында кыз менден сурап калды: "Сен, цивилизациясы бар канча планеталарды билесиң?".

Мына сиздердин планетаңар сыягы мен үчүн билгендеримден эң биринчиси болот го, – дедим. Анан мен окуяга эми чындап таң калдым да, өз көздөрүмө ишенбедим. Сестенип эки жакты карай калып ордумдан эми эле туруп басайын дедим. "Кокуй, мен эмнеге коркпойм? Бул деген укмуштай (сенсациялык) окуя да?! Эмнеге мен муну адаттагыдай кабыл алып жатам?!" деп тынчсыздана калдым. "А сен таң калбайсың, жигит. Себеби, сен өмүр бою кыялыңда жана аң-сезиминде космос дүйнөсү менен жашап келгенсиң. Андыктан, бул окуяга өмүрүңдө, керек болсо жер тарыхында эң биринчилерден күбө болуп жатсаң да адаттагыдай кабыл аласың. Сен, глобалдык космостун өзгөчө тандалып алынган уулу болосуң"! – деп расмий өңүттө жар салды.

...Андан соң, ал кыз, материяны мейкинде бир точкадан экинчи точкага котоpуу ыкмасы менен мени асманда турган

бортуна өткөрүп алды. Анан биз ошол жат планеталык кыздын планетасына учуп бардык. Ал кыз мени өздөрүнүн цивилизация чөйрөсүнө киргизди. Планетасында астронавттарды даярдоочу борборго алып барып, андагы жетекчилик менен тааныштыруу үчүн, окуу борборунун директоруна алып кирди. Директор менен мени тааныштырды да, мындай деп ага кайрылды:

"Мунун астронавт болушунун кызыкчылыгын көздөп сизге ушул суроо боюнча кайрылып жатканым". "Аа, ошондой дечи. Силердин тилегиңерди, албетте, жактайм. А бирок, эмне, өзү эле мага кайрыла албайт бекен?" – деп ал жооп берди. Сүйлөшүүнүн арасында ал: "Макул анда, тилегиңерди орундатайын, галактикалар аралык "паспортун" көргөзүп арызын жазып берсин", – деди. Анда ал кыз: "Кечиресиз, бул жигиттин паспорту жок эле, себеби..." – дегиче директор – "Анда себебин коң тур, эмесе азырынча электрондук номерин берсин да, арызын да жазсын, а паспортун эртең сөзсүз алып келсин", – деп жооп берди. Бирок бул бала жат планеталык келгин, – десем – "Аа, ошондойбу, жана эле ошентип айтпайт белең? Андай болсо өзүнүн планетасына тийиштүүлүгү тууралуу паспортун сунуш этсе болот", – дегенде "жоок, бул жигит өтө эле жаш, үчүнчү категориядагы цивилизациядан келди", – дедим. Директор бир аз ойлоно калып: "Каап, ушул мага жетишпей турду эле, үчүнчү категориядагы цивилизациянын адамдарынын интеллектуалдык деңгээли окуу программасына жетмек беле, кечирип койгула, башымды оорутпай жолуңарга түшкүлө, мыйзамды бузуп керт башыма балээни алгым келбейт" деп салганда жат планеталык кыз минтип сурана калды: "Сизден суранам, бир жолу амал таап, мени туура түшүнүп, колуңуздан келчү жардамыңызды аябаңызчы. Сизден бир эле суранаарым, окууга кабыл алсаңыз эле болду. Бардык жоопкерчиликти өз мойнума алып бул жигитке окуу программасын өздөштүрүүгө өзүм



толугу менен жардам берем. Анан бүтүрүү экзамендеринде катардагы эле окуучулардай акыйкат жол менен сынап көрөсүңөр?" – деп жалынып-жалоорuганы жемиштүү натыйжаларын берип, акырында мени окууга кабыл алышты.

Ал планетада жашоо өтө кызык өтүп жатты. Айта берсем түгөнгүс окуя. Бирок, бул мезгилдеги негизги "окуя" мен үчүн сени, Эстера, күндөп-түндөп эңсеп-эстеп жүргөнүм баарынан да маанилүү эле. Тезирээк окууну бүтүп, галактикалар аралык тастыктама (сертификат) алып, жылдызучактын бирине ээ болуп, Жерге учуп эң биринчи сага жолуксам деп сени сагынып, кыялданганым. Жаш жүрөгүмдүн күнү да ысык сезимдерсиз өтпөдү.

Кийинчерээк окууну бүтүрүп галактикалар аралык класстагы астронавт квалификациясын алдым. Ал жат планеталык кыз менден аруу сезимин жашыра алган жок. Өздөрүнүн планетасында алып калгысы келди. Бакыттын буруксуган гүлүн сунуш кылды. Эмнелер гана жөнүндө сөз бербеди. Бирок мен Жер шарыбызда калган Эстераны түбөлүккө тандадым дедим. Мен бир гана аны сүйөм дедим. Эстерадан башка бакыт тагдырымда жок деп, жат планеталык кыз чын жүрөктөн тартуулап жаткан бакыттын баарына көзүмдү жумуп: Мен бирөөнү гана сүйөм, анын аты жүрөгүмдү туйлаткан Эстера, – деп ошол планеталык кыздын алдында көгөрүп туруп алдым. Ал кыз мага өзүнүн жылдызучагын белек кылып берип: бар анда, Эстераңа тезирээк учуп жет, – деп кейиштүү айтты.

Анан жылдызучактын бортун өзүм жалгыз ээлеп, ал кызга болгон ыраазычылыгымды билдирдим. Мени ушул деңгээлге жеткиргени үчүн акысын төлөгүм келди. Бирок ал менден эч нерсе албак эмес. Анан биз экөөбүздүн тоюбузга учуп келип, көңүл ачып кетишин сунуш кылдым. Менден да жакшы жердик жигиттерден таап берем деп айттым. Анда ал: Менсиз силердин тоюңар эч качан өтпөйт. Бул мыйзам

ченемдүү. Бирок, коркпо, силердин бактыңарга мен эч качан балта чаппайм. Силердин Эстера экөөңөрдүн бактыңар, менин өмүрүмдөгү эң биринчи кызыкчылыгым. Мен ошон үчүн жашап жүрөм, – деп айтты.

– Түшүндүм, – деди Эстера ойлуу, а, сүйүү деп сен эмнени түшүнөсүң?

– Окумуштуу Жаннат Байсариева сүйүү тууралуу минтип айткан экен:

"Сүйөм" – бул адам баласы айта алчу эң керемет сөздөрдүн бири. Эмнеге биз сүйөбүз? Эмне үчүн сүйөбүз? Кандай максат менен сүйөбүз? "Сүйөм" деген сөздү жөнөкөй сөздөр менен түшүндүрүп берүүгө мүмкүн эмес. Эмнеге биз сүйөбүз? Эмне үчүн сүйөбүз? Эмнеден сүйөбүз? Биз муну билбейбиз. Бул сезимди жөнөкөй сезимдердин катарына кошууга болбойт. Балким, бул көп кырдуу жан-дүйнөбүздүн эң бийик чокусудур? Эмне үчүн бул сөздөрдөн адамдар өздөрүн бактылуу сезишет? Эмне үчүн сүйүү бакыт жана кайгы алып келет? Миллиондогон суроолорду жаратып аларга жооп бере берсе болот. Бирок туура жана артыгыраак жооп табылбайт. Анткени, ар бир адам бул нерселерди өзүнчө түшүнөт, сезет жана көрөт. Сүйүү ар кандай формаларга ээ. Ар бир адам скульптор. Ал сүйүүнүн искусствосун эң жогорку шедеврге куят. Сүйүү – андан да кем эмес скульптор. Адамдык сапаттарды, табиятын жана да анын жан дүйнөсүнүн эң курч бурчтарын өзгөртөт. Андыктан, сүйүүнүн эң улуу скульпторлору үчүн ичип жиберели. Биздин жан дүйнөбүздү жаратышчу сүйүү үчүн!.. – деп Эстера күтүүсүздөн жылдызучактын аспаптык тактасындагы (прибордук доскасындагы) кичинекей туюк тегиз панелди оң колу менен баса койду. Ал панель ачыла калып ичинен кичинекей батынис чыга калды. Анда эки кичинекей түстүү чөйчөктөр турат. Автоматтык шарттамда (режимде) чөйчөктөргө үстүндөгү түтүкчөлөрдөн кандайдыр бир суусундук куюлду. Чөйчөктөр толуп, аларды



бек кармап турган техникалык кармагычтар эки жакка жайылып бошотулду. "Жж-жж" – деп суусундуктардын газы боштондукка чыккандай кутуруп, көбүп бир аздан төгүлүп алышты.

Мен абдан таң калдым. Эмне үчүн жылдызучактын ээси өзүм болуп туруп мындай табышмактуу жабдуу тууралуу билбейм, а Эстера муну билет?

– Мына шумдук?! Эстера, эмне, ушунусу да бар беле борттo?! Бул кандайча болду?! Түшүндүрүп берчи?! – деп аны чекчейип карап калдым.

– Бул жөн гана сенин иллюзияң, сөздү көбөйтпө, андан көрө ошол сүйүү үчүн ичип жиберели!

Анан биз чөйчөктөрдү кагыштырып тартып жибердик. Мен өмүрүмдө ичип көрбөгөн бейтааныш элемент болуп чыкты: "Мына сага, космос шампаны".



Урмат САТАРОВА Көк-Жар айылында 1954-жылы, 15-июнда жарыкка келген.
КР Жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## "Ы-ЫШШТЫН" МАХАБАТЫ
(Аңгеме)

Жайдар атасынын атасы салган тамдын ордуна жаңылап ,, современный "эки кабаттуу там тургузуп бүтүп эле калган. Ушунча болгончо карызга көмүлдү. Бүтүп жаткан тамына сүйүнбөй кайра санаасы санга, ойу онго бөлүнүп, тынч уктай албай да калды. Айрым карыздары кекиртектеп калган эле да. Атасынын,, атала ичсең да тынч отуруп ич" деген сөзүн ойлоно маанисине эми жетип отурат. Анткени, тынчы жок. Атаганат, атадан калган мал-мүлк болсо кана! - дейт арада. Аны да убагында барктай албаган айып өзүндө. Атадан калган бир бычак болсо да кастарлап, аздектесе бар дөөлөт, береке ошондо эле да. Бирок Жайдар атанын андай баласы болбоду. Кашыктап жыйнап калтырганын чөмүчтөп чачты. Анан текебер пейли кармап эл салган тамды мен сала албайт бекем деп, арка алдын ойлобой, эми минтип тишинин кирин сооруп калгандагысы. Кадыры өткөн досторунан баары-баарынан карыз. Кала берсе алар жардам да беришти. Анан эмне кылышсын. Жайдардын ийне бойу жардамы тийбесе да колдогондор, жардам бергендер болду. Элчилик да. Элден айлансаң болот. Ары ойдолоп, бери ойдолоп жүрүп акыры Орусияга барып иштеп келүүнү туура көрдү. Эми-эми талпынып калган баласынын жанында жатып иштеп, көөп



акча таап келип, карыздарынан кутуларын элестей жылмайа баласынын башынан сылады. Анан, жаңы үйүндө уулуна сүннөт той кыларын да элестете ойго магдырай чалкасынан жата ,, Ооба тезирээк жөнөшүм керек"деп ордунан тура сыртка чыкты. Биринчи кабаттагы бир бөлмөнү арыдан бери жашай турган кылып эптей койгон. Ошол бөлмөгө жандашкан тепкичти жакшылап оңдоп койушум керек. Кокус кетип калсам ким кылат эле дегенчелик саамга цемент болуп куйулган бойунча турган тепкичти карап туруп калды. Аялы бир мык кармабаган аял болсо. Анын үстүнө аял кишинин иши эмес да. Жок дегенде тепкич жанына жөлөнгүч жасап койойун деп чечти. Усталар менен аралашып жүрүп устачылыкка көңүл бурганы жакшы болгон экен. Кандай кыларын боолголоду . Аялы базардан келгенче бүтүп калар. Күнүгө болор-болбос базарга чыгат аялы. Ал да базарга чыкпаса бул көр тирилик токтоп калчуудай. Аялынын бактысына баласы өтө жоош. Боткосун жасап койуп кете берет. Калган иштер Жайдардын мойнунда. Мына эми колуна ара балтасын ала анан, ,, Сөзсүз жөлөнгүч кылышым керекпи? Ансыз деле түшүп чыга берсе болот го" деп ойлоно. ,, Ээ мейличи баштап калдым жасап койо берейин" деп, өз ойуна өзү кол шилтей ишке киришти. Акыркы жогорку тепкичтин тушун бүтө жаздап калганда кандай болду колундагы балта жерге түшүп кетти. Чарчаган жаны кашайа ылдый түшүп балтаны алып чыкмак болду. Эңилип балтаны аларда жыланды көрүп колун тарта жыландын баласы го"деп туруп калды. Балта жыландын баласын тең бөлүп койгон экен. Жайдар эмнегедир жыйрыла жүрөгү алда кандай болуп, сарсанаа боло түштү да, балтаны алып таштап кете албай кайра келип, тең бөлүнгөн жыландын баласын колуна алып, арыраакта турган бак түбүн балта учу менен каза кабаттай таштап көмүп, ары кетти. Ишин уланта берди. Анткени кеч кирип

баратат. Аялы келгенче тамак жасаш керек. Шашканы ошол.

Адам өз тирилиги менен алек. А бирок бери жакта айрылыкка чыдабай балам деп жан чыдагыс айкырык салган, өзүн койорго жер таппай ары сойлоп, бери сойлоп, ийнедей болгон ача тилин улам чыгара, бозорго жаны бозоро, кичинекей көздөрү ааламды куйкалап жиберчүүдөй оттой жана баласы көмүлгөн жерди ЭНЕ жылан айланып жатты. Улам "ышш-шш" - деп койот. Ач айкырык салып ыйлаганы ошол го чамасы. Балким балам деп ыйлаган энедей ыйлап жаткандыр. Эне жылан сойлоп ары барат, бери келет. Улам Жайдар жакты карап койот. Кайра эле келип баласынын башында айланат. Не кылсын.

Адам болсо анын күйгөнүн капарына албай өз иши менен убара. Неге мындай неге дегендей болот эне жылан. Бирок суроосуна жооп жок. Жооп кайдан болсун. Камырабас пенде мындай болорун кайдан билсин. Аны эне жылан түшүнүгүсү келбеди. Улам ышшылдай заарын ой келди чачып жатты.

Эне жылан балага жакындай алгач бир сыйра айланды да, бир топко карап туруп, моюндашып ойногон кичинекей өз баласын ойлоно сагына түштү. Төшүн өйдө көтөрө баланын бут жагынан жогору карай өтө акырындык менен жыла берди. Денеси муздак нерсени сезген бала болор болбос кыймылга келгенинен сестене калган жылан ,, чакпа, чакпай өч ал! "дегенсип адатынча ышш деп ала, ача тилин соймондото балага көңүл бурду. Дүйнө бейкапар арада периштелери күлдүрүп жылмайа уктап жаткан баланы карап, эне жыландын жүрөгү элжирей тик болгон бойун баланын төшүнө койду. Аны эне сүтү жыттанган, денени балкыткан башкача илеп арбап, баланы муунтам деп турган жаны магдырай бала менен кошо уктагысы, наристе жытынан алыстагысы келбей, ойлогон ойунан жоошуй, баланы сүйгүсү келип, абайлай муздак



бармактай башын баланын бетине койду. Өзүнчө ,, ах"деп бала жытына балкыды. Кыялында баласы менен жанаша жаткандай эне жүрөгү эреркеп, жана эле ызаага чөмүлгөн тостойгон көзүн жума тура берди. Муздак нерседен чочуркаган бала алгач көзүн ачты да, жагындагы нерсени сыймалады. Коркууну билбеген бала да. Жыланды баш моюндан кармай чалкасынан жатканча кыткылыктап күлө бытыгый манжалары менен жыландын тумшугун кармалап оозуна оозун тийгизди. Жыланда жан калбады. Ары жумшак, ары жагымдуу наристе манжалары аны сылап, бетине бетин койуп энесине эркелегендей эркелеп жатпайбы. Жылан кайдан билсин бала да эне мээрине зар экенин. Келери кечке ушинтип тумалап-жумалап өзү менен өзү ойноп, кээде ыйлаган болуп, эркелете соороток эч ким болбогон соң кайра соороно жата бергенин. Кечинде гана күн бойу булганган кийимин эне парзын гана аткарган апасы алмаштырат да баякы эле көнгөн боткосун жедирип койот. Бала болуп энесинин көкүрөгүн аймалап ууз сүтүнө тойгон жок. Мына азыр бала жата бербей эмгектеп анан өрмөлөй кала берсе кээде тизелей төрт буттай калып, анда-санда отуруп да калган. Ушуларды көрүп, апасы сүйүнүп, беттеринен өпкүлөсө кана. Жо-ок андай болбой калды. Баланын наристе аруу сезими аны эңсесе да эми күтпөй калды. Себеби, апасы жумуштанбы же ар кай жактан келеби өтө чарчайт окшойт арыдан бери балага караган болуп, төшөнчүлөрүн алмаштырып эле жатып уйкуга кетет. Мурда бала апасына кумарлана умсуна карачы эле. Бир аз болсо да бооруна ката, эркелетип, балам деп сүйсө деп жалдырай колун сунган күндөрү да болгон. Азыр андай эмес. Ага эне да, бала да көндү. Барына себеп атасынын кеткени, артынан ырас төгүнү жок ойго келбеген ушак сөздөрдү угуп, апасы ошого уугуп жүрүп, акыбал ушуга келип калганын бала кайдан билсин. Ушундайда жыландын келип калганы

балага күтпөгөн табылгыс жаңылык болду. Бала жыландын жылан экенин анын уулу жырткыч экенин ойлоду дейсиңби. Кайра балалык ааруулугу менен жакынындай көрүп калбадыбы. Эне жылан бала экөөнүн кусалыктары жуурулушуп, бир бүтүндөй боло күнүгө экөө бирге. Бала энеге болгон кусалыгын жыландан алып, а жылан баладан алып көп күндөр өтө берди. Бала жылан улам ышш деген үн чыгаргандан улам аны ы-ышш деп алды. Бул күндөрдө бала бир декелерге жөлөнө калып, анча- мынча кадам таштап калган эле. Баланын алгачкы кадамдарын көргөн эне жылан сүйүнгөнүнөн ары зуулдап бери зуулдап сойлоп, адамдан артык кубана,, Балли-балли балам" дегендей улам балага ороло анын бети- башынан сүйүп жатты. Адам болсо эмне кылмак эле? Билгени, барктай алганы үрп-адатты, каада-салтты асыл көрүп, бала басса артынан ,, Кадамың кагаздай жеңил болсун" деп, жакшылык тилеп, кагаз менен ургулап койушат. Басканына атаганы болот. Аны жылан кайдан билсин. Бирок адамдан артык сүйүнгөнүндө чек жок. Жылан болсо да баланын алга жылганына, өскөнүнө өзү неге экенине түшүнбөсө да сүйүндү. Анткени ал да эне. Энелер дайыма балдарына сүйүнүшөт да. Бала алгач тамтаңдап, жыгылып, туруп жүрүп анан бойун түзөп калган чагы. Экөө үй ичи менен бир боло куушуп ойногондору экөөнө тең жагат. Жылан жашынат, бала издейт, тапса кубалайт. Акыры чарчашат. Кээде бала жыланды жаздана уктап калат. Аны уйкусун бузбай жылан да жата берет. Ал үчүн ушинтип жаткандары ырахаттын ырахаты эле. Бир күн кабар алайынчы деп кирген кошуна жүрөгү оозуна кептеле кайра качып чыга, бат эле күйөөсүн ээрчитип кирип келе жатып,

- Этият болсоңуз, сизди да чагып албасын-деп, таяк кармап турган күйөөсүнүн артынан ээрчий. Жыландан өлө коркконунан анан баланы чагып өлтүрүп койуптур деген ойунан калчылдап турган эле. Жылан сезгир келет эмеспи



опур-топурду алдын ала сезе сыртка жылып жөнөгөндө колунда таякчан киши кирип келип бетме-бет туруп калышты. Жыланды көрүп сестейе түшкөнүнөн жылан пайдалана ойт берип сыртка чыгып кетүүгө үлгүрдү. Жерди чапканча кала берген киши баланы карады. Бала ойгонуп, көзүн ушалай карап отурган эле.

- Ой, жылан чагып өлтүрүп койуптур дебедиң беле? Отурат го мына.

Аңгыча бала эки жагын карана,

- Ы-ыш, ышш, - деп, изденип жатты. Ы-ышш жок. Чоң адамдар андан коркуп, ал алардан коркуп качып кеткенин бала билбеди да.

- Баланы ал. Үйгө эле... Апасы келгенче... Жылан дагы келиши мүмкүн! - деп кеткенче шашты чоң адамдар.

Бала ы-ышш деп ыйлаган боюнча кетип жатты. Анын ы-ышш дегенин капарына да алышкан жок чоң адамдар. Муну көрүп турган жылан өзөгү үзүлгөндөй ич-ичинен тыбырчылай чыдамы кетти. Кайра үйгө кирди да баланын келишинен үмүт үзбөй баланын жаздыгына түйүлө жатып, жаздыктан баланын жытын искей терең дем алды.

Сырттан шарпа уккан жылан баланын ордунан жыла керебет астына жашынмак болду. Аңгыча баласын көтөрүп Айкан кирип келди.

- Жылан дешти эле, көрүнбөйт го. Кудай сакта-деп, баласын жерге койо салып, эки жактарды карай, - бул убакка чейин турат беле, кетти да-деп, өзүн сооротмон болду. Баласынын жанына отурду да ойго тунжурады.,, Эмне кылсам экен? Жанга тийди бул жашоо. Балам басып калды. Бир дарегин айтпай жок болгону эмнеси. Балким, башкага үйлөнгөнү ырастыр. Менимче элдин сөзү тегин эмес. Ата энелерибиз бири-бирин жактырышпай каршы болгонуна карабай бүлө болдук эле го. Анын ата - энеси жүз буруп, кадам басышпаса да меникилер кечирип келишти. Ошондой болгондон кийин ойлонбой кылган

ишин. Өзү аягы суйугураак эле эми кудай берген окшойт. Ишке жалакай, сөз жебеген, ойлоп иш кылбаган көндүм адаттарыңды мурда билгенимде... Артынан барсам бекен?"

Өз тагдырларын чак-челекейин чыгарып, чыйырынан чыга албай, бир үзүмдөй болгон кыска өмүрдөгү бактылуу боло турган күндөрүн сазга батырышып, гүлдөй жаштыгын айып кылган жаштардын катарын толуктап отурганына ынана, кала берсе өз каны-жанынан бүткөн баласына мээри сууп, ич күйдүлүгү күчөгөндөн күчөп, эмне кыларын эбин таппай ойлору чачырады.

Ойлорунан онтоп отурган адам энени карап турган жылан эне баланы сагына алар жакка жыла баштады. Аны көрө калган бала суйунө,

- Ы-ышш-деп, жетип барып, жыланга колун узатты. Сагына түшкөн жылан эне бутунан өйдө оролуп барып, баланын бети башынан жылмакай денеси менен сылап, сүйүп жатты. Бала да көнгөн адатынча бекем кучактап, жыландын башынан кармай ага карап өз тилинде булдурап сүйлөп, күлүп ойноп жатканда артын карай койгон адам эне баласынан чоочубай жыландан чоочуп, кыйкыра ордунан турганын билбей калды. Көз алдында жылан менен баласы эне баладай ойноп жатканын көргөн көзүнө ишенбей көздөрүн бекем жумуп кайра ачты. Дале баласы кыткылыктап күлүп жылан болсо балага кармата койбой бети башынан айланып жөн эле ырахатка бата жыргап атышкан. Адам эне ачылган оозун, акыл-эсин жыйа албай таш болуп катып, аа бала менен жылан дүйнөсү да таш өзү таш болуп калган адам энеге көңүл бурушпады. Анан кубалашып ойной баш ташып, жылан эне дубалга тактадай болуп жармашып, өңүнөн кеткен адам энени көрүп токтой калганда, бала анын үстүнөн баса калды. Туттум деп сүйүнгөн баланын кубанычына чек жок эле. Мына ошондо гана адам эне үнүнүн барынча ач айкырык салды. Эч



качан мындай ачуу чаңырган адамды көрбөгөн укпаган жылан баладан араң бошонуп качууга шашты. Адам эне шалдырап отура калып баласына колун сунса бала эне жыланды издей,

- Ы-ышш, Ы-ышш- деп, ыйламсырай элендеп отуруп калды.

Адам эне бала мээринен айрылып баратканын дале сезбей, не болуп жатканын боолгогонго акылын жыйа албай жатты. Жылан эне азыркы эле жыргалы асманга учкандай болгонуна өкүнө терезе парда менен өйдө көтөрүлүп, көз салып турду. Аны бала кантип издеп жатканын көрүп ичи ачыша, адам энеге ызырынып да алды. Назарында эмнеси болсо да баланын энеси ага катылуу болбойт деп өзүң кармай четтеп турган.

Ошол түнү адам энеде да, жылан энеде да уйку болгон жок. Эне жылан биротоло балага байланып, андан кетпей турган чечимге келсе, адам эне мындай машакаттардан кутулуунун жолун ойлоп таң атырышты. Таң ата адам эне, Айкан таежесинин эң чоң кызы Бүбү эжесине коңгуроо кылып ойлогон ойун айтты. Бүбү эжеси күйөөсү менен коңшулаш айылдан бат эле жетип келишти.

- Кандайсың, эмне болду таң зарынан тез кел деп, - тынчсыздана эжеси.

- Мен кеткени жатам. Атам менен апам билбесин. Баламды сиздерге таштайын деп жатам. Бала кылып алыңыздар.

- Бул эмне дегениң?!

- Ошондой чечимге келдим. Күйөө балаңар үйлөнүп алыптыр. Мен карап отурамынбы.

- Мүмкүн андай эместир.

- Мен аны жакшы билем, нак ошондой.

- Баланды бооруңа алып, тирилигиң кыла тур.

- Апама таштайын десем карай албайт. Ооруп араң жүрөт.

- Маакул биз алып алалы. Ананчы.

- Анан билбейм эже.

- Жолуп тоспо барса барсын. Мүмкүн барганы жакшы болор. Экөөлөп иштеп карыздарынан кутулушар.

Карыз жаман нерсе. Угуп жүрөм-деп, жездеси сөзгө аралашты. Жездеси алтын адам.. Үйү үй, жайы жай баарын өзү курган. Бир гана балага зар. Буйурса болор деп сабыры бийик.

Баланын кийим-буюмдарын таң атпай даярдап койгон үчүн Айкан,

- Апам билбей турсун эжеке, суранам. Мен өзүм жайынча түшүндүрөм.

- Менден капа болот да.

- Жезде, эже суранам жардам бериниздер. Мен кыйналып кеттим.

- Болду, болду каршылыгыбыз жок. Балаңдан камтама болбо. Эжең экөөбүз өз балабыздай карайбыз.

Жезде басымдуу сүйлөп, эже тим болду. Ары „кудайдын бергени ушул баланын учугу уланып балалуу болуп кетсем кудай жалгап"деген тилек жүрөгүнө түйүлдү. „Ниетим кабыл болсун ылайым" деп ниеттенди.

- Кийимдери даяр, мына булар кашалары...

- Азыр эле жөнөйсүңбү?!

- Ооба, Ооба эжеке.

- Ой тобо. Болуптур анда сени ала чыгалы. Барсаң барып кел көптүн катарында. Өзүңө кара.

Баятан бери карап, тыңдап турган эне жылан баланы кийиндирип жатканда баарына түшүндү. Баладан калбайын деп ал дагы адамдарга байкалбай чыгып кетүүнү чамалап, акырын керебеттин асты менен эшикти көздөй жыла баштады. Бул убакта жезде машинанын артына сумканы салып, дагы калган кетчү буюмдарды алып чыгууга ичкери киргенде эне жылан баланын кийимдери салынган сумканын капталына жашынып кошо кетмей



болду. Кылган ишине ыраазы болгондой чырт-чырт этте тилин соймондото дагы не болорун күтүп турду. Баары машинага отура машина жыла баштады. Эне жылан көңүлү жайлана бир ы-ышш деп алдыда бала жыты келип турган сумкага бекем жармашып, мемирей көзүн жумду. Качан бала менен ойноорун сагынып бара жатты.



Фарида ҮСӨНБАЕВА – 1966-жылы 12-декабрда Күнгөй-Кожоке айылында туулган.

## ТААРЫНЫЧ

Аңгеме.

Неберелеринин үнүнөн улам ойгонуп кеткен Касиет дароо эле каңылжаарды жарган тамактын жытын сезип, "келиним качан тамак жасап үлгүрдү экен" деп ойлонуп, ордунан козголгончо эле өзү күтпөгөн бир топ сөздөр айтылып кетти.

-Чоң энең келгенче жеп алгыла, ага мактанып айтпагыла жегениңерди, төртөөбүзгө эле алганмын да, анын үстүнө чоң энеңер тойдон тоюп келет,- деп, келини базардан ала келген самсаны алардын тарелкасына салып берип жатты.

Эрте менен өзү тойго жөнөмөк болуп, "мени чакырып алышат да, таштап кетип калышмак беле, үйдө эле күтүп отурайын" деп, веранданын күнөс тарабына жатып, көзү илинип кетиптир.

Келини үч баласын алып, зарыл кийим-кечесин алып бермек болуп, базарга кетишкен.

Ортодо терезе бар, ал ачылып турган үчүн, сөздөрү баары угулуп калды. А келини энесин тойго кетти деп ойлогон.

Тойго чогуу барчулар жөнөй элек өңдөнөт, эч ким деле үйүнө келип, үн салып чакыргандай болбоду. Булар да базардан тез эле келип калышкандай...

-Мен жарымын чоң энеме калтырып коңм,- деп, Нурсултан небереси сүйлөп бүтө электе, апасы кагып салды.



--Жөн эле жей бербейсиңби, энеңер жебейт деле, ии, анан, ачкадан өлөт дейсиңби, жей бер. Илинип турасың да. Мага анчалык илинбейсиң го.

Жата бергенге болбой калды, дагы кандай сөздөр сүйлөнүп кетет деп, ордунан козголду.

--- Ачкадан го өлбөйм дечи, көңүл деген өлдү да. Берсеңер деле кайра өзүңөргө коюп берет элем. Тамакты ашап жеген деле жашта эмесмин, колумдагыны оозума жеткире койбой, кайра оозуңарга салчу элем. Эми, бир айтылган сөз да.

Кардыма эмес, кадырыма ыйлагыдай болуп кеттим,- деп, ордунан туруп, сыртка жөнөдү. Баары чочуп кетишти.

Үйдө эмес деп ойлоп алышкан үчүн жеген тамактары өтпөй, тиктеп калышты.

--- Сизди тойго кетти деген элем,-- келини ыңгайсызданып.

--- Мен кеткен күндө деле сөздү этияттап сүйлөш керек, азыр ачкадан өлчү заман эмес, токчулуктан кутуруп кеткен заман.

Касиет сыртка чыгып, бак түбүнө отура калды, тескери карап ыйлады, өзүн урушуп коңт, " жаш бала болуп баратат окшойм. Бирок, өмүр бою ушулар деп жашап жүрсөм, жегим келгенди деле жебей, ушуларга деп жатсам, уккан сөзүм бул, демек, келин баары бир келин экен" деп, таарынычын ичине батыра албай жатты.

Бир топтон кийин келини Гүлсара чыкты:

-- Чай даярдап койдум, ичип алыңыз.

Жооп болбогон соң, неберелерин жөнөттү. "Иче бергиле, сынык идишти бүтөсөң деле, мурдагыдай болбойт"- деп койду.

Эшик алдына машина келип токтоп, кызы кирип келди.

--- Апа, күтүп калдыңызбы, машина бузулуп, оңдотуп чыкканча түш болду, жүрүңүз, даяр эле экенсиз.

---Убагында эле келсеңер, ашыкча сөз укпайт элем,-- деп, туруп жөнөгөндө, кызы капа болгон апасына таң калды.

--- Эмне болгон ашыкча сөз?

Келин тарапты карады. Мындай жагдайды көргөн эмес. Аңгыча апасы сөздү өзү оңдоп кетти.

--- Тойдон калып кетип, ачка өлүп каламбы дедим да, кой, жүргүлө, кеттик.

-- Жаш бала болуп калгансызбы деп ойлоп кеттим да, тамаша дебейсизби,- деп, кызы үйдөгү кичинекейлердин башынан сылап, өөп коюп, чыгып кетти.

Түн бир оокумда тойдон келди. Көтөрүп келгендерин өз бөлмөсүнө алып кирди., адатындай аны неберелеринин алдына коюп бербеди. Эрте менен баласы сурашып жатып, маанайы жок апасын көрүп, - Бир жериңиз ооруп жатабы, жолдо кыйналып калдыңызбы? - деп, "баары жакшы " деген жоопту укса да, бир мандем болгонун байкады.

Үйүнө кирди.

---Апама бир нерсе болдубу, капа болгондой го?

--- Жок, кечээ тойго кеткен го, билбедим,-- деп, жооп айтып бүтө электе кичинекей кызы " Кечээ чоң энеме самса жетпей калган" деп, божурап жиберди. Аялы ошондо гана чоо-жайды түшүндүрдү. " Тойго кетти деп, самса албай коюпмун, жеп түгөнгөндө ойгонуп жатпайбы, анан, ошого капа, жебей калдым дегени да, жаш бала жолдо калды, тим эле, таарынып алыптыр го" деди.

--- Аа, кокуй десе, анда, жараты жеңил экен, азыр алып келип берейин,- деп, Шаршен шашылыш чыгып кетти. Заматта сумкада ысык самсаны көтөрүп, апасын чакырды.

--- Жок, курсагым ток, анын үстүнө, тойдон келген кешикти коюп койдум, ачка калып, өлбөйүн деп.

Баласы анча түшүнө бербегени менен, апасы жөн жерден таарынбаганын сезди.

--- Апа, тамакка да ошончо капа болосузбу, мындай адатыңыз жок эле'-- деген боюнча, үйүнө кирип кетти. Бир топтон кийин келини келди, кечирим сурап.



--- Мага алксыбай, тирилигиңерди кыла бергиле, таарынып каякка барат элем, өлсөм өлүгүм үйдөн чыгат, төрүмөн көрүм жакын-- деп, кирип жатып алды.

Балдары менен чогуу отурат, бирок, мурдагыдай чечилип сүйлөбөйт. Неберелеринен бир Нурсултанды гана эркелетип, аны менен көбүрөөк сүйлөшөт.

Өзү айткандай, көрү жакын калган экен, жыл айланбай өтүп кетти, таарынычы жазылбаган бойдон ичинде кете берди.Жыл айланып келе берет, а өмүр түгөнөт, жокту тапсаң болот, а көңүл кубулуп калчу нерсе турбайбы...

Быйыл мектепти бүткөн кызын окуу жайга киргизип, кызым студент болду деп көңүлү жай ала түшкөн Шаршендин үйүнө куда түшүп келишти, болгондо да, Гүлсаранын туугандарынан экен. Уккан кулагына ишенбей турса, кызы телефон чалды, "Ата, үйгө бирөөлөр барат экен, жөн гана куда түшүп, сөйкө салып коелу " дешти. А Алтынбек экөөбүз бир жылдан бери сүйлөшүп жүрөбүз. Капа кылбай жөнөтүңүз " деп, телефонун өчүрүп койду. Кызы минтип айтпайт эле, бирөөлөр үйрөттү деп, кайра чалды. Телефон өчүк. "Өзүбүз окутабыз, бир баламдын башын эки баш кылып коелу. Экөө сүйлөшкөн. Кептин баары сенде эле калды, а Гүлсара өзүбүздүкү, жок дебейт" деп, куда, кудагыйды ээрчип келгендер бир Шаршенди тиктеп калышты.

--- Кызым турмушка бере турган боло элек, бала бойдон. Анын үстүнө окуусу бар, жок дегенде, 4-курс болсун. Кызым өзү келсин. Сүйлөшөйүн, маңдай-тескей отуруп. Анан айтайын, а силер конок болуп кетесиңер,-- деп, макул болгусу келбей турду.

Аксакалдардын сөзүн таштай албай, кызынын тандоосун четке кагып салбай, араң дегенде макул болду. Ошону эле күтүп тургансып, кызы, болочок күйөө баласы ээрчишип кирип келди. Демек, сценарий алдын-ала түзүлгөн экен деп койду.

Бир айдан кийин той өткөрүп, кызын алып кетишти.

Үч ай өтпөй, кызы үйүнө келди. Маанайы жок. Гүлсара чачылып кете жаздады. Кызым жаш эле турмушка чыгып кетти деп жүргөн Шаршендин айта турган сөзүн жүрөгү сезип турду, анын үстүнө туугандарына да, өзүнө да сөз тийгизгиси келбеди. Атасы келгенче чоо-жайын билейинчи, мүмкүн, ал келгенче чечилип кала турган көйгөйдүр деп сурай кетти.

-- Экөөбүз студент болгонго апалары кыйналып кетиптир, тойдон да карызыбыз бар эле дешип. Кийимим начар, жука, тамагыбыз да эптемей, -- деп, ыйлап жиберди.

---Сага айткамын, шашпай тур деп, эми, ыйлап келгенин туура эмес да, баарына кайыл болгонсуң.

--Апаңа окшоп, окуу менен ишиң жок, турмушка чыгып алдың. Апаң да окуусун окубай койгон эле. Эми, сен да ошентет окшойсуң дешти. Кыскасы, мен окууну токтотушум керек экен, -- деп, сүйлөп бүтө электе Гүлсара телефонун жандырды.

--- Эже, кандайсыз, тынч элеби? Кызым үйдө отурат. Сүйлөштүм. Мени неге мисал кыласыз. Мени бага турган күйөөм бар деп, окууну таштап салдым. Сизге башында эле айттык, окуусун бүтүп алсын деп. Шаштырдыңыз, эми бул жагы кандай болот?

---Мен шаштырбадым, кызың баламды шаштырыптыр. Балам деле кайын атасына окшоп, иштетпей бакса багып эле алат. Окубагандар ачкадан өлдү дейсиңби, жашап эле жүрүшпөйбү.

Ушул сөздү укканда, көзүнө энеси элестеп кетти, "ачкадан го өлбөйм дечи, бирок, көңүл деген өлдү да" деген эле...

Кызы эстен чыгып, энесин эстеп ыйлап жатты. Энесинин көңүлүн таба албай койгонуна, сөздү туура эмес айтып алганына, чын эле көңүлү өлгөн боюнча өзү да кете бергенине өксүп-өксүп ыйлап жатты.

--Капа боло турган деле сөз айтпадым эле, ачуу үстүндө оозумдан чыгып кеткен сөз үчүн кечирим сураймын, сени мынчалык ыйлайт деп күтпөгөнмүн,-- деп, эбиреп-жебиреп



кирип келип, алгач келинин, анан Гүлсараны кучактап, "бир ооз окубай эле койсоң кантет " деген элем, аталары, балам укпасын. Кой, жүр, эч ким уга электе кетип калалы. Эртең окууңа бара гой,-- деп, кайын эне келинин ээрчитип, чыгып кетти.

Алар кеткенде деле бир жүк басып тургандай, жүрөгү кысылып чыкты. Жети токочун бышырып, күйөөсү келгенде " апабыздын жайына барып келели" деди.

--- Эмне болду, апам түшүнө кирдиби?

---Ооба, дагы эле капа болуп жүрөт окшойт.

Куран окуп бүткөндөн кийин, эки жагын тазалап, мүрзө четинде көпкө отурду.

---Апа, мени кечириңиз, оозумдан чыккан сөздү бүгүн кайра башка бирөөдөн уктум. Сиз кечирбесеңиз, мен да түгөнүп калам. Бүгүн сездим. Сиздин көңүлүңүздү таба албай калганым үчүн кечириңиз. Балаңыз үчүн, неберелериңиз үчүн кечириңиз.

Айлана жымжырт. Негедир жүрөгү кысылбай, жеңилдей түштү. Шамал жүрүп, башынан сылагандай болуп кетти. Дароо Шаршенди издеди. Атасынын мүрзөсүн тазалап жүрүптүр.

Үйүнө кайтып келе жатып, Гүлсара баспай, өзүн учуп келе жаткандай сезди. Үйүнө кандай жеткенин билбейт. Телефону чырылдап жатыптыр. Кызы экен.

---Апоов, кантип калдыңыз, Мени кечириңиз. Эртең окуума барам. Күйөө балаңыз кечкиге иш тааптыр, жатаканасы да бар экен. Эми кыйналбайбыз. Квартирага төлөбөйбүз.

Бир айдан бери жоголгон жылкыларды бүгүн таап келишиптир, баарынын маанайы сонун. Апам чалса албай коюпсуз, кечинде чалып, сүйлөшөм, капа болбосун деди,-- деп, баягы капалыктын изи жок, кызы сүйлөп жатты.

--- Мен капа эмесмин, баары сонун, кыжалат болбогула,-- деп, тамак жасоого киришти.

" Шаршен кызынын ыйлаганын көрбөгөнү жакшы болду, ачуусу менен мени да , күйөө баланы да капа кылып коймок. А баарынан жакшысы, апабыздын кечирими болду, чын эле, аябай жеңилдеп калдым. Неге ушул нерсени мурда эстебедим экен, макул, эми болсо да, жүрөгүмө салганыңа рахмат, кудайым " деп, жан дүйнөсү жеңилдеп, аткарган иши да жеңил бүтүп жатканына ыраазы.

"Бирөөнү капа кылсаң-- дүйнө караңгы, бирөөнү сүйүнтсөң -- дүйнө жылмаят" дечү, аталарыбыз. Бирөөнү таарынтып алсак, кечирим суроону узартпайлы, а жакшысы, капа кылбайлы, ансыз да, жашоо, тагдыр ар дайым эле баштан сылабайт, а адамдар тилди этият кылсак, жан дүйнө тынч .

Убакыт учат зымырап, жаш өтө берет, мезгил өзүнүкүн алат, а жаман сөз менен жакшы сөз жүрөктө сакталып кала берет...





Үмүткан ЭРАЛИЕВА - 1968-жылдын 12-июлунда Көк-Жар айылында туулган.

"Ала-Тоонун залкар уулу Абсамат Масалиев"(2013). "Уркуя" даректүү баян (2014). "Ырлар менин жан дүйнөм"(2014). "Кыргыздын Улукманы - Миталип Мамытов" (2014). "Балалыктын жылдыздуу асманы"(2017). "Ноокатым-Алтын бешигим"(Ноокаттын элижери жөнүндө энциклопедиялык маалыматтар жыйнагы" ("Адвер Групп"-2020) китептеринин автору.

**МЕКЕНИМДИН САКЧЫСЫ**

(Чек арачыларга арналат).

Эркек болуп төрөлгөнүн далилдеп,
Эр жүрөктүк, кыраакылык байкалып.
Күнү- түнү төрт мезгилде сак болуп
Чек араны жүрөт жоокер кайтарып.
Мекен үчүн кылган иши жөнүндө,
Сыймыктануу менен жыргап айталык.

Чек- арачы - Мекенимдин сакчысы,
Бир күнүн да жөн, бекерге коротпойт.
Машыгып ал, чыйраак болуп, душманды
Чек арага жакындатпайт,жолотпойт.
Жерин коргоп, тике карап өлүмгө,
Жанын берет, бирок элин тонотпойт.

Чолпонбайдай, Дүйшөнкулдай баатырлар,
Үлгү болуп, дем кошушат демине.
Ар – намыстуу азаматтар эч качан

Уят кылбайт, калканч болуп элине.
Баардыгына кайрат, кубат тилейбиз,
Ыраазы болуп чек аранын бегине.

Чың ден- соолук, бакыт тилеп, аларга,
Биз каалайбыз жаңжал, согуш болбошун.
Аман- эсен үйлөрүнө кайтышсын,
Кырсыктардан кудай сактап, колдосун.
Жер үстүндө болуп жаткан согуштар,
Тегиз токтоп тынчтык гана орносун.

## АЙГА

Айга карап, суктанып,
Мен өзүмчө жыргаймын.
Ырлар толуп көөдөнгө,
Обон созуп ырдаймын.

Жарык чачып ааламга,
Нурданасың сулуу ай.
Суйкаясың, кадимки
Он бештеги сулуудай.

Сансыз жылдыз биригип,
Сага жетпейт, курусун,
Түнгө көздү суктанткан,
Көркү анын – сулуусуң.

Сүйүп даңктап жүрөмүн,
Жетегиңде өзүңдүн.
Карап койсом жалооруп ,
Төрүмдөсүң көзүмдүн.

Ойноп, булут артына
Жашырынып каласың.
Желдей сызып чуркасам,
Кууп артымдан аласың.



Жылдыздардын ичинде,
Канышасы түндүн - сен.
Ажырагыс, кызматташ,
Шеригисиң күндүн – сен!

Сен күн менен илгертен,
Бирге өмүр сүрөсүң.
Күндүзгүгө күн күбө,
Түнгө өзүң күбөсүң.

Сүйгөндү да көрөсүң,
Күйгөндү да көрөсүң.
Экөөнө тең үстүртөн,
Бирдей көңүл бөлөсүң.

Баардыгына күбөсүң,
Шылдыңдап да күлөсүң.
Даана көрүп адамдын,
Ак ишин да, күнөөсүн.

Сүйгөндөргө ынак бол,
Жарык чачып чырак бол!
Жамандардан уялып,
Кач жашынып. – Ыраак бол!

## НООРУЗ КЕЛЕТ

Бабалардан мурас болуп келаткан
Ыйык тутам жаздын Нооруз майрамын.
Сүмөлөктү кайнатышып энелер,
Дасторконго каймак, сүтүн айранын.
Дүйүм ашын толтурушуп, бašташат,
Шаңдуу тоюн, ыр- күлкүсүн, сайранын.

Шаңдын тою, ырлар,күүлөр жаңырган,
Жүрөк толкуйт уккан кезде комузду.
Тынччылыктын, досчулуктун майрамы,
Дешип, элдер сүйүп, барктайт Ноорузду.
Майрам өтүп жаткан кезде унуткан
Эл чатакты, таарынычты, согушту.

Ыйык Нооруз өркүндөй бер, бар болгун,
Урпактардан урпактарга уланып.
Орундалып асыл ойлор, тилектер
Ынтымакта эл жашасын кубанып.
Ыйманыбыз таза болуп, жашоодо
Убадага дайым бекем туралык.

Элибизде илимпоздор көп болсун,
Так аткарган өз милдетин жарандык.
Биз адамдар бул дүйнөгө бир келип,
Жакшы жашап,өсүш үчүн жаралдык.
Ошондуктан, аны барктап жашайлы,
Болбосун эч ортобузда жамандык.

## КЫРГЫЗДЫН УЛУКМАНЫ МИТАЛИП МАМЫТОВГО

Апшыр-Ата! Сырларың бар катылган,
Айрымдарга чанда гана ачылган.
Көз жаш өңдүү тунук, таза дарыяң,
Бабалардын өмүрүндөй агылган.

Этегиңе кумурскадай үйүлүп,
Перзент сурап келгендер көп күйүнүп.
Орундалып тилектери алардын,
Сыйынышат амириңдей сүйүнүп.



Мен да бүгүн кубанычтын тоюнда,
Ачкым келет сырларыңды оюмда.
Балким, элге бир кылымда бир бердиң,
Мамытовдой дарыгерди доорунда.

Шыпаа булак, шаркыратмаң, аска таш,
Сыйынганы келет ага кары-жаш.
Ата журттун бул суусуна жүз чаят,
Жердештери, аксакалдар аралаш.

Канындагы кайталангыс тазалык,
Илимий көп эмгектерден тазарып,
Элге жакын, жугумдуу да, жылдыздуу,
Мүнөзү да, көз карашы жаз – анык.

Шаркыратма үнүнөн сен табасың,
Күкүк, торгой, булбулдардын авазын.
Комуз күүсү жаткан өңдүү чертилип,
Айыктырып жүрөктөрдүн жарасын.

Абасына суктангандан койбойсуң,
Замзам сымал суусуна түк тойбойсуң.
Өрүк, жийде, жалбыз, чөптүн жытынан,
Мен Бейиште жүрөмбү! – деп ойлойсуң.

Кутман талаа – арпа, буудай жайкалган,
Эли – иштемчил, эмгектенет талбастан.
Ата журту, Миталиби тууралу,
Ар адамы сыймыктанып айта алган.

## СУУ - ӨМҮРДҮН БУЛАГЫ

Мекенимдин тоолорун,
Келет ар ким көргүсү.
Берметтердей жалтырайт,
Анын аппак мөңгүсү.

Бийик тоолор заңкайып,
Булуттарга жанашат.
Көптү көргөн адамды,
Бийик десең жарашат.

Мөңгүлөрдө - жашообуз,
Алар жандын жакыны.
Ошолордун өзүндөй,
Карыялар акылы.

Даанышмандар - мөңгүлөр,
Барда көңүл тоо болот.
Ажырасак алардан,
Өмүр өчүп, жок болот.
Ошондуктан аларды,
Аман – эсен сактайлы.
Баалабай да, барктабай,
Чоң кырсыкка батпайлы!

Жер – энени биз кордоп,
Муңун укпай жатабыз.
Анан кантип турмушта,
Биз жыргалын татабыз?
Эсибиздин барында,
Кел, жабалы этекти.

## БАЛДАРГА АРНАЛГАН ЫРЛАР
## АПАКЕМЕ БЕЛЕГИМ

Апалардын майрамы
Калган кезде жакындап.
Айтат анын келгенин
Сагызгандар шакылдап.



Баардык майрам ичинен
Март айынын сегизи.
Бүткүл элди кубантып
Сүйкүмдүүрөөк негизи.

Келерине сүйүнүп,
Толкунданып келемин.
Белек кылып апама,
Гүл түрлөрүн теремин.

Байчечекей, жоогазын,
Розаларды тандадым.
Апакемдин белегин
Алдын ала камдадым.
Эт бышырып, торт жасап,
Иштеримди уланттым.
Жакшы окуп куттуктап,
Апакемди кубанттым.

## КҮН, АЙГА

Альбомума калем менен
Тарттым сонун айлана.
Сары түскө боёп койсом,
Окшоп калды Күн, Айга.

## УЗУН БИР

Бирге бирди кошкондо,
Канча деди мугалим.
«Узун бир» –дейт Эмилбек,
Кашып коюп кулагын.

Каткырышып күлүштү,
Эсептейт деп күтүштү.
Жирафтай «1»- деп
Шылдыңдашып жүрүштү.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КОЕНЕК

Түлкү менен коенек,
Достошконун кое элек.
Жалмап- кажып жесе да,
Курсактары тое элек.

Токойго бир күн барышты,
Азык- түлүк камдашты.
Амалданат куу түлкү,
Тамагын алдап алышты.

Кошоматтанып акырын,
Уурдап анын акылын.
Түртүп ийди чуңкурга,
Жандай көргөн жакынын.

## УЛАК МЕНЕН БУЛАК

Секирип ойноп улак,
Жарга түштү кулап.
Тегеренди баштары,
Тоо түшкөндөй урап.

Шалпайтып кулак,
Жерде жатат сулап.
Энесине "Ме-м-е-леп!",
Эркелеп калат чунак.



Ыр ырдайт булак,
Бүтүндөй жашоо улап.
Суусун ичип булактын,
Ойноп кетти улак.

## КОРОЗ МЕНЕН ОРОЗ

Биздин жакын кошунада,
Чокчоңдогон короз бар.
Тоокторду башкарып,
Тизип коймо жагы бар.

Балдар ойногон короодо,
Супер тентек Ороз бар.
Өпкөсүн үзөт тил албастын,
Көк жал мүнөз, жүрөт шар.

Ышкырып Ороз баратса,
Тап берди короз секирип.
Чокуп жатат тепкилеп,
Үрпөйүп алды семирип.

Чучукка жетип чаңырды,
Айлана бүт жаңырды.
Ороз менен корозду ,
Ажыратып чакырды.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН ТАШ БАКА

Түлкү менен таш бака,
Жарышышты таш жакта.
Түлкү оозду астыга ,
Амалдуунун алпы да.
Артта калды таш бака,
Кар жаап кабак- кашына.
Марага биринчи келмек ал,
Мактап койсо башкача.

## СУРАТ, МУРАТ, ТУРАТ

Сурат, Мурат, Турат
Айткан сөздү угат.
Үчөө тең кошуналар,
Катташышып турат.

Карым- катнаш улап,
Чогуу жүрөт ынак.
Сабактарын жазышат,
Биринен-бири сурап.

Сурат, Турат,Мурат,
Чилистендер ыр курап.
Аянышпайт жардамын,
Убадага бекем турат.

## ЭГИЗДЕРДИН МҮНӨЗҮ

Асан чүкө ойносо,
Үсөн жөжө кайтарат.
Эсен алма теришсе,
Аман сөздүк кайталап.

Батма барда күндө чыр,
Зуура үйдө жазат ыр.
Талашышып тартышат
Эгиздерде кандай сыр.

Апал чачын тарабайт,
Бөбөгү ыйласа карабайт.
Үпөл ээрчийт түгөйүн,
Өзү билип жасабайт.



Гүлзат сүйсө таттууну,
Бекзат сүрөт тартууну.
Эп көрүшөт жанындай,
Сындап ишин талкууну.

Жаннат окуйт мектепте,
Бүткүл дити шербетте
Канат жардам сураса,
Даяр турат бермекке.

Марат, Манап жайдары,
Көңүлү куунак каткырат.
Жүргөн жерин жаркытып,
Өмүрлөрдү шат кылат.

Кызык бекен балакай,
Эгиздердин мүнөзү.
Миң урушуп жарашат,
Күлсө алар күн өзү.



Элмира ИСАКОВА – 1967 жылы 22-январда Кара-Таш айылында туулган. «Көңүл ыргагым – жүрөк сырларым», Жүрөккө катылган махабат» аттуу жыйнактары жарык көргөн.

КР УЖС мүчөсү.

## СЕЗИМ ТОЛКУНУ

Көл толкуса көңүл кошо толкуган,
Көл толкуса сезим оту оргуган.
Көл толкуса туңгуч сүйүү сезимим,
Бийлеп алып эт-жүрөгүм оолукан.

Ак толкундай туңгуч сүйүү сезимим,
Толкун ташып сезимдерди бийлеген.
Анда жаштык эч бир жанга баш ийбей,
Жүрөгүмдү жалгыз сүйүү бийлеген.

Анда сезим бийик учуп көкөлөп,
Ак чардактай учуп жүргөн көкөлөп.
Анда жашоо сен жана мен сезилип,
Ак толкунга бой урганмын керилип.

Ысык - көлдөй ысык сезим тартуулап,
Сенин барың жүрөгүмө бир кубат.
Жүрөгүңдөн ыйык сезим тартуулап,
Сенин барың сезип жашоо ырахат!

Суудай тунук сүйүүмдү кастарлап,
Жашап келем көкүрөккө калкалап.
Ысык-Көлдүн балыгындай туйлаган,
Жүрөгүмдү айлап келем кастарлап.



## КЫЗ КУРАК

Жазында гүлдөр кулпурат,
Жаз гүлгө окшойт кыз курак.
Жибитип жигит жүрөгүн,
Жийде бир бурак – кыз курак.

Кызгалдак гүлдөп кулпурат,
Кызылды кийип кулпурат.
Кызгалдак өңдүү бапесте,
Кулпуруп турат кыз курак.

## ЖАЙЛООДО

Жайлоодо жакшы жышаан,
Жашап келет адамдары,
Токчулук, кең пейли менен,
Келгенге коюн союп коноктогон.
Кымызын сыр аякка мелт-калт куйган,
Агартып агып сунуп пейли кенен,
Керилген келиниң уз, чебер экен.

Кайнене кең жайлоодо март, берешен,
Желеге кулун байлап, бээни айдап,
Үй ээси кийгендердин жайын камдап,
Кең пейил, кең көкүрөк жазы маңдай,
Кайната ак сакалдуу карыя экен,
Кыргыздын салтын, наркын сактап,
Жайлоодо жашап келет кыргыздарым,
Кыргыздын ата баба салтын сактап.

## АЙЫЛЫМА

Айылымды ойлогондо ойго батам,
Кусадан жүрөгүмдү жаралаган,
Баруруга башкалардай батыналбайм,
Барсамда баштагыдай баар таппайм.

Адашып бөтөн элге келген өңдүү,
Өз үйүм өзүмө жат жатыркатат.
Кар жаап из басылат, гүл ачылат,
Токтокан жашап өткөн үй табылбайт.

Чынары сынып, чырпыгы калган,
Чырпыгы келген жазда бүчүр алган,
Чырпыгы чынар талдай бүрдөп алган,
Келгендер сайабандан орун алган.

Олтуруп сиз жөнүндө сөз баштаган,
Эмгегиң эл оозунда дастандалган.
Энелик мээримиңе таазим этип,
Кез келсе сиз жөнүндө дастан жазам.

## ЭНЕ

Жалган, жалган, жалган жашоо бүдөмүк,
Жалгандарга толуп турган тирүүлүк.
Жакшы жашоо ыргагынан бузулуп,
Жалган нукка агып кирди күүлөнүп.

Башым ийдим тагдырга, бирок сынбадым,
Баркың билдим жаным апам, ыйладым.
Балалыктан айрылыпмын мен чындап,
Бар кезиңде билбейм канча кыйнадым.



Өзүң барда күнүм күлүп жаркыган,
Төрт тарабым жыпар эле аңкыган.
Саамайымдан сылап, беттен өпчүсүң,
Балалыктын мээримине балкыгам.

Эне доорлуу эрке кызың мен болуп,
Эркелигим ай ааламга тең болуп,
Сезбептирмин ал мезгилдин жыргалын,
Калуучудай түбөлүккө кең болуп.

Мээрим көлүм капысынан соолуду,
Жашоо жолум кара булут тооруду.
Жоготуудан жан дүнүйөм эзилип,
Жаратылыш кошо жоктоп ооруду.

Бизди өстүрүп, кошуп адам катарга,
Аттиң апам, кеттиң келбес сапарга.
Аттанганда биз турмуштун жолуна
Бир өзүң жок, акыл кеңеш айтаарга.

Түн түшүмдө, күн өңүмдө элесиң,
Таманыңда менин чексиз бейишим.
Бул ааламдан эрте кеттиң энекем,
Бүтпөс ушул тирүүлүктө кейишим.

Акыркы ирет айткан сиздин сөзүңүз,
«Ак кушка мен айланам»- деген.
Билем дайым жалдап жүрөсүз,
Асманымда ай болуп энем!

## ИЛЯЗДЫН ЫРЫ

Тагдырдын жолу табышмак беле?
Табышуу анда жандырмак беле?
Тайгак жол ашып, из кууп анда,
Таалайым сага жетишмек беле?

Турмуштун жолу тунгуйук беле?
Тушалып анда биз жүрдүк беле?
Туйлаган жүрөк умтулат алга,
Тагдырлаш жарым кайдасың эми?

Өмүрлүк жарым, кайдасың эми?
Тянь-Шанды кездим, Долонду аштым,
Элесиң таппай эсимден тандым,
Кайдасың Асел, Аселим, Асел?

Сүйүшкөн жүрөк аскадан эгиз,
Тянь-Шан өңдүү ак сүйүүм бийик.
Асканан кийик атпадым Асел,
Өзүңдү издеп таппадым Асел,
Кайдасың Асел, Аселим, Асел?

## СЕЗИМ СЫРЫ

Сүйбөймүн деп таамай айткан менен,
Сүрөтүңдү аянбай тыткан менен.
Сүйкүм элес сезимди бийлеп алган.
Сүңгүп барып жүрөгүм ээлеп калган.

Сыр бербей сыным бузбаган менен,
Сыйкырлап бир өзүңө алган белең.
Сыбызгып жан эргиткен музыкадай,
Сымаптай сен тарапка агып келем.

Сезимде бирде жаз гүл жайнаган,
Сен булбул гүл жытына кумарланган.
Сезимде күз, алма, өрүк, алча бышкан,
Сен багбан – мөмөсүн жыйып алган.



Сезимде кээде жай суу аңкыган,
Сен балык ал суудa эркин чабак урган.
Сезимде кышкы аяз чыйрыктырган,
Сен отсуң жүрөккө нур тараткан.

Сезимдин гүл багында бүрдөгөн,
Сүйүү гүлүн асыраңыз абайлап.
Сезимиме сүйүү үрөнүн себиңиз,
Сезбей сезим гүлүм соолуп калбасын!

## КУСАЛЫК

Көөдөнүмдү ээлеп алды кусалык,
Көңүл кыйбайт, кал дей албайм тушалып.
Кетсең дагы сен башкага жар болуп,
Унута албайм, сүйгөн экем шунчалык.

Кучагында сагынычтын, кусанын,
Сенден алыс, алыс кетип узадым.
Мезгил баарын даарылайт дейт адамдар,
Мезгил өттү, дале эңсетет кучагың.

Эңшерилип жүрөгүмдү кеттиң не?
Жүрөгүмдүн түбүнө сен жеттиң не?
Ак сүйүүмдүн тартып калдым азабын,
Оо Жараткан, экинчи азап чектирбе!

## ЖАЛГЫЗ ӨЗҮҢ

Жамалы жары айдайым - өзүң,
Жүрөгү аппак кардайым - өзүң.
Ырымдын баарын арнаарым - өзүң,
Жан биргем менин ардагым - өзүң.

Жан үрөп жандай сүйөрүм - өзүң,
Жалынсыз отко күйөрүм - өзүң.
Жашоодо жалгыз түгөйүм - өзүң,
Жалганда дайым күйөрүм - өзүң.

Багыма менин түтөөрүм - өзүң,
Сагынып мени күтөөрүм - өзүң.
Саамайым сылап, сүйөрүм - өзүң,
Жолумду карап күтөөрүм - өзүң.

Учурган көккө канатым - өзүң,
Ырдасам бүтпөс санатым - өзүң.
Мойнума таккан тумарым - өзүң,
Таркабас такыр кумарым - өзүң.

**АТАМ ИСАК УУЛУ МАМАТКА**

Турмушта дайым туу туткан - атам,
Туйлатып жүрөк пир туткан - атам.
Түйшүктө мени курчуткан - атам,
Тагдырдан тапкан кызыңдан таазим!

Акылдын кенчи кеменгер - атам,
Үйүмдүн куту керилген - атам.
Кемибей турун берилген батаң,
Тагдырдан тапкан кызыңдан таазим!

Өчүрбөй келген коломтом - атам,
Мен үчүн мээнет короткон - атам.
Кызыл эт кезден торолткон - атам,
Тагдырдан тапкан кызыңдан таазим.



## МАЗМУНУ


Айжаркын ЭРГЕШОВА ........ 5
Айнур ОМУРЗАКОВА ........ 13
Абдыганы АЛИЕВ ........ 21
Абдыкерим МУРАТОВ ........ 52
Абдиламит МАТИСАКОВ ........ 75
Абыдин ТЕМИРОВ ........ 83
Анарбек НАЙМАН ........ 92
Асан МУРЗАБЕКОВ ........ 99
Абылпата АДЫЛБЕКОВ ........ 106
Бактыгүл САЛЫ ........ 111
Бедел МОЛДОБАЕВ ........ 119
Бектуруш САЛГАМАНИ ........ 127
Бүасия АБДУЛЛАЕВА ........ 136
Бүкадича АКИМЖАН ........ 145
Бөрүбек ЭРГЕШОВ ........ 153
Бүажар ШЫРДАКОВА ........ 163
Гүлбарчын МАМАТОВА ........ 172
Гүлира БЕКИЕВА ........ 179
Гүлнара САДИРОВА ........ 187
Гүлшайыр МУРЗАБАЕВА ........ 194
Гүлшайыр САДЫБАКАСОВА ........ 203
Дарыгүл РАИМБЕРДИЕВА ........ 210
КАМЧЫ ЖУНУСОВ ........ 217
КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВ ........ 226
Камалидин КАРАЗАКОВ ........ 231
Каныкей ТАГАЕВА ........ 239
Мамат САБЫРОВ ........ 248
Мадали БАЛТАБАЕВ ........ 256
Маматкадыр ТИЛЛЕБАЕВ ........ 264
Максуда ОРМОНОВА ........ 272
Махабат АЛЫМКУЛОВА ........ 282
Мурза ГАПАР ........ 292
Мырзаш АШИРБЕКОВ ........ 302
Мээргүл ЖОРОЕВА ........ 310
Назикан МУРЗАБАЕВА ........ 313
Рабия ДҮЙШӨБАЕВА ........ 322
Тазагүл МАМАЖАНОВА ........ 330
Таалайбек ТУРДУБАЕВ ........ 337
Ташполот БЕККЕЛДИЕВ ........ 346
Токтош АБЫКЕЕВ ........ 358
Тургунай ТАЙЛАКОВА ........ 362
Улан ДҮЙШӨНАЛЫ ........ 376
Урмат САТАРОВА ........ 388
Фарида ҮСӨНБАЕВА ........ 398
Үмүткан ЭРАЛИЕВА ........ 405
Элмира ИСАКОВА ........ 416

## Аннотация

Бул жыйнак – Ноокат районунда туулуп-өскөн, ошондой эле ал аймакка келин болуп келген инсандардын ыр, аңгеме, тамсил, эссе, фантастика жана музыкалык чыгармаларынан түзүлдү.

Китеп бардык куракtагы адамдарга багышталат.

---

Китепти түзгөн - Бектуруш САЛГАМАНИ (ТАБАЛДИЕВ Бектуруш Сыражидинович).

Кыргыз тилинде.

Нускасы - 500

---

Редактору - Бактыгүл САЛИЕВА.
Калыпка салган - Ермошенко АНТОН

---


РЕВОЛЮЦИЯНЫН
КААРМАНДАРЫНА
БОРЦАМ
РЕВОЛЮЦИИ